# Мазмун


0.1 1847-ЖЫЛЫНДА КЕНЕ ХАНДЫН КЫРГЫЗГА ЭКИНЧИ ЧАБУУЛУУ . . . . . 4
0.2 БУГУ БАЛБАЙ МЕНЕН КАЗАК АРАСЫ . . . . . 9
0.3 ОРМОНДУН ИЛЕГЕ ТҮШКӨНҮ . . . . . 9
0.4 БУГУДАН ОРМОНДУН ӨЛГӨНҮ . . . . . 10
0.5 ОРМОНДУН КЕРЭЭЗИ . . . . . 13
0.6 АЛЫБЕКТИ ӨЛТҮРҮЛГӨНҮ . . . . . 15
0.7 ЧОҢ СОГУШ . . . . . 16
0.8 ЭКИНЧИ СОГУШ. ТӨРӨГЕЛДИНИН КОЛГО ТҮШКӨНҮ . . . . . 20
0.9 КӨЛДӨГҮ САЯК, БУГУ МЕНЕН САРБАГЫШТЫН ЖАРАШКАНЫ . . . . . 22
0.10 БУГУЛАРДЫН 1856-57-ЖЫЛДАРДА БАРЫП, ТУРПАНДЫКТЫН ОН МИҢ МАЛ ЧААП АЛГАНЫ . 27
0.11 КЫРГЫЗДЫН РОССИЯГА КАРАГАНЫ . . . . . 28
0.12 ОРУС КОЛОНИЗАТОРУНУН КЫРГЫЗДЫ КАРАТКАНЫ . . . . . 29
0.13 ЫСЫК КӨЛДӨГҮ БУГУ, САЯК КЫРГЫЗЫНЫН ОРУСКА КАРАГАНЫ . . . . . 29
0.14 БУГУ БОРОНБАЙДЫН ОРУСКА ӨКҮЛ КИШИЛЕР ИБЕРГЕНИ . . . . . 30
0.15 ЗАРЫПБЕКТИН УБАГЫНДА БУГУ, САРБАГЫШ АРАСЫ . . . . . 32
0.16 САРБАГЫШ ТЫНАЙ УРУГУНУН ОРУСКА КАРАГАНЫ . . . . . 33
0.17 УЗУН АГАЧ СОГУШУ . . . . . 34
0.18 СОЛТО КЫРГЫЗЫНЫН КАРАГАНЫ . . . . . 35
0.19 СОЛТОНУН АЛМАТАГА КИШИ ЖИБЕРГЕНИ . . . . . 36
0.20 ҮМӨТААЛЫ ОРМОН УУЛУНУН ОРУСКА КАРАГАНЫ . . . . . 37
0.21 ФЕОДАЛ ОСМОН ТАЙЛАК УУЛУНУН КЫТАЙГА КАЧКАНЫ . . . . . 40
0.22 МАНАПБАЙДЫН БАСЫРЫК . . . . . 40
0.23 СОЛТО МАЙМЫЛДЫН ӨЛТҮРҮЛГӨНҮ . . . . . 41
0.24 БУГУ БАЛБАЙДЫН ӨЛТҮРҮЛГӨНҮ . . . . . 41
0.25 АДИЛДИН ОРУСТАН ӨЛГӨНҮ . . . . . 46
0.26 РОССИЯ КОЛОНИЗАТОРУНУН ПАРГАНАЛЫК КЫРГЫЗДЫ КАРАТКАНЫ. ТҮН ЖАК КЫРГЫЗЫНАН АЛЫНГАН КАБАР . . . . . 47
0.27 ПАРГАНАНЫ КАРАТЫП, ОРУС ОТОРЧУЛАРЫНЫН ОРНОШКОНУ . . . . . 48
0.28 ЖАКУПБЕК . . . . . 50
0.29 ЖАКУПБЕКТИН ТАРЫХЫ . . . . . 50
0.30 БАЙ, МАНАПТЫН КЕДЕЙ НАЧАРДЫ ЭЭГЕНИ, ЖЕР ЭЭЛЕГЕНИ . . . . . 51
0.31 МОҢОЛДОРДУН ЖЫЙЫЛЫП ЭЛ БОЛГОНУ . . . . . 52

0.32 1894—1916-ЖЫЛГА ЖЕТЕ ШАЙЛОО ТАРТИБИ . . . 52
0.33 МИҢ ДӨБӨДӨ ЭШЕНДИН КӨТӨРҮЛҮШҮ . . . 56
0.34 БАЛ ЧЕЛЕКЧИНИН БАШТАП ТҮШКӨНҮ . . . 57
0.35 ПЕРЕСЕЛИН ЖАНА ПАДЫША ӨКМӨТҮ . . . 57
0.36 1914-ЖЫЛЫНДАГЫ ДҮЙНӨ СОГУШУНАН КЫРГЫЗГА КЕЛГЕН ООРДУК . . . 58
0.37 1916-ЖЫЛЫНДАГЫ КЫРГЫЗ КӨТӨРҮЛҮШҮ . . . 59
0.38 БУГУ КЫРГЫЗЫНЫН КОЛОНИЗАТОРДОН МИЗИНИН КАЙТКАНЫ . . . 60
0.39 КӨТӨРҮЛҮШТҮН ДОЛБООРУ . . . 61
0.40 КӨТӨРҮЛҮШТҮН БАШТАЛГАНЫ . . . 62
0.41 ЧҮЙ БОЮНДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ . . . 62
0.42 КАЗАК-ОРУСТУН КӨК ЖОНДО ЖЕҢИЛГЕНИ . . . 64
0.43 ЫБРАЙЫМДЫН МЫЛТЫК КӨТӨРҮЛҮШ . . . 66
0.44 ТОКМОК, БИРКУЛАК, КОЧКОРДО БОЛГОН КӨТӨРҮЛҮШ . . . 67
0.45 АТАКЕ, САРБАГЫШ ЭЛИНИН КЫТАЙГА КАЧКАНЫ . . . 70
0.46 ЖУМГАЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ . . . 72
0.47 СОЛТОДОГУ КӨТӨРҮЛҮШ . . . 72
0.48 НАРЫНДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ . . . 74
0.49 ысык-көлдөгү көтөрүлүш . . . 74
0.50 КЫРГЫЗДЫН КЫТАЙГА КАЧКАНЫ . . . 75
0.51 ТЕКЕСКЕ КАЧКАН ЭЛ . . . 76
0.52 ТУРПАНГА КАЧКАН ЭЛ . . . 77

**1 КЫТАЙДАН ЭЛДИН КАЙТКАНЫ 79**

1.1 АДАБИЯТЫ . . . 82
1.2 РАСЫМ, АДЕТИ . . . 105

**Кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер —**

**Бишкек, 1993. 224 бет. 2-китеп**

Кыргыз элинин чыгаан тарыхчысы, адабиятчысы. Белек Солтоноев колуңуздардагы бул эмгегин 1895-жылдан баштап жазып, 1934-жылы аяктаган. Өзү 1938-жылы репрессияга дуушар болуп атылып кеткен, 1955-жылы ак талган.

Китепте кыргыздын жаралыш доорунан башталып, 1916-жылдагы көтөрүлүшкө чейинки материалдар камтылган. Бул кол жазма көптөгөн жылдар бою туңгуюкта жатып, жарыкка чыгууга, атүгүл кенен-кесири сөз болууга да тоталитардык бийликтин тушунда тыюу салынып келген Бул эмгек эми гана камактан бошонуп, кыргыз тарыхында биринчи жолу жарыкка чыгып отурат. Экинчи китепке кыргыз менен Кене хандын согушунан кийинки материалдар камтылды.

Мамлекеттик “Учкун” концерни. 1993.

**Белек Солтоноев**

КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ

2-китеп

Редактору **Жапиев Ж.**

Сүрөтчүсү **Сагымбаев М.**

Корректору **Рыспекова Ж.**

Техникалык редактору **Шевченко Л.**

Терүүгө 15.10.1992-жылы берилди. Басууга 13.08.1993-жылы кол коюлду. Типографиялык № 1 кагаз. Физ. 7,0 басма табак, 11,76 шарттуу бас табак, 12,5 учеттук басма табак. Тираж 30.000. Заказ 2216. Келишимдик баа.

«Учкун» мамлекеттик концернден басылды. 720023, Бишкек шаары,

С. Ибраимов көчөсү, 24.

СОЛТО БӨЛӨКБАЙЛАРДЫН КАЗАК ШООРУК БААТЫРДЫ ӨЛТҮРГӨНҮ ————————————————-

Кененсары Жаманкара менен Болотту өлтүргөн соң, алардын өлгөнүн бөлөкбайлар угуп, «бөлөкбайдын бөрүлөрү» деп атанган жоо бөрүсү азаматтарынын ичтеринен кан өтүп, эриндерин тиштеп: кап сени, Шоорук менен Кененсары деп ичинен сызып, Жаманкаранын агасы айтылуу жети кашка Чынгыш баатыр карыган чагында Жаманкаранын кайгысынан кайтадан атка минип, саяк, бугу, сарыбагыш, солто таластыктан чыккан атактуу күлүк аттарын жыйнай келип, эл жайлоого чыгып келе жатканда барган. Бөлөкбайдын боз балдарын жыйып алып: «Жаманкараны Кененсарыга өлтүртүп коюп, кантип тамак ичип бастырып жүрөсүңөр? Кененсарынын болсо бир күнү ыгы келер, Шооруктун канын ичип келгиле», — дегенде, 10 чакты күнү аттарын жаратып, суутуп, анан кийин 70-80 тандалмалуу азаматтар аттанып чыгып, Шоорукка бет алып кечинде аттанып кеткен. Башчысы жетикашка Күрпүк менен Самак болгон. Жылгынбашыдан кечип чыгып, тоого күндүз бекинип жатып, Каракоңуз менен жүрүп, Сарыжар басып, Кара Кыштактын оозуна барып, бекинип жатып кароолго киши койгон. Кароолчулар: «Кутурган Шамшынын башын жайпап келип-калын жылкылуу, эн, азында 300-400 түтүн киши кызыл уук болуп үйүн тигип жатат“, — дегенде баары жапырт кийимдерин бөктөрүп, көйнөгүн чечип алып, өзбектин соодагери экен деп ойлосун деп баштарына селде кийип, найзаларын көрсөтпөй, укурукча сүйрөтүп, айылга жакын кирип барганда катуулап өтүшүп, жайылып жаткан 700 чамалуу жылкыны тийип алып жөнөгөн. Мурун Кокондон келе жаткан соодагер экен деп ойлоп, капилетте жаткан казактар жоо экен деп жапырт атка

минип, 100 чамалуу киши кууп чыккан. Катыны чопкутуңду кий десе болбостон шашкан Шоорук Койтору деген күлүк атын минип, найзасын алып жөнөгөндө казактын аялына түшүп келе жатканда сары шыбырда (Каштек менен Кара-Кыштактын ортосундагы алкым) Шоорук экенин бөлөкбайлар таанып, Самак менен Күрпүк үзөңгү тийиштире качырышып бири аттан ыргыта сайганда, бири жөө качып бара жаткан Шоорукту далыдан сайган. Найза жүрөктүн башынан чыга түшкөн, Найзаны толгоп-толгоп сууруп алып канын чубуртуп, 700 жылкыны айдап Чүйдү көздөй жөнөгөн. Казактар Шооруктун өлгөнүн көрүп токтоп калган. Шооруктун Атау, Мандас деген инилери кууп жетсе да, кыргызга кол салалбай кайта кеткен. Шоорук жыгылып калганда анын Койтору деген күлүк аты кыргызга карматпастан айылын көздөй кеткен. Шоорук тууралу казактын кошогу:

Кыргыз жоо келгенде
Койторунун токтугу,
Көчүп кетип жайлоого
акейлердин жоктугу

деген.

## 0.1 1847-ЖЫЛЫНДА КЕНЕ ХАНДЫН КЫРГЫЗГА ЭКИНЧИ ЧАБУУЛУУ

**(кой жылы)**

Кене хан кыргызга аттанарда Бопуйкан деген карындашы «түшүмдө саамайым өрттөнүп кетти, кыргызга аттанбаңыз» деген. Кой жылы эрте көктөмдө Чүй боюнда жаткан солто, тынай, черикчи кыргыздары узун кулактап Кененсары, Норузбай казактан калың кол алып, кыргыз менен урушмак болуп аттанып чыгыптыр деген сөздү уккан соң, кыргыз манаптары ар уруктан 3-4 кишини ылгап чыгарып, Чалдыбардан барып, элге көрүнбөй жатып, анык кабар алып келгиле, — деп чаптырган. Тынай кыргызынын феодалы Жантай Карабеков жакын тууганы Кожоян менен өз баласы Исабекалы деген баланы кошчу кылып жөнөткөн. Кыргыздан ылгатып чыгып барган, жыйырмадан аша киши Кара-Балтага жеткенде Кене хан урушуп, Меркени камап жатат деген кабарды алган. Булар Кара Балтада жатып, Кожоянга бир киши кошуп, анык кабар бил деп чалгынчы кылып жиберген. Меркенин беги Кене хан менен уруша албай, тартууга Кызылооз деген аргымагын жана союш бериптир. Эми кыргыз менен согушат экен деген анык кабарды алган соң булар токтоосуз жүрүп, Пишпектеги өзүбектин беги Алишерге келип, Кененсарынын кабарын айтып: «Сиз урушасызбы, жаки жарашып турасызбы», — дегенде бек: «Меркенин беги арамзада коркок жана бача эле. Хан азиретибиздин тузу урсун, менин эки замбирегим бар. Азирети ханыбыздын тузун кантип актабайын, урушамын», — деген. Солтолор Кененсарынын жолуна элибиз турбасын деп көчүрүп Ыргайты, Каракоңузга чыгарганын бек угуп: «Мен эски чапандарды зыгырдын майы менен майлап, бийик жыгачтын башына танып, сепилдин башына орнотуп от койдурайын, ошол оттон Кенехандын Пишпекке келгенин билгиле дагы, жоо-жарак камыңарды жегиле», — деп убада кылганда солтонун кишилери өз элине чаап кетип, черикчилер элине дагы кетип, Кожоян Исабекаалы Жылгым башы дагы Жантайга барып кабар бергенде элин түн боюнча бүт көчүрүп, Шамшынын бөксөсүнө чыгарып, жасоосун айырган.

Солтолор бүткүл элин Кичи-Кемин, Чоң Кеминге бет алдырып, көчүрүп жиберип, өздөрү Оро башыдан (Токмоктон 8 чакырым кун чыгышында) Кенеханды тоскон, Черикчи эли Берикташтын алдынан айылын көчүрүп, жалпы баарысын Кызылсуунун, Шамшынын бөксөсүнө кондуруп, жасоосун айрып турган, Пишпектин коргонунан от чыкты деп Текеликтин сеңиринде жаткан солтонун кароолчулары тынайга, сарбагышка кабар бергенде, булар Кошмат менен Ормонго айтып сарбагыштан (Эсенкул,

Боркучу, Надырбек) Ормондон башка аскер келип, Ормон үйүнө жата берген. Саякка чаптырган жигити Нарынга жетпей калып, жумгалдык саяктан эки үйдөн бир жигит тандалып чыгып, жана бир атты коштоого алып, Ноорузбай, Дуулат, Түлөөкө баштык 400 киши Шамшы ашып келген. Кенехан казактан 8-9 мин кол жыйнап, кыз-келинге тумак кийгизип, көгөөн желесин байланта жүрүп, Пишпектен өтүп кыргызга чабуул кылган. Кол башчылары: чымырдан - Байзак датка, ботбайдан — Супатай, Түлөберди, каракойлудан - Кудайберген, аккойлуудан — Байет, аргындан — Чубуртбалы, Агыбай, тамандан — Богогусчул баатыр менен Бармен датка болгон. Жолдо келе жатып таластык кыргызынын чекесине өтө бир аз өргүтүп, Пишпекке келгенде Эшкожо, Канайдын күмбөзүнө койгон өлүктү ачып бооз катын болсо ичин жарып, баласын жыгачка мууздап илип келген. Туусун Текеликтин сеңирине орнотуп, оор кошун түшүрүп, Кененсары Орто көл Токмоктун жана тоо этегине чатырларын тигип жатканда оң канатынын аскер баштыгы Норузбай болуп, алдынан камынып тосуп турган тынайлар беттешип, кайтадан жапырып, тууга тыккан сол канаты менен туунун бетиндеги кыргызды Оробашыдан казактар каптап барганда кыргыздар беттеше албай кайта качып, сарбагыш кыргызынан Шамен Куттуксейит уулу ичинде 40-50 киши колго түшкөн. Бирок бугу Томонун айылынан көчүп келген тааздар Ады деген Шамендин кайнатасы, үч иниси, беш уулу баштык, 100 чамалуу киши ит урушун салып, аттуу-жөөлүү болуп, төштү бет алып урушуп калган кезде, Шамшынын алкымынан чуу коюшуп, Чүйдүн суусун кечип чыгып, Төрөгелдинин ага-инилеринен 300 киши, казактын капталынан Абайылдалап ат коюп урушуп, казакты төштү көздөп жарып чыгып, кайтадан жапырт качырганда казактан 60дай киши колго түшүп, казактар кайта качыра жабылып келип, башкаларын учкаштыра качып, бир далай ат менен 8 казак кыргыздын колунда калган. Шамен баштык мурунку колго түшкөн кыргыздар аттарынан түшө качып кутулушкан. Бул урушта Төрөгелдинин агайындары черикчи элинин бүткүл боз балдары баштарын кызыл жоолук менен буунуп, жеңдерин чечип, колмочтонуп, шымдакчан болуп согушкан. Сегиз казактын бири Жорубай деген болгон, Ал Кочкордо абдыраман уулу деген сарбагыштын ичинде туруп калган (анын тукуму азырында ошонун ичинде) казактар бир нече бөлүнүп каптаган солтону бет алган казактарга биринчиде бөлөкбайдын боз балдары беттешип согушуп жүргөндө кара кызыл ат минип жүргөн Эржан төрөнү Жоосейит, бир кабарда жетикашкадан Андаш бет алдынан найза менен сайып түшүргөн. Норузбай бура тартып, кыргызды качырып кирип келип найза сала албастан «Эржан төрө деген осу, кыргыздар жаксылап багыңдар» деп, кайта кеткен.

Эржан төрө экенин кыргыздар билген соң кескилеп өлтүргөн. Бир кабарда Жаманкаранын агайындары багып туруп, кийин өлтүргөн. Жана бир кабарда Жаманкаранын Самак деген тууганы Эржан экенин билер замат бычак менен жара тартып жиберип, канынан үч ууртап алып, Жаманкаранын күйүтү эми кетти, — деп атына минип казакты каптаган жолдошторуна кошулган. Норузбайга көмөккө артынан келген, аккойлу Бейет бир аз согушуп, кайта жапырылган. Сарбагышты бет алып чыккан Чымырбайзактын аскери катуу согушуп, кыргыз бешимде тууга карап жөнөгөн. Аргын, Агыбай менен Норузбай мингендери кызыл ат экен. 3 миң чамалуу киши солтону экинчи бет алып чыкканда (Эржанды ажыратууга болсо керек) солтолор кайта качып, Оробашыдан өткөндө 600 чамалуу солто жолдон бугуп туруп, туурасынан качырып чыкканда казактар быт-чыт болуп, кайтадан тууга тыгылган. Мындан соң солтону беттей албай калган. Беш кун чамалуу казак-кыргыз жекеге чыгып уруш кылган. Норузбай үч күн катары менен жекеге чыгып келип, үч кыргызды сайып кеткен. Мунун бири өлүп, экөө аман калган. Экинчи күндөгү согушта жүрбөгөн тору бышты минип, кулагын мурунку жылы казакка шыпырта чаптырткан Түлөгабыл келгенде Жантай Ысабек деген баласынын күлүк тору атын түшүртүп берген. Түлөгабыл минип, калың найзадан бирин тандап ала беттеп турган калың казакты көздөй чу деген, бирин ыргыта коюп, нар жагына өтө чыгып бура тартып дагы бирин жыга сайып, кууган казактарга жеткизбей чыгып кайта келген. Анан кийин тынай кыргызынан Назарбек карыган чагында жекеге чыкканда качырган казакты Назарбектен мурун жетип, анын Үркүмбай деген баласы ыргыта сайган. Норузбай чыга келгенде анын Кызылооз деген Меркенин Мадели бегинен тартууга алган аргымагын солто Байтиктин мергени бутун сый аткан. Бир кабарда тынай кыргызынан Шералдай менен Саадабай маша кошуп аткан. Бир кабарда

Эсенкулдан Кебек мерген аткан. Атына ок тийип калганда Норузбай кайта качып барып, мындан соң Норузбай Чымырбайзактын Кертайлак деген күлүк атын минип, согушка келип, бир жөө казакты камкакка таштап кетип, ал аңдып туруп Кебек мергенди атып өлтүргөн, бул тууралуу казактагы өлөң:

Норузбай минген Кертайлак,

Текеликтен сеңирден,

Чыга келди кол жайнап.

Коркконунан көп кыргыз

Ойбайлаган кудайлап.

Өтүп чыккан өтүнүп,

Орто жол менен төтөлөп,

Өң жүйрүгүн жетелеп.

Кун чыгыш жагынан Эсенкул, саяк, Талкан беттеп, суу жагынан Бөлөкбай, Тынай, черикчи эли тосуп, казакты кыргыздар чулгап согушкан. Согуштун 5-6 күнүндө бүткүл кыргыз ат коюп кирип, барганда катуу согуш болуп, эки жактан бир далай киши өлгөн соң эки жакка тарап кетишкен. Мындан соң кыргыздар жалпы атка минип, Чүйдүн суусун бөгөп, таш салып жиберип, сууну Кызыл-Суу, Шамшынын оюн көздөп буруп жибергенде казактар сууга жетпей калган. Бирин-серин сууга барганын кыргыздар өлтүрүп турган. Тоо жагын тосуп, солто менен сарбагыш, саяктын кишилери Каракоңуздун суусуна жибербейбиз деп тосуп, урушта бир далай кыргыз өлүп кеткен соң, кыргыздар тосо албаган. Кыскасы, кыргыздар күн чыгыш күн жүрүш жана түн жагын курчап алган.

Согушта мурунку жылы Жаманкарасын өлтүрткөн Жетикашка, Чынгыз акыл таап өтө кайрат көрсөткөн. Акыры казактар күндөн-күнгө согушун күчөтүп, кыргыз кысылып, кыргыздын катын-кыздары, абышкалары айылынан тамак ташып берип, согуш созулганда кыргыздар келсин деп 8-чи күнү Ормонго киши чаптырган. Ормон келбеген соң солто, сарбагыш, саяктан кош ат менен үч киши чаптырганда Ысык Көлдүн Карой, Сары Оюнда жаткан Ормон 200 киши менен согуштун онунчу, бир кабарда он экинчи күнүндө келген. Узун Булакка келгенде Орозбак дегенге кернейин тарттырган. Келип түшкөндө кыргыздын бүткүл баш кишилери барып учурашканда нечен төөгө тартыра келген бышык сүрүн элге тартып, чийкисин кош-кошуна берип, элинен жетелей келген семиз ак кызыл бээни түлөө кылып мууздаткан. Ошол чакта казакка төш жагынан бир аз ок атып туруп, кайта Чаргын деген уулу кырк киши (бүткүл мерген) менен тарткан. Абылай уругунан Кодокалча жекеге чыгып барып, казактын жекеге чыкканын ыргыта сайып, атын коштоп келген. Ормон кернейин тарттырганда Кенехан «мына сыйырча мөөрөгөн не» дегенде жанында олтурган Чымырбайзак: «Аялдаяр таксыр, кыргыздын чабагы мен чарпышып жатуучу элиң. Жаяны ээнди келди», — деген. Ошондо казактан үч киши элчибиз деп келгенде аларга Ормон жооп бербестен, казакты бет алган элди Ормон карап туруп, тоо жагынан курчаган ким дегенде: бүткүл талкан деген. Суу жагынан беттеген ким дегенде: бөлөкбай, тынай, черикчи деген. Бул алдыбыздагы күн батышты карап беттеген ким дегенде: өз тууганыңыз менен саяк деген. «Бүгүн согуш кылбагыла, тынч барып кошуңарга жата бергиле. Ай... башка тил алар, тетиги уч тентек тил албас, — деп бөлөкбай, тынай, черикчини көрсөтүп, — казакка тийгениңер болсо башыңар каноого, малыңар талоонго дегендей, эртең казактын канжыгасы болсо да тең бөлүп берейин»..,

Келген казактар жооп албастан кайта кеткен, Боз бээнин этин жеген соң эл тарап кошторуна кеткен. Ормон өзүнүн жүктөй келген үйүнө жатып калган. Ормондун буйругу боюнча ал күнү кечке согуш болгон Элчи казактын сөзүн Норузбай угуп: «Тандамал 1000 жигит менен мен жоонун алдын жарып чыгайын, онан соң туу менен калган аскерди алдыңызга салып, мен казактын арты жоонун бетинде болоюн. Жүрүп кетели», — дегенде Кене хан башын чайкап, болбостон, «күндүз кетсеңер

тукумуңар чыкпайт» деп олтура берген. Кечке жакын бир баласын качырууга даярдаганда башка казактар билип калып, баары да качыштын акылында калган. «Бөлөкбай, Атаке, Абайылдаган!» ураан чыгып, мылтыктар атылып, күн абдан батып, эл орунга олтура казак качты, жоо качты деп каптаган кыргыздын дүбүртүнөн, аткан октун үнүнөн ойдо-тоодогу кыйкырыктан жер-суу дүңгүрөп кеткен. Казактар тамактарына карабастан, бет-бетинен качкан. Казактарга кыргыз аралашып калганда казактар кыргызча ураан чакырабыз деп, маселен, Түлөбердилер бара жаткан «Түлөберди, Атаке» деп ураан чакырган кыргызды туурап, «Атыке, Атыке» — деп тилинен таанып, көп казакты колго түшүргөн. Аткошчу балдар аскер эмес, алардын кээ биринин алганы үч ат болгон. Казактын кыздары чачтарын төбөсүнө түйүп алып качкан болсо алар таанылбастан көп өлтүрүлгөн. Бир кыз чачын түшүрө сала «мен кызмын» дегенде саяк кыргызынан Норбай балбан деген кармап барып баласына алып берген. Анын тукуму азыркы кайдуулатта болуп, ушул кезде Кетмен Төбөдө. Казактын таанылган бир себеби, кыргыздар бүткүл баарысы сыртынан көйнөктөрүн кийип алган. Казактар кийбеген. Казактан ак көйнөк кийип аман калганы Чымырбайзактын эли болгон. Себеп, Кене хан качмак болду деп астыртан Ормонго киши жибергенде: «Ормон элине текши ак көйнөк кийгизсин, мен кыргызга ак көйнөк кийгизем», — деген. Таздар сарбагышынан Шадыктан, казактын бир баш кишисин колго түшүрүп, аны тамырлашып коё бергенде Жантай бибилип калып, аны көп жылга жоолоп, кектеп жүргөн. Чубуртбалы Агыбай өз казактарын бир бөлүп, кыргыздын куугунтугу өткөнчө жардын түбүндөгү муюшка жашырып, кыргыз текши өткөн соң Токмоктун арал жолуна салып аман-эсен кутулуп кеткен, Мистени ашып кеткен казакты Ыргайтынын таласына кууп барган. Тынай кыргызынан Дайырбек, Калча дегендер таң атарда Норузбайды кармаган. Жана Тынай кыргызынан Кармыштын балдары Текеликтин тоосунда Кене ханды шашкеде кармаган. Кененсары менен Норузбай: «Башыңарга ээ боло турган кыргыз болсоңор 12 киши экенсиңер, баарыңарга тойгондой дилде берейин, бизди элибизге алып баргыла», — дегенде болбостон алып келип, Токмоктун тоосу Алмалынын оозуна үч күн багып туруп анан соң, Жантайга кабар берген. Жантай эки күндөн кийин келип, Ормонго акыл салганда, Ормон аттап-тондоп узатып жибер деген. Кене хан Норузбай колго түшүптүр деп угуп, өлтүрөбүз деп Кененсары жаткан жолбундун үйүн курчап калган. Бир кабарда Кенен хан Норузбайды кармаган Чечей Атамбектин Опу Топу, деген балдары кармаган. Ак койлуу Байеттин 19 жаштагы Кудайберген баласын Тынай кыргызы абыла уругунан. Аалы кармаган. Кудайбергендин сарыгер аты бермет бастырган ичи-тышы кундуз бөркү, алтын кемери жана кундуз болгон. Жантай кудалашып, 100 төө, 1000 кой калыңдыкка убадалашып узатып жиберген. Чымырбайзакты ат баштаган бир тогуз менен Ормон узаткан. Бүткүл кыргыздын баш кишилери Ормон ичинде болуп кеңеш кылып, казак менен эл болуп туралы, өлгөн өлдү, калганыбыз журт бололу, Кененсары Норузбайга катын алып берип узаталы дегенде мурунку жылы өлгөн жигиттердин, эрлердин ага-инилери болбостон алардын энелери, катындары айыл курчап жатып алган. Кененсары, Норузбай эки башка айылда болуп 7-8 күн багып турган. Кене хан кыргыздын бир баш кишисине меңи жолуктургун дегенде кыргыздар макул албаган.

Кыргыздар акыры мындай деген: "Буларды коё берсек биринчиде, элибиз бузулат экен, эгер өлтүрбөстөн багып жүрсөк казактар Төрөгелдини коё бербестен багып жүрүп, Кененсары менен Норузбайга оро-пара кылып буларды бошотуп кетет экен», — деген. Төрөгелди тууралу мындай сөз бар: Кененсарынын соңку согушунда Төрөгелди Иледеги казактардын туткунда болгон. Кененсары Норузбайды өлтүргөн соң, Төрөгелдини бошотууга Ормон менен Жантайдан киши барса, казактар оруска сыйынып, Төрөгелдини бошотпогон. Казактын төрөлөрүнө жана башка баштыктарына айтса, алар мындай акыл берген. Кене хан оруска тынчтык бербей нечен жолу бүлүк салып, көп зыян келтирген. Булардын өлгөнүн ырастоо үчүн Кененсарынын башын орустун улугуна тартуу кылсаңар Төрөгелдини бошотот дегенде, Жантай өз жакын туугандарынан Калыгул Алыбек уулунан Кененсарынын башын берип, Омбудагы орустун жандыралсына жиберген. Орус улугу Калыгулга жана башка кыргыз өкүлдөрүнө медал, чепкен берип, Төрөгелдини бошоткон. Жантайдын кеңеши боюнча Калыгул жолдошторуна айтпастан жашырып, оруска карап турууга Жантай көп ынтызар деген. Ошон үчүн башка өкүлдөн Калыгулду артыкча изат менен жөнөткөн. Кыргыздар Кене ханды

өлтүрүүгө макулдашып киши жиберип, мурунку жылы элчи жиберген киши бар дегенде Кене хан «болсо боолор» деген. Кыргыздын өлтүрмөк болгонун Кене хан билген соң: «Мен даарат алып, намаз окуп алайын, анан соң ишаара кылайын, ошондо жанымды кыйнабай кылыч менен бир чаап өлтүргүлө», — деген. Эртең менен намаз багымдатты окуп болуп, ишаара кылганда мурунку жылы Кененсарыдан өлгөн Ормонбек Субанбектин Тайсары деген иниси Таштанбектин болоту менен шилтеп жибергенде башы ыргып кеткен. Башы томолонуп, кыймылдап жатканда жесир катындар чуркап келип кулактарын кесип алган. Өлүгүн Кызыл Суу менен Шамшынын ортосундагы Борду деген сайдын орто бөксөсү тоого көмгөн. Кененсарыны өлтүрөр замат күн катуу жааган.

Кудайменде төрө Чынгыштын колуна түшүп, аны Алимбек менен Болот өлтүргөн. Кене хандын мойну жоонурак, арык-семиздин ортосу, сын сөөк, жүзү кубасур, орто бойлуу, көзү кызыл, маңдайы жазы, мурду жалпакча, таноосу кең, кичирээк күрөң жээрде чокчо сакал, мурутчан көп сүйлөбөгөн токтоо киши болгон. Башында кундуздаган тумак, төө жүндөн соккон боз чепкен. Ичинен чылк кундуз ичик, көйнөк-дамбалы аксурп, жашы 45 чамада болгон. Тигип келген чатыры керегелүү көк чатыр болгон. Норузбайдан мурунку жылкы элчилер барбы дегенде: «Жаманкараңды жайлаган Ормонбегиңди ойрондогон, Субанбегиңди сулаткан, калпагыңды талпак кылган колум осы», — деген. «Өтүң эминеге дары?» дегенде — "Кызыңдын... даары, — деген. — Төрт арманым калды: биринчи — апам байга узатылган жок деди, экинчи — перзентим калган жок, үчүнчү арманым — токсон төөдө бул ачылган жок. Төртүнчү арманым — алты ата алач баласын артыма салып, Эдил Жайык, Сары Аркада орус менен беттешпедим», — деген. Мурунку жылы казактан өлгөн Калпактын катыны кылыч менен чабаарда Норузбай: «Кыргызда эркек жокпу?» — деген. Калпактын Түлөбай деген жигити кылыч менен башка тартып калганда оңкосунан кетип өлгөн. Калпактын катыны ичин жара тартып, канынан үч ууртап алган. Сөөгүн Шамшынын күн чыгыш жаккы кашатка көмгөн.

Норузбай 23—25-жашынан озбогон, узун бойлуу, ак куба, бети жука, жаагы узун, көзү чекир сымал, шоошактары ичке, узун көкүл чачына маржан таккан, токтоосуз ойноктоп турган, сакал муруту жок болгон. Минген аты ак-кызыл болуп, согушта оң жеңин кемерге кыстарып коломочтонуп жүргөн. Ал келип кыргыз менен эки жылы согушканда анын найзаны эки колдоп сайганын эч бир кыргыз көрбөгөн. Дайым найзаны бир кол менен сайган. Кызыл манат тыштаган кундуз тумагы болгон. Ичтен кара башайы күрмө, тыштан көк ноот тыштап, кундуз кармаган ичиги болгон. Качырып келе жатканда алдынан жаадырып мылтык атса да жалтанбастан, көзүн жумбастан келип, найза сайган. Норузбай тууралу бир сөз: Кене хан Текелектин сеңирине туусун жаңыдан тигээрде Норузбай Тынайды бет алып бара жатканда арткы аскерден бөлүнүп, качып бара жаткан мал айдаган 30 чамалуу кыргызга Норузбай жетет. Мунун жоо экенин билип, 60 киши менен жоого малды түшүрбөйүн деп Мотой жетип келгенде 10 чакты киши Норузбай бура тартып бара жатып; «сен кимсиң?" — дегенде: «Мен Жантайдын иниси Молтоймун», — дейт. «Сен Молтой болсоң достосайык, — дегенде Молтой: «Жоого дагы достук барбы?» — дегенде Норузбай: «Кыргыз, сага кудай берди гой», — деп айткан. Экөөнүн артындагы кыргыз-казактын аскери жетишип беттешип кеткен. Кыргыздын айтууңда Норузбайдын бул сөзүндө эки себеп болгон. 1) Дуулат чапырашты казагы Кене хандын кыргыз менен согушканына нааразы болгон. 2) Бопуйхандын көргөн түшүнөн төрөлөр абдан кооптуу болгон. Кене хан дайым согушка чыкпастан, туу түбүнө тигилген көк чатырында болуп, жанында дайым Чымырбайзак болгон. Байзактын өрөөлү, Тор жана Кертайлак деген эки күлүк аттары болгон. Агыбайдын минген аты боз болгон.

**Кыргыз-казактын жабдыгы жана кийими.** Найза, соот аз болуп, баары да атчан согушкан. Казактын айбалта, кылыч, чоюнбаш, шал кетме, мылтык, жаа, башында тумак, боз чепкен, кисе, кемер, булгаары өтүк, он жеңиң курга кыстарып, коломочтолгон. Ак каңкы ээр, олоң баштан ат жабдыгы бекем болгон. Жайдак ат минип, урушканы да көп болгон. Кененсарынын ээрин алтын менен жапкан. Кыргыздардын көбү башын кызыл жоолук менен байлаган, жаки тебетейин байтал күтө кылып кийген. Сары жаргак шым кайылчаларын шымданган, багелегин түшүргөн, оң жеңин колмочтоп, белде кисе, ак каңкы жыгач ээр. Ал заманда кыргыздын эркеги кучмач ээр минбеген,

үзөңгүлөрү жыгачтан, жаки мүйүздөн болгон. Көрпөчө салынбастан бүткүл баары кийизден шырып көпчүк салынган, желдик салынбастан тердик токуму болгон, соот кийгени да болуп жайдак атчан жылаңач согушкандары болгон. Маселен, Келдике, Абийир баатыр. Кыргыздын үйүндө эркек калбастан, малын аялдар багып, тамагын аялдары жеткирип турган. 15 жаштан баштап, 60 жашка жете эркектери согушта болгон. Кененсары өлгөн соң бир жылдан кийин ат, тон, колго түшкөн казактын көбүн Кенен-сарынын бир тууган карындашы Бопуйкан келип жыйып кеткен. Көкжал барактан (1770-жыл) башталган кыргыз-казак согушу эл чабыш, кедей-дыйкан орто чарбаны эзиш, өлтүрүш, жылкы тийиш менен жүрүп, кээде жараш, кээде уруш болуп, кедейден миңдеген кишилер, баатырлар кырылып, алардын эч бири айтылбастан, алар аман-эсен калгансып, баякы канкор феодал манаптардан ондогон гана кишилери, кансоргучтар өлгөн болсо, алар гана айтылган. Бул кыргыз-казактын арасындагы жаңжал 77 жылдан кийин кан соргуч Кенехан, Норузбай Эржан, Кудайменде төрөлөрдүн кыргыздан өлтүрүлгөнү менен токтоду. Эки ортодо (1770—1847) болгон Көкжалбырак, Абылай, Бердикожо жана Кененсарынын эки сапаркы жапырыгында солто жалпы капталып, саяк, сарбагыш толук дээрлик (Кене хан өлтүрүлгөн сапардагы болбосо) катыша албады. Кене хандын эки согушунда бугу катышпады.

## 0.2 БУГУ БАЛБАЙ МЕНЕН КАЗАК АРАСЫ

Жогоруда жазылды саяк менен бугу кыргызы көбүнчө калмак, уйгур жана казак менен жөөлөшүп турган деп. Булардын жаңжалы киши өлтүрүп, эл чаап, жылкы тийип алганы өтө көп болгон. Мисалга: бугу менен казактын арасындагы болгон жаңжалдын бирин көрсөтөлү. Булардын арасын көбүрөөк бузган бугудан Балбай болгон. Өзүнүн баш кишилери эл журт менен тынч туруп күн өткөзөлү десе болбостон, кыргыз-казактын кез келгени менин жооло шуп, эр өлтүрүп, мал тийип алып, Кашкар, Кулжага, Турпанга жете уйгур менен кыргызды чаап алып турган. Балбай кырк жигит жыйган. Ал кырк жигити менен барып, казактан. калың жылкы алып тийип келе жатканда артынан казактар куба чыгып уруш болуп, жекеге чыгып келген бала жигит казакты өлтүрүп, жылкыны алып кеткен.

Балбайдын артынан 4—5 күндөн калбастан казактар келип, кыргыз менен сүйлөшүп" бүткүл жылкысын кайтарып алып, өлгөн жигиттин куну үчүн 300 жылкы кесим болуп 240 жылкысын берип, 60 жылкы үчүн Балбайдын бугу жана топтуу карышкырды тобу
менен алып берген кыраан тайганын Балбай бербейм десе дагы болбостон, башка бугуларга макулдашып туруп алып кеткен. Мындан соң дагы ошондой жылкы тийиш, эр өлтүрүш көп болуп, казактын тынчын Балбай ала берген соң, казактар жеке бугу эмес.
башка кыргыз менен да коолашып жылкыларын тийе баштаган. Ормон казакка канчалык киши жиберсе, алар: Ормон биз эмес өзүнүн кыргызы — Балбайды тыйып алсын деп унабаган соң уурулук, каршылыкты жоготуп, эл арасындагы барымта, жылкы тийип алууну тыямын деген Ормон казакты басамын деп көчкөн.

## 0.3 ОРМОНДУН ИЛЕГЕ ТҮШКӨНҮ

Казакты бет алып, 1850—51-жылдарда кыштын күнү Ормон 600 түтүн менен Ысык-Көлдүн түн жагы кар басып бекип калган белди 80 тукур минилбеген ат менен буздуруп ашып, Иле багытына түшкөн. Казактар Ормонду абдан изат кылып, казак-кыргыздын феодалдарынын адети боюнча союшка, өрлүккө тогуздап бээ, жүздөгөн кой берип турган. Ормон казакка көчүп барыптыр деген кабары кыргызга текши угулуп, казак-кыргыздын арасындагы уурулук, жылкы тийиш токтогондон бир жыл өткөн соң казактар Ормондун айтканына кулак салбастан пейили бузулуп, Ормонду чаап алуу аракетин кылган. Ормон амалы куруп, баягы опуза айласына киришкен. 50— 60 кишинин башына селде чалып жарак-жабдык байлап, кокондун аскериндей ак жана кызыл кийиндирип,

ээр-токумун өзбекче токунтуп, далда жерге жашырып коюп, качан казактар келгенде «биз Кокон хандын аскерибиз, артыбыздан көп аскер келе жатат, биз аскер алды болуп келдик», — деп айткын деп үйрөткөн. Сүйлөшөлү деп бүткүл жакшы кишилерин чакырып кел дегенде, алар бүт келер замат баягы жашырып койгон кишилерге кабар кылган. Алар 50—60 киши жар ак-жабдыгы менен куржундарын салынып, Ормондун айтканындай болуп келип, чатырларын тигип жатып калган. Бир-эки селдече кишилери келип, Ормондун жигиттерине жолукканда, жигиттери Ормонго кирип, бул келген кишилер Кокон ханынын сарбоздору экен, бир-эки күндөн кийин артынан бектери менен дагы сарбоздор келет экен, сизге учурашып, ошолордун жайың айтууга бир-эки кишиси келип турат дегенде Ормон: Ий бул кокондогон кокондукту мен чакырган жок элем го, аларсыз дагы мындагы казак-кыргыз толуп жатат, айтар сөзү болсо кийин айтар, — деп тизесин мыкчып-мыкчып койгондо казактар Ормондон уруксат кылсаңыз биз союштарыбызды камдап, бир-эки күндөн калбай келели деп, жүрүп кеткен. Казактар барып, ушул күнү үрккөн боюнча малын айдай Илени бойлоп төмөн кирип кеткен. Булардын үркүп кеткенин Ормон угуп, эли менен шашпастан Түргөн, Талгарды баса, Кашкелең аша, Көк-Ойрокко түшкөн.

## 0.4 БУГУДАН ОРМОНДУН ӨЛГӨНҮ

**(1854-жылында)**

Бугу, сарбагыш бир тууган болсо да, Маматкул менен Белектин заманында аралары катуу бузулуп, кийин Анжиан — Алайдан келип, Ысык-Көл менен Чүйгө орношкондо калмак менен, казак кыргызда жоо болгону үчүн бугу менен сарыбагыштын арасы эң жакындашып, туугандашы кеткен. Ормонду сарбагыштар хан көтөргөндө бугулар толук баш ийбестен, өзүнүн феодалы Боронбай Меңмурат уулун баштык кылып турган. Бугулардын мунусун көргөн соң Боронбайга Ормон кызын бермекчи болуп кудалашып, Кулан деген кызын Боронбайдын Өмүрзак деген уулуна берген. Солто, казак, өзбек, таластык жана фергана кыргызына бугулар Ормонго табы катарында көрүнсө да, анығында бугулардын сурагы, бийлиги өзүндө болуп, сарбагыш катышпаган менен Ормон, Боронбай бугу, сарбагыштын эки кан соргуч феодалдарынын арасы жакын сөк болгондуктан Ормондун сөзүн бугулар кеп жыкпастан аткарып, мунун аркасында кедейлерди эзип, дыйкан менен орто чарбанын канын соруп турган. Кыргызда бир макал бар: «Карыганда дүнүйө кишинин маңдайына келет» деген. Ушул сыяктуу Ормон карыган кезинде мурункудан бетер напсисин ашырып, кедей, жалчы, орто чарба дыйканды эзип жана казак-кыргызды жегени мурункудан дагы артып кеткен. Мисалы, Ормон Илеге ашканда Асы деген ашууда Надырбек кыргызынан Абыке жана Кубат, жантай кыргызынан аюке уругунан жылкычылары Чыйбылды Кыдыр уулу жана Элибай Эрдана уулу өз койлорунан бир көк козуну алып барып союп жесе, аны Ормондун малчылары Ормондун козусу деп жалаа кылганда Ормон эки тогуз жылкы (он сегиз) айып алган. Ормондун баласы Үмөтаалы булар ак десе Ормон тилин албаган. "Бул себептен Үмөтаалы таарынып жүрүп, Иледен кайта келгенде бузук улашып жүрүп акыры Нарынга бөлүнүп кеткен. Эрдана башчы болуп, Абыке, Кубаттар (Надырбек) бугуга кошулган.

Ормон өлбөстөн канчалык жыл мурун баягы кан соргуч Төрөгелди 50 киши менен көктөмдө Чүй боюндагы кан ичер Жантайдыкына келип, бир нече күн конокто жатып, Жантайга мындай деген: «Жаш жылкынын этин сагындык, казактан жылкы тийип келели жүрүңүз», — дегенде Жантай макул алып, мунун бир тууган Монтой деген иниси: «Биздикине конок болуңуз» — деп Төрөгелдини алып бара жатканда, Жантай: «Мен эртең барайын, андан казакка жүрүп кетели» — деген. Жантай барганча Молтой: Ал Жантай болсо, мен Молтой баатырмын, артыбыздан келер», — деп 200 чамалуу киши менен Төрөгелди 50 киши (баарысы 250 киши) менен казакка жүрүп кетет. Бир атка арак, бозо жана сүр эт жүктөлүп, Жантай барып жүрүп кеткенин билип, эки жиндинин артынан ээрчип жүрөмбү деп кайта кетет. Булар барып, Иледеги казактан калың жылкы тийип

келе жатып, Кашкелеңдин күн батышы, Чамалгандын күн чыгышындагы Шөкүлө деген дөбөгө шашкеде келгенде артынан 400 чамалуу казактын куугуну жетет. Молтой муну көрүп: «Төрөгелди, сени эр дечү эле, кана, менсиз кылган эрдикти мен көрүп турайын», — деп, 200 тынайды ээрчите куйругун кыпчып жөнөгөн. Төрөгелди не кыларын билбей, күрөң аттын ээр-токунун алдыра салып жайдактап, ары-бери жетелетип туруп, бир аз-дан соң жалаң тердикти белине тарттырып, бир найзаны тандап алып, казакты карап туруп: «Кап, кантейин, тынай тынайлыгын кылып жүрүп кетти. Аккызыл алдымда болсо, Аюке, Майтык жанымда болсо, кантер элем казакты», — деп үшкүрүп казактан көзүн айырбастан карап турган. Жолдоштору Төрөгелдиге угузбай, калың казакка Аккызыл менен Майтык кан чачат беле деп турганда, Мундузсейит: Силер, боз баштар, мындай жоону көрө элек балдарсыңар. Майтык менен Аккызылдын эми керек болор жери бар», — деген чакта казактар жакындап калып, Төрөгелди атка ыргып минип, кылычын жалаң билегине салып, Төрөгелдилеп качырып аралап кирип, бир казакты ыргыта сайып, кайта аралап сайып өтүп, бура тартып Төрөгелдилеп кыйкырып, бир казакты ыргыта сайганда казактар топ-топ болуп качууга ыңгайланып калганда Төрөгелдинин аты мүдүрүлүп жыгылган соң казак басып калган. Ошондо Мундузсейит Аккызыл болсо жыгылбастан, алдыга келсе омуроосу менен коюп, аң-жар келсе аттап өтмөк, кокустан жыгылып калса, басып калган казакты үстүнөн сүрүп, Төрөгелдини атына мингизип, жоону бет алмак. «Тарткыла балдар, эми туруучу эмес», — деп качып жөнөгөн. Калың жылкысын ажыратып, Төрөгелдини колго түшүргөн. Казак кубалабаган. Казактар Төрөгелдинин сакал-мурутун алып, башына элечек ороп, соку жанчтырып жүргөндө 150 жылкы убада менен сатыкка чыгарылган. Кийин 100 жылкы доолап казак келсе, менин сакал-мурутум 100 жылкы эмеспи деп бербей койгондо казактар Ормонго барат. Ал: «Казакта Нарботонун куну дагы эле жатпайбы», — деп койгон.

Нарботонун куну дагы эле жатпайбы дегендин себеби мындайча болгон: Нарбото Төрөгелдинин бир тууган агасы болуп, эрдиги Төрөгелдиден кем эмес, балким артык. Төрөгелдинин Нарбото баштык 200 чамалуу киши Кордойдон өтүп барып, казактан калың жылкы тийип келе жатып, казактын калың көчүнө капталып калат. Көчтөн бир сулуу келинди көрүп кызыгып ала кетмекчи болуп, бир кабарда Нарбото бетинен сүйүп жаткан кезде казактын куугуну жетип, алды кыргызга аралашып согушуп, көчтөгү казактар кошулуп, дагы согушуп, Нарботону бала жигит казак айбалта менен тартып өткөндө аттан учуп түшөт. Кыргыздар жылкыны таштап жиберип, казак менен беттешет. Эки жагы бирдей качпастан согушат, Төрөгелди бир казакты айбалта менен башын жара чаап өткөндө «ойбой, жеп тастайды» деп үстү жагынан бир жаш бала качырып Төрөгелдини аттан ыргыта коюп өткөндө Төрөгелди аттан учуп түшөт. Ал баланы Төрөгелдинин бир жолдошу аттан ыргыта саят. Ошол мисалда, эки жак тең былчылдашканда Нарбото өлүп калды деп кабар берген. Кыргыздар бура тартып, Нарботонун этин шылып таштап, сөөгүн чаначка салып алып, жылкыны таштаган боюнча кетет. Казактан дагы киши өлүп, (аныгы канча маалим эмес) ошол себептен Нарботонун өлгөнү үчүн жооп бербей кетет. Жана Иле оюндагы казактардын Ормонго артыкча нааразы болмогу — Ормон Илеге барганда казакты жакшы чыгымдаткан. Ормон менен бугунун арасынын салкындашканын башы көбүнчө төмөнкү болгон: Боронбай жолдоштору менен Ормондукуна конокко келип, бир канча үнү жатып калганда эрмек болсун деп Ормон ордо салдырып берген. Боронбай менен Ормон бугу, сарбагышка баш болуп, ордо атышат. Бугу жеңилип калганда байгеге сайган үч тогуз байталды Ормон алып койгон. Боронбай намыстанып, көлдөн чыккан ордочу жигиттерди алып келип, кайтадан атышканда Ормондун чертмекчиси Аюке Майтыктын бармагы жарылып, черталбай калган. Анан соң Кетирекейдин уулу Алыбек чертип жатканда, Боронбай көзүн кысып койсо, Алыбек жалгандан жазып калат. Бугулар утуп алып, үч тогуз байталын кайтадан алып койгон. Алыбектин жалганынан жазганын Ормон байкап калып, Алыбекке ошондон баштап душман боло баштайт. Ишти казагынан Нарен баатырдын Уулбала деген кызы (манаптын айтканы) түшүндө ай кучактап. ушул себептен эки жигит ээрчитип, ат кошчу жолбашчы кылып Ормонго тийемин деп келе жатканда эл чети, жоо бетинде жүргөн Алыбек кармап алып келип, Ормонго алып берген. Таарынган Ормон Алыбекке. киши жиберип, жаки Каракелтени, жаки Кератты (Алыбектин күлүк аты) берсин дейт. Алыбек Каракелтени алса алсын, берейин, карыса да Уулбаланы кайта

өзүмө берсин деген жооп менен кишисин кайтарган. Муну угуп Ормон Кочкордогу Алыбектин айылын бет ала көчөт. Алыбек бугуга кирип кеткенде Ормон токтоп калат. Алыбекти кайта көчүрүп берсин деп, бугуга киши жиберсе кабыл албайт. Ормондун айлына, Байсоорунга көчүп барганда бир чагалдак эгин издеп, сөөк тамырчылап көлдүн башына барса, минген аты кара баткакта калып, өзү жок. Бугунун ичине көчүп барган Калыгул анын өлүгүн Түптүн суусунан таап алып көмгөн. Менин энелеш тууганым Чагалдакты (жесири Талакени Болот алып, андан туулган Эсенкул феодалдын небереси Ормон) бугунун көпкөн ээн баш боз балдары өлтүрүп сууга салып жиберип атын коё берди деп, Ормон доо кылып, акыры бугуну кунга жыккан. Башка малы бүтүп, Чаңтийбеске Солтонкулдан бир ат тийбей калганда, алып кел деп Ормон Чаргын деген баласын жиберет. Бугулар кенешип, Өмүрзак (Ормондун күйөөсү) барса, кечир деп аны жиберген. Ормон кечпестен алмакчы болгондо Чаргын капаланып бөлүнө көчкөн. Жээрде жоргону бербеген соң Ормон дагы киши жиберет. Бугулар бербеген соң Ормондун кишилери барып, бугу кыргызы, такабай уругу ак жылкылуу Байсалдын жылкысын тийгенде анын Эсенкул деген баласы сайышка чыкканда Ийбак, бир кабарда Адил, Сувандын балдары сайып өлтүрөт. Бугулар аттанып келип, Кудургу, Доң Булакта көктөп жаткан Ормондун малчысын чаап алып, 1000 субай коюн айдап келет. Малчы, койчуларынын көбү тоо-таш, арчага жашынып кутулат. Бул кабарды уккан соң тор бышты асый минип 60, бир кабарда 100 киши менен күн жаап турганда аттанып чыгып, Ишин Атадагы (азыркы Монастыр салган жер), жолдун үстүндөгү Чоң Дөбөгө келип Ормон түшүп олтурган 100гө жакын бугу, саяк Ормондун алдын тосуп бууп калган. Кудургунун дөңүнө Кетирекейдин Алыбеги кароол карап чыгып, Ормондун артында колу жок экен деп бугуга кабар бергенде бугулар, саяктар жапырт атка минип, каракелте менен Алыбек атканда, огу Ормондун алдына түшкөндө каракелтенин огу экен деп сарбагыштар таанып, бугу, саяктын шуйку жаман, жүрүп кетели деп Адыл эки мертем Ормонго айттырганда, «ээ...» деп коюп олтура берген, Бугу менен саяктар келип, алды-артын курчап калганда ак сур ат менен элди жара качырып жарып чыгып, Адыл качып кутулган. Башка сарбагыштан кутулганы бирин-серин болуп, Ормондун Сейилкан деген баласы тоого чыга качып кеткен. Ормондун жанында койчусу жана Көрөгөч деген тамакчысы калган. Бугу, алдаяр уругу Ормонду кармаганда Нышанын баласы Мырзанын айтуу боюнча Ормондун көйнөк, дамбал, байпагын коюп башка кийимин тоноп алган. Ормон колго түштү деп арык тукуму бир жигит Боронбайга кабар берген. Боронбай келип салам бергенде алик албаган, Жараңыз куттуу болсун, — дегенде унчукпаган. Үстүндөгү ак кементайын Ормонго жапканда кийбеген, Өмүрзак Боронбай уулу кара кашка ыпчасын жапканда кийген. Бир кабарда Боронбай жыйылган жасоого келбестен үйүндө болуп, Балбай барып Ормон колго түштү деп айтканда, Боронбай унчукпай олтура бергенде Балбай кайта кеткен. Боронбай баштык бугулар кеңешип, Ормонду ызаттап кайтармакчы болгондо мурунтан кезенип келе жаткан Алыбек: бул тындым деген киши, өлтүрбөсөңөр жаныңар тынбайт, деген. Боронбай айылга алып жүргүлө дегенде Ормонду атка колтуктап мингизип жатканда Балбай бычак менен, бир кабарда найза менен такыр колтукка сайып алган. Мырза келип Боронбайга шыбыраганда, Боронбай: «ай...» деп жактырбастан башын буруп кеткен. Ормонду кызыл ала кан кылып, айылга алып бара жатканда кызы Кулан боз жорго минип алдынан тосуп келип атасы баштап барып, арнап жол боюна тиккен ак өргөөсүнө киргизип, абыладан Дөөлөт жана Сокур бөрү, Сатыкул үчөө канын кезектешип соруп турган. Бугу менен саяк жапырылып түн боюнча көчкөн. Мундуз ботпой ичинде бир канчалык сарбагыш башка үйдө камоодо болгон. Булардан Ормондун өлөрчө жарасын жашырган. Бугунун эки кызы Ормон өлүптүр деп сүйлөшүп жатканын угушкан. Бугулар үркүп көчүп жатканда бир чоң өгүз менен торпокту бугулар айдап барып, камыштагы баткакка тыгып коюп, бугулар кеткенде чыгарып келип союп жеген. Сарбагышка суудан башка тамак бербеген. Көчкөн элдин аягы басылып, бирин-серин жүргөндөр тыйылганда Ормон: «Менин канымды соруп убара болбогула, үйдүн тегерегинде жат киши барбы, карагыла“, дегенде, карашып «жок» деп жооп бергенде Ормон: «Мен киши болбоймун. Коркуп ыйлабагыла, менин сөзүмдү унутпастан элге айткыла», — деген.

## 0.5 ОРМОНДУН КЕРЭЭЗИ

Кулан балам! Сени бугуга менин балдарым кайтадан жибербейбиз десе көнбө. Жана да эшиктен көрөгөчкө каратып коюп, сарбагыш эми мен бардагыдай болбойт. Үмөталы уруш чагын коюп, элди аздыр-басын, эл-журттун акылын Куттук уулуна (Шаменге) салсын. Бугу кылжырдын баласы, зили тууган эле. Өздөрү кайрылбай турган кара мүртөс журт эле. Кокустан элдиктен биротоло кетип калбасын, эгерде журтташыбыз десе сарбагыш мен үчүн намыс кылбастан кыя тартып журт болсун. Эгерде журт болбосо Жантайга ишеним жок эле. Төрөгелди мен деп жүрүп өлөөр. Көлдү үч айлансын. Мырзага Адил көз салсын, деп башка сөздү айтамын деп айта албаган, онтоого кирген. Орозодо таңга жакын өлгөн. Сөөгүн кара буурага артып келип, эки ак суунун ортосуна жашырып көмгөн. Бул чакта Үмөтаалы деген улуу баласы, Нарында Бетикаранын талаасында болуп, андан айылы менен көчүп келген. Ормон өлдү деп ук-канда катыны: «Атаң өлсө тайлак бар, кому жерде калган жок», — деген. Ормондун бүткүл сөзүн Кулан айткан. Үмөтаалы тууралу анын кызынын кошогу:

Чоң атам көлдү көктөдү,
Өз атам чоң Нарынга көчкөнү.
Калын бугу камаган кан атакем,
Өлдү деп түндө кеткен чабаган.

Үмөталы жокто Ормонго бата окуп коёюн, деп Надырбек кыргызынан кубат уулу Кудайменде келсе, анын мурдун Ормондун улуу катыны Кусубалды кесип алган. Кудайменде аюке уругу, Надырбек Бегиш уулуна келгенде бекитип туруп, аттап-тондоп Кудайменден качырып жөнөткөн, Надырбек Калыгул даанышман түгөйүм деп өкүрүп келгенде кошкон:

Абыке, кубат эки урук,
Туугандыктан безгенбиз,
Кудайменде куйручук,
Кармап мурдун кескенбиз.
Ачууланып энекем,
Кокус кесип салганбыз,
Кагылайын, Калаке,
Көңүлүңүзгө албаңыз.

Кудайменде мурдун кескен себеби, абыке, кубат деген эки урук, Ормонду бугу өлтүргөндө бугунун ичинде болгон. Ошол үчүн тууган боло туруп, эмне үчүн өлтүртөсүң деген таарыныч болгон. Чындыгында Ормонго төрт ата тууган. Чоң согушта абыке менен кубаттын боз балдары абдан эрдик көрсөтүп, көп сарбагышты өлтүргөн. Булардан жырык Ташыбек деген баатыр жигит жалгыз өзү 40 кишини өлтүргөн. Кудайменденин мурдун кесип алганына абыке, кубаттын боз балдары өтө намыста болгон. Үмөталы тууганым (Кудайменде) менен жакшылап сүйлөшүп, бугудан абыке, кубатты көчүрүп алат элем, бекер мурдун кестиңер деп артыкча капа болгон. Төрөгелди өкүрүп келгенде Ормондун Кулан деген кызы кошкон: «Окенди (Ормон) Бокен (Боронбай) сойгондо, Төкө (Төрөгелди) төмөнкү Пишпек коргондо», — деген. Демек, Төрөгелди Пишпектеги өзбек бегинин камоосунда болгон. Ормондун кошогунан:

Сарапчысын тартынып,

Сагын кайдан аттанды,

Кан атамды жаштанды,

Көк чаар атын моюндап,

саадак огун артынып,

ок-дарысын коюндап,

Солтонбеги аттанды,

Султанымды жаштанды.

**Куландын кошкону:**

Кашкардык сарт камалган,

Кан атамдын даңкына,

Кара калмак тан калган,

Кызматын кыпчак ушаткан,

Кылычын казак бошоткон,

Көрбөй жоосу багынган.

Төмөнкү калын кокондук,

Тартуу берип жагынган.

Ажалын жетти аңдоосуз,

Бир кылжырдын тукуму,

Бир атадан тең тууган.

Ормонду кан көтөргөндөн баштап кызыл тебетей жеке эле өзүм болдум деп, кыз ала качканга кырк жылкы айып, эркектин куну 300 жылкы, аял 150 жылкы, ууру бир тогуз айып төлөсүн деп эреже жүргүзгөн. Албетте, мунун көбү Ормондун пайдасына кеткен. Ормон айтканынан кайтпаган катуу киши болгон. Ушул себептен «көк мелтей» аталган. Узунураак кара сакал, өңү кара сур, бою узун, орто семиз, качан болсо да атка мингенде этеги соорусун жаап жүргөн. Бугу, саяк Ормонду өлтүргөн соң. Каркырага көчүп барып жай алганда, жараш сөз болуп, сарбагыштан Шамен менен Калыгул баштык, 3—4 киши бугудан — Боортопой, Тилекмат жана Боронбай чыгып, сарбагыштар Калыгул кундан мурун кыздын кызылына кырк кыз бер, катындын карасына 60 катын бер, Ормондун куну үчүн 1000 төө, 3000 жылкы, бугу, саяктан 9 сулуу кыз жана алардан тандап кырк күлүк, жети эрдин каны, жана кел айланасынан чыга берсин дегенде: бугулар муну бергенче Кытайга карап кетпейбизби деп тарап бастырып кеткен. Бугу менен саяк калмактар менен илгертен чектеш болуп, алардын малын алып, тынчын кетирип жүргөн Жана кыргыздар жерибизден айдап чыгабы деп өтө кооптонгон. Бугу менен саяк кенешип: күз жакындап келе жатыр калмак болсо биз менен жоо. Казак болсо дагы сырттап калды. Кыш камын жейли деп, көбү сүйлөшүп сөздөрүн токтото албай, арык тукуму кыргызы Токсобай бийге акылга келген. «Биз кеңешип акыл таба албадык. Артыбызга болсо кан төгүп келдик, алдыбызда казак, калмак дагы жоо боло турган болду. Баарыбыздын чогулуп батар жерибиз, барар тообуз барбы, сиз бул жакты көп-көп аралап жүрдүңүз эле», — дегенде Токсобай көптөн кийин: «10 түндөн чачырап тентип кирип, ар кайсы айылга киреңди болбосок, баарыбызды батыраар жер жок. Бугу саяк кайта Көлгө түшкүлө. Ормондун өлүгү бир жыл күйүп жалын чок болор, экинчи жылы жок болор Аязар болсо жанакы Калдуубет кызыталактын (калдуу бет деп Калыгулду айткан) айтканын омойлоп берип, журт болорбуз“, — дегенде, Алыбек: «Көрбөгөн сарбагыш беле, Каракелте менен бир айтсам Бишкекке кире качат”, — дегенде бул сөздү Токсобай жактырбай олтуруп калган. Бугу, саяк кайтадан Көлгө көчмөкчү болгондо, Алыбек көч алды менен болуп берейин деген.

## 0.6 АЛЫБЕКТИ ӨЛТҮРҮЛГӨНҮ

Көз алды болуп келип, Агыяздын суусунан өтүп, карагайлуу жерге Алыбек конуп калат. Ошонун алдында Каракужур, Соң Көлдөн бор укчу сарбагышынан назар тукуму Боталы, бугу, саяктан жылкы аламын деп 8 киши болуп, бир" кабарда 7-9, барган түнү жылкы алалбай, күндүзү карагайга бекинип калат. Ойдогу айылдан калың киши аттанып, башка айылга кетет (аш, жаки той). Ошол замат кечке жакын койчунун атын минип, Алыбек торой (сакал-мурутсуз) марал көрдүм деп булар жаткан карагайды бет алып чыгат. Мал караган шишиби, жаки кийикчиби деп булар карап турганда жакындап келгенде Алыбекти тааныш, айланайын, баягы Торойкул экен. Ийниде мылтыгы бар экен, деп тезинен аттарына минип, жолунан бүгүп, бир жерге жашынып тура калышкан. Чукул жерден качырып чыгып Боталы кармап алган. Алыбек кыйшая түшүп, милтеге отун коюп атууга камынып калган экен. Аттан алып түшүп Боталы үч көтөрүп урганда, көтөрүп туруп, аңгыча жолдоштору чогулуп, байлап алган. Күн абдан батканда, алып жөнөр кезде 200 жылкы жана бир кыз берейин, коё бергиле дегенде Үмөталыдан коркушуп алып жөнөшкөн. Артынан саяктар Каракаман Балгартка жете кубалап келип, жетпей калган. Алыбек марал көрүп атып аламын деп колго түшүп келе жатканда бир түнү муну күзөткөндүн бири сарбагышта калып калган туугандарынан экен. Ал түнү Алыбек качканы жатканда Ботаалы кармап калып, ал саяктын малын . Ботаалы келгенде чаап алып койгондо сарбагыштар малып кайта жыйып берген. Бул тууралу кошок:

> Атакемдин арбагы,
>
> Ак марал болуп арбаган.
>
> Күрөңдүн уулу Ботокем,
>
> Көк шилиден кармаган.

Алымбекти күндөп-түндөп байлап жүрүп отуруп, Ормондукуна келгенде андагы Алыбектин жакын туугандары (Адылга кыз берип, сөөк болгон үчүн Алыбек кеткенде мында калышкан) малы-башыбыздан чыга берели баарысын алгыла, Алыбекти бошотуп бергин дегенде Үмөталы Алыбекти кармап туруп, бугудан айлын көчүрүп алайын деп ойлоп, Алыбекти башка айылга ээрчитип баратканда аңдоостон артынан келип Кыдык деген сарбагыш айбалта менен башын жара чапкан. Эски кыргыздын адаты боюнча тукумунан жакшы чыкпасын деп эки кар жилигин алып бир кабарда Көтмалдыда жерге каккан. Бир кабарда Ормондун Кутукеч деген жигити чаап өлтүргөн. Алыбектин кошогу:

> Жылкыны кер ат баштаган
>
> Кетирекейдин Алыбек
>
> Кабаны караан кашкаган,
>
> Сарбагышты көргөндө
>
> Акылышынан шашпаган,
>
> Жалгызсынып жалтанып,
>
> Бура тартып качпаган,
>
> Жулуп алып келтесин,
>
> Атамын деп уштаган.
>
> Аттырбастан Ботаалы
>
> Карагайдын черинен,

Кан атакем баатырды

Камынтпай чукул коштогон.

Күзүндө көлдүн аягында олтуруп, тынайдан башка бүткүл сарбагыш жана курманкожо, кулжыгач саяктарынын манаптарын чакыртып кеңешип, бугу менен согушмак болуп, кебин кубултуп солтодон кол. сурап Жангарач феодалга Медербекти (жетиген уругу) жиберген. Жангарачтын кызын Жантайдын Шабдан деген уулу алмакчы болуп, күйөөлөп жатчу экен. Жана Боронбай, Токсобай, Балбай башка дагы бугу, саяктын манаптары бөлөк элге туюнтпай жашырын (көп кабарда нечен күмүш жамбы жиберген) киши жиберип айттырганы: бугу, саяк, сарбагышка, солто калыс турган. Эки жагыбызга тең катышпастан, калыс туруп берсин. Ылажы болсо, Жантайды согушка кагыштырбасын деген. Бир нече күнү жаткан соң: «эмне келдиң» деп, Жангарач сураганда Медербек: «Бүткүл сарбагыш, курманкожо, кулжыгач, чоронун баш кишилеринин сизден тилегени — Каранын каны кан Ормон курбуңузду бугу, саяк өлтүрдү. Ал себептен урушмак болдук, эп болсо колун алып келип, уруштун башына туруп берсин деди», — дегенде Жангарач көпкө чейин жаздыгын чыканактап жаагын таянып унчукпай жатып, анан айткан: «Бугу, сарбагышың бир кылжырдын баласы. Ажалы жеткен Ормон өлдү, канга кун жок, сарбагыш урушпай журт болсун. Койбосо солто-бугу менен сарыбагышка калыс тууган, солто ал себептен катыша албайт», — дегенде Медербек туруп сарбагыш менен саяктын айт дегенин айтайын деп: «Эгерде Жангарач келбесе эки арманы калар, Кокустан сарыбагыш, бугу менен саякты сайып кетсе башында атакты албадым дээр, Эгерде саяк менен бугу сарбагышты сайып кетсе, малбашын чаап, жетим бала, жесир катын тонолуп ач жылаңач болуп, ач койнуңду солто деп, тентип кирип барса, өзүм болсом эл-журтту ошентип тентитер белем деп, каңырыгы түтөп оозун карманаар дешти эле. Кош, аман болуңуз», — деп Медербек жолго салган. Бул тууралу кошок:

Сар тору атын таптаган,

Солтолордун Жангарач

Сары чоюн сактаган.

Жантайга келип айтса, барамын деп бара албай калып (Жангарачтын тилин алды деген кабар бар жана Ормондун керээзинде Жантайга ишеним жок дегенин көңүлүнө алып калган эле), согуш башталып калганда Саадабай баштык кырк киши келген. Бул тууралу кошок:

Жантакем кеңеш тапкан жок,

Карачолок үйлөрүн

Бутунун кийизи менен жапкан

жок.

Ушул себептен илгертен «кедей сакай жөө тынай» деген атакты алган.

## 0.7 ЧОҢ СОГУШ

Ормон өлгөндөн кийин кеч күзүндө тынайдан башка бүткүл сарбагыш кары-жашын малга таштап, жеңил үй менен Ысык Көлдүн түн жагы менен көчүп, Күрмөнтүнүн күн батыш кашатына тизиле конгон. Жайдын алты ай айбалта, чочмор, чоюнбаш, найза, ок-дарысын камдап, эр азаматтарын, ат-тондорун жоого ылайыктап күйүнгөн. 18-40-жаштагы эр бүлөөсүн бөлүп, жасоосун айырган.

Төрөгелди баштык черикчи эли сол канатын ала төшкө кошуп тиккен. Он канатын алып көлдүн жээгине бүткүл саяк Борухчу жана Калыгул баштык, Надырбек түшкөн. Туу түбү ортого бүткүл Эсенкул түшкөн. Буларга тынай кырк киши менен Саадабай келип кошулган. Бугу менен саяк Ишин ата менен Күрмөнтүнүн күн чыгыш кашатына жакын тиреше конуп, Белектин туусун тиккен. Алкымдагы Төрөгелдинин бетине арык тукуму түшкөн. Көл жакка сол канатында саяк, кыдык, бапа, желдең болгон. Ортодо туу түбүндө бүткүл чоң белек, майда белек болгон бугу, сарбагыш эки бет болуп, тиреше келип конуп калганда жараш сөз менен бугудан — Солтонкул, саяктан — Алакөз, Жантай сарбагыштан Калыгул менен Шамен жана башкалар сүйлөшүп, сарбагыштар мурунку айткан малынан төмөндөтүп кыя салып, журт бололу дегенде, Солтонкул унагансып бугуга кеңешке барган «Мырза, сен жылкыңдан (Солтонкулдун 2500 жылкысы болгон) корксоң кайта Текеске көчүп кет, Текеске барып жата бер», — деп койгон. Калыгул менен Шамен канга кун жок, ыкташалы деп канчалык көп айтса да журт бололу деп саяк менен сарбагыш макул албаган. Солтонкул, Калыгул, Шамен, Жантай канчалык толгонуп журт бололу десе, эки жактан көпчүлүк унабаган. Согуш бүрсүгүнү башталат дегенде бугунун ичинде калган жана надырбек кыргызынан Абыке, Кубаттын баатырынан саналган Эрдана бугунун баштыктарына: «Мага бугу, саяктан тандап кер мурут, боз баладан 500 жигитти тандап бергиле, кан жуткан сарбагыш. кокустан качып калсак, биз буктурма болуп, көрүнбөй чукул бир жылгага туруп сарбагыштын капталынан тиели», — дегенде эр азаматты бөл алды кылбайлы деп бугу, саяк көнбөгөн. Ушул күнү сарбагыштар чогулуп, баатырларын ылгап олтуруп, Түлөөкөнүн Күрөөкө деген ок өтпөс чопкутту бирине бермекчи болуп, ар кимиси мага бериңиз десе болбогон. Ажынын Абыканы мага уруксат кылыңыз дегенде Төрөгелди башын чайкап койгон Адыл балаңыз сурайт дегенде «аты дурус, өзү кагелес болсо керек эле, бул Күрөкөнүн байгеси, Мырзанын башы» деп Адылга берген. Уруш салар убададан бир күн мурун күндүн мурду жайыла «урушта туруш барбы» деп сарбагыштын бир нече баатырлары ичинде Майтык баштап, Орозбакка кернейин тарттырып жибергенде бүткүл сарбагыш көз ачып жумганча жана бугу менен саяк тууларын алып чыгып, эки бет болуп туруп калган. Эл артынан келип, Төрөгелдини ким беттеди дегенде арык тукуму деген. Солтонкул: бекер кылган экенсиңер, жанагы ойрон чунакты (Балбай) коё берсе кер болот эле деп, камчысын бүктөп ээрдин кашын кагып туруп калган.

Алкымдан Төрөгелди баштык бир миң чамалуу киши беттешип, аралаша кетип бир аздан соң арык тукуму кайта жапырылган. Ит урушун салып, улам кайрылып согушса да каптаган колду токтото албай бара жатканда асты качып, аркасы сүрүлүп бара калган кез-де, көл жээгинде кыдык, желдең, бапа, саяк кайта жапырылып, ар кайсысы улам кайта кайрылып согушуп бара жаткан чакта, эки түп туунун түбүндөгү Эсенкул, чоң белек, майда белек жекеге кишилерин чыгарышып, сарбагыштан аки эли бир тууган (чертки) жана манаптан Абыкан жекеге чыгып, бугуларды сайып алып жана сарбагыштан чыккан кишилердин бирин аттан жөөлөтүп, бирин сайып, кызык былчылдашка кирген чагында тебетейин колуна алып, качыр, капта Эсенкул, болбосо чыга бер, өзүм согушамын, — деп өкүрүп алкымдан Төрөгелди чу коюп келген. Эки канаты кач-кан элди көрүп, ортодо чоң белек, майда белек артыбызды сарбагыш каптап калат деп кайта тартып жөнөгөн. Сарбагыш (Эсенкул) каптап кетип, бүткүл бугу, саяк качып калган. Саяк, сарбагыш Түпкө жете кууп кеткен. Адил башка кишини карабастан Мырзаны из-деп жүрүп олтурган, 40-50 киши менен Түптүн суусунун күн чыгыш кашатында кетип бара жаткан Мырзаны Адил көрүп: «Аа… кудай, Мырза экен», — деп аттын оозун коё берип, Түптүн суусунан учкан куштай өтүп чыгып, көк ала ат минген Мырзаны найза менен коюп өткөндө ыргып кетип, Мырза: «Дос элек го» — дегенде Адил: «Ормон кана?» деп, жанындагы моңолдор уругунан Майкөтөн деген темгил кара боз ат минген жолдошун карап түшүп, башын кесип, эрдинен тешип, канжыгама байла дегенде түшө калып, башын кесип жаткан чакта кылчактап бара жаткан жолдоштору карабастан качып жөнөгөн. Качкан элди тосуп, эр азаматын иргеп турган бугулар жана да Надырбек сарбагышынан абыке менен кубат уругунан Кудайменде, Татыбек, Эрдана, жырык Ташыбек 50-60 боз балдар Сары Булактан бүгүп туруп, сарбагышты кайтадан качырып чыкканда бет алды чачырап келе жаткан сарбагыш, саяк кайта качкан. Бугу, саяк, сарбагышты көп өлтүргөн. Жырык Ташыбек тандап жүрүп кызыл тебетей сарбагыштан кырк кишини өлтүргөн. Адилди Балбай

издеп жүрүп кезигип саярда Адил кызыл аты менен көлгө түшүп кетип, сүздүрүп чыгып кеткен. Ошондой атты дагы колдон чыгарабы деп, кийин Солтонкулдан Балбай бир ат айып алган (Аксур атты тай чагында Адил Солтонкулдан алган экен).

Көлдүн булуңуна туюктанып калган сарбагыштын бирин калтырбастан кырып таштаган. Качкан сарбагышты кубалап отуруп, сарбагыштын айлынан өткөрө сайган. Ормондун айылын бугулар жапырып кирип барганда Үмөталынын Кашташ деген кызы ары-бери чу коюп, милтелүү мылтык менен башынан түтүн арылтпай атып турганда бугулар токтоп калган. Бугу дагы жапыргандан сарбагыш айылды тепсей качканда, Ормондун катындары элди алабакан менен чапкылаcа дагы болбостон, айылдан өтө качканда «Ормондон кийин сарбагыштын баары катын болгон экен. Бугуга тийип алалы» деп, Ормондун Кусубалды деген катыны атка минип, кырк катын менен жөнөгөндө Төрөгелди көрүп, шуркуяны токтот деп өкүрүп араң токтоткон. 150-200 чамалуу черикчи элин жыйып алып Төрөгелди: «Силердин алдыңарга түшүп бербесем, Темирдин арбагы мени урсун, менин артыман жүрүп бербесеңер арбак силерди урсун», — деп ыйлап туруп, соот, чопкутун оңдонуп, бугу менен саяк жапырт баарысы бугу менен саякты бет алып качырганда бир аздан кийин буту менен саяк жапырт алды-артына карабастан качкан. Бүткүл саяк менен сарбагыш качкан элдин артына түшкөн боюнча Кызыл Кыяга жете кууп кеткен. Бапанын айлынан бир канчалык түтүндү черикчи эли айылы менен кондуруп алып, бир сулуу кызды эки үйдүн ортосунда басып келе жатканда жөө сүрүп келип, кырк жигит билектен алып, тайча сүрөп алдың деп атын тайкүлүк койгон. Бугудан кыз-келин, мал эсепсиз көп түшкөн. Бугу, саяк, сарбагыштын бирикчи согушу ошону менен бүткөн. Сарбагыштар бугу, тынымсейит уругу менен эл болбойбуз деп, Токтогул, Жаманак деген эки атанын баласы ичинен бузуп жүргөнүнөн пайдаланып, аракет кылып туруп тынымсейит менен Ормон уулу урушуп калат. Чоң он бир баласына баш болуп, өз тарап тынымсейитин алып согушканда жайдын күнү сарбагыш жеңилип калып, Ормондун Бакал деген кенже уулу жана Көкташ деген небереси колго түшкөн. Муну менен жарашып, тынымсейитти коё берген. Бул жөнүндө атактуу Арстанбектин ырдаганы:

Ишенбесең ишенбе,

Көк ташын. жатат кишенде,

Бакалың жатат байлоодо,

Эки көзү жайноодо.

Уйдун чалап айранда,

Мергендер атат жүкөрдү

Бербеди Кудай Үмөтаалы

төкөрдү

Берсе кудай төкөрдү,

Албайт -белек атадан берки

кекээрди.

Мындан соң Чоң менен Арзымат баштык Тынымсейит Кашкарга өтүп кетмекке көчүп бара жатканда) саяк феодалы Келдибек баштык саяктар жана сарбагыш биригип, Арпада согушуп ала албаган. Бирок буларга тынайлардан Жантай келип көмөк бергенде Тынымсейит жеңилип, көбүнчө Арзымат тобу катуу чабылып, мал-мүлкү таланып, кыз-келиндери олжолонгон.. Ач-жылаңач калганда атактуу Арстанбек ырдаган:

Чекенденин четинде

Жербидир жаккы бетинде,

Үркөр ооп жыл келди,

Жылкычыдан тил келди.

Жылкычы минди күрөндү,

Арбак аткан бадирек

Ормондоп салды сүрөөндү,

Сарбагыштан корккону̧,

Күндүз көчпөй түндө көч,

Бизге элчи келген көргөө төш

(Бакал менен Ибактын бири)

Ала бел атты секиртпей,

Алдыбыз катып калганда,

Керөө төштү бекитпей,

Көрбөй калды Аксайды.

Эзелден аш катыктап ичпеген,

Көдөй сакай, тынайдын,

Кемпири майга салды саксайды.

Көпүрөлүү кара таш,

Пирин тирүү дечү эле,

Сарбагыштын катындарын кара бас,

Ташрабат, Шырыкты,

Эчки, теке сыйлыкты,

Ушул жылы чапкан.

Бир жайда эки чабышып,

Ант урган саяк, сарбагыш,

Бизге кандай кыныкты.

Чөл келсек салык жок,

Көлгө барсак балык жок,

Орого келсек буудай жок,

Бир жылда эки чаап алып,

Сарбагыш менен саякка

Кыргын салар кудай жок.

Атбашынын Чеч Төбө,

Айылың кетсе билесиң,

Сүт акыңдан кеч, Төбө,

Сүт акыңдан чечпесең,

Ит башыңа чыч, Төбө.

Аламышык, Кара Тоо,

Үстүндө элиң кана Тоо?

Нарындын башы Үч Нура,

Үчөөң бирдей турасың.

Бу калтырбаш Жантайды,

Тосуп туруп урарсың.

Тосуп туруп урбасаң,

Качан балта тийет деп

Кокоюп карап турасың.

Ушул жылы сарбагыштар кыдык, желдеңди катуу чапкан.

## 0.8 ЭКИНЧИ СОГУШ. ТӨРӨГЕЛДИНИН КОЛГО ТҮШКӨНҮ

Кийинки 1855-жылы сарбагыштар жеңил үй, алачык кылып бугу менен согушмакка көлдүн башына келген. Бугулар Каркырага бет алып көчкөндө, артынан сарбагыш кошо жөнөгөн. Дуулат чапырашты казагы сарбагыштын тилегин тилеп, көмөк болуп албан, субан, кызылбөрк болсо бугуга жардам болуп, Каркырага барганда казактан кызылбөрк уругунан Тазабек бугу, сарбагышты элдештиремин деп арага түшүп, жарашууга эки жагы макул алганда бири-бирине чабуул кылбастан токтоп калган. Урушту токтотууну Төрөгелди жактырбаган. Төрөгелди болбосо бугу менен тең болуп, Эсенкул уруша албайт эле деген ушак сөз элди аралап кетип, ал сөзгө Үмөталы, Калыгул, Шамен, Адил, Абыкан тырчыйып, намыстанып жүргөн. Бул себептен биз. Бугу менен жарашабыз десек, Төрөгелди жалаң өзү урушам деп ойлобос жана да бугу менен жараш сөз Тазабек аркалуу чыңдалып, убада болуп калган кезде кырк жигит Бектен менен Надырбектер түн ичинде барып, бейкут жаткан бугунун бир айылын чаап алат. Элдешмекке убада кылып, казак, кыргызга сөзүн берип турса, кайтадан бузук салганы ылайык эмес деп, калган сарбагыш, саяк макул көрбөгөн. Бугу жапырт көчүп бир конуп, согушка камынганда ичинен арык тукуму урушпастан чыккан. Черикчи эли чогулуп, Төрөгелдиге: «Эсенкул туугандарың урушпаска бугуга сөз бериптир, биз дагы урушпайлы», — дегенде; «Катын ушагыңарды уруш кезинде да койбойсуңар», — деп Төрөгелди кайнап турган жан казанды тээп жиберген. Уруш болуп, бугулар көчүп калганда Балбайдын көчү Төтөнүн күн батышы Серкеш кашасы деген жерге барган кезде согуша-согуша черикчи эли көчкө жакын кирип барган. Мундузсейит менен Шербото коштоп жүрүшкөн Төрөгелдини: «Эсенкул тууганыңдын колу гана келген жок, баягы ушак эмес, чын болбодубу», — дегенде Төрөгелди өкүрүп-бакырып: «Атымдын башын коё бер!» деп, өз атын башка чаап жибергенде, Шербото: (бир тууганы) «Өл, доңуз! — деп коё берген. Төрөгелди качырып, артынан черикчи эки каптаганда булардын бири Балбайдын көчүнөн бир келинди коштогон. Келин: «Өлгөн атам өлгөнбү!» — деп чыңырып жибергенде муну угуп Балбай баштык бугулар каптап калган. Балбай, Өзбек, Кашка, Тагай, Эрдене ар кайсы жерде чачырап, бет-бетинен чабуул коюп келе жаткан сарбагыштан бир нече кишини ыргыта сайганда, черикчи эли менен бугулар, көбүнчө Токой уулу бетме-бет былчылдашкан. Бул чакта Эсенкулдан келген бир аз киши согушпастан тегирменди көлөсү

бар жылгага бурулуп калган. Ошондо Төрөгелди бугуну жапырып, качырып бир капталын жарып чыгалы деп, кызык урушуп жатканда Төрөгелдинин минген аты жыгылып, жөөлөп калган. Бугулар тегеректеп кетип, черикчилер аларды сүрүп чыгып, Төрөгелдини кайтадан атка мингизген. Жана согушун жүргөндө Төрөгелди аттан жыгылып, буту ийин не чаба түшүп сынып калган. Черикчи урушун токтотуп, Төрөгелдинин үстүнө кирип келгенде Төрөгелди «мен болбой калдым, жолуңар болсун, жүрө бергиле дегенде черикчи эли уруша-уруша Төрөгелди кол түшкөн.

Бектен менен Ыбыке кечке согушуп, бүткөн бою кекиртегинин күрөөсү, көк шилисинде найза менен айбалта тийбеген жерлери жок болуп, беттери кандан көрүнбөй, таанылбай калган. Күн батарда качып жөнөшкөн. Булардын Бектен менен Ыбыке экенин Бабай билген соң: «Бали, анык Кылжырдын сийет экен», — деген. Төрөгелдини кичи Зарпбек деген колго түшүрүп, муну айтсам эл өлтүрүп коёт деп, үч күнгө чейин айтпаган. Төрөгелди ушул айылдын тегерегинде аттан ажырады эле деп, ал айылдын жанына эл келгенде Төрөгелдини төөнүн кому менен жаап койгон. Мындан он күнү мурун кыдык Намазбек баатырды сарбагыштар өлтүргөн. Бул уруш теке айынын аяганда болуп, сарбагыш күндөп-түндөп кайта көчкөн.. Бир далай мал-мүлкү бугуга түшкөн. Качып келе жатканда өздөрү бир-бирин талап аламандап келген. Бугулар көбүнчө черикчи эли менен саякка ызаланып калып, аларды теской жагы Шарпылдак, күңгөй жагы Кетсеңирге чейин кубалап келген. Көп кишини Балбай колго түшүрүп: «Саяк болсоң, чыга бер, тийбеймин сарбагыш болсоң бөлүнгүн», — дегенде мен саякмын деп бөлүнгөн бир тобун бугу, сарбагышка тең эле журт эмес белең, саякка мен эмне кылгамын, — деп аларды кырып таштаган. Төрөгелдинин бутун «таңуулап, жакшы багып турган. Төрөгелдиге бугудан союш коюп келген. Бугу токооруп калган кезде Балбай келип; «Кандай баатыр, бутуңуз жакшы болдубу?» деп бутун көтөрүп туруп таштап койгондо, буту дагы сынган. Көчкөндө Төрөгелдини жүккө танып көк букага артып, көлгө шыкап жиберген. Бука сүзүп чыгып бара жатканда күрдүрмөт менен Балбай атып жибергенде, Төрөгелди: «Мен корккондой Балбай„ сен эмесмин» — деген.

Сарбагыштан Шамен менен Ботокан бир жыл чамасында бугуга барып, бугунун бүткүл сарбагыштагы кыз-келинин жыйып бермекчи болуп, өлгөнү эки жагыныкы өрөл колго түшкөнү болсо, сатыгы — манап 100 байтал, букара 40 байтал бермекке убада токтотуп, Ормон Нышанын Мурзасы, Намазбек, Албек баатырлардын куну аткез болуп, башка канчалык каны төгүлүп кыйраган кедей-чарбанын тагдыры бир ооз кылынбастан Төрөгелдини алып кайткан. Анын айылы Кочкордун Чекилдегинде болгон. Төрөгелдини бугу бошоткондо сарбагышта туткунда болгон коңур ат уругунан Энтер баатырды дагы бошоткон. Жетим-жесирин, бүлөөлөрүн дагы бошоткон. Төрөгелди колдо жаткан чакта солтодон Корчу, Байтик, Абайылда баштык бир жүз киши сарбагышка келип, бугудан барып жылкы тийели дегенде сарбагыштар биздин арабызга жараш сөз аралап калды, биз барбайбыз дегенде булар барып, Жыргалаңдын Каркыра жакка бети Көкжар Турук деген жерден Солтонкулдун 500 чамалуу сур. жылкысын тийип бара жатканда анын Бекмурза деген катыны сураганда бир атан төө жана бир ат берип өзүн тонобой кеткен, Солтонкулдун саяк уругунан Карабай деген жигити чу коюп келип, солтонун алдын тосуп атып турганда Корчу качырып барып найза менен көмөлөтө сайып, мылтыгын эңип жөнөгөн. Ормондун окуясында бугу, саяктын баатырлары, бийлери, байлары болуп айтылгандар: бугудан Мураталы, Боронбай, Өмүр, Балбай, Тилекмат, Токсобай, Жанек, Берикбай, Эрдене, Солтонкул, Аким, Кана, Мырза, Намазбек; саяктан Алыбек, Нурдөөлөт, Жолболду, Жантай; Надырбектен Татыбек, Кудайменде, жырык Ташыбек жана Эрдана сарбагыштан Үмөталы, Калыгул, Шамен, Майтык, Түлкү, Ырыскулбек, Акылбек, Акил, Адил, Абыкан, Төрөгелди (Келдибек чыны дөөлөт саяк), Шерботo, Бектен, Ыбыке Жантай (чоң урушта Төрөгелди колго түшкөн да жок). Саадабай, Сейит. Бугу, сарбагыштын бузугунун аягы Төрөгелдинин колго түшүп, анын бошоо менен токтолуп, эки ортодо кедей-дыйкан орто чарбанын мал-мүлкү таланып, эң азында эки тараптан 800 челик азамат өлүп, булардан бир кишинин аты дагы айтылбайт жана жүздөгөн кыз-келин колго түшкөн. Кан ичээрлерден болсо Ормон, Мырза, Алыбек, Намазбек төрт залимдин өлүшү менен бүткөн. Төрөгелди бошогон соң бугу, сарбагыштын арасындагы уурулук жана чекене, жылкы тийишкени тыйылбаганы менен бир тараптан араларында кудалык күчөп, кыз алыш, кыз бериш көбөйүп, өтө

катышып кеткен. Куда болушса да кара кийип, кан жуткан кул катындардын бетинен тагы кетпей, бугу, сарбагыш абдан ишенип журт боло албай келген.

## 0.9 КӨЛДӨГҮ САЯК, БУГУ МЕНЕН САРБАГЫШТЫН ЖАРАШКАНЫ

Орустун чоң жардам көрсөткөнү үчүн Шабдан баштык тынайлар оруска зор этибардуу болуп, Бишкек дубалындагы сарбагыш, саякты бүткүл оозуна; жараткан соң жана солто кыргызы дагы ыгынан көп чыга албагандыктан талпынып, эми көлгө караган саяк, бугуну басып, анда дагы кадырыңды арттырып кедей чарбасын эзип, атагымды узартпайын деп, 1872-жылы Көктөмдө Шабдан бий аке баштык кедейди талаганга дагдыланган, 70-80 киши топ кылмакчы болуп жана сарбагыштан калың киши Караколго барган, Караколго караган элди ал чакта өз оозуна караткан феодал Чыныбай Тилекмет уулу сарбагыштын топ кылдырып, саяк бугуну таламакчы, аракетине намыс кылып, келген тынайга бир тыйын союш бербегиле, бергениңер болсо айып аламын деп элине жардык салдырган. Көктөмдө топ чарбага залал болот деген шылтоо менен жана пара аркылуу өз уездной начальнигин көндүрүп, топту тараткан. Андай топко бараткан жанындагы кызматчы жана жигиттеринин аттарын расходко тутуп, аларга кедей дыйкан орто чарбадан таланып алынган мал менен орундатып келе жаткан Шабдан жанындагы аттарын расходго тутуп, жөө калган кедейлерди эки-үч араба жалдап жүргүзүп жатканда, 30-40 киши менен феодал Чыныбай бастырып келип, бугу ичинен желден уругунан сары катын уруусунан Солтобай ырчыны тынайды кордогун деп Чыныбай айтканда Солтобайдын айтканы:

…Келдиң эле жөө тынай,
Бадана кийип балкылдап,
Эми кетип барасың,
Байталга жетпей шалпылдап.
Семиз аттуу Эсенкул,
Тескей ылдый жарышты.
Кедей сакай, жөө тынай.
Жыгач атка жабышты.
Энчи бөлүп бергидей,
Энеси бөлөк тынайдын
Эркелетип жүргөндөй,
Эркеси белең кудайдын.
Акы бөлүп бергидей,
Атасы белен. тынайдын.
Аркалатып койгондой,
Ардагы белең кудайдын.
Акыңды алгын жөө тынай,
Айдап койгон тарууңду ал.
Энчиңди алгын, жөө тынай,
Энеңди алган саруудан.

(Тынайдын Деркен деген энесин Түлкү коё бергенде аны Саруу алган).

Баштын доосу бул эмес,

Бул жаныбар Ысык Көл.

Сен оодарар көл эмес,

Катындары -бийлеген.

Биздин саяк, көп бугу,

Түнкатардай эл эмес.

Байыры Ормон доо деген,

Курманкожо, кулжыгач

Буйлалаган төө эмес,

Кедей сакай, жөө тынай,

Ошондой ме жөө деген.

Жаныңа суусун байландың,

Аламын деп шайландың.

Үйдөн чыктың жөтөлүп,

Бешмант кийдиң көтөрүп.

Бешмантыңдан бере кет,

Бу кордугуң аз болду.

Боомдун ташын тере кет,

Сан жылкылуу Сарыбай

Миң жылкылуу Каптагай,

Биздин бугу четтен бай,

Билесиңби, кедей сакай, жөө тынай.

Алты басар Тагай бар,

Абыдан мыкты малай бар.

Тескей жакты карасак,

Кара көйнөк Канай төр.

Кедей сакай, жөө тынай,

Сен акы алганча далай бар.

Көл башында көп белек,

Көлдөгөн жылкы көрөсүң,

Көзүңү артсаң өлөсүң,

Аң дебегин көп дегин

Канимет кылсаң жөнөөрсүң,

Кайыптан бүткөн бугуну

Катыны билген түн катары

көрөсүң..

Көтөрүп кийген камселди,

Быйылча бычан чапсаң

толорсуң,

Ал бычаңды чаппасаң

Сырттан тепки көрөрсүң.

. . . . . . . . . . . . . . . . .

Ак таш түшүп топ кылды,

Тыйын бербей тынайды.

Сыймыгынан сооп кылды,

Эр Чыныбай баатырың

Ушинетип куп кылды.

Жылтырдан кечүү чалдыкпы,

Жылкың түгүл итиң жок,

Жылкыңды тийип алдыкпы.

Жылас доого калдыкпы,

Бейшекеңди чалдыкпы.

Берерине малын жок,

Бедеңди тийип алдыкпы.

Бейпай доого калдыкпы,

Обознайга салгандай

Мындан соопко калдыкпы.

Ызаланып калган Шабдан бай аке 1873-жылында, Манап байды Алматыдагы жандыралга жиберип, Каракол, Бишкек дубалын Кара Булак, Бейшекеге (Шабдандын турган жери болгон) дүк кылмакка уруксат алып, сыяз ачкан. Бугу, саяктан Чыныбай баштык киши келген. Солтобай ырчы бирге келип, мингени жырык боз ат экен, атчан туруп бай аке Манапбай, Шабдан кан соргучтар менен учурушканы:

Кан алдында көп жүрдүм,

Кандан кайрып жеп жүрдүм,

Кашаң келген заманбы?

Төрө алдында көп жүрдүм,

Төрөдөн айрып жеп жүрдүм,

Төбөгө келген заманбы,

Төрө Шабдан аманбы?

Башка келген заманбы,

Баатыр Шабдан аманбы?

Ат картайды, жалтайды,

Эркер тайды, мал тайды,

Угуп жүрдүм алыстан,

Сенин атаң Жантайды.

Арбагына бас келбей,

Далай кыргыз тамтайды.

Ырысыңа жаратты,

Элиң үчүн жаратты.

Көк Ойрок менен Челекти,

Ак калпактуу кыргызда

Таппадым сендей теректи.

Тогуздан чалган бүрүңү

Баракелде эр Шабдан,

Торой чалган күчүңү.

Сонун жерден кыз келди,

Журтчу эмедей кыйшаят,

Согоно болгон кишидей,

Алтындап чалган бүчүңү,

Баракелде, Манапбай,

Ашыкпай чалган күчүңү.

Алыс жерден кыз барды,

Азоо тайдай кыйшаят,

Береги асма бука кишиге.

Кулдун уулу бай аке,

Ачууңду кой аке.

Чоочун элдин кызы эле,

Чоочун, кана бай аке.

Жан булактын белинде

Жакуп сууруп салды эле,

Сенден качан кыз алуучу

болуп калды эле.

Байаке кыйшая карап күлүп жиберген. Шабдан Сооронбай канкорду карап, көтөргөн үйүңөр кайда эле, буга бир ат мингизип, үйгө алып баргыла дегенде, бул канкордун жанындагы бөрк алгын десе баш кескен жигиттери ошол жерде турган кедейдин бир атын жыгып, Солтобайга берген. Саяк, бугуну көтөргөн үйлөргө жараштырып, сыязга олтурган.

Бийлердин председатели солтодон болуп, он күн чамалуу солто, саяк түшпөгөн, чакырылбаган. Бугу, саяк болсо да, чакырыкта жокмун десе да «эми чийип койсо дагы эле болот» деп кордук көрсөтүп, басырыктатып жибергенде бугу менен саяк кеңешип чыдабастан кача турган болгон муну билген соң Байтик менен Шабдан сүйлөшүп: ” Ушундай топ кылганча илгеркидей урушканыбыз”, - деп Шаменге акылга келген. Шамен: ” Ээ... эки мырза, топ кандай болуп жатат?”- дегенде Байтик: Топ курусун, мааниси болбоду, саяк менен бугуга жабыр болуп кетти», — дегенде Шамен чыканактап жатып: «Бугунун бир жакшы кишисине айтып, эки баштык деген кишилерине бир атын жетелетип алып, Манапбайга барсын, мени айтты дегиле, Манапбай бугу менен саякты кыстаганын койсун». Байтик менен Шабдан бугуга барып айтканда феодал Боронбайдын кан соргуч Өмүрзак деген уулу дыйкандын бир атын жыгып ала Манапбайды алдына келген. Мындан соң бүтүм ак жеринен болуп, жалган доо калган. Топ тарай турган болуп, бугу менен саяк көлгө кайта турган болгондо Шабдан менен Байтик Шаменге барып, саяк менен бугу жерине кайтмакчы болду, кандайча кылып узатабыз, акылыңызды угат деп дегенде, Шамен: «Саяк менен сарбагыштын эки тизгин бир кайышын Байтик иним, сага бердим. Сактан бир-эки киши алып узаткыла», — деген. Байтик кошуна келип, алты ирик, бир бээ алып саяк менен бугудан Өмүрзак менен Чыныбай баштык-алтымышча кишилерин чакырып, коноктоп жатканда Шаменди чакыртып Байтик киши жиберген. Саяк, бугу этин жеп, чайын ичип болгондо Шамен келип олтуруп, Байтик менен Шабданга карап, тууганыңардын тамагы берилдиби? дегенде, бердик деген. Шамен бугу менен саякка карап; «Ормон деген Каранын каны эле, суучулдун ажалы — суудан, мергендики — зоодон, баатырдыкы — жоодон, кандыкы — туугандан деген, бугу тууган, тең тууганды ктан Ормонду өлтүрдү, андан кийин найзанын учу, кылычтын мизи менен жүрүп, көрүшпөй кеттик. Оруска карап кензе болгондон кийин бугу тууган менен дидар көрүшөлү деп балдар барса Эсенгулдун балдарына союш деп улак-козусун берип, бир-эки мырза (шабданга) бербей кайтарган экен...

> Узун куйрук сагызган,
>
> Кыска куйрук туушкан,
>
> Канды калпак кечсе да,
>
> Кыйышпаган туушкан.
>
> Эски кекти куушкан,
>
> Канкор менен туушкан, —

Эсенкул саяк он ат, Тынай он ат, отуз ат менен бугу, саяк тууган жөнөсүн. Биздин балдар айта жүрсүн, атабыз боштугунан отуз ат берген экен деп, буларды айта жүрсүн, атабыз мыкты чыйрактыгынан жөө жиберген экен деп, тарт балдар, атымды», — деп аттанып Шамен кеткен. Дароо үйдө чыга сала топко чакырылып келген кедей дыйкандардын аттарын жыгып, отуз ат бергенде бугу менен саяк жүрүп кетип, мындан кийин бугу менен сарбагыш бир кылжырдын баласы болуп, эзелки кастык, эски кегин таштап, эзилишип эл болсо да бий манаптары кезенишип кала жүрдү. 7- өктөбүрдүн касиети менен ал пейилдерин таштап, чын тиричилик социализм жолуна кирди.

## 0.10 БУГУЛАРДЫН 1856-57-ЖЫЛДАРДА БАРЫП, ТУРПАНДЫКТЫН ОН МИҢ МАЛ ЧААП АЛГАНЫ

Көлдөгү бугу менен саяк арка-бериш болуп четтеш жаткандыктан калмак, казак жана Аксуу, Турпандагы уйгурлар менен атышып, үч-төрт жылга чоюлган бузугу себептен эки тарап күзгө жакын бугу ичинде бапа уругунан Берикбай баштык эки жүз жигит аттанып барып, Аксуу калаасынын тушунан ашып түшүп, Кытайдын четки кароолуна барганда бапа уругунан 18 жаштагы Шадыкан Солтоной уулу түн ичинде атчан кишинин мойнуна минип туруп, тамдын үстүнө чыгып, кырдап басып, андан секирип короого түшүп, уктап жаткан уйгурду өлтүрүп, андан нары Кытай элине өтүп, андагы уйгурларды чаап-талап алып, 10 миң кой жана 100дөгөн жылкы алып кайткан.

**Бугу Солтонкулдан аз ибарат сөз 1856-57-жылдарда**

Атам бар деп кубанба,

Адам саны жок болсо.

Балам бар деп кубанба,

Баары жаман жүк болсо.

Агайын деп кубанба,

Сыйлашарга жок болсо.

Жакшыны жарым дебегин,

Жаныңа пайда. тиет бейм,

Эки таалай төп болсо.

Жаманды жакын дебегин

Жаныңа байда жеткирбес,

Өз курсагы ток болсо.

Алышыңды бек байла,

Жардап кетсе ал жетпейт.

Жарыкта малың көздөп ал

Күн баткан соң үн жетпейт.

Бир төөдө эки өркөч,

Биринен сок күчү жок.

Бир бээде эки эмчек,

Биринен соң сүтү жок.

Ууру кылсаң жалгыз кыл,

Экөө болсок бири айгак.

Кечүү чексең бурум кеч,

Кийин калсаң бир тайгак.

## 0.11 КЫРГЫЗДЫН РОССИЯГА КАРАГАНЫ

Биздин арадан (Иса туулбастан) 330 жыл мурун атактуу Искендер (Александр Македонский) Орто Азияны каратып, мындан кеткен соң андан кийин Кашкар, Котондогу усундар (кыргыздын өкмөт династиясы) Энисейдеги кыргыз (гиангундар) болсун, кээ заманда башка элге моюн ийбестен өзүнчө мамлекет болуп келген, кээ убакта Кытайга, Гунга, уйгурга, могул-татарга, калмакка карап турганын бул тарыхтын өткөн темаларында көрдүк. Айтылып өткөн элдерге караса да тынч турбастан, дайым алар менен согушуп жоолашып, мамлекетин кайтадан өзүнчө кылып курабыз деп нечен мертим талкандашып жана талкаланып кырылганын дагы көрдүк. Кыргыздын кыргыз аталып, тарыхка илингенинен баштап эзелден турган жерлери жер жүзүндөгү тоолордун канча түрдүү өсүмдүк жана айбанат не түрлүү жапайы жан-жаныбарлардын мол жери саналган Тянь Шань (Кан теңири), Саркол (Памир), Алтай жана ушул тоолордон тараган башка тоолор. Андагы көк ала майдан өзөндөр, телегейи тегиз жайык талаалар, тунук суулар, зор дарыялар, не түрдүү маданиятка жана бүткүл чарбалыкка ылайык болгондуктан кызыгып, начар журтту эзе келген кан падыша капиталист жаангерлердин жүрөгүнөн кетпеген план ыкаратып алуу үчүн биринчи баш максаты болгон. Маселен:

1. Кыргыздын кун менен согушу (биздин эрадан 206 жыл мурун).
2. Кыргыз (усун) менен кытай бирлешип, Гун менен согушканы (биздин эранын 1 кылым аягы).
3. Алтай жана Орто Азия түрктөрүнүн согушу (VIII кылымдын башында).
4. Араб менен түрк согушу (VIII кылымдын башында).
5. Араб менен Кытай согушу (751-жылында).
6. Кыргыз менен уйгур согушу (840-жылында).
7. Караханилердин Кыргызия жана Орто Азияны каптоосу (X кылымдын башында).
8. Кара кытайдын каптоосу (XI кылымда).
9. Чынгыз хандын кыргыны (1219-жыл).

10. Темирдин алты мертем Кыргызияны баса, Могулстанда жоологону (XIV кылымда).

10. Калмак (ойроттун) каптоосу (XVI кылымда).
11. Казак, өзбектин келгени (XVI кылымда).

13. Калмактын экинчи каптоосу (XVII кылымда).

14. Кокондуктун каратканы (XVIII кылымдын аягында).

15. Орус колонизаторунун чабуулу (XIX кылымдын аягында).

Ушул айтылган кан ичерлердин талашканы кыргыздын киндик кесип, кир жууган жери болуп, биринчиден, жогоруда жазылган себеби болсо да, экинчиден, кыргыз турган жери күн батыштагы эл, күн чыгыштагы Кытай, кун жүрүштө атактуу Индустан» ошолорду ортосундагы соода-саясы жана жоокерчилик маселесинде биринчи даражада түйүн жолу — стратег пункт болгон үчүн ар бир үстөмдүк кылган элдин эки көзүн кызартып, көңүлүн толкутуп, кызыктырганы Кыргызстан, Орто Азия болгон. Эң соңунда жер жүзүнө колун созо баштаган орус колонизатору болуп, аны кыргызды караткан тарыхынан төмөндөгү маалым беремин.

## 0.12 ОРУС КОЛОНИЗАТОРУНУН КЫРГЫЗДЫ КАРАТКАНЫ

Россия падышасынын түп максаты Синцизианга (Алтын шаар) жакын туруп, анын пахта жана башка сырьесу менен пайдалануу Паргана, Самаркан, Букар, Кива, Текетүрктү багынтып, пахта жана башка мүлктөрүңөн ээлеп Индистанга чабуул кылмакчы эле. Индистан жеке гана Россия падышасынын көздөгөн өлкөсү болбостон, бул үчүн байыртадан дүйнөнү зилзаладай титирете келген жаангерлер умтула келди эле. Маселен, атактуу Искендер Зулкарнайиндин көздөгөн баш максаты Индистан болгон. 1812-жылында Россия-дан жеңилип кайткан француз падышасы Наполеондун тилеги Индистан эле. Россия падышаларынан улуу Петрден бери Индистанды каратуу пикирде эле. Индистанга чабуул кылуу кадимкиден келе жаткан жаангерлердин талабы болуп, бул пикир эч убакта эскирип кетпей турган маселе болгон. Жогоруда жазгандай эң эски замандан бери Индистан үчүн канча талаш пикир болсо да, Англия Индистанды каратып алгандан соң башка падышалар буга каршы Индистанга кол салуу пикирден кайтпады. Индистандын даамын, элинин маданияты төмөндөгүн, жер-суусунун жакшылыгын Жаaропа империалисттери абыдан жакшы билген. Майданга эртерээк чыккан Жаaропа өкмөттөр Индистандын мазесин татышкан. Деңизде гегемондук Англияга өткөнгө жете Индистан анын кол алдына киргенгече Жаaропанын баш жана орто даража падышалыктары Индистанды талады. Индистанга түн жагынан чабуул кыла турган болсо, анын жүрөр жолу Эрат кандары болуп, Эрат, Кабил жолунун урунтунда тургандыктан, бул жолго көбүрөөк көз салган. XIX кылымдарда бул жолду талашып, Иран менен Ооган Эрат шаарынын үстүндө уруша келген. Франңуз жазгычтарынан бири: «Эрат ким артык берсе, өзүн ошого сатышка даяр турган бир кызга окшойт» деген. Англиянын аскерий жазгычтарынын бири (Макгрихор) «Индистанды коргоо» деген макаласында: «Эгер Россия Эратты каратса, англистин Индистан өкмөтүнүн жарымына зак көтөрүлүш башталып, мейли мусулман, мейли инди, мейли башкасы болсун орустун ыкбалынан пайдаланып, англистке каршы ынты-макташат» деген Индистанга киришке Ооган мамлекетинин жол үстүндө болгону үчүн илгертеден бери жана азыр да этибары эң зор. Султан Махмуд Газнаби Махмудгори, Амир-темир, Мырзабабыр жана Надыршаа — ушулардын баары Ooганды аша басып, Индистанды багынтууну ойлоп келген. Индистан үчүн толкуган зор падышалардын көбүнчө Россия империясынын ажыдаардай оозун ачып, алдынан каршы кез келген канчалык калың жоо болсо да кырып-жоюп талкалап, сел сыяктуу каптап келе жаткан кезинде жол боюнан азоолок, начар жана маданиятсыз жарым көчмөн кыргыз журту дуушар болду. Анын үстүнө XIX кылымдын башына жакын багынуу талап менен кыргыз өзү оруска катыша баштады. Мындайча айтканда, чакырды. 1819-жылы Жети Суу казагы Оруска карап калды эле. Булардан Аягөз казагы 1839-жылында карабайбыз деп бузук салса да, натыйжасында эч иш чыкпады.

## 0.13 ЫСЫК КӨЛДӨГҮ БУГУ, САЯК КЫРГЫЗЫНЫН ОРУСКА КАРАГАНЫ

XIX кылымдын башында бугу кыргыздары орустун Кашкарга бара жаткан кербенине жардам көрсөтүп, жакшылап узаткан. Жана биз Коконго карабастан, Россияга баш ийсек экен деген. Ысык Көл менен Текес арасында туруучу бугулардан Шераалы бийдин Койчубек деген баласы (Шапак уулунан Качыбек барган) Сибирь генерал губернатору Тобол шаарында туруучу Глазенапага 1814-жылы барып, Кашкарга бара жаткан кербенге жардам көрсөткөндүгү учун капитандык чен, алтын медаль жана бир кылыч алган, 1824-жылында семейлик көпөс С. Поповдун приказчиги казандык ногой Пайзулла Сайдулла уулу, семейлик орус Пленков жана казак султаны Галий Адил уулунун Уйсунбай Шүкүр уулу деген түлөнгүтү бугулардын белек, арык тукуму жана желдең уруктарынын уч бийине сүйлөшүп, оруска карагыла дегенде бугулар ак падышага жибергиле деп айтканда, буларды Семейге алып келип, 5-январдан 25-майга чейин 1825-жылы Омбуда күтүп турган дагы анан кайта жөнөткөн. Караталга жете Шубин узатып келген. Андан Ысык Көлгө 60 казак-орус алып келип, Ысык Көлгө жете хорунжий Нюхалов узатышып келген. Ошону менен Зберштейн доктур кошо келип,

кыргыз жөнүндө (биринчи кабарды) ушул жазган. Өткөн кербенди karaktoodoй сактамак үчүн орус жибериңиз, сизге карайбыз деп белек уругу суранган. Белектин башчысы мурун Россияга барган Койчубек (Качыбек) болсо керек.

Депутаттын ичинде Качыбектин Алгазы туушканы болгон. Омбуда турганда желдеңден барган Алымбек Андрей боолуу алтын медаль жана анын аты жазылган кылыч алган. Алымбектин Жапалак Кутлу деген атасы Андрей боолуу алтын медаль алган. Ошондой алтын медалды арык менен белектин барган кишилери Алгазы менен Акымбек алган.. Качыбек генерал-губернаторго менин кишилериме Алымбекке бергендей сый бербедиңиз деп кат жазганда, Алгазыга жакшы сый беремин деп жандыраалы кат жазган. Бирок убадасын ордуна келтирбеген. Качыбекке кылыч, Алгазынын туушкандары Ажыбайга алтын медаль бериңиз дешкенде берилбеген. Арык тукуму Акымбектин атасы Олжобай Түлөберди уулу баласына сый бериңиз дегенде, бу тилектери да инабатка алынбаган.

1847-жылында феодалдар Ормон Ниязбек уулу, Жантай Карабек уулу Кененсарыны өлтүрдүк деп кат жазып, Омбуга тынай кыргызынан Калыгулду жибер-генде Жантайга алтын медаль. жана мактоо кат берген. Ормон алтын кармаган чепкен алган. Арага жүргөн Молдогали Жакуп уулу деген ногой жана казак султаны Рустам Абылпайыз уулу болгон. Ормон Үмөтаалы деген уулуна алтын медаль, мүмкүн болсо кылыч бериңиз дегенде бербесе керек (бир кабарда чапан берген) жана Ормон катында: «Кыпчак, Кокон аскери Олуя Атага келди. Мүмкүн болсо, оруска карамак үчүн Иленин наркы жагына өтсөм деген жана Кашкар кыргызы кожолорго жардам берип, Кытайга каршы болуңуз деп жатат (жети кожо бузугу) катышсамбы?» — дегенде орустун чек арада турган кароол баштыгы: «Кыпчак менен урушсаңыз мурасыңызга жетиңиз, бирок Кытай ишине катышпаңыз», — деп жооп кайтарган. 1848-жылдын аягында улуу жүз казагынын приставы барон Врангель омбулук казакка Рүстөмдүн баласы Султан Мамырды кыргыздын жиберген кишиси Сатай менен бирге Галин деген бир ногой жана бир казак орус менен жөнөткөн.

## 0.14 БУГУ БОРОНБАЙДЫН ОРУСКА ӨКҮЛ КИШИЛЕР ИБЕРГЕНИ

Төрөгелди колго түшкөндө сарбагыш кайта күндөп-түндөп үркүп көчүп, артынан бугулар Ысык Көлдүн теңине жете кууп келип, кайта кеткен Бугулар сарбагыштан тынчып, айылы Каркырада олтурганда бир күнү элин Боронбай жыйып алып, белек, майда белек, кыдык, саяк, бапа, арык тукуму, желдеңдин баш кишилери менен айылдын дөңүнө олтурушуп, артынан жаш жигиттер курчап карап турган. Анын артынан айыл арасындагы ойноп жүргөн жайдактай минген балдар. Алардын кээ бирөөлөрү бутун тайларынын соорусуна арта салып, жалынан сүйөп, тиги киши тигиндей, ал андай экен дешип тандашып турганда Боронбайдын чоң үйүнөн он чакты киши, он чакты чоң чанач кымызды сүйрөтүп көтөрүп келип, чоң-чоң. кырма сары аякка куюп, аксакалдар башына бирден текши сунганда, ошондо «кудай иштi оңдосун» деп баары жапырт кымызды ичип жиберишкен. Феодал Боронбай: «Сарбагыштын азабынан ай туягың аксарбашылың дедик эле. Барып бир бээ алып келгиле», — дегенде эки-үч жигит колдоруна аркан ала коюп, чуу кою барып бир семиз ак боз бээни чалма салып кармап алып келгенде, бүткүл эл тура калып: «Оомин, арбак колдосун», — деп бата кылып мууздаган. Эл кайтадан текши олтуруп, кымыз ичип болгондон соң Боронбай сөз баштайт:

Силерди чогултуп, акылдашар сөзүм: бугу, сарбагыш бир кылжырдын баласы, жети ата тууганы элек. Белек баатырдан бери карай урушпас уул, келишпес келин, таарынбас-тартышпас эл болобу? Сарбагыш менен кээде жакшы, кээде жаман, жүрдүк. Акыры Ормонду өлтүрүп койдуңар, ал себептен бугу, сарбагыш кырылышың, көбү мал-башынан ажырап, кан төгүлүп эки жактан далай азамат өлүп, акыры Төрөгелдини көктүгү менен тетиги Чунак (Балбай) колго түшүрдү. Сарбагыш болсо качты. Эми баштагыдай баш көтөрбөс Төрөгелдини кармап турсак. Сарбагышка түшкөн кыз-келин колго тийер, күзгө жакындап калды, Анан кылычын алып кыш келет. Эми кандай кылалы? Тескеске жаталыбы,

болбосо Көлгө түшөлүбү? Көлгө түшсөк сарбагыш менен чектеш болгондон кийин балдар эртели-кеч жылкы тийишип, чырдашып, тынчыңар дагы кетер бекен», — деген.

Чогулган эл ары толкуп, бери толкуп, кээ бири Текеске туралы, кээ бири Көлгө түшөлү деп, далайга сөзүн токтото албай чурулдашып турганда, бычагы менен жыгач жонуп олтурган арык тукуму Токсоба; «Жети атабыз өскөн Көлгө кантип барбайлы, суу башына бир козусун (балык) кантип таштайлы. Калмактан сактаган бугуну сарбагыш эмне кылар дейсиң? Азыр болсо мал уурдай алар, ал эки кишиге бирдей», — деген. Бул кеңеште саяктан жок болгон. Бир кабарда болсо да Нурдөөлөт Текести аздаган. Унчукпай тултуюп, көгөрүп олтурган Балбай; «Мен Көлгө барам, сарбагыштан коркконуң Текесте калгыла», — деген. Желден Жанек: «Чегирткеден корккон эгин экпейт, чен көлгө киремин, баягы сарбагыш эми — деген. Кыдыктар; «Намазбектен биздин жаныбыз артыкпы, сарбагыш бузук салса, биз дагы карап турбайбыз, — деген. Жанбаштап жаагын таянып, унчукпай жаткан Боронбай: «Биз Көлгө түшөлүк. 8—9 миң түтүн элбиз. Көлдөн башка жерибизге жер болбойт кана бизди чогуубуз менен батыра албайт, сарбагыш менен мындай болуп калдык, калмак менен деги эл болбос болдук, Аксуу, Турпандагы сарт болсун, кокондук болсун, колунан эчтеке келбейт. Казак болсо биз менен көп жаман эмес, чарбабыз эки-үч жылдан бери чайпалып кетти. Илгертен орус менен катышыбыз бар эле, орус деген түптүү, чоң журт, калың эл, оруска карайлы, журт эс алып, оокат кылсын», — дегенде элдин баары мойнун жерге салып олтуруп, көпкө унчукпай калып, бир далайдан соң: «Мейлиңиз, караса карайлы», — дешкен, Чогулган эл этин жеп тарап кеткен.

1855-жылы кышында Боронбай Көлдө кыштоодо олтуруп: «Алматыга барып, оруска кармаакка сүйлөшүп келгиле,» — деп төрт-беш өкүл жиберген. Орустар ал кишилерге кошуп, кайтадан 1856-жылы көктөмдө полковник Хоментовский төрөнү баш кылып, кырк казак орус жиберген. Алар келгенде көлдүк кыргыз жакшы күтүп турган Зарыпбекти бугуга султан кылган. Кеңештеши Тилекмат Жылкы айдар уулу болгон. 1857-жылы Боронбай өлүп, анын керээзи:

Өмүрзак, Балбай, Туркейим,
Баштагыдай болбочу,
Башка жерге конбочу.
Кайта кончу конушка
Шапак уулу Качыбек
Дагы кирчү оруска.

Бугу, саяк чоң кеңеши Зарыпбек султан болсо да, көбүнчө Мураталынын колунда болгон. Тилекматты бугулар «Боолуу кара» деген. Зарыпбек султан болгондо Арстанбек ырдаган:

Сарыдан айгыр салгалы
Саамалга эми кенендик.
Зарыпбек султан болголу,
Сарбагышка теңелдик.

Бугулар Тезек төрө менен катышып туруп, сарбагыштын кыстаганынан оруска караган. Ушул тууралу ырдаган:

Замандан заман күн келсе,
Кимге келбейт кезекти,

Айлабыздын жогунан

Алдаярдан кыз берип,

Жезде кылдык Тезекти.

Зарыпбек Сасыке уулун султан көтөргөндө анын кызматын часовой болуп дайым 25 казак-орус туруп, солто, саяк, сарбагыш, чериктен тартуу менен куттуу болсун айтып, эстүү кишилер келип учурашып турган. Сарбагыштан дагы бир нече кишилер барып, Ормондун куну жөнүндө сөздөр болуп, орустун алдында атказ кылууга бүтүм болгон соң бугунун манаптары, орустар жана башка элден барган өкүлдөр, баарысы мөөрлөрүн басып, сарбагыштан барган кишилер мөөрлөрүн басууга колдоруна алганда үйдүн эшигин багып турган орус часовойго болбостон сарбагышты ээрчип барган аткошчу Ырыскулбектин кызматчысы, моңолдор уругунан Жакупбек үйгө кирип барып айткан: «Биз бул жерге Ормондун кунун сүйлөшкөнү келгенибиз жок, Ормондун куну чоң сөз. Бүтүм кыла турган баш кишилеребиз үйдө. Ал себептен биз мөөр баса албайбыз», — дегенде керебетте жаткан Зарыпбек тура калып: «Жаагың сынган кара жаак, бул ким эле, муну киргизбөө керек эле», — деп ачуусу келгенде жолдошторунун мөөрлөрүн бастырбастан, Жакупбек мөөрлөрүн колдорунан жулуп ала эшикке алып чыгып элине жүрүп кеткен. Жакупбектин бу кызматына ыраазы болгон ар кайсы элде чачырап, букара болуп жүргөн моңолдорду жыйып берип, өз алдынан бир болуш эл кылууга Ырыскулбек убада берип, ушул убада боюнча 1881—83-жылдарда Жакупбек моңолдорду өз алдынан эл кылган. Мунун тарыхы төмөндө айтылат, Солтодон Байтик Канай уулу он беш киши, тогуз ат айдап келип, башын куттуктаган. Бир нече күн жаткан соң Байтик кетейин десе уруксат бербеген. «Каркырага жайлоого чыгабыз, жайлоону тамашалап жатып катык алып кайтарсың» — деген. Кокондон, Кашкардан соодагер жана молдолор келип турган. Каркыраным жайлоосуна чыгып барганда Зарыпбек ооруп калып, бир табып калмак келип, дары ээзип бергенде оору күчөй баштап, ошондон болжолу 1864-жылы өлгөн. Зарыпбек болжолу 40-50 жашта болуп, бойлуу, семиз, ак саргыл, сакалы сейрек, жоого көп катышпастан, малды өтө кызык көргөн.

## 0.15 ЗАРЫПБЕКТИН УБАГЫНДА БУГУ, САРБАГЫШ АРАСЫ

Оруска бугулар карагандан соң, алар башка солто, саяк, сарыбагыштан кадырлуу болуп инабаты артылып кеткен. Ормон үчүн канчалык чабуулга учурап, далай азаматтардын өлгөндүгү эс билги карыяларынан калса да, жаштардын арасынан унутулбаган. Ормонду өлтүргөн кезде Надырбектен айтылуу Калыгул бугунун ичинде болуп, Ормонду өлтүргөн соң айылы менен сарбагышка көчүп келген. Бул тууралуу бугулар кек кылып калып, Калыгулдун айылын ыйык көлдүн түн жагы эки Аксуунун ортосунда олтурганда бир тараптан күңгөйдөн сарбагышты айдап чыгуу ниети менен доңуз жылы (1863-жылында) күзүндө 25 казак-орус, бир нече бугу менен Зарыпбек келип, Калыгулду айылы менен чаап алган. 1864-жылы эл жайлоого жаңыдан серпилген чакта Ысык Көлдүн тескейинен бугунун желден уругунан Жанек 200 жигит алып, Жаны деген төкөр иниси менен аттанып чыгып, Тарагайды басып, Уландагы карагайда бекинип жатканда Зарыпбектин айылында саяк кыргызынын уман уругунан Ырыскул дегендин кызын алганы барганда сарыбагыш кыргызынан жантай уругунан Солтонкелди Албек уулу эки жолдошу менен келе жатканда, аңдып туруп кармап алып: «Олжолуу болсок, эсен-аман элине коё беребиз, кокустан мал ала албай калсак, каражолтой сарбагышты үчөөн тең өлтүрөбүз, ат-тонун олжолоп кетебиз», —, деп ошол карагайга оорукка 120 жигит калтырып, 80 жигит менен Жанек жүрүп кетип, экинчи күнү күндүн мурду чачырай 600 чамалуу жылкы тийип келген. Жолдо жүрбөй калган беш-алты семиз жылкыны түктү сандап алышып, оорукта калган 120 киши 600 жылкыны айдатып жиберип, артта 80 киши менен Жанек өзү калган. Үч сарбагышты чечип, кол аягын бошотуп, аттарынын көзүн берип, Солтонкелдинин Желкүрөң деген жакшы аты бар экен, аны да берип жөнөтөрдө Жанек мындай деген: «Бул жылкыны түндө эл жатарда Чещдөбөнүн

шилисинен алдык. Катуу тийип келе жатканда семизинен жүрө албай, жолдо 70ден ашык жылкы калды, Бир кичирээк кулабы, же сарыбы, бир тай түн ичинде байкай албай калдык, Уландын нары түбүндө калды. Башка жылкы бир тең, ушул тай бир тең. Бул жылкы кайсы сарбагыштыкы болсо да жолдон терип, баарысын аман-эсен айдап барып берип, ошол кула тайды эптеп алгын. Ал бекер жылкы болбойт. Сага берген соогатым ошол. Семиз-ден жүрө албай кишенеп калганда 40-50 жылкы чуркурап кайра жапырылганда найзалап айдадык. Кош, иним! Эр жакшысы кошто бар деген, ажалын жок экен. Ак жолтой сарбагыш болду. Кокустан кара жолтой болсоң, карагайдын черине каны-жиниң төгүлөт эле», — деп атына камчы уруп, шарт коюп 80 жигити менен жүрүп кеткен.

Солтонкелди үч киши менен жүрүп отуруп, жолдогу калган жылкыны терип ар кайсы жерден айдап чогултуп, Уландын оозуна келсе, айткан кула тай сенделип бир жылкы менен оттоп. турган экен, Түшө калып ыйык жалынан бир талын кыркып алып, айдап жүргөн., Ар кайсы жердеги сээлип турган жылкыны калтырбай айдап, кеч киргенде бурулуш карагайлуу жылгага конуп, түктүү сан кылып кеткен эттердин калганынан алып бышырып жеп, эртеси кечке айдап олтуруп бешим ченде Чешдөбөнүн алдындагы токойлуу чатта Субан уулу Ыйбак бешмантсыз жалан көйнөгүн, чапанын кийип, жылкы издеп жүргөндө кез келген, Бу жылкы сарбагыш кыргызы Суван уулунуку экен. Ыйбак булардан жайын угуп. андай болсо бу жылкыдан бир жакшы бээ тандап алгыла дегенде Солтонкелди: «Жоо үстүнө жоо болуп, кантип олжо алалы», — десе; «Андай эмес, жоо дагы эл да, жылкы тийиш эки жакка тең. Ал жылкы кайда кетер дейсиң. Кур калбастан тан-дап бир тай ал», — дегенде Солтонкелди баягы кула тайды алган. Кийин кула тай чоюн күлүк болгон.

Колпаковский жандыраалынын буйругу боюнча 1857-жылы саякатчы Семенов Ысык Көлдөгү бугуга келип, Тянь Шань тоолорун текшерди. 1858-жылы Голубев келип Ысык Көлдүн айланасын ченеди.

## 0.16 САРБАГЫШ ТЫНАЙ УРУГУНУН ОРУСКА КАРАГАНЫ

1857-58-жылдар чамасында кокондуктун 300 аскери Таластагы кыргыздар багыш, саруу, кушчу уруктарынын феодалдары Сарымсак датканы чабамын деп көчүп кубалап келе жатканда, Шабдан менен Баяке 12 киши согушка чогулган кыргыздарга кошулуп, өзбек менен согушкан. Замбирек атып турган бир өзбекти Шабдан качырып барып найза менен жыга сайганда өзбектер качып, кыргыздар бир дал, айын өлтүрүп, көп ат, тон-жабдык олжо алышкан. Бугу, сарбагыштын согушу кезинде орустар Алматага абдан ныгып, 1854-жылы майор Премышлский деген төрөнүн отряды крепост салып (коргон), Чүй боюндагы кыргызды каратууга аракетин кылган. Ошол себептен 1856-жылында 100 казак-орус Алматалык казактан Качкароо, Карпык башчы көбүрөөк жолбашчы алып, Каштек аша келип эрте көктөмдө Жылгынбашта (Токмок) тынай уругу Түлөгабылдын айылын каптап, эртең менен чапкан. Көп кишини кылычтап, канчалык мал жана бир далай катын-кызды олжолоп кетип бара жатканда Түлөгабыл, Абийир, Мырзалы баштык 170 киши сайы-
шып, айылдан сүрүп чыккан. Казак-орустар Каракоңуздун талаасына барганда кыргыздар найзачан качырып, кол сала баштаган. Мырзалы Жантай уулунун атына ок тийип, аттын далдасында жатып калганда аны качырып келе жаткан казак-орусту Абийир менен Түлөгабыл качырып бара жатканда Мырзалы качып элине кошулган. Абийир баатырдын жазы маңдайына ок тийип жыгылып калган. Бул киши келдике уругунан жоого жылаңач чабуучу айтылуу Абийир баатыр болуп, жыгылып жатып, орусту көздөп кол шилтеп, «какап... капта» деп жан берген. Орустар токтобой жөнөп Каракоңуздун тоосунун Тоотынч деген бийик кырына барганда Түлөгабыл баштык тынайлар аттан түшө тоголонуп качкыла деп кыйкырганда кыргыздын келин-кыздары аттан түшө бийик бет ылдый томолонуп-жумаланып качып кутулган. Түлөгабыл башчы, жети киши башка жылгадагы жолго салып жүрүп олтуруп, орустун алдынан чыгып, бүгүп туруп качыраганда көрбөй калган казак-орустар шашканынан катын-бала жана айдаган малды таштап качкан. Бул урушта кыргыздан Абийир баштык, он чакты киши өлгөн. Алматадагы Колпаковскийге Сооронбай Кудаяр уулу барып,

биз, тынай кыргызы оруска карайбыз, — деп убада берип, бирин-серин колго түшкөн кыз-келинди алып кайткан. Келдике уругунан бир кызды Сармолдо Тана уулу деген ногойго берип, андан туулган Абдулмуслим Танин. Мындан соң тынайлар коркуп, Кочкор, Жумгалга көчүп барып, ал жылы кыштап калып, кайта көчүп келип, Чүйдө көктөп казак орустар Сооронбайды чапкан. Кийинки жылы казак орустар келип Токмок коргонундагы өзбектер менен урушуп, ала албастан кайта кеткен. Ошону менен көңүлү өскөн өзбек аскери Үрүстөмбек баштык төрт беш миң киши орус менен урушмакка Алматыга барып уруша албастан, Алматанын айланасындагы саман, чөптү өрттөп кайткан. Ошол 1859-жылы орустар Каштекке, Сары Жазга коргон салганда аны өзбек менен кыргыз барып бузган. 1860-жылында орустан көбүрөөк аскер келип, 25-августта Токмок (Ак Бекет) коргонун жапырып кирип алган. Андан өтүп, барып, 4-сентябрда согушуп, Пишкек коргонун алган. Коргонду талкалап, өзбектен 50 аскер өлтүрүп, Атабек деген бегин колго түшүрүп, Чүй бою оруска карады деп кайта кеткен.

## 0.17 УЗУН АГАЧ СОГУШУ

Орус Токмок, Пишкек коргондорун алып, кыргызды каратты деген кабарды уккан соң Ташкенден Канаат баштык нече миң аскер менен Олуя Ата басып келип, Парганадан адигине кыргызынан Алымбек датка баштык 12 миң киши көбүнчө кыргыз Сырт менен Куртка, Жумгалды басып келип, арка кыргызынан солто, саяк, сарбагыштан нече мин, казактан Андаш датка баштык нече жүздөгөн киши барып, 30 миңчилик болуп, Узгун Агач, Казанско-Богородицкий орус аскери менен 1860-жылы 23-октябрда согушкан. Орус-тар Узун Агачтын дөбөсүнө туу тигип, тегерегин казып, арабадан чеп кылып жаткан. Аскери 2 миңден ашпаган. Кыргыздар ат салышып урушуп турган. Атактуу Төрөгелди качырып бара жатканда атына ок тийип калып, кайта жөө качкан. Солтодон Абайылда менен Корчу тең качырып, бир казак орусту жыга сайып, ийининдеги мылтыгын Абайылда эңип чыккан, бир аз-дан соң арттан жеткен. 300 чамалуу өзбектин сарбоздору казак орус менен жалаң кылыч менен беттешип, орустан 60-70 киши, өзбектен 150 чамалуу киши иле-салада кырылып, эки жакка ажырашкан. Ушул беттешкенде Рахматулда ичинде болуп, өтө кайрат көрсөткөн. Мындан соң өзбек аскери менен кыргыздар кайта тарткан. Чамасы, он чакырым жерге орустар кубалап келип токтогон. Өзбек, кыргыз, казак жеңилип кеткен соң орустар келип, Каштектин түн жаккы белине жакын Сары-Жаздагы 1859-жылы баштап салган коргонун оңдоп, кароолго аскер койгон, Кыргыздар бет-бетинен жерлерине карап кетип, Канаат Кордой аша Пишкекке келип, Пишкек коргонун кайтадан жакшылап, бекемдеп салдырган деп казак Баатырбек датканы таштап кеткен. Рахматулданы баш кылып 500 аскер калтырып, бирге келген Жантайга уруксат берип. үйүнө жиберип, Шабдан деген баласын ала Ташкенге жүрүп кеткен.

1861-жылында Пишкек коргонун жакшылап салып бүткөн. Узун Агач согушунда Шабдан 21 жашта болуп, урушка кирбестен бир канча киши менен барып Кашкелеңдин аягында балык уулап жүргөн бир орусту өлтүрүп, башын кесип Келип, Канаатка тартуу кылган. Кенехандын Султансадык деген баласы Канаат менен бирге келип, аскер эмес, башка бир чене орустун башын кесип келип. Канаатка тартуу кылган. Жантай келгенден Канааттын жанына. кетпестен жана Кордой аша Пишкекке бирге баргандыктан Шабданды Ташкенге алып кеткен, Ташкенге Шабдан барганда кыпчак менен өзбек бузулуп, кыпчактар Кокон ханы Малаканды өлтүрүп келип, Ташкенди каратмакка ташкендик менен 34 күн урушуп, кыпчактар жеңилип кайткан. Мындан соң Кудаяр хан кыпчакты аёосуз кырдырган. Бооз катынды жардырган. Ушул себептен Мундуз Мамыр Кудаяр ханга карабаймын деп качып келип, Кетмен-Төбөгө кыштап кеткен.

Оруска карабагыла деп, Шабданды изат менен Кудаяр хан элине узаткан. 1862-жылы кар кетип жаткан ала шалбыртта Баяке деген жолдошу менен Шабдан кайта келе жатканда Пишкектин улугу Рахматулда: «Сенин атаң. Жантайдын орус менен сөзү бар», — деп орго салып койгондо

бир нече күндөн соң качып чыккан. Үйүнө келе замат; эрте көктөмдө темир (черикчи) эли менен тынайлардын арасы бузулуп, Жантайдын кызын черикчи эли өлтүрдү кабар менен Чүйдүн башы Боролдойдун маңдай-тескейинде феодал Төрөгелди башында болуп, анын бир тууганынан Бектен деген баласы 40 жигити менен урушуп турганда ок атып турганына карабастан Шабдан качырып барып мылтык атын турган. Ыман уругунан (саяк) Ырыскелди деген мерген жигитин найза менен ыргыта сайганда черикчи эли кайтып кеткен. Тынайдан Данабай Телтай уулун өлтүргөн. Черикчи эли менен тынайлар бузулушуп, аларга туугандары Эсенгул кол жабуу боло турган болгондо Кызыл Суунун алкымына конгон тынайлардын жарым айылын көчүрүп келип, Кертабылгыга кондуруп, бүткүл тынайды жыйып алып Жантайдын айтканы.

«Кененсарыны өлтүргөндөн баштап орус менен арабыз жакшы эле, Сооромбай барып, оруска караймын деп убада берип, жетим-жесирди бошотуп алып келди эле, Шабдан менен Баяке Ташкенден келе жатса Рахматулда кармап алып, орго салганда качып келиптир. Темирболот менен дагы бурулуштук, капталыбыздагы казактар жалпы оруска карады. Бугу, саяк болсо да оруска карап, жаны тынып калды. Токмоктун калаасын орустар талкалап, күнүгө Алматыдан аскер келип, Пишкекти бөдөнөдөй тооруп турат. Асылган ууру алмайынча койбойт деген. Мурдагы жылы Узун Агачта орустун аскерлеринин эрдигин көрдүк. 2 миңдей орусту 30 миң киши ала албастан быт-чыт болуп качтык. Бул орустун тизгинин эч ким кага албайт. Буларга киши чак келбейт, мен көрдүм-билдим. Эл-журт, баарыңарга эп болсо, биз дагы оруска карап тынч оокат кылсак кантет», — дегенде, отурган элдин баары «карайлы, карайлы» деп макул алган. Мындан соң Жантай оруска караймын деп Алматыдагы Колпаковскийге барганда орустар Жантайды абдан изат кылып, чен чепкен жана медаль берген. Ошону менен катар 1862-жылы эрте көктөмдө Алматыдан аскер келип Пишкекте өзбек менен согушуп ала албастан, андан ары өтүп барып 17-апрелде Меркени караткан.

## 0.18 СОЛТО КЫРГЫЗЫНЫН КАРАГАНЫ

Рахматулда Пишкекке бек болуп турганда кыргыздан зекет-үшүр, олпоң жана башка салыкты баштагыдан көбөйтүп ала баштаган. Коргонго жакын келген малды кармап алып бербестен минип, ээлеринен кой-козу алып турган. Эшкожонун Шооруk дырылдай деген кенже уулу абдан бай болуп, ал өлгөн соң Көкүм Чойбек деген инилери тогуз чаар ат берип, Рахматулда менен өтө жакын болуп кеткен. Байтиктин 300 жылкысы өзбекке тийиштүү жерге түшүп калса, Байтик киши жиберсе бербестен, Көкүм барса берген. Кулун салып жана кулундары өлгөн бээлер көп болгон. Байтик менен Рахматулданын арасы кайтадан бир аз жакындаша түшүп, Байсал деген баласын окугун деп коргонго койгон. Рахматулда Байсалдын чырайына кызыгып пача кылмакка үйүмө жатсын дегенде бала сезип калып, эл жайлоодон түшөр чак экен, Байсал үйүнө түн катып качып кеткен. Бул кабарды Байтик угуп, Рахматулданы эбин таап өлтүрүштүн камында калган.

Кандай кылып өлтүрүштү ойлой-ойлой, акыры өзбектин ичинен ала чыгарып өлтүрмөккө Пишкекте Рахматулдага акылдаш болуп турган. акылман кишиси Абылгазы миңбашы менен Байтик достошкон. Мындан соң Байтик жалганынан той беремин деп айылын Пишкектин түн жака күн батышы Акчий, Кемел, Шарпылдак, — Пишкектен 7-8 чакырым жерге кондуруп, койдун кыркынын алган соң кымыз жыйып, бозо салып, бээ союп, элин чакырып алган, Жашырын кеңешмеде Рахматулданы өлтүрмөк болуп сөзүн токтоткон соң, конокко келсин деп, Рахматулдага киши жиберген. Биринчи чакырыкка келбеген, экинчиде Абылгазы миңбашы аркалуу киши жибергенде Рахматулда бир жээрде, бир тору аргымакты алтын дилде жабдыктап, упчундап жетелетип ала кырк киши сарбоз, тынай менен солтодон зекет жыйуучу Кудайкул Элбек деген катчысы жана Рахматулданын катчысына жигит болуп жүргөн сарбагыш кыргызы, молой уругунан Кожобек Барман уулу менен 20 киши — бардыгы 60 киши болуп, Рахматулда жээрде кашка айгыр минип келген, Кыргыздар көп болсо да көрүнбөстөн үйдүн ичинде болуп, Рахматулда аскери менен тамак жеп жатканда кыргыздар сарбоздорунун

оӊ жаккы үзөӊгүлөрүн кыркып койгон. Үйгө жакын жерге Рахматулданын атын бир сарбозу кармап олтурган. «Аламан аламан!» деп бүткүл жыйылган кыргыздар үйдү көтөрө салып киргенде сарбоздору жөө калып, Рахматулданы атка мингизип, тегеректеп жүрүп олтурган. Жакындап барган кыргызды аткылап, бир кара суу га келгенде тереӊ жеринен кечип кетип, сарбоздорунун көбүнүн мылтыктарынын милтеси сууга малынып, атууга жарабай калган. Пишкекке эки-үч чакырымчалык жердеги Бабедин деген коончу өзбектин тамына жакындап калганда: «Кайран Чүйдөн ажырап калат экенбиз, бул сарт аман-эсен коргонуна кирип кетмек болду!» — деп Байтик бакырып жибергенде Рахматулда сарбоздордон бөлүнүп, кылычын сууруп ала коргонду көздөн чуу деп кетип бара жатканда, күлүк ак сур аты менен Көкүм жетти далыдан сайганда найза эмчектен чыга түшкөн. Аттан түшүрбөстөн Көкүм кайта коштоп келген. Айгырын Байтиктин туугандарынын бири соогалап алган. Кийин балдары күлүк чыккан. Төрт-беш кыргыздан башка бүткүл сарбозду кырган молой Кожобек менен Абылгазы качып Пишкекке кирип кеткен. Байтиктин айылына Рахматулданы алып барып, жаман карала алачыкка камап коюп, канча алтын дилде берейин деп жалынса да болбоюн ошо күнү кечинде карасакал уругунан Шераалыны баш кылып эки-үч Кишини жиберип, Рахматулданы кескилеп өлтүргөн. .

Рахматулданын катчысы Рахматулданын бүткүл алтын, жамбы, дилделерин таап бермек, шерт менен аман бошоп кеткен, Бөлөкбайлар айылындагы чолпон аламын деп жаткан ал Жээнтайды жолдоштору менен өлтүрүп, ат-тонун талап алган. Эл арасында жүргөн бирин-серин өзбекти кырган. Молдо элем деп жалынганы болсо, «молдо башы жолдо өлгөн» деп өлтүргөн. Солто өзбектин аскерин коргондон чыгарбай камап турган. Айланасындагы бүткүл өзбектин баарын өлтүрүп мал-мүлкүн талап алган. Өзбектер коргондон чыкпай жатып калганда солтонун феодалдары айылын-малын көрсөтпөй, «кыргыз качып кетти, мен жаш балам менен журтта калдым» деп барып айткын деп бечара жесир бир катынды жансыз кылып «баласын» көтөртүп, барбаймын десе болбостон жөө жиберген. Барган катындын кебин уккан соӊ сөзүнө ынанып, 250 сарбоз 50 араба менен келип, солто ичиндеги күн-туу уругунан Жангазы халфанын коргонундагы азык-түлүк, чөп-саманды алып кайтып бара жатканда 500 солто каптап чыгып, 30 өзбекти өлтүрүп, арабасын бүт алып калган.

Өзбектер Байтиктин жакын инилеринен (бир кабарда Байгазы) бирин колго түшүрүп кеткен. Рахматулда аманбы деп сураганда, «өлтүрдүк» деген. Рахматулданын Сматулда деген эр жеткен баласы өкүрүп, Байгазыны дарга тартаарда Абылгазы миӊбашы: «Орус алды-артыбызды алды. Алматыда бизди аӊдып турат. Кыргыз менен минтип кырылышып жатабыз. Кокустан кыргыздын колуна түшсөк, баарыбызды мууздайт», — деп өлтүртпөгөн. Бир нече күндөн соӊ Байгазыны коргондогу кыргыздар качырып жиберген. Баягы катынды өзбектер өлтүргөн.

## 0.19 СОЛТОНУН АЛМАТАГА КИШИ ЖИБЕРГЕНИ

Өзбектер коргондон чыкпай жатып алганда солтонун бүткүл феодал манаптары кеӊешип, Рахматулданын жетелеп барган жээрде кашка аргымагын тилла жабдыгы менен жетелетип, Байтик иниси Сатылганды Айтказак деген жигити менен Алматадагы Колпаковскийге «биз оруска карайбыз, келип жардам бериӊиз» деп кат жазып, элчиликке киши жиберген. Колпаковский Алматадан 500 аскер менен өзү баш болуп келип, 15 күн урушуп, Коргондун түн жагынан ор кылып казып олтуруп, улам жакындап урушуп турганда орустун аткан замбирегинин огу, өзбектин бир замбиреги бар экен, анын оозуна кептелип калып, уч күн атылбай калган. Үч күндөн соӊ өзбектер замбирегин оӊдоп алып аткан. Акыры орустар жердин алдын казып олтуруп коргондун ичинен жабалактап чыга түшкөндө өзбектер шашканынан «аман-аман» деп багынып калган. Өзбектин мал-мүлк, казынасын солтолор талап алган.

Байтик бир сандык күмүш жамбы алган экен деген кабар бар, Өзбектер жабдыгын оруска бүт өткөрүп берген соӊ мал-мүлкүнө тийгизбестен, кишилерин өлтүртпөгөн. Байтикке чен берип, уездге помещик

кылган. Кийинки 1863-жылында Токмок салынды.

Жылкы тийип, ууру-каракчылык кылып, бечара чарбаны талап күн көрүш манаптардын биринчи кесиби болгондуктан 1864-жылы Шабдан Жантай уулу, Баяке Күнтууган уулу, Ботбай (Өсүк) баштык 40 чамалуу киши Текестеги калмактан жылкы алабыз деп Чүйдүн башы Кичи-Кеминден жүрүп кетип, Көл башындагы бир бугуга барып консо «Калмак жерине нарылап көчүп кетип, бери жагына чыңдап кароол койду, былтыр биз барып чапканда Сүмбөгө кеткен, барганыңар менен майып болуп каласыңар, — дегенде булар Балбайдыкына конот. Балбай булардын жолун кубаттап, жакшы конок кылып, бир кишисин жолбашчылыкка кошуп берип калмакка жиберет. Түн ичинде калмактын кыштагындагы үйгө барып Баяке ондон аша калмакты өлтүрүп, Сүмбөдөгү калмактын чоң жез казанын талкалап, түн ичинде калың жылкыны алып кайта жүргөндө, көп калмак куба чыгып, кыргыздар урушуп жеңип, жылкысын алып кеткен. Кайта келе жатып Балбайдыкына жатып, көп олжо берген. Ушу сапарда Балбай менен Шабдан оруска карабас аракетин кылмакка жашырын шерттешкен дейт. 1861-жыл чамасында Таластан жалгыз аттанып чыгып, уурулук кылмак үчүн Баяке Чүйдүн жакасына келсе, бир казактын жалгыз Олуя Атанын беги жиберген орто жашар Ылгалы деген кызды чыркыратып зордук менен алганы жатканда айылды аңдып жүргөн Баяке үстүнөн чыгып, кеңешем деп алдап Ылгалды үч жолдошу менен өлтүрүп, ат-тонун олжолоп алып казакты түн боюнча Чудан аман-эсен өткөрүп жиберип, кайра тарткан. Өзбектин мындай чекене зулумдугу көп болгон. Алардын баарын жазбастан муну ибарат үчүн гана жаздым.

## 0.20 ҮМӨТААЛЫ ОРМОН УУЛУНУН ОРУСКА КАРАГАНЫ

Россия өкмөтү 1863-жылы сырткы Кочкор. Жумгал, Нарындык кыргызды Кокондон айырып, өзүнө каратуу чарасына киришкен. Сыртта Кокондуктун күчү Нарын боюндагы Куртка коргону болуп, Жумгалдагы коргону Имметсиз болгон. Ушул себептен Иле менен Кашкар ортосундагы жолду ачуу үчүн дайындалган капитан Проценконун отряды 1863-жылы майдын башында Каштектен аттанып чыгып, Боом менен жүрүп, Ысык-Көлгө келип, андан Кызарт аша Жумгалга түшүп, андан Соң Көлдү жандап жүрүп Курткага келгенде, Куртка менен Жумгалдагы кокондуктун аскери урушпаган караган. Аркада Пишпек шаарынан соң соода жана саясы жагынан Куртка биринчи роль ойногон коргон болгондуктан, анын тарыхынан бир аз маалумат беремин.

Мадали хан заманында Аккулу миңбашы жүз уруп башта сарай болсо да, 1832-жылы (улуу жыл) Куртка коргонун салган Ошол жылы саякты, черик, басыз, моңолдорду каратып каршы чыккан. Атантай менен Тайлакты колго түшүрүп, Коконго алып барып, андан сатыкка бошоткон. Атантай, Тайлак кайта келгенде Коконго карабас үчүн Иледеги казакка өтмөккө аракет кылган. Өткөн-өтпөгөнү маалим эмес. 1858-жылында, Курткага караган элден: чоронун башчысы Осмон датка, кулжыгач баштыгы, Түлөккө баатыр башы Эраалы уулу, иман баштыгы Байтуру Жапалак уулу, черик баштыгы Ороз бий, Сары жаак Турдуке (Кытайдан таш сайынган), тынымсейит баштыгы Найман, Алжа, Табылды болгон, салыгы зекет, олпоң болуп Мыразык деген белги болгон. Анын биринчи дос кишиси Осмон Тайлак уулу эле.

1859-жылы Төрөгелдинин айылы тескейдин Жуукусунда болгон. 1863-жылында Курткада карабагыш Чолоктун атасы бек болуп турган.

Башта оруска карабаймын деп Нарынга көчүп кеткен; Үмөтаалы бул сапарда карамакчы болуп келип, Проценконун отрядына кошулган. Бул тууралу 1863-жылы май айында Ташкен жарым падышасы Черняев мындай деп кат жазган: Мен көзүндө айнеги бар төрөгө кошулдум. Ак падышага карадым, Куртка менен Жумгал алынды» деп. Аягы анын туугандары Проценконун аскери менен Соң-Көлдүн аягы Кажыртыда Эки Чат деген жерде урушуп, жүз төөгө жүктөп бара жаткан азыктарын талап алып, саяк, сарбагыштан 2 миң аша кыргыз чогулуп, Арусту баштап келген казак Кичине баатырды баш

кылып, 9 орусту өлтүргөн. Ичинде Карананчы деген баштык орус болгон. Орустар төөлөрдү чөгөрүп, өркөчүнө далдаланып туруп атышкан. Кыргыздар калыңдагы бир карыш нанды таап алган. Андан мурун кара нан көрбөгөн, Карананчы төрө деп ошондон атаган. Чачылып калган кагазды өрттөп жатканда ал кагаздарды андан беш-алты жыл мурун келип, Үмөтаалыга туруп калган бир ногой «кайран акча» деп жыйып алган. Үмөтаалы ошол сапарда орустан бир кыз алып, андан туулган Жумгалбай Чолок (азыркы үчүкө элинде), бир кабарда Үмөтаалы орустан кыз албастан, Ормондун тирүү чагында Омбудан эки орус мусулман болобуз деп качып келгенде мусулман кылып, колун алалдатам дегенде бири качып кетип, бири мында калганда атын Эбак коюп, Жантай Стамбектин кызын алып берген. Андан туулган Кырбаш болуп, анын кызын Абыладоржу алган. Эркек баласы ошондо аныгы соңку болорго керек. Эбакты Ормондун урушунда бугу өлтүргөн. Орус аскери эл арты болуп көчүп бара жаткан Үмөтаалынын элинен абылай уругу Шүкүр Рай уулунун элин көп малы менен Кара Кужурдан чаап алган. Ушул окуядан корксо керек, Үмөтаалы 900-1000 түтүн эл менен үркүп, Атбашы, Арпаны баса көчүп (тарых жазуучунун ата-энелери ичинде болгон), Анжияндын тоосун кыркып Кашкар өлкөсүнө барып, Какшаал өзөнү Балгынды, Жылгынды, Чырканак, Чөпчүккө тарап, 1865-жылы кыштап туруп, Кашкардын каны Үмөтаалынын кызын сураганда, сартка кантип кызымды берейин деп бербестен жана да жери таштак, малга жай болбогондуктан айнып кайта көчүп келип, кеч күздө Ылакол аша келе жатканда белде Ормондун кенже уулу Бакалдын жигити кедей Байтеректин атасынын боору үшүп өлгөн. Күңгөйгө келип, Чоктал, Чолпон Атага кыштап калган. Алматага Аалы деген инисин жиберип, ал аркалуу өлгөн казак менен орустардын кунун төлөгөн тууралу мал-мүлкүнөн ажырап, Үмөтаалы Күңгөйдө 1879-жылы өлгөн. Үмөтаалы кан ичер деп атыгып, кедей начарларды көп өлтүргөн. Мисалы, Кытайга качып бара жатканда Нарында Кажырты деген жерде айылында бала-чакасы менен жүргөн беш агайын кедей бугу кыргыздарын эч күнөөсүз өлтүргөн. Үмөтаалы айылынын дөңүндө олтурса үйдө катындары каткырышып-күлүп жаткандарын угуп оюна тескерилик түшүп, кимисинин иши кара болсо ошого тийсин деп мылтык менен атканда жакшы көргөн катынына тийип өлгөн.

1863-64-жылы Фергана менен Арка кыргызы ачарчылыкка дуушар болуп, Анжианга караган өзбек-кыпчактар кыргызга келип, айран ичип жан сактаган. Тогуз தородогу саяктан мыкаачы болдук баары бир деген (Тогуз-Тородо «Мыкаачы бел» аталган жер бар), бир кабарда кыргыз Анжиандан кайтканда мыкаачы болуп, ошондон «Мыкаачы булак» аталган дейт. Нарындагы Уландын ичиндеги «Мыкаачы үңкүр» дагы Анжиандан кыргыз кайтканда аталган дейт. Нарындагы Курт Каны жана Жумгалдагы коргонду Кокондон аскер келип кайта колуна алган. Бул тууралу Алматыдан 5-февралда 1865-жылы Черняевке мындайча кат жазган: «Куртка коргондун кадыры Сыдарыя менен Нарындын башында жана Кочкордо турган кыргыздарга артык болуп, Кокон ханынын агенти Алымкулдун аскерине азык-түлүк жана башка керек-жарак бере алат» деген. Кокондуктун кутуртуусу боюнча Рахматулданы өлтүргөндүгү тууралу сиздерди айыпкер кылабыз деген соң, 1864-жылы Жангарач кайтадан оруска карабас болуп баш тартып, бирок Чолпонбай деген баласын солтого «Ага манап» кылдым деп Ташкенден жарлык келгенде тынчыган. Жангарач кан соргуч феодал ушул 1864-жылы өлгөн.

Ошондо да солтолор болбостон оруска караган дулат казагынан 50 үйүн чаап, мал башын, катын-кызын олжолоп алган. Булардын баштыгы Көкүм Чойбек жана Байтиктин Сатылганы болгон. Ушул себептен Кичи Кемин, Чоң Кеминдин жолун чалганы келген 200 казак-орусу Солто, сарбагыштан Байтик ичинде бир нете баштык кишилерин Токмокко алып чакырып алып, андан жакшы сөз менен Алматыга алып барып, ыраазылык менен кайтарган соң Чүй өзөнү абдан тынчыган. 1865—66-жылы Жумгалда турган сарбагыш уруктары байтели, шамен, жаманак Кочкорго көчүп келип оруска караган. Ушул жылы Таластан Карабуурада турган Багыш кыргызынан Сарымсак датка 150 түтүн менен оруска караган. 1867-жылы Нарын калаасы салынып, Осмон Тайлак уулунан башка бүткүл арка кыргызы оруска текши караган үчүн Боомго кара жол салынып, анын бир учу Нарынга, бир учу Караколго такалып, араларына бекеттер салынган. Жумгал менен Куртка коргонун орус

каратып алган соң түн жак кыргызы толук карабаса да, каратылган катарында эсептелип, Ташкен менен Алмата арасындагы жолду ачып, өзбектин коргондорун алмак үчүн 1864-жылында Алматадан Черняев жандыраалы баштык барып, 4-июнда Олуя Атаны алган. Алматыдан аскер менен бирге барган казактан чапырашты уругунан Сарыбай, Суранчы, Сүттүбай дегендер орус аскери Сайрамды аларда үч казак ат коюп кирип барып, мечитке жыйылган сарбоздоруна капталып калган. Алдына барган Суранчыны чокмор менен чаап өлтүргөн. Сарбайдын эки тизесине чоюн баш тийип, үйдүн морунан чыга. качкан. Сүттүбайды өлтүргөн. Сайрамды каратып алган да кун , деп өзбектен Сарыбай миң дилде алган. Ошол тууралу 1890-жылында Сарыбай өлгөндө кошкон:

Сайрамды буздуң басынан,
Эл бийледиң, жасыңан.
Улуктар кетпей касыңан,
Адилет мен журт сурап,
Акымбек уулу Суранчы,
Жолдосуң эди жас күннөн.

1864-жылы 2- октябрде Ташкенди орус алганда, Алматы аскерине кошулуп Ташкенден Сарыбай элине кайткан. Ташкенге орустар 2-октябрь 1864-жылдан баштап согуш салып, 15-июнь 1865-жылында алган. Подполковник Василий Васильевич Обух жана эки поручик баштык, 64 солдат өлгөн. Мурунку жылы Ташкендин өкмөтү ферганалык кыргыз Алымкулдун колунда болуп ал согушта өлгөн соң, онун ордуна Кенехандын Султансадык деген баласы өтүп, Ташкенди орус аларда өзүнүн жигиттери катын-баласы менен Жызак тарабына өткөн. 1867-жылында Жантай Карабек уулу өлгөндө баласы Шабдан чындап орус кызматына киришкен. 1865-жылы саяк кыргызы чоро уругунан Осмон Тайлак уулу 10 миң түтүн менен караймын деп, март айында тиленгенде Россия падышасы кабыл алган. Осмондон башка бүткүл арка кыргызы 1867-жылында старчин, бий, болуш шайлап, элин тизмеге алса да, аныгында оруска карагандыгы 1865-жылдан эсептелет (Ысык Көлдөгү бугу, саяк мындан тышкары). Андан 1867-жылга жете элге старчын, бий, болуш шайланбастан, урук баштыктары. бийлеп турган. Бирок үстүнөн оёз карап, аларга помещик кыргыз болгон, Маселен, Байтик Канаев, Сооронбай Кудаяров 1867-жылында Ташкенге Туркестан. жарым падышалыгы курулуп, эл-журт эседе алынган. Жарыш падышалыкка Гаухман бекилип, ошол жылдан баштап облус, ооз дайындалып, Чүй бою менен сырткы кыргыздар Токмок уездине карады. Оёз Загражский болду. Ошол жылдан баштап Никелейдин темир чынжырына кыргыз эли чырмалып, эсеп дептерине жазылды. Кыргыздын көбү корkконунан бүткүл эсебин көрсөтпөстөн түтүндөрүн көп жашырды. Катка түштүк, чокко түштүк деп, катталгандан качышты. Ушундан баштап эркин жүргөн кыргыз мурункудай аламандык кесипке кире албады, Сенин болушуңдун жери ушул деген чектен башка жакка өтө, албаган соң аны байлоо катарында көрдү. Капаска камалгандай, кара көргө киргендей болуп, учпас тоок, көчпөс там деп, коркуп - үркө келген мурунтан жектеген шаардык турмуш колонизатордук мыйзамына моюн ийди. Ошондон баштап кыргыз баласы төрт аяктуу жыгач ат деп, арабага жабыша баштады. Бай-манап, феодалдардан эркинде эзилип келе жаткан бечара кедей кыргыз, анын үстүнө отоочулук өкмөттүн эзгенине шайланып, алардын алганы бир башка болду, ооз төлөй баштады. Түтүнгө төрт сомдон пудайт алды, (бир козу 50 тыйын болгон) кийин 1882-жылдан баштап түтүнгө 1 сом 50 тыйын земский алды. Кокондуктун Кокон деген жыйырма тыйындык күмүш акчасы орус акчасы менен бирге жүрүп турду. Семиз баш козу 40—50 тыйын, семиз чоң кой 1 сом 50 тыйын. Жакшы ат 12—15 сомдон өтпөгөн, музоолуу уй 7—8 сом, Ысык Көлдүн түн жагында турган эл сарбагышка 1767-жылында Түлкү Ниязбек уулу болуш болуп, Ошондо он башы он үйдүн акчасын эсеп билбегендиктен он башка кылын куруна түйүп, 50 башы 50 ашка түйүп келип старшиндерине төгүп берип турган.

## 0.21 ФЕОДАЛ ОСМОН ТАЙЛАК УУЛУНУН КЫТАЙГА КАЧКАНЫ

Токмокто биринчи уезд болуп турган Загражский жанына кан ичерлерден Шабдан Жантаев, Баяке Кунтууганов баштык кылып, канчалык кыргыз менен шайлоо кылмакка 1867-жылы күзүндө Нарында Тогуз Тородо болгон Осмондун айылына барган. Осмон оруска карабаймын деп түн ичинде уруш салып, уездин үстүнө келгенде уезд, теректин башына чыгып качып кеткен. Осмон Баяке менен Келдибекти байлап алып, Кашкарга 600 түтүн менен үркүп көчкөн. Көчүп бара жатканда Шабдан жээрде ат менен төмөндөн жогору качырып, айы ылдый карата Баракан Осмон уулу качырып, бир-бирин аяшса керек, сайыша албай ажырашкан. Баяке менен Келдибекти качырып куткарган. Мусулман чаар черик уулу жана боркемик Ырайымбек Баяке менен Келдибектин колуна чынжыр, бутуна кишен салып алып кеткен. Ырайымбек Калча уулу Осмондун эл чети, жоо бетине жүргөн жигити болгондуктан, кишен менен чынжырдын ачкычы анын колунда болгон. Осмон эли менен көчүп, Аска тоонун белин ашып Кытай чегине өткөндө Осмондун жылкысын багып жүргөн Байсубан деген инисин Ырайымбек чакырып алып мындай деген: «Мен Кокон, Кытай жерин аралап, элин, өкмөтүн көргөмүн, алардын сурагы тар, өкмөтү бейадил, менин билишимче орус калкы көп жана өкмөтү эң адил, букарасына мээрбандуу эч жабыры жок, биз кайта качып кетели, сен Каракулак менен Чааркөздү баштык, Осмондун жети күлүк атынын түндө тилдерин кыл менен байлап, күндүз чечип коюп, 14-күндөн кийин алып келгин», — деген. Байсубан айткандай кылып, аттарды суута баштаган. Ырайымбек катынын Баяке менен Келдибекке жиберип, качалы дегенде тигилер унабаган соң Ырайымбек өзү келип, Баяке менен Келдибекти ынандырып айтканда алар качууга убада берген. Күнү-түн 14-күн болгондо Баяке, Келдибек, Байсубан, Ырайымбек, катыны бешиктеги Кына деген кызын ала качмак болгондо, Ырайымбек кызды баштап качалы, ыйласа туюп кармап алат дегенде бааны калтырбастан, катыны Карагыз ала жүргөн. Чоролору кубалап жетпей калган. Булар зоругуп өлгөн Каракулакты беш күнү тоонун башында бекинип жагып , андан соң жүрүп отуруп элдерине келишкен.

Осмон Кашкарга барып Жакыпбекке карап, тогуз жылы туруп, мал башынан, мүлкүнөн ажырап, кайта шуп келгенде орус өкмөтү илтипатка албаган. Ошол 1870-жылдарда Күңгөйдө турган сарбагыш Текеске өчүп барып, жылкы кыштатып жана Каркырага сайлап турган. Ушул чакта бүткүл түн жак кыргызда уч-төрт гана киши болбосо, бир дагы там болбос тон баары да жайы-кышы көчүп жүргөн. Бечара кедей көчпөстөн жатакта болгон. Нарын калаасы толук 1868-жылында салынган, Токмок абдан гүлдөп кыш-так болуп, орус, өзбек толуп калганда Пишпек курула баштап, орустардан биринчи болуп келген 1864-жылы көктөмдө Чычкан жылында Сибирден Токмок баса 15 үйлүү орус болуп Аламүдүндөн орношуп, алардын ичинде Буслаев, Алпатский, Коротков дегендер болгон. Никелей өкмөтү бай-манап, феодалдардын кедей - дыйкан орто чарбаны талап берүүчү аспабы болгондуктан, ал манаптардын жанын таштап кандарга кызмат кылганынан бир-эки ооз мисал айтып өтөмүн. Мисалы, Токмок оёзу Загражской Баяке Күнтууган уулу деген жигитти жайдын күнү эртең менен Токмоктон чыгып, Чулуудагы чакырылган кишини алыш, түштө кайтадан Токмокко келген. Кулуке, жаки Ашым дегендин тору атын минип, бүткөн боюн мата менен чырмап таңып алып, эртең менен Атбашыдан чыгып, шашке оой кечинде Токмокко келген.

## 0.22 МАНАПБАЙДЫН БАСЫРЫК

Оруска багынбастан мурун бугу, саяк, солто жана башка сарбагыш айылы аз болгон үчүн тынай кыргызын эл катары кадырлап, анын манабын башка чоң феодал катарында көрбөгөн. Оруска жаңыдан караганда кыргыздар баштагы эски кегин кектеп, бир-бирин уурдап жыгып, жаки башка жол менен мал алууга киришкен. Кокон заманында солтонун жерине кан ичер Жантай Карабеков айылы менен коно калса жаңыдан үйлөрүн тигер замат тынайды киши катарында көрбөстөн солто малын тийип, жеринен түн: боюнча айдап көчүргөн. Кан ичерлер: Шабдан, Манапбай, Сооромбай,

Баяке — Николай улуктарына башка кыргыздан артыкча ишенимдүү, кадырлуу болгондуктан 1869—1870 - жылдарда Манапбай Токмок уездине (анда уезд Пишкек эмес, Токмокто турган) помощник болгон чагында Токмок шаарын Пишкекке караган бир дубан элди топ кылып, топко Манапбай жүргөлү жатканда Шабдан Манапбайга карап: «Баягы кызыл уук болуп, түн катып көчкөн оюндан чыга элек го?» — деген. Оруска жаңыдан караган эл, башта атын укса да өзүн көрбөгөн журт, орус менен көбүрөөк катышып сүйлөшсө, ошондон айбыгып абдан корккон. Бир дубан элге Манапбай уезд катарында болуп, топтун башынан карап тургандыктан жана кыргыздын эң биринчи тунгуч съезди болор үчүн тынайлардан, көбүнчө Манапбайдан жаман коркуп, манаптары жалтанып, анын айтканынан чыкпаган. Топко келген кедей дыйкандарды талап, аттарын жыгып, кийимин сыйрып алын, съездге салып басырыктатып жиберген. Иши акпы, карабы, текшербеген. Солтонун бир манабынын күлүккер атын Манапбай алдырып келип, ат жабуу, кулакчын салып, үпчүндөп сөөлөткө үйүнүн жанынан ары-бери жетелетип койгон кезинде Шабдан көп киши менен келип калган. Байтик феодал ошондо 30 киши менен келип көрүшүп: «Аш ээси, баш мээси. менен деген. Шабдан келди деген үчүн жолугуп кайтайын дедим эле», — деп атка минээрде Шадан Байтикти 30 жолдошу менен кондуруп, бир бечаранын атын жыга салып союп коноктоп, эртесинде баякы күлүк атты үпчүнү менен жана бир күлүк ат мингизип узаткан. Мындан соң солто, тынай жарашып, баштагы басырык (давление) калып, ар бир доо, чынынан кетип, мурунку болгон доолордон өтө орунсуз кайта жанган. Ушул 1869-жылы атактуу кан ичер Төрөгелди өлүп, далай кедейдин аркасы сууган. Жогоруда Байтиктин «аш ээси, баш мээси менен» денгени, Манапбайды кул деген себеби энесинин боюна келген. Ошол себептен Манапбайды Байтик теңсинбеген. 1871-жылында Токмоктун күн чыгышы 30 чакырым жердеги Кара-Булак кыштагы салынган.

## 0.23 СОЛТО МАЙМЫЛДЫН ӨЛТҮРҮЛГӨНҮ

Башка солтолор оруска караса да, жайыл уругунан Маймыл Ажы уулу оруска каршы болуп жана анын үстүнө кээ бир солтолор улукка арыз бергенде, чакырыкка барган солдатты байлап Коконго же Кытай мамлекетине өтмөк максат менен көчүп Суусамырга барганда Сатылган деген киши алдап, кыз беремин деп өткөзбөй койгон. Маймыл кайтадан Таласка түшкөндө кармоого Олуя-Атадан аскер чыгып жана Токмоктон дагы аскер буйрулуп, аларга Байтик менен Манапбай жолбашчы болгон. Байтиктин жанындагы жигити саяк уругунан Сарпекти Олуя-Атадан чыккан аскерге өздөрүнүн келе жатканын билдирип кабар беришке жумшаганда Маймыл ишенбеген, Келе жаткан аскерди көрүп, узун аяк малы менен катын-балдарын ала качканда Байтик менен Манап бай кууп барып кармап алып, Беденский деген улукка тапшырган. Жолдо келе жатканда Сарпек качыңыз деп айтса, мени орус өлтүрбөйт деп, качпай койгон. Беденский: «Эмне үчүн качтың?» — деп сураганда; «Кокондукка кээде карап, кээде карабастан жүрүүчү элек. Эми чоң кечиримдүү эл орустун улугу атабыз болгондон кийин күнөөмдү кечет деген тилегим бар, Себеби билбестиктен качтым», — деген: Олуя-Атага алып барып, бир айдан соң ак кийизге ороп, ногой мечитинин алдында дар орнотуп байлап туруп. 1866-жылы 12 солдат жапырт актанда өпкө-боору жыгачка жабышкан калган. Жашы 36 да болгон.

## 0.24 БУГУ БАЛБАЙДЫН ӨЛТҮРҮЛГӨНҮ

Бугу кыргызынын биринчи баатыры жана манабынан саналган Балбай оруска карабаймын деп канчалык түтүн менен Кытайга качып барып жердеп турганда барган солдаттар менен атышып алдырбаган Андагы таранчылар (Иле өрөөнүндөгү уйгурларды ошентип аташат — **Ред.** ) жардам болгон. Орус улуттары эч жамандык кылбайбыз, Балбайды алып кел деп Күчүк Зарыпбек уулун жумшаган. Күчүк аскер алып барып, түн ичинде Балбайды кармап алып. Алматыга жөнөткөн. Айылын кайта көчүрүп келип, Кең-Сууга кондурган. Бир кабарда үч күндөн соң Караколдун уезди

барып, 1870-жылында 25 казак орус менен байлап, Балбайды Алматага жөнөткөн. Балбай мени орустан тартып алсын деп Эрданага киши жибергенде 200 жигит жыйып, найза, айбалта, мылтык менен жаракташып жөнөгөндө катын-бала, эл-журт чогулуп келип: «Биз — казак-калмак жана сарбагыш тынч болбой жүрүп, тозуп кеттик, малыбыздан ажырап бара жатабыз. Эми болсо тынч туралы, барбаңыз», — деп чуулдаганда: «Кап, болбостур» деп токтоп калган. Балбайды Алматадан өлтүргөн, арык тукуму, сабатар уругунан Молдо баатыр Алматадан жөө көтөрүп, Түргөнгө келип, андан эки ат минип, Ысык Көлгө көмгөн.

Орустар алдап иш кылат экен деп, Күчүк Зарыпбек уулу ээрчиген айылы менен Турпанга качкан. Бапа уругунан Шадыкан Солтоной уулу болуш болгон үчүн Күчүктү токтот деп улуктары буюрганда Шадыкан барып, жолугуп жетпей калдым деп, кайтып келип улукка жооп берген. Күчүк Турпан өлкөсүнө туралбастан Текеске түшкөн. (1924-жылында 800 чамалуу түтүн болгон.) Балбайды өлтүргөндө Солтобай ырчынын ырдаганы «Орус менен ойнобо, орус менен ойносоң, өлбөймүн деп ойлобо». Балбай Алматада набактыда бир нече ай жатып, орустан өлөрүнө көзү жеткенде арман кылып ырдаганы (уу берди деген кабар бар. Ырында өмүрүндө кылгандарынан, кан ичерлигинен аз-маз бергени үчүн андан мисалга алып, бир нечесин жаздым):

Атка тарттым кошумду,

Тартуума кыз албай,

Айдам жүрүп жок кылдым

Аркада ай аралаш (казак)

бозумду.

Чарындын суусун бойлодум,

(Иледе Таранчы кыштагы)

Аламан менен Бабаны

Атка токтоор эр бүлө

Бирин тирүү койбодум.

Кара зубун калмакты,

Эрдене кылды кызыкты,

Баары бугу билчү эле

Башында болгон бузукту,

Кылычты илдим билекке,

Көк мүрөктү бир топ эл

Кайын чыкты тилекке.

Айбалта илдим бармакка,

Бел байладым арбакка.

Курманкожо, Кулжыгач,

Кулагым кунун алганда.

(жылкы тийип алганы барганда, саяктын колуна түшүп, саяктын кемпири кулагын кесип алганда солто бүткөргөн)

Көлдөн жүрүп 1000 кол,

Атбашы, Чүй, алыс жол.

Үч Кошойдун бөксөдөн

Эңкейе түшүп уй чаптым,

Эртеги өткөн эр Манас,

Не жеринен кем калдым.

Аралаш чаптым солтону,

Кыргын кылдым ошону.

Чебин бузуп олжо алдым,

Карабашыл койду алдым,

Жылдырып жылкы айдадым,

Ормонго кылдым далайды.

Таштанбек менен кара көйнөк

Канайды, Төрөгелди Жантайды,

Жылкысын тийип үй чаптым.

Анжиан жолун каңгыдым,

Көгартты көрүп айныдым.

Сары таман атты алдым.

Кашкардын жолун кайгыдым,

Карасуу көрүп айныдым,

Чүйдүн жолун тосондо

400 төөдө жүгү бар,

Кырк эки кербен сартты алдым

Мунун кеги болбосун,

Бу жагына бек болсун.

Баспаган кайсы жер калды,

Албаган кайсы эл калды.

Алтымыш уч жашымда,

Ормонду сойдум жашында.

Куу найза учун кан кылдым,
Адамды соргон чок Ормон,
Кудургунун дөңүндө
Курсакка сайып жай кылдым.
Ормонду Балбай сойгондо
Алакандай бугуну

Күнкор кылып койгондо,
Көлдөн бугу көчкөндө,
Үркүп Текес кеткенде
Кайрылып аштык албадык.
Коңур салкын күзүндө
Сары жонду талашып,
Малдын баары адашып,
Алты күнү жатам деп,
Мал шордотуп алам деп,
Жылкылуу жылдыз көчөрдө,
Койлуу сыртты ашарда,
Төрт урукта шер чыгып,
Төрөгелди Шербото,
Төмөнкү элден эр чыгып,
Он жашынан наркысын
Такыр кырып салам деп,
Эркекке найза карматып,
Жамыратпай козусун
Жакшы байлап алгын деп,
Катынга көгөн байлатып,
Үй көчүрүп мал айдап,
Санташты бойлоп конгондо
Өлгөн Шорук өзү бар,
Түптү бойлоп конушуп,
Бүткүл бозум баласы
Сарбагышка болушуп,
Ормондун кунун бергин деп,
Арага элчи салганда,
Элчиге катаган Мамек барганда,
Муратаалы, Тилекмат
Эки башка топ болду,
Калктын кеби токтолду.
Ормондун куну сан жылкы
Чаң тийбес 500 ат,
Бирге тору сур айгыр,
Ала турган окшоду.
Байым уулу Байгазы,
Эрденеге сабаттым,

Ормондун кунун бербейм деп,

Кылган тобун тараттым.

Чапмак болду Сарбагыш,

Караан болбой түн катып,
Каркыранын алкымда,

Каркайып арык качканда,

Сарт жолдун белин ашканда,
Кеткен Балбай аргасы,

Калган Белек баласы.
Азан убак болгондо

Ормондун чоң мылтыгын атканда, Дүңгүрөп Бугу качканда,
Башымды оромол менен бек таңып,

Чаначымды байланып,

Ошол жолу журтумду
Алдырам деген кообум бар,

Найза саяр алым жок

Он колумда айыкпаган оорум бар.

Эзелден жоодон качпас бар
Сур айгыр санга бир салып,
Эл алды качып калганын,
Эртекенин белине,
Тан жарыла баргамын.
Аттан түшүп олтурдум,
Күнгүрөнүп арбакка,
Ошондо куран окудум,
Өңчөй келин, сулуу кыз,
Эл алды качкан жесирлер,
Өтүп турду чуркурап,
Качпай турган жеңелер,
Алар келди зыркырап.
Чунак тукум чыкпай кетти деп,
Анан найзаны кыйгак тоштотуп,
Эр бүлөнү токтотуп,
Белектен калган алтын туу
Адейи алып тактырдым.
Өзү да күлүк сур айгыр,
Эрденеге мингиздим.
Өзбектин Саратын,
Өзүм миндим ошондо.
Балбайлап ураан салганда,
Кайыптан Бугу жаралган,
Кайта качып калың кол
Аты солто, сарбагыш,

Мен шордуудан кырылган.
Кызыкты журтум көргөндө
Найза тийип жаркоодо,
Кыдык, Намазбек баатыр өлгөндө,

Тым чыгарбай солтону,
Кыргын кылдым ошону.
Кетирбей кегим алгамын,
Кетсеңир менен Шарпылдак,
Экөөнө дейре сайгамын.
Эрдигим элге билгиздим,
Аксурунан айрылып,
Каркырадан жөө калды.
Төрөкелди баатырды,
Көк букага мингиздим,
Инек уй менен бош айдап,
Алты ай багып жаткамын,
Кур дүрмөттү ошондо
Нече ыргыта атканмын.
Туугандын күнүн тындырдым,
Балбансынган Төкөңдү

Бутун үч жолу толгоп сындырдым.
Коңур салкын күзүндө,
Мени өлтүрөмүн деп,
Чогулуп бугу келгенде
Сарбагыштын журтуна,
Айылдын чети чабылып,
Анча-мынча баш кетти,
Катын-бала жаш кетти.
Арага Кокон салалы,
Элчи кылып Коконду,
Төрөкелди баатырды
Бетке кармал баралы,
Башты жыйып алалы,
Алматынын ак мазар
Сөөгүмдү аманат кой башында,

Ачып алгын жазында.
Чаркың келсе жүз келгин,
Сөөгүм ачып ала көр,
Ысык Көл алып бара көр…

## 0.25 АДИЛДИН ОРУСТАН ӨЛГӨНҮ

Сарбагыш кыргызынан атактуу кан ичер манаптын бири Адил болгон. Жаш кезинен баатырлык кылып, бугу, сарбагыш согушунда Төрөгелдиге такоол болуп элге кайрат берип, бугу мырзаны согушта өлтүрүп башын кесип байланган. Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабактын кунун кубалап, Турпанга барып эл чаап, көп мал, төө алып кайткан. Өкмөт орустун колуна өтүп, баштагыдай кедейди эзе албай, олжосунан калган соң Балбай Маймыл менен астыртан сөз жасап, үчөө үч урук эл солто,

сарбагыш, бугуну бузуп, бул кеңешке Шабдан жана кокондуктан Мамыр дагы кирип, оруска бузуш салмакчы болуп, эгерде жеңилсек, Кашкардагы Жакыпбекке же кокондукка карап кетели деп Кеңешип жүргөндө Адилдин Семетей деген жигити улукка айтып койгондо падыша өкмөтү кармап, 1875-жылында Алматага алпарып набактыда бир канчалык жаткан соң уу берип өлтүргөн.

## 0.26 РОССИЯ КОЛОНИЗАТОРУНУН ПАРГАНАЛЫК КЫРГЫЗДЫ КАРАТКАНЫ. ТҮН ЖАК КЫРГЫЗЫНАН АЛЫНГАН КАБАР

Түн жак кыргызы менен Сырдайра (Ташкен, Чымкент, Түркстан, Олуя Ата) облусун, Самаркан облусун каратып, 1867-жылдан баштап эл эсебин алып, кара жол салып, ар кайсы жерге бекет орнотуп, оторчу өкмөтүнө каяша берип, каш кайтарар киши калбаган соң бул жактан көңүлү тынып Алты шаар (Кашкар, Жаркен, Котон, Аксуу, Турпан, Бай, Куча, Карашаар калкына Жакупбек хан болуп, элди сурап, алардын согуш жарагы Заманына жараша жана маданий тарабы күчөп бара жаткандыктан, бир жагынан түн кыргызынан оторчуга карабайбыз деп бузук салып качып жүргөн киши болгондуктан, экинчиден, Кокон хандыгы менен Кашкар өлкөсү соода жана саясый жагынан кокустан биригип кетүү этималы бардыгынан көбүнчө Паргананын пахта жана чийки заттарына (сырьё) кызыгып, Кокон хандыгы өз ичинен бузулуп турган пурсаттан пайдаланып, түп максатын Индистанга жакыныраак чекти кеңейтмек үчүн Россиянын оторчу аскер 1875-жылында Парганага чабуул кылды.

Кокон хандары эзелтен көбүнчө кыргыз, кыпчактан боло келип, кийиз туурдук көчмөн кыргыз, кыпчак «таглыктан» болгон. Маселен, Малахан, Шералы хан, Кудаярхан ж.б. Булардан буруп кыпчактан Мадалы хан ж.б. болгон Кыргыз кыпчак Алымкулдун сөз аралашып, 1862-жылында адигине кыргызынан Алымбек-датка, Мундуз кыргызынан Дос, түрктөн Кудайназар болуп, 24-февралда дүйшөмбүнүн түнү Малаханды өлтүрүп, ордуна 15 жаштагы Мураткан Сарымсак хан уулун хан көтөргөн. Мындан хандыкты Алымбек датка алып, Коконго хан болгон.

Бул кабарды катыны Курманжан датка угуп, Коконго келип Алымбек даткага: «Бул эл бузулган эл эле, Коконго хан болдум деп кубанып калбастан, кыргызга барып өз элиңизди сураңыз, мында турганда Кокондон тирүү кайтпайсыз», — дегенде Алымбек датка макул албаган. Курманжан датка: «Сиз тирүү келбейсиз, акыретте көрүшөлү, кош», — деп бура тартып жүрүп кеткен.

Мындан бир аздан соң Алымбек Кокондо, ордонун ичинде хандык кылып, катаган Кыдыр менен олтурганда кыргыз кыпчак Алымкулдун жигиттери Чотон менен Миңбайды жиберип күндүз өлтүрткөн. Таласта коён токойдо таякесинде жүргөн он үч жашар Шералыны алып барып хан көтөргөн. Анан соң анын Насырынбек деген баласын хан көтөргөндө аны кыргыз Болоткан өлтүргөн. Болотканды 1875-жылы орустун оторчу аскери өлтүрдү.

Ушинтип, Кокондо 1862-75-жылдарга жете беш-алты хан болуп, эли уруш-талаш, жаңжал менен бирлиги кетип турган.

Алматыдан орус аскери Парганага жүрүп баратканда түн жак кыргызынан кан ичерлер Шабдан Жантаевге Далбай Баяке баштык 400 кишини алып кеткен. Кыргыздын максаты биринчиден, өзбекке мурунтан кыргыздын пайдасын тарткан үчүн андан мал-бул алмакка, экинчиден, баш кишилери орустан чен медаль алып, ошонун аркасында кедей-дыйканды эзмек болгон. (Бул 400 кедей-дыйканды бул жерде талап, алардын канын соруп, ошону менен жашаган залимдер Шабдан, Баякенин жигиттери болгон). Кашкар ханы Жакупбек келет деген кооп менен Атбашыга оторчулар 500 аскер койгон. Буларга жардамчылык кылып, азык-түлүк тамагын ирettемек үчүн канчалык кыргыз жигиттери менен Шабдандын бир тууган агасынын баласы Алагуш Мырзанын уулу турган. Орус аскерине жандыралы Скобелев баштык болуп кол алдында Куропаткин, Штакельберг, Гернибал ж.б. болгон. Аскер келе жаткан жолун бийик тоонун башынан миң чамалуу паргана кыргызы тосуп,

алдындагы каптал жол менен орус аскери чубап келе жатканда тигилер жапырт таш кулаткан. Кулаган таштан өтө албай аскер токтоп калганда «кайтпа!» деп генерал команда берип, кылычын сууруп, ала каптал кыя менен чуу дегенде аскердин баары түктөп калып, артынан Шабдан жалгыз жөнөгөн. Буларга жамгырдай кулап келе жаткан таш тийбеген.

Генерал тоону кырдай жогору карап, алты атар менен аткылап чакырганда, кыргыз качкан соң аскер өткөн. Жетим хан деген бири 500 чамалуу аскер менен жатканда Шабдан баштык отуз киши капилет чукулунан камындырбай мылтык атып качырып чык-канда, тигилер абдан шашып, калып, уруша албастан быт чыт болуп бет-бетинен качканда Шабдандын Кулан деген жигити (уругу чертики) аттону менен аман-эсен Жетимханды кармаган, алып келип аскер баштыкка тапшырган.

Шабдан, Баякенин аракети боюнча Болотхан кармалып, аны орус аскери өлтүргөн.

Курманжан-датканы кармап келип, сурак кылып: «Балдарыңызды эмне учун качырдыңыз?» — дегенде Курманжан датка айткан: «Баланын өзүн туудум, акыл-кыялын бирге туубадым», — деген. «Балдарыңыз келеби, келбейби?», — дегенде: «Энеси железе турса кулуну кайда кетмек эле», — деген.

Улуктар бир үйгө камап койгондо Шабдан сурап: алып, башка үйгө багып турган. Үч-төрт күндөн соң улуктар жакшы сөз менен коё берген. Парганалык өзбек, кыргыз, түрк, кыпчак урушуп, орус аскеринин күчү кетиңкиреп турганда жедигер уругу кыргыздар: бизден башка бүткүл Тагай баласы оруска карады, биз орустун бетине калдык деп кенешип, оруска эркинче багынган. Жана да караңыз деп өзбектерге арачы түшкөн соң далай өзбек карап кеткен. Карабаганды согуш менен караткан. Карабаймын деп, Мамырбай Мергенбаев баш тартып качып калган. Өзбектердин ичи ала болгондуктан жакшы согуша албаган. Бирок Кожент мурун, 1866-жылында 12 күн согуш болуп, соңунда эртең менен түшкө жете катуу согуш кылып, эки жактан көп киши өлүп кетип, анан соң бети жок болгон үчүн өзү дарбазасын ачып берип караган.

Парганага барган феодал Шабдан жана бүткүл кыргыздын айтуунда Паргана өлкөсүндө кыпчактар беттешкен. Катуу согуштар болуп турган. Согуштар-да Шабдан кан ичер көбүрөөк аракет көрсөтүп, ишенимдүү болгондуктан 1875-жылында, август айында Букарага караган каратегиндикке (Тажикстан) элчи кылып жиберген. Шабдан барып, улугунун ордосунда кече кун жатып, эл ичи чоң бузук экен — аларды жараштырган. Улугу Шабдан кетээрде: каратегиндин эли жарды, жери таш, кум экен деп айтып барыңыз, деп өтүнгөндө Шабдан макул алып, кайтып келип айтканда ал жерге кошуун барбастан токтоп калган. Бул сапарга Парганага Кауфман, Черняев ж.б. бир далай чоң жандыраалы, полковниктер келип катышкан. Барган кыргыздар мындан бара жатканда жана кайра келе жатканда жолго жакын эл отряд келе жатат деп үркүп кетсе да Тогуз Торо, көбүнчө Нарын, Жумгал, Кетмен Төбөдөгү элди ат алуу, союш, отун, уй тик деп кедей-дыйкан чарбаларды аябастан талаган. Парганадан мал-мүлктү көп алып, аны олжо ойлобостон, көбү катын, кыз алып кайткан. Маселен, Шабдан, Балбай, Алагуш, Боронбай ж.б. барган кыргыздан талоончулук зомбулукка жана кайратка мактоолуу болуп, көбүнчө тынай уругу эсептелген. Ошол чакта «таанысаң тынаймын, тааныбасаң кудаймын» деп Шабдандын жигиттери айткан. Шабдандын полковник чен алмагына кийин 1883-жылында Александр III падыша болордо Ленинград, Москвада турган, мурун согушта жүргөн төрөлөр зор далалат кылып, чен жана медаль менен сыйлаган.

Паргананын оруска карагандыгың буга чейин кыргыздын оозеки кабарынан жаздым. Эми мындайча караткандыгын тарых китептеринен алып төмөндө жаздым.

## 0.27 ПАРГАНАНЫ КАРАТЫП, ОРУС ОТОРЧУЛАРЫНЫН ОРНОШКОНУ

Байыркы заманда Паргана аталып, соңунда Кокон хандыгы атагын алган өлкөнүн маданиятын орустар аңдап, илгертен кызыга келген. Кокон хандыгы кээде өзүнчө болуп, кээде букарага карап

турган. 1866-жылында орустар Кожент, Ура Төбө, Жызакты жараткан соң Кокон ханы Кудаярхан өзүнчө хандыкмын деп санап, Букарадан байланышын ажыраткан. Букарадан ажыраган соң мамлекет пайдасын кылбастан, элин талап, зулумдук өткөзгөн үчүн чыдай албастан эли каршы чыккан. Каршылыкты көбүнчө кыргыз менен кыргыз кыпчак көрсөткөн. Элдин мизи кайтып калганын Кудаяр хан назарына албастан, бузук салган кишилерди өлтүрүп турган.

Ташкендин жарым падышасы Кауфман 1875-жылы полковник Дмитрий Михайлович Скобелевди 22 казак орус кошуп, дипломат төрөсү Кудайберди эки сүрөтчү менен элчи кылып Кудаяр ханга жиберген. Ал чакта кокондуктар ичинен бузулуп, бузукуларга Кудаярхандын баласы Ош, Наманген, Анжыян калаалары жана Кокон хандыгын бүткүл аскер баштыгы аскери менен кошулган эле. Жана дагы кокондуктар каапырларга «казат» ачкан чагы эле. Ошол себептен орус элчилери кыстоодо калган. Орус чегине аман өтөөр бекемин деп, Кудаярхан Кожентти көздөп жан-жөкөр «ак таяктары» менен качканда Скобелев бирге жүргөн. Кудаяр хан качып кетсе, кокондуктар алымсынбастан, Мурза Рабат деген бекетин талап алганда аны Яковлев деген старостасы бир нече кокондукту өлтүрүп, эрдик, көрсөтүп, акыры кокондуктар аны кылычтап өлтүргөн. Мындан соң кокондуктар. Кожентке чабуул кылганда анда турган орустун гарнизон аскери кайра жапырган соң кокондуктар ар кайсы жерге талоон коюп, кол салып Олуя Атага жете барган. Буларды Кауфман кайра кубалап, Коконду алмак пейил менен Кожентке келди.

Сырдарыянын боюндагы Паргана жана Самаркан чегиндеги кокондуктун Махрам деген коргонун 22-август 1875-жылы биринчи болгон согушта эрдик көрсөтүп алганы «үчүн атчан аскер баштыгына Скобелев дайындалды. Махрам бекети каратып, оруска чындап орношкон соң Коконго барды. Махрам согушунда мизи кайтарылган кокондук согушсуз карады. Бирок. мындан башка калаалары карабаска бирлешип каршылык кылгандыктан, Кауфман аскери менен Маргалаңга келгенде алар өз эркинче карады.

Абдупача тоодогу элди жыйып, оруска каршы турганда Скобелев тезинен барып аскерин таратып, эзел-ден чегине душман жолобогон Ош шаарына келгенде алар дагы ыктыяры менен карады. Мындан соң эл-журт тынчыгансы калып, Кауфман кокондуктар менен сүйлөшүп, Сырдарыянын тун жагы Наманген шаары кошулуп, оруска карасын деп анда Скобелевду. улук кылып орустун колуна өткөн шаарларды кайтадан Кокон хандыгына калтырды. Орус аскери кайрадан Сырдарыянын түн жагына өткөн соң, кокондуктар Намангенден алтымыш чакырым жерде Анжиян шаарынан бузук чыгарып, оруска каршы көтөрүлдү.

Ушул себептен жандыралы Троцкий менен Скобелевге кокондукту чындап үйрөтүп, жазасын берип тыйбагыла, деп Кауфман буйрук кылды. Кокондуктар басылбастан бузук салып турганда орус аскери Махрамды чындап каратып, Скобелев тезинен кыпчакты басты. Орус аскери Намангенден кете замат анда кокондук менен кыпчактар баш көтөрүп, орустун калган гарнизон аскери үч күн камап турганда Скобелев барып куткарды. Ар кайсы жерден кокондуктар көтөрүлүп, бузук салып, Маргалаңда колго түшкөн орустарды мусулман болгун деп мусулмандар өтө кыйнаган. Кыш мезгили 25-декабрь 1875-жылында Скобелев аскери менен аттанып барып, чындап согушка киришкен. Акыры Парганаы орустар бүт күлү менен караткан.

Бул согушта Скобелевден башка Меллер, Закомельский, Пичугин жана Куропаткин эрдикке чыккан 9-январда 1876-жылында орустар каптан кирип Анжиянды алган. Андан барып Аксикентти алган. Анда соң Абдупача өзү келип, Скобелевге баш ийип, тоодогу элди баш коштуруп, Болоткан бузук салын турган. Кокондуктар оруска каршы баш көтөрдү деген кабар угуп, аны чындап каратуу чарасына кирушти Император Александр II тактыга мингенине 19-февраль 1876-жылында 22 жылга толгон урматы үчүн Кокон хандыгын бүткүл каратып, Паргана атагын бешке ыглап (жарыя) кылды. Мындан соң Скобелев тезинен Ош шаарын алды. Соңунан бузуку Болоткан колго түштү жана канчалык чарпышуулар болуп Скобелев чоң эрдик көрсөттү. Ушул себептен Парганада биринчи жандыралы болуп бекилди. Пargананын күн чыгыш чеги-азыркы чеги болуп, күн жүрүшү Ала

Тоонун күн жүрүш жагынан өтүбүрөөк болду. Памир (Саркол) тоосу кыргыздын көчүп жүрөр жери үчүн Кокондукка бекилип, Россия эсебине өттү. Күн жүрүш жагынан анык чети орус, англис жана Ооган мамлекеттеринен шайланып келген кемеси аркылуу 1895-жылында биротоло бекилди.

## 0.28 ЖАКУПБЕК

**(Бадөөлөт-аталык казы)**

Кыргыздан бир канчалык киши Жакупбекке карайбыз деп аракет кылгандыгы көрүнчү. Бир тараптан Кыргызияга чектеш болуп, анда да кыргыздар бар болгон себептен, Жакупбектин ким экендигин тарыхтан[1] алган кабарды төмөндө жаздым.

Ташкенге караган Искен кыштагында Латифа деген өзбекти Кокондун ханы Анжиянга караган Кал деген жерге сүрүп жиберген. Анда айдалып жүргөндө Жакупбек туулган. Атасы өлгөн соң Жакупбек ар кайсы чайханада ырдап жүрүп, кийин Азырбектин аскерине жигит болгон. Кызматы жагып, акылдуу экени көрүнүп, Чыназга улук кылган. Андан Олуя Атага улук кылган, андан Ак Мечитке улук болгон. Анда турганда кербен жолу болгон үчүн бажы жана зекет алып, абдан байыган. Анда Ташкенге чакырылып, баатыр баштыкка бекиген. Мында Коконго хан алдына чакырылып, башка мамлекеттен келген элчилер туруучу үйгө башкаруучу мансабына өткөн. Бир ай турган соң Кожентке бек болгон. Ушул жылы өзбектер (кыпчактын кырган) Кудаяр ханды түшүрүшө далбасалап, Кудаяр кал билип калып, аскер буйруп Жакупбекти Коконго байлап келгенде, түн ичинде байлаган арканды тиштеп чечип, Сырдарыяны кече Букарага качып барып, үч жыл туруп калган. Анда Ташкенге кайра келгенде бир бектин тиленүү боюнча Кудаяр хан күнөөсүн кечкен. Мындан соң үч жылы бекер жүргөн. Ташкенди орус албастан, бир жыл мурун 1863-жылы 500 аскерге Кудаяр хан баштык кылган. Мындан соң кыргыз кыпчак Алымкул Кашкар элинин пейилин өзүнө тартмак үчүн Кашкарга жиберген. Ал жакта Кашкардын ханы Үрүмчүдөн буйрулган Дооту ахун деген дунган болгон. Үч айдан соң Дооту ахун Үрүмчүгө кетип, бул пурсаттан пайдаланып Жакупбек Кашкардагы Дооту ахун өкмөтүн жоготкон. Дооту ахун кайра Кашкарга келгенде аскери аз болгондуктан Жакупбек Кашкардын чебинде камалганда Кокон бегинен Мухаммед эми келип куткарган. Ал кезде Ташкен оруска карап, Алымкулдун жыгылган чагы болгон.

## 0.29 ЖАКУПБЕКТИН ТАРЫХЫ

Жакупбек кушбек Ташкендин Искент кыштагында туулуп, кыпчактан Нармуханбет Ташкенге кушбек болгондо кызматына алган. Ташкенге Канаат улук болгондо жүз башы болуп туруп кызматы жаккан. (Болжолу 1847-жылы) 22 жашында Жакупбекти Ак Мечитке улук кылган. Деңиздин балыгын саткын деп, орустар келгенде 40 мин. дилдеге Жакупбек саткан. Казактан зекет, үшүр алганда көп жабырлык көрсөтүп башка жол менен дагы малдарын талаган. Жаупбектин үстүнө чыгым болуп, Кокон хан байлап кел деп буйруганда Букарага качып кеткен. Андан Малахан менен Коконго келгенде Кудаярхан Кожентке бектикке буйруган, анда турганда ушак болуп каралаарда Сыдарыяга түшө качып, Букарага барган. Кудаяр хандын каары келип кармап бериңиз деп Букарага кат жазганда Букар ханы зынданга салган. 8 айдан соң Букар ханы Шаар Сабитке кошун тартып жүргөндө бүткүл күнөкөрдү зындандан чыгарган. Букар ханы Жакупбекти көрүп, паңсаттык даражасын берип согушка ала кеткен.

Согушта эрдикке чыгып, көп сый алган. Кудаяр хан менен Жалахан бузулушканын угуп жана өкүмөткө Алымкул өлгөн кабары алынып, Самарканга барып зыярат кылып келемин деп, Букар ханынан уруксат алып, андан кыргыз Алымкулга барган. Ушул кезде Куча бузулуп, Рашиддин кожо

[1]Из записи вост. отд. Импер. Русского общ. вып. 1—IV, 1899. 94—96- б.

хан болуп, Кашкарга кыпчак Сыдыкбек бузук салып, Кытайды сепилге корготуп Котон ханынан кожо сурап, Кашкардагы Парганага каратамын деген арызы келген экен. Ошол себептен кыргыз молдо Алымкул аскер берип, Бузулук хан Кашкарга жиберген. Букар ханынан Жакупбекти кармап бербесең Парганань чабамын деген кат келгенде кыргыз Алымкул кушбек манабын берип. Жакупбек бүткүл Алтышаарга хан болуп. аталык казы Бадөөлөт деген даражаны алып, Черчен, Санжу, Котон, Жаркент, Кашкар, Аксуу, Турпан, Бай, Куча, Шая, Бугур, Корла, Карашаар, Үрүмчү өлкөсүнө хан болуп, башка мамлекеттер менен катышып турганда Нияз акымбек деген бектин кастыгы боюнча Жакупбектин жайчысы 1877-жылында уу берип өлтүргөн.

Мындан соң ичинен бузулуп турганда, кытай аскери келип багынтканда, андан дуңгандар кыштын күнү азап менен качып келип, Россияга таби болуп, Каракол, Каракоңуз, Сокулукка орногон. Кашкардан Россияга эл качканда колу жаралуу болуп калган кан ичер Кенеханын Султансадык деген баласы (Ташкенден качып, Кожент барып, андан Самаркан, Букарга барып, хивалыктар Россия менен согушканда ичинде болуп, канчалык эрдик көрсөтүп, андан Түркмөнстанга барып, андан Герат басып Кашкарга барып, Жакупбектин келинин алган) сунган моюнду кылыч кеспейт деген тилек менен кайра келгенде Кытайдагы согушта болгон колунан жарасын доктур айыктырып, Россия өкмөтү күнөөңдү кечти, Чымкендеги тууганына барып тура бергин деп уруксаат кылган.

## 0.30 БАЙ, МАНАПТЫН КЕДЕЙ НАЧАРДЫ ЭЭГЕНИ, ЖЕР ЭЭЛЕГЕНИ

1885-90-Жылдарда жумуш кылмакка Токмокко келе жаткан кедей жардыны Шабдан кан соргучтун жигиттери же туугандары, бала-чакалары жолдон кармап алып, акысына бир тыйын бербестен, зорлук менен айдап жумушка салган, Жумушка салат дел түн катып качып келе жатып жөө Чүйдүн суусун кечип, агып өлгөндөр болгон.

Мен 1889-жылында Чоң Кеминден Ак Бекеттеги эгинчилерге тамак алып келе жатып, абыла уругунан тун катып келе жаткан Кенжетай Саманчы уулуна жолдош болдум. Азыркы Быстровка тушунан түн ортосу ооганда кечтик. Ошондо бир жолдошумдун аты суугa агып өлдү. Шабдан Жантай уулунун зулумдугуна чыдай албай 1891-жылында атаке эли бөлүнгөн соң алык-салык чыгымы андан күчөгөн. Кайсы дубанда болсо да карыздар болуп бара жаткан манап ак чер уу, кара черүү деп элди эки тарап кылып чыгым бербеске, жалпы элди башка болуш кылып бөлмөккө аракет кылып, тилегине жетсе-жетпесе да, акыры эки тарап манаптар жарашып туруп, эки жагынын демейки болгон чыгымдарын кедей чарбага салып алган. Ар түтүндөн эң азында бир жылкыдан чытым салып алган. Алган мындай чыгым бөлгөндө болусной съезд ачып, бийлерди олтургузуп, элди сияде менен коркутуп, ким чыгым бербесе, кежирлик кылса, 18 айга набакты кескен Өкмөттүн салыгы ар жылына 8 сом болсо, манап, болуштун салыгы 20 сомдон ашкан. Салык-чыгымды бербеске кедей жардыда айла жок. Сиядан качыш, арызга барса сыртынан кесет. Участковой уезд судья жандыралга (генералга) чейин барсаң, же арыз берсең, «арызчы митаам» деп ооз мурдуңду канжалатып, кеңселерден уруп-согуп чыгарат, катилешкеге камап коёт. Манап менен болуштун сөзүн сүйлөйт (ушундай болуп мен дагы далай катилешкеге камалдым). Чыгым бербеске тырышып, көбүрөөк арыз кылган кедейди уруп-согуп. баканга таңып, сабап жүрөгүн калтырган, Манаптар, болуштардын чыгымына чыдай албай, көбү крестьян болобуз, казак орус болобуз, оруска кошулуп жазылайын деген (Жылма молдо, Алыке, Жейрен молдо). Эгерде кедейден манапты урган болсо, аны өлтүргөн (Маселент Муңайтпас Жантай уулу). Момой уругунан Кара устанын инисин өлтүргөн, жаки Шиберге (Сибирге) айдаган (Маселен, тынай элинде Мадыра деген). Улуктан кордук көрүп, кайта үйгө келсең бүткүл хан ичер манап, болуш, старчын, бай, атка минер баары да, манаптын дос-тамыры, сөөк тилектеши муну көрүп, астын жар, аркаң көл, эки жагың зоо, орто жерде калган бактысыз шордуусун. Бир болушта 4-5 атактуу кан ичер манап болсо, айылды 2-3 кан соргуч, он түтүндө бир эки атка минер болгон. Алардын пайдасына манап, жаки болуш ондон бирин калтырса, өз айылын, өз туугандарын уруп-согуп жатып, тигилердин

пайдасын иштеп аткарып берген. Кедей-жалчы чыгым төлөй албастан нечен жылга чейин болуштун отунун алып, суусун куюп, эгин-чөбүн жыйып берип турган. Малай болуп байга, манапка катын-баласы менен күң, кул болуп кеткен. Мунусу аз чыгым төлөй албай кедейлер кээ чакта катынын коё берип, андан алган малын бай-манапка чыгым үчүн берген. Анын үстүнө манаптар, молдолор зекет, үшүр элден жыйнаган. Өз жанынан чыгарып эмес, кедей, орто чарба дыйкандардын малы менен мечит салдырган. Маселен, 1907-жылында салынган Шабдандын мечити 15 миң сомго, баасы 5 миң койго жеткен.

## 0.31 МОҢОЛДОРДУН ЖЫЙЫЛЫП ЭЛ БОЛГОНУ

Адигине, Тагай заманынан башталып, асык, черик, моңолдор, коңурат курала баштаган. Ошондон соңку заманга жете саяк менен чериктин Адигине, Тагайдын балдарына моюн ийбестен, ар жааттан тиричилик тагдыры өз бетинен жашап келип, асык, коңурат, моңолдор уруктары соңку заматта жете (асык 1896-жылы куралып, өз бетинче коңур ат Октябрь өзгөрүшүнүн аркасында теңдикке жетти) бай, манап кан соргучтардын талоон-кордугунда болуп, башы, кул, кун, малы олжо катарында тиги залимдердин эркинде жүрдү. 1864-69-жылдарда бугулардын Зарыпбек султанына барган сарбагыш өкүлдөрүнө аткошчу болуп, моңолдор уругунан Жакыпбек барат. Кан ичер Ормондун куну тууралуу маселе козголгондо сарбагыштын таламын талашып). Жакыпбек сөз айтат. Муну угуп, үйүнө келгенде кожоюну, сарбагыш феодалы Ырыскулбек сенин сарбагыш таламын талашып, айтышкан сөзүң үчүн чачырап кеткен моңолдор уругун ар кайсы жерден чогултуп, бир айыл болууңа мен убада бердим деген. Ошондон баштап ар кайсы манаптын эшигинде кул, күң катарында кызматын кылып, тентип жүргөн моңолдордун кедейлери, орто чарбалары жыйырма жыл катары менен аракеттенип ар кайсы элден терип, жыйнап, акыры 1881-83-жылдарда Нарынга жыйылып, өз алдынан эл кылып курашкан.

## 0.32 1894—1916-ЖЫЛГА ЖЕТЕ ШАЙЛОО ТАРТИБИ

Манаптар кедей, орто чарбаны эзмек үчүн алардан чыгым алуу максаты менен шайлоо кезинде эки бет болуп урушканда, эгерде бир жагынан киши өлгөн болсо, улук алдында жалаа жаап, жалгандан өлгөн кишиге оро-пара кылмак үчүн өз жагындагы кедейден жаки кулунан бир киши өлтүрүүчү. Кээ бир манаптар кедейлердин сезип алып коркутуп, мындай кылышкан: эч бир жумушу болбосо да улуктар уезд, помощник, судья, участковой жана ошондойлордун эшигинин алдына өз жигитине атын карматып коюп, улуктун үстүнө кирбестен, анын балдарын көтөрүмүш, эркелетимиш болуп, төрт-беш саат элге көрүнбөстөн тура берген. Мунун атын көргөн караңгы кедейлер: «Баланча манап улукка абдан жакын экен, аны улук баласындай көрөт экен», — деп ал кан соргуч канчалык чыгым салса да макул көргөн. Мындай манаптар маселен, Чыныбай Тилекмат уулу, Дүр Сооромбай уулу. Жол тазалоо, казыналык бадырат манаптардын олжосу болгон. Сырткы болуштар Суусамыр, Каракече, Жумгал элдери сыртта болсо да Боом капчыгайынын тийиштүү жолун тазалоо, башка болуштар катарында ал элдердин мойнунда болгон. Алар Кара Кече, Суусамыр, Жумгалдан алыс болгон себептен Боом капчыгайына жакын турган элден бадыратчик коюп турган.

Манаптар, болуш-бийлер баякы кедей, кара чарба букаралардын канын соруп, этин жемек үчүн шайлоо ишин колдонуп, болуш, бий, старчын болмокко жыйындар кылып, болуш, бий болуп өз тарабынан, тилектешинен, сөөк-тамырынан страчын, бий, элүү башы шайлап алып, кан соргучтарды бир ооздон кылып ала чыгарбастан элди кымтып, бардык чыгымды журттан алып, башка дагы тилеген максатына жетип турган. Эгерде эл эки тарап болсо, өз жагынан элүү башы (выборный) арттырмак үчүн ар айылдан эки тарап кылып, ичинен жик салып, тамырлашкан. Бир түтүн киши 100-200 сом же төрт-беш карага жете пара алган. Кээ бир уятсыз митаимдер катын дагы алган. Бул тууралу макал: «эки эл тарап болсо, эптүү жигит катын алат» деген. Эки кишини талаштырып,

ортодон ыгын таап бирөө болуш же бий болгон. Шайлоонун көбү уруш-талаш, киши өлтүрүү, байлап, катып коюу менен өткөн, айыл чапкан, мал тийген. Шайлоо үч жылдык болуп манаптар, бийлер, болуш (залим кулак) бүткүл кайратын, кубатын шайлоо ишине жумшаган, Шайлоодо жегендер жеңилген жагынан ат жыгып, киши уруп, билгенин кылган, зулумдугун аябаган. Келген улукка аны ак эшикчи, тилмеч, бесир жана башка кызматчыларына жыгылган жагынан ылоолоп, жыгып ат мингизген. Канчалык болсо да ал ылоо кайта ээсине кайтарылбастан, көбүнчө кедей-дыйкандан болгондуктан колуна тийбестен жыгып алуучулардын пайдасына кеткен. Шайлоо өткөн-соң мурдагы берген парасын эки-үч эсе кылып кедейлерден алышкан. Көп убакта жыгылган жагы жыгылар замат корkконунан бири калбай жоо келе жаткандай айылына качкан. Кээ заманда жыгылган жагы жыгыларына көзү жетсе шайлоого киши келбестен өзү жагынан элүү башын чыгарбастан качып жатып алган. Мындай болгондо эгерде аларга улуктан жардам, болбосо үстүнөн протокол кылып Каршиберге айдаткан. Тең чыгып калса кара көтөн карматкан. Же параны көп бергени жеңген, Көп убакта жыгылган жакка арага башка манап, болуш (зулумдарды) салып жарашкан. Эгерде жарашпастан тирешип калса, болушпай съезд ачып, бүткүл бийлер өз жагынан чыккан үчүн не түрлүү бүтүм чыгарып коркутуп жарашкан. Жарашкан соң шайлоого кеткен бүткүл чыгымын кара букара кедейдин мойнуна бирин эки-үч кылып салган. Кээ бир кежирленген бербеймин деген жалгыз-жарым кедей болсо, 12-18 айга жете набактыга кескен. Эгерде съезд аркалуу жарашпаса, дуван съездинде жалган жеринен доом бар деп, анын тарабындагы кедей чарбаларды чакырып, съездге салып коркутуп салган чыгымын алган. Дуван съездинде дуванды тегеретип билген кан ичер манаптардын арааны жүрүп, күнү тууп айтканы болгон. Тирешкен, тиктешкен эки тараптын түйүнүн чечкен. Эгерде дуван съездинде жыгылган жактын эл-журт, улук алдында кадыры кем болбосо, дуван съездинде дагы моюн ийбестен эрегиш нечен жылга созулуп, келерки шайлоого жете ортодо кедей-дыйкан, орто чарбалардын баары да манап, болуштун ыгым-чыгым, алык-салыктарына таланган. Мындай эрегиште көп убакта элди эки бөлүп, өз алдынан башка болуш, эл болуп бөлүнгөн. Эгерде бөлүнө албаса, акыры чындап жеңилип, көп чыгым болуп, чыгымын элден ала албастан, эли болсо корkконунан жыккан тарапка кирип кетип, баш көтөрө алгыс болуп, бир жолу жеңилип, чала. манап болуп калган. Көп убакта эки тарап болгон манаптар шайлоо өтө замат тезинен жарашып алып, кара букара, орто чарба кедейди салык-чыгым менен канын соруп талаган.

Шайлоого жаңы тизме тизгенде, түтүн арттырып, каршы тарабын жеңмек үчүн жаңы отоо түтүндү көп салган. Айылдан-айылга, болуш-болушка алдым-бердим өкүмдөр боюнча, кээ чакта, жалгыз өкүм боюнча түтүн чыгарып алып тарабын көбөйтүп, каршысын жеңген. Кээ убакта улуктарды паралап, бербеймин деген түтүн-болсо да, же чыкпаймын деген түтүн болсо да, сыртынан өкүм жасап чыгарган. Алган эл эки тарап болгондо, элге чыгым салганда, орто чарбадан букарадан чыккан атка минердин арааны жүргөн. Алмата, Жаркент, Каракол, Пишкек, Нарын дувандарында партиясыз тынчтык менен дайым шайлоосун өткөргөн. Эшитүүбүздө элинен чыгып алып пайдаланбаган, алса да эң аз алган Каракол уездинде Түргөн Кең Суу элинде арык тукуму уругунан манап Кыдыр-Байсаба уулу болгон,

**Элүү башы**. Тизмеде белгиленген ар бир элүү туу» түн бир элүү башы болгон. 75 түтүн болсо, эки элүү башы чыккан. Эгерде 74 түтүн болсо, бир элүү башы чыккан. Жүз түтүнгө дагы эки элүү башы болгон. Бир жүз жыйырма беш түтүн болсо, үч элүү башы чыккан Элүү башы арттырабыз максат менен «кызыл буттан: (катын албаган) «отоо» (жаңы үй) чыгарганда эрегиштер көп болгон, Кимдин элүү башчысы ашык болсо ушул жеңген. Маселен, онду он бир жеңген. Эгерде ташы (элүү баш) тең чыгып калса жогорудагы: чараны иштеген. Көрсөтүү боюнча бирин жандыраалы бекиткен. Элүү башы, болуш, бий жана алардын орун-басары шайланган. Жана болуш, бесирдин жалыйнасын шайлап бекиткен. Старшинди, анын орунбасары менен жалыйнасын, өз айылы шайлаган. Бесирди уезд өзү коюп бекиткен. Элүү башы жалыйна жебеген. Улуктан бечет тийбеген, Элүү башынын күнү шайлоодо туулуп, талашта калган (маселен, эки жагы ондон элүү башы болуп, ортодо бирөө калса, 400-500 сомго жете пара алган. Кыз алган), Эки айылдын, эки болуш элдин дуван арасындагы жер чегин элүү башы чектеген. Элүү башы көбүнчө чолок манаптан болуп, кээде каң соргуч манаптар бий, болуш болуу

максаты менен элүү башчылыкка шайланган. Элүү башылардын көбүнчө өздөрүнүн эрке манабы болуш, бий кан соргучтарында болгон. Бир айылдын, түнү 50-250ге жете болгон. Катын алып, энчиси бөлүнүп, башка тамак ичкендер өзүнчө түтүн болгон. Тынчыраак элде мындай түтүндөр түтүн ээси болбостон, алык-салык, чөп ооз төлөбөстөн жүргөнү көп болгон. Үч жүз элүү, төрт жүз түтүн бир болуш болуп турган. Мындай түтүнү аз алты дуван Жети Суу областынан азыркы Казакстан республикасындагы Кара Булак казагы болгон Жылдык жалыйна болуш 500 сом, бесир 240 сом, жетекчи; 60 сом, старшин бир түтүнгө 1 сом алган.

Кыргыз соту. Кыргыз сурагы оозеки, убада жана чыбык кыркыш калып, кагаз үстүнө өткөн жеке бий сурагы 1867-1917-жылга чейин эл арасындагы бүткүл суракты атактуу манап болуп, бий бүткөргөн. Ар үч жылга ар бир старшин (айыл) элге бир бий болуп шайланып казыдан жалыйна албастан, бүтүмдөн акча мал чыгарып бийлигине алган. Бий башына уездден кол коюлуп, бечет басылып, бүтүм жазыш үчүн үч жылга бир книга берген. Мындан тышкары бечет жана знак берген. Мейли манап, мейли букарадан бий болсун, өз болушундагы атактуу манап, болуш, же айылда манабысыз бүтүм чыгара албаган. Чыгарса Да чанда болгон. Бир старшин айыл ичинде болгон доону бүтүм кыларда договор, жоопкерди сурап, күбөсү болсо, болбосо да жеген парасына жараша көбүнчө өз пайдасына карап бүтүм чыгарган. Эгерде жоопкер келбей калса, сырт бүтүм болгон. Сырт бүтүмгө чандан арыз берип болосной съездге калтырган. Чандан болгон бүтүм тартиби бирге тогуз төлөгөн. Маселен, бир кара доосу болсо, тогуз кара бүтүм болгон. Бул тогуз малдын-эки-үч карасы договор пайдасына калып, башкасын болуш, старшин манабы ж.б. кан соргучтары талап алган. Жасоолго бүтүм жазган молдого «калем иш» деп башка берген. Эгерде договор жоокер бир болуштун ичинен болбосо андай ишти болуш колундагы третейский книге, менен третей сотуна талып бүткөргөн. Мындай сотту дагы бир болушту ыгы менен бүтүм чыгарып, малынын көбү ошолорду пайдасына кеткен. Эгерде третей сот менен бүтүш келишпесе, бир жылда бир мертем оёздун уруксаты менен боло турган болушнай съезддин сурагына калтырылган. Бир малга алтымыш мал залимдик бүтүмдөр көп болгон. Бүтүм көбүнчө кембагал, кедей, ( каранын мойнуна кесилген.

**Болуштагы бийлер съезди**. Волостной съезди талоон деп айтууга мүмкүн. Бул съездде баягы манаптар, болуш жана кан соргучтардын айтуу боюнча түм болуп, мойнуна мал түшкөн кишилер таянган кишиси болбосо, бүтүм боло заман айылына жибербестен, съезд үстүндө карыш бастырбастан болуштар жасоолуна талатып, бүткүл бүтүм малды бүткөрүп алган. Акчасы жетпесе, минген атын жыгып, кийимин сыйырып алган. Эгерде жоопкер төлөшкө жарды болуп, алы келбесе жакын туугандарынан төлөткөн. Туугандары жок болсо, айылдаш, старчылаш элден төлөткөн. Эгерде айылындагы атактуу залими болсо, ошолордун ыгы менен төлөткөн. Демек, бүткүл бир айылдын кара букарасынан, кедей-кембагалынын тагдыры айылды бийлеген залим кан соргучтардын бир болуштугу болсо, бир болуш элди бийлеген манап жана башка залимдердин колунда болгон.

**Дуван тобу** (дуван талоону). Бир дуван элдин съезди жандыраалынын уездге берген уруксааты боюнча бүткүл бир дуван эл ар жылына чөп ооз, алык-салык акчасын (5- ноябрден калбай, бүткүл болуштар ж.б. кызмат кишилери келип түгөтүп берген соң элдин баш кошконунан пайдаланып, 15- ноябрден 1- декабрге жете съезд болуп турган. Эгерде кар оор түшсө, же башка; оорчулук иштер себеп болсо съезд май айына калтырылып эл тараган. Съездден бүтүм чыгып, мойнуна мал кесилген кедейлердин күнү караң болуп, волоеной съездде мал кесилип, кыйноо көргөн кишилерден нечен мертем артыкча азап тартып эзилген. Койду 1 сом, асый жылкыны беш-алты сомдон көтөрүп берип кутулгандары болсо, оңой кутулдум деп сүйүнгөндөн үйүнө барганда түлөө кылган. Көп залим кан соргучтар съезддеринде жалганынан кедейлерди же үйүндө жаткан сатык байларды атайын чакырып алып, мал алган, Далай залимдер съезд болордо съездден мал таап беремин деп насия мал, бул алганы көп болгон. Съездин баштык оёз, жаки анын чиновниги болуп съездди башкарган кедейден бирөө моюн таптык кылса болуш, манаптардын айтуу боюнча аны уруп-согуп жазага тарткан.

Съезд тартиби 1892-жылына жете мийзам чыкпаган үчүн кыргыз же казак байланышкан саясы иштен башка бүткүл иштер кун доо болсо кыргыз-казактын залимдеринин эрки менен эски адет үрпү боюнча бүткөрүлгөн. Дуван, эки дуван, үч дуван мейли, областтар съезди болсун, съезд болордун алдында съездге келген белгилүү манап, болуш залимдери чогулуп олтуруп, келген оёздор алдында текшерип, колдонмо чыгарып, анын аятына бүткүл бий, болуш, башка кызмат кишилери кол коюп, мөөр басып, эн аягына уезд же областтан келген чиновник бекитип кол койгон. Ошол эрежени колдонуп бүтүм чыгарган. Колдонмонун мазмуну төмөнкүдөй: 1) Эски доо болсо, баланча жылдан беркиси суралсын, андан аркысы отказ. 2) Кун доо болсо, мынчалык мал берилсин. Доо далилсиз талаш болсо бир болуштан же бир дувандан тандалып, бир-эки киши талашка чыгып, жаки талашсыз паландай атактуу манаптын жаны берсин. 3) Көз чыкса, кол сынса, бут сынса, бычак менен сайса жана ошол сыяк-туулар баланда́й болсун. 4) Жылкы тийип алган мындай болсун. 5). Жесир доо, (катын, кыз) же бирөөнүн катын кызын ала качып алса. 6) Уурулук. 7) Кол акы. 8) Басымчалык. 9) Конок бербеген. 10) Тартып алуу. 11) Уруп-согуу. 12) Алдоо ж.б. Жогоруда айтылган иштен башка саясы иш башка мамлекеттерден каракчылык кылса, ич арада каракчылык, айыл чабуу болсо, эгерде мылтык жабдыгы болуп калса, эл бузук деп приговор кылса, кыргыз менен орус, ногой, дунган, өзбек (тили буруу) арасындагы иштерди сот, жаки башка башкаруучу улуктар текшерген. Эски өкүмөт кедей-дыйкан, орто чарба бүткүл дыйкандардын тагдыры кан соргуч залим феодал, бай-манап, болуштардын эркине берип, тиги бечараларды талаткан, канын сордурган, эзген. Мунун жүздөн бир процентин гана жаздым. Эгерде бүткүл зулумдугун жазган болсом, калем чыдабай, кол тажап, чак келбейт.

**Мал кесими**. Эгерде мал бересе киши мал таап бере албай турган, мал үчүн акча бере турган болуп, алардын бааларын төмөнкү: орточо асый 11 сом, бышты 9 сом. Кунан 7 сом. тай 6 сом, асый төө 22 сом, тай төө 12 сомдон, Асый 8-12 сомго жете, тай 3-6 сомдон өтпөгөн. Уйдун баасы жылкыдан- үч-төрт сом кемиген. Чар ирик 2-2 сом 50 тыйын артпаган. Төгөрөк эки тиштүү 2 сомдон өтпөгөн. Соолук кой 1 сом, 1 сом 50 тыйында өтпөгөн. Козу 80 тыйын. Серке 40 тыйын. Демек эчки жарым койдун баасына жүргөн. Эки дубан, үч дубан съезддеринде уезддери өз дубаны кара болсо да жактаган. Пара берүү ар бир съездде эң биринчи кесиптен саналган. Сурактан мурун бийлерге пара беришке бурсаты келбей калса довогор, жоопкер анын жактоочу кишиси парага төө берер болсо, мурдун сыйпап, жакшы ат берер болсо тишин сыйпап, жүз сом бере турган болсо бир көзүн, 200 сом бере турган болсо эки көзүн, 10 сом болсо бир колун жана ошондой кылып ишара кылганда бийлер, парага тазып калган көсөмдөр ошого жараша бүтүм чыгарган.

1882-жылы Каракол — Пишкек дубандары съезд кылып, кун, доо текшерип, ишимди отказ кыл деп, сарбагыш кыргызынан келдике уругунан Сарычунак Дыйканбай деген таза жоолукка таш түйүп алып, жамбы деп берген. Иши отказ болгон соң. жамбыны караса таш экөө жаңжалдашып чоң манап, кан соргучтарга барганда Сарычунак Дыйканбай «мен жамбы бердим» деген. Таш экен деп, тигил айтканда Дыйканбай «иши кара, паракордун алган алтын-күмүшү пейлине жараша таш болуп калат» деп жамбыны бербей кеткен. Эрегишкен, абдан чоң, доо болсо бүтпөстөн улуктардын ыгы менен, көбүнчө пара менен тынган. Эки элди билген залимдердин ортосунда чоң доо болсо, өздөрү келише албаса башка калыс кан соргучтар арага түшүп жайкаган. Эгерде бүтпөй калса эки тарап эл тирешип башка бүткүл доолор токтолуп, съездге карызданып барган. Ушундай топторду, же калаада чөп ооз жыйнап жатканда үйдө жаткан кедейлердин атынан векиль тил кат берип, орус, дунган, өзбектен акча-бул көтөрүп алып, тигилерди жалган жеринен күйдүргөн.. Мындай зулумдук 1892-жылга жете боло келди. Ушул жылдан баштап «Степная по ложение» чыгып, 93-жылдан баштап, толук мийзам боюнча иш жүрө баштады. Мурдагы бай-манаптарды күчү кетинкиреп, эл-журт закон жолуна келди. Мындан мурунку «байлап кел», «айдап кел», «чаап кел». «кармап кел» урааны солгундап бошоп мийзамды ким билген болсо ар иш ошолорго тирелди, Мыйзам жолун орусча билген судья, обласстык суд, жандыралы, уезддин тилмечтери билген учун эл-журттун тагдыры, түйүнү тилмечтер аркылуу болду, 1867-92-жылга же$_{т}$е тилмечтердин арааны жүрүп келсе да жаңы мийзам боюнча

1892-93-жылдан баштап, чындап күчүнө кирди. Баштагы болуш, бий, манаптардын ыгы менен элди шайласа, мийзам боюнча шайлоо чындап 1892-жылдан башталгандыктан, мийзамды билип элге туюнтуп чечкен тилмечтер болгон үчүн булар эң чоң роль ойноду.

Акыры ал тилмечтер дагы бай, манаптын колунда жабдыгы болуп табылган соң, кан соргучтар мурункудан да күчөдү. Тилмечтердин баш кесиби коркутуу, пара алмак, ак эшикчи, кызыл чок, полиция аркалуу кедейлерди таламак, Маселен, 1893-жылы Бишкектин уездной тилмечи Алмата казагынан Галий Ордобай уулу тоо аркасындагы шайлоолордо Тайжин деген уезд менен жүрүп, бир чыгаан жорго, нечен миңдеп сом пара алып, параны бир жагынан гана эмес, эки жактан тең алган үчүн ал артынан түшкөн себептүү Алматага качып кеткен. Тилмечтер параны өзү гана албастан, көбүнчө иш башындагы төрөлөргө, оёздорго арачы болуп алып берген.

**Асык уругунун өз алдынча жыйылып эл болгону**. Асык уругу эзелден Тагай заманынан бери ар кайсы жерде чачырап, манапка букара болуп эзилип жүргөн. Кедей, кара чарбанын толкундоо боюнча манаптардан борукчу элинен 1896-жылында июнь айында бөлүнүп, өз алдынча Кочкор эли аталды. 300-400 чамада Атбашыдан Эсенгул элинде асык жана 300 түтүн Чудагы асык жерлеринен чыга албастан, Кочкор эли асыкка кошула албай калды.

Кыргызда мин үйдө бир молдо болбосо; балким болбогон. Намаз окуганы өтө кем болгон, Орозодо кээ бири түндүктү тартып тамагын иче берген. Орозону ач пайгамбар чыгарыптыр деген. Насыбайга ооз ачылбайт деп тарткан. Ажыга барганды билбеген. Сарбагыш кыргызынан Түлкү Ниязбек уулу 1875-жылдарда Ысык-Көлдө түн жак Долонотуда жайламак үчүн Каркырага барганда көч коно электе, катын-балдарына карабастан, көч үстүнөн эли менен коштошпостон, Жанына бир кашкарлык молдо алып, Алмата баса Мекеге жүрүп кеткен. Ушул кезде Чоң-Кеминде бугу болгон. 1878-жылы төбөй уругунан Марал табып деген сарбагыш кыргызынан 67 жашка келген Сазаны доктурча союп, сегиз күнү суу берип, оңоло баштаганда тогузунчу күнү кой этин берип, ичи ырбап кетип өлгөн. Сойгон кезде Саза дары ичпей, колу, бутун байлатпай, карматпай үн чыгарбастан сойдурган. Өлгөн соң Марал табыптан кун алган. Ушул жылы Токмоктон уезд Бишкекке келип турган. 1882-жылы өтө катуу уй өлөт болуп, аркалык кыргыздар: уй тукуму азайды, кыргыз болуштарында басирлик мусулманча жазуу менен жүрүп келип, 1894-жылында алар калтырылып, ордунда орусча песир коюлуп, иш орус тили менен аткарылган. 1894-жылдарда Каракол, Токмок, Бишкекте буудайын буду 10-20 тыйын болгон. Семиз козу 70 тыйындан 1 сомго жете болгон. Нарын, Караколдо мындан да арзан болгон. Кыргыз арасында 1895-жылга жете кашкарлыктан, өзбектен молдолор келип, бала окутуп, ушул жылдан баштап ногой молдолор келип, (капалдык ногой Жамулха кары Фазулла бай уулу) усул кадым боюнча окутуп жүрүп, 1900-жылында Токмокко Закир Адамылла Абдылка-шап уулу деген ногой келип, ушундан баштап, усул жадид боюнча окуп билим кеңейе баштап, Бакча Сарайдан (Крыш) чыккан «Таржыман» деген гезитти алып окуй баштады. Жети Сууга орус переселиндер 1892-жылдан баштап келип, Краснореченскийге түшүп, бир аз токтоп, кайтадан 1907-жылдан баштап күчөдү. 1899-жылында! Иле, Чу боюндагы кыргыз, казак, дале Олуя Ата бөлүнүп, Түркестан музапатына кошулду. Акмоло, Семей, Орол, Торгой, Астрахан бир музапат, Жети Суу, Сырдарыя, Паргана, Самар кан, Закаспий бир музапат болду.

## 0.33 МИҢ ДӨБӨДӨ ЭШЕНДИН КӨТӨРҮЛҮШҮ

Парганада Миңдөбөлүк Эшен май айынын башында 1898-жылында колонизаторду сүрүп, өкмөттү колуна алмак үчүн бузук салган. Пишкектен уезд помощниги Кубатов (башкурт), Чүйдөн кан соргуч манап Муса Түлөк уулу, Токмоктон Баяке Күнтууган уулун алып, Кочкордон Тезекбай Түлкү уулун баш кылып, бир далай киши менен жүрүп кетти. Артынан Алматадан эсаул Затиншиков баштык 200 чамалуу казак орус жүрүп, Атбашы, Нарын, Тогуз Торо, Кетмек Төбө кыргыздарын катуу кырып, талаган. Алар мал башынан үмүт үзүп, мал-мүлкүнө ээ боло албастан калган. Көп кишилер набакты

болуп Шиберге айдалган. Баарың бир итсиң, — деп арка кыргызына дагы зор кысымчылык келген. Чүйгө караганда сырткы кыргыздардын Эшен менен байланышы болгон. Эшендин муруттары Чуга жете жайылып, элге үгүт айтып турган. 1898-жылдан соң участковой приставдар дайындалып, алардын жигиттери, полициялар кыргызды уруп, согуп, катуу кыса башташкан. 1897-1900-жылдарда алтын акча беш, жети, элүү, он, он беш, жыйырма беш, элүү сомдук империал дилде болуп, орус-жапан согушуна чейин жүрүп турган (1904-жылы). Орус менен Жапон согушунда колонизатордун көрсөткөн жабыр-жапасына чыдай албастан, кара чарба кедейлер оторчунун жеңилишин тилеп турду. Кээ бир кишилер туулган балдарынын атын Жапония койгону да, болду.

Никелей жеңилгенде азаттык болот деп көп үмүт кылып, бүткүл жети-суулук кыргыз-казак думага делегат кылып, казактан Тынысбай уулу Мухамбетжанды жиберген. Ал барар замат дума жабылып калып, кыргыз урияттан үмүт үзгөн. Падышанын палачы, кандын желдети хан алдында ак таякчы, манаптын жигити, улуктун кызыл чок, ак эшикчиси, болуштун жасоолдору баары да бир даражада болуп, алар урган, соккон, өлтүргөн, талаган, атын жыккан. Бул элементтер манап, падыша, хан, феодал, бек, төрөлөрдүн оң колу болуп, байга кошомат кылып, кедей, дыйкан, орто чарбаны талаган.

## 0.34 БАЛ ЧЕЛЕКЧИНИН БАШТАП ТҮШКӨНҮ

1895-жылында кан соргуч Шабдан май айында Кичи Кеминге келип, элди жыйып, Атаке элине тийиштүү Уй Булакка приговор жаздырып, иниси Колпаковскийге Караколдо сокур уезди болуп турган бал челек коймокко, арендага 30 жылдык эки теше жер алып берген. Ошондон баштап арендага жер сатыла баштаган. Жер сатуучулар манаптар болду. Көбүнчө болуш болгон манапка жер сатуу кесип болду. Кичи Кеминдеги жердин баарысын Манап Султан Далбай Уулу сатты деп айтууга болот. Султан Далбай уулунун бир теше жерди бир буд балга отуз жылдык арендага саткан күндөрү болгон. Пишкек, Токмоктогу Улуктардан баштап арыз берсе да укпастан балким Улуктун мазасын алып, көбүрөөк арыз берген кыргыз болсо, жазага тартылат деп, улуктар айтып, 1912-жылы эрте көктөм менен Чоң Кеминге, Ново Россискийге, Кичи Кеминге Самсоновка кыштактары түшө баштады. 1916-жылында Кичи Кеминде 30—40 чамалуу бал челек болгон. Мийзам боюнча 40-50 теше жер болсо мал жайыт, чөп чабышка деген арыздар боюнча дагы канчалык көп жер алып, аныгында Кичи Кемин өзүнө бал челекчи орустун пайдасына өткөн. Жерден ажыраган үчүн жана болуш, манап, залимдер атка минердин чыгымына чыдай албай кедейлер топ-топ болуп, жөө чубап калаага жумуш кылууга баргандары күчөдү.

## 0.35 ПЕРЕСЕЛИН ЖАНА ПАДЫША ӨКМӨТҮ

1907-жылдан баштап переселин төрөлөр тарабынан кыргыздын жери ченелип, аларга жакшы жер, эгин жай, чөп чабыш, бак, коргон беде, кыштоо, жайлоо, коктубузду алып берди. Кыргызды суусу жок; кайрак чөлгө алкымга асып коюп, көбүн ак кар, көк муздун этегине ийнелик көгөндү айдап чыгып баргандай сүрүп таштады. Жеринен ажыраган кедей, орто чарба кедей участковойдон баштап, Никелейге чейин жер тууралу зар-муңун айтып арызданса да деңизди түбүнө түшкөн таштай болуп эч кабары болбоду. Жети Сууга келген граф Паленге 1908-жылында колмо-кол далай арыз берилди. Жообун өз уездиңерден аласыңар деп, башка жооп айтпады. Переселинден калган жакшы жерди манап, бай, кулак алып, кедейлер жерге жетпестен, алардын жерден пайдаланганын көрүп байдан тамак сагалаган жетим баладай бозоруп улутунуп калды. Анын үстүнө «окшошконго мушташкан» дегендей жерден ажыраган бай, манап, кулактар баштагыдан бетер алык-салыгын күчөтүп чыгым ала баштаган соң кедейлер биринчиден, аларды алык-салыгын төлөмөккө, экинчиден, катын-баласы бакмак үчүн алды бай-манапка жалданды. Мала болуп, эркеги кул, ургаачысы күң катарында калды Арты тентип калаага кирип, орус, ногой, дунган, өзбекке малай боломун деп кетти. 1907-жылы

Алматыдан июнь айында областтык жер ченөөчү Евашкеевич деген төрө келип, атаке, сарбагыш элинин жерин ченей баштап, жакшы жерлери Акбекет, Жел Аргы, Кичи Кемин, Чоң Кемин, Балыкчы жаккы Калмак Ашууну аламын дегенде орто чарба кедей чогулуп, Оторбай Кудайменде уулу кошулуп, Евашкеевичти камчы менен уруп кууп жибергенде Алматанын жандыралысы 100 казак орус чыгарып, Бишкектен уезд помощниги Путенцев келип, атаке, сарбагыштагы кедей дыйкан, орто чарбаны чогултуп алып айткан: «Эгерде жер ченөөчү көрсөткөн жерди бербей каршылык кылсаңар, кыргынга кириптер болосуңар», — дегенде Токмокто атайын аңдып жаткан 100 казак орустан коркуп, жерин ченетүүгө жана беришке макул алган. Жер ченөөчүлөр кыргыздын жерин артык көрсөтүп, жогоруда айтылган жерлерди переселин пайдасына алган. Жер ченөөчү чиновниктер кыргыздын жерин артык көрсөтүп, жогоруда жазылган беш жерди переселин пайдасына алган.

1908-1909-жылдарда солто кыргызынан жерказар уругунан Сүймөнкул баштык жыйырмача кедейлер переселиндер зордук менен аштык айдайбыз дегенде уруш салып, 100 чамалуу переселиндерди жеринен кууп чыккан. Акыры переселиндер арка кыргызынын жакшы жерлерин 1914-жылга чейин бүт алды. Кыргыз жериндеги чер токой, карагайларга кардончулар туруп, падышага өттү. Мал жайбаска, жыгачты кеспеске буюрган. Эгер бирөө уруксатсыз бир сомдук отун жакса, беш сом штраф алган. Ушул тартип менен кыргызда чөп чыкпаган кум, эгин чыкпаган такыр, жыгачсыз тоо-таш гана калган. Орус алган жерге кыргыздын малы түшсө он сомго чейин штраф алган. Акча төлөбөсө кармаган малын өзүнө алган. Орустун кыштагын аралап мал айдап өтсө, андан акча алып турган. Кээ бир убакта жерибизге мал түшүрдүң деп өлтүргөнү да болгон. Мисалы, солтодон Малаш, сарбагыш элинен таздар Сексенаалынын инисин уруп таяктап, башы-көзүн жарган. Кыргызга эсеп жок, кыргызды жакын турбасын деп, чегине жакын кыргыздардын тамдарын талкалап бузган. Чекте калган кыргыздын мүрзөсү болсо талкалап, малы жоголсо кыргыздан төлөткөн. Ажалынан өлгөн малын жашырып көмүп коюп, жоголду деп дагы кыргыздан төлөткөн. Кыргыздын малын айдап кетүүгө келген переселиндер дайым мылтык, кылыч менен жүргөн.

Мындай авалды көрүп, кедей-кембагалдар мал башынан түңүлө баштады. Кытайга качабыз дегени да болду. Переселинден мурун түн жак кыргыз жерине чекеден түшкөн орустар; аз болгон. Маселен, көл айланасындагы шаарлар, кыштактарда: Кызыл Туу, Карагоодо эки ортосундагы Ысык Атада бир кулактан башка орус турбаган. 1900-жылда Карагоодо эки-үч үйлүү соодагер өзбек, уйгурдан башка жан болбогон. Күн жүрүш багытында болуштун Ак Суу, Ырдык, Каракол, Түп, Жеркес, Ой Тал, Байсоорун, Токмок, Пишкек кеңсалары болгон. Атбашы, Нарын, Кочкор, Жумгалда Нарын шаары. Атбашы кыштагы жана жол боюндагы бекеттер гана болгон. Көтмалдыдагы бекет жана азыркы Балыкчы кыштагындагы балыкчы орус 1894-жылда келип түшкөн Бачин деген бир үйлүү соодагер орус болгон. Эки Keминден тарта Токмокко жете Кара Булак кыштагы, Ак Бекет, Кичи Кеминдеги Кардоодон башка жерде орус болбогон. Орустар ошончолук сейрек болсо да, кыргыздын жүрөгүнө аябай тийген. Бекетчинин ямшиги, жаки кыштактагы орустан кыргыздын жерин аралап бирөө келген болсо, коркконунан аларды улук катарында күткөн. Окуу билбеген, наадан кыргыздын көбү кандай гана орус болбосун аны улук деп санаган. Кыргыздар ошондой оор авалда турганда 1914-жылы Европа согушу болуп калды. Кайгы-балекет кедей-дыйкан, орто чарбанын мойнуна түштү.

## 0.36 1914-ЖЫЛЫНДАГЫ ДҮЙНӨ СОГУШУНАН КЫРГЫЗГА КЕЛГЕН ООРДУК

Германия Россияга согуш ачыптыр деп элге коркунуч түшүп, не да болсо переселинге бир балакет болсо экен деп калды. Түрк согуш ачыптыр деген сөз угуп казак, дунган, өзбек, ногой, кыргыздын бай-манаптары анын жеңишин тиледи. Согуштан эки-үч айдан кийин Николай болуштарга буйрук чыгарып, ак эшикчи, кызыл чокторун жиберип, эл-журттан көбүнчө кедей-дыйкан, орто чарбадан согуш пайдасына назар (пожертвование) жыйып ала баштады. Бирин үчүн кылып, элден жыйып алганга машыккан иттей жойлоп көнүп калган бай-манап болуштар элден аёосуз салык алып турду.

Бай-манаптар өздөрү салык бербестен, өздөрүнүн ордуна кедейлерге төлөттү. Жыйылган акчаны бүт бербестен орто жерден алып пайдаланып да жатты. Салык, ылоо, союш мурункудай бетер күчөдү. Элден жүн байпак, тебетей, шым жыйылды. Бербеймин деп каршылык кылгандар болсо согуш болуп жатканда падышага каршылык кыласың деп, уруп-согуп айыбы менен алып турду. 1915-жылы жакшы айгыр, ат, бээ чогултула баштады. Бул айтылгандарды кедей, кембагалдарга салды. Манап, бий, болуштардын зулумдугуна чыдай албай, бир далай болуштагы кедейлер, орто чарба дыйкандар бай, манап, болуштарга каршы чыгып, колунан өкмөтүн алмакка күрөштү. Маселен, атаке элиндеги кара чарба дыйкандар канчалык уруш-талаш кылып, бай-манап, болуш менен күрөшүп, акыры аларды жыгып, 1916-жылдын башында өкмөттү өз колдоруна алды. Ушул күрөштө төмөнкү таптар намысын талашып, жандан кечип, өлүмгө башын байлагандыктан жана кедей орто чарбанын укук-намысын тигил зулумдарга Карагоодо эки шайлаган. Калган старшиндик, элүү башылык, бийлик манаптарды орто чарбага алып берген.

1916-жылдын көктөмүндө согушка жиберүү үчүн эл-журттан таза ак үйлөр, кап, кийиз, аркан, ат жабуу, жем баштыктар жыйылып, булардын көбү кедей, кара чарбанын мойнуна түшкөн. Бул чогултуу 1916-жылкы кыргыздын көтөрүлүшүнө чейин созулду. Мынчалык оор эзилишке чыдай албай, баш тарткан кедейди бай, манап, болуштар уруп-согуп, айып алып турду. Катын-баласына бир үзүм нан таап бере албай, бардык нерсе кымбаттап турган чакта малайлыкка жалданып, көпчүлүк кедей кыйын шартта калган убакта окшошконго мушташкан дегендей, 1916-жылдын июль айынын башында согушка жумушчу күчүн бергиле деген буйрук келип жетти.

## 0.37 1916-ЖЫЛЫНДАГЫ КЫРГЫЗ КӨТӨРҮЛҮШҮ

1916-жылындагы кыргыздын көтөрүлүш чыгарган себебин текшергенде жеке гана солдат жана рабочу алат деген буйрук болбостон, анын себеби терең болуп, эзели узактан башталып, оруска карагандан бери падыша өкмөтүнө, колонизаторлоруна кара ниетте болуп келе жаткандыгы көрүнөт, ошол себептен падыша өкмөтүнүн кыргызды багынткандан баштап, кыса келгендик теринин чоркун-чоркун жерлеринен кыскача маалумат беремин:

Биринчиден, бугу кыргызынын (оруска) карап кеткенине башка кыргыздар нааразы болгон. Алматыдан орус аскерин чакырып келип, Байтиктин Бишкектеги өзбек менен солтону караткандыгына оруска карабайт элек деп нааразы болуп калган солто дагы көп болгон. Маселен, жайылдан Ажынын уулу Маймыл, муну Олуя Атадан улук Биденский чыгын келип кармап барып өлтүргөн. Бугу, саяктын султаны Зарыпбек 25 орусту» аскери менен келип, сарбагышты чаптыргандыгына урук туугандык байланышын үзүп, алсыздандырып, бир урукту ала кылып, бет алдынан бой сундурууга туткан падышалык саясатына араздыкта жүргөн сарбагыш кыргызынын көпчүлүк кедей чарбалары намыстанып калган. Үмөтаалы Ормон уулунун Кытайга качууга түрткүсүнүн бири ушул болгон. Үмөтаалынын оруска карабайм деп качкан экинчи бир себеби — тынай оруска мурун карап, жакын болуп, эсенкул сарбагышынын эски жери Чоң Кемин, Кичи Кемин, Чүйдөн сыртка айдагандыгы болгон. 1867-жылы биринчи шайлоо башталып, эл-журт эсеп дептерге түшүп, бий, болуш, манаптын күнү туулуп, чыгым көбөйүп, бир жерден экинчи жерге эрки менен көчүп кете албастан манапка баштагыдан бетер кул, күң катарында бекилип байланган. Эгерде бирөө качып көчүп кетсе, аны кайтадан эрксиз айдатып алып, сен качкандагы чыгым деп, мал-мүлкүн талап алган. Колун, мал-мүлкүн айдап алып тентитип жиберген. Мындай зулумдукка падыша өкмөтү биринчи жардамчы болгондугу үчүн көп начар бечаралар, букаралар падыша өкмөтүнө абдан нааразы боло келген.

Токмоктун уезди 1866-жылында күзүндө сарбагыш кыргызынын биринчи баатыры Төрөгелди Абайылда уулун Токмокко чакырып келип, эч күнөөсүз урганда бүткүл арка кыргызы жана манаптын таасирин-де жүргөн кедей, кара чарбалар намыстанып катуу кайгырып-кейиген. Орус бизди журт

кылбайт экен деп, санаада калган көп болгон. Орустан таяк жедим деп, мындан соң Төрөгелди мурункудай элди көп аралабай калып үйдөн кеп чыкпай жүрүп 1869-жылында өлгөн.

## 0.38 БУГУ КЫРГЫЗЫНЫН КОЛОНИЗАТОРДОН МИЗИНИН КАЙТКАНЫ

Ысык Көлдө турган “бугу-саяктын биринчи баатыры Балбай болуп, Николай өкмөтү Балбайдын оруска каршы пейилде экенин билип, Балбайга өтө каршы болгон. Муну өлтүргөндөн кийин дагы журт наапазы болуп калган. Балбай, Мамыр, Маймыл, Адилди өлтүргөндүгү үчүн эл колонизаторго кек сактап калган. Ак Эшенди таап бербесең кыйык-таймын деп Шабданды кыскандыгы дагы оорлук келтирип, кектеп калган. Балбайды өлтүргөн үчүн падыша өкмөтү алдап иш кылат экен деп Кучук Зарпбек уулу жүз түтүн менен Турпанга качкан. Бала уругунан Шадыкан Солтоной уулу болуш болгон үчүн качкан элди токтотуп алып кел деп улуктар буюрганда Шадыкан барып качкан эл менен коштошуп, кайта келип жетпей калдым деп жооп берген. Балбайды өлтүргөн тууралу Солтобайдын айтканы: «Орус менен ойно-соң өлбөймүн Деп ойлобо» жана мурунку улутчул кыргыздар: «Орус менен жолдош болсоң, балта-бычагың жаныңда жүрсүн» деген.

### 0.38.1 Ферганалык кыргыздын колонизатордон мизи кайтканы

Мамыр Мергенбай колонизаторлор 1881-жылында Анжианда дарга тарткан үчүн кедей чарбалар кек алып калган. 1881—82-жылдарда күзүндө (жылкы жылы) Текестеги арык тукуму менен саяк көчүп келгенде аларды аягы Тору Айгыр, башы Байсорунга орнотуп, ал жердеги сарбагышты эриксиз Кочкорго айдаганда бизге колонизатор жакшылык кылбайт экен деп кекте калган. Шибирге айдоо деген сөз жапайы жүргөн кыргызга өлүм, чоң азап катарында көрүнгөн. Өз ара тараптык аразды себеби менен көп киши ак жеринен Шиберге айдалган, өлтүрүлгөн. 1885—87-жылы Балбак Байтерек уулунун (залым өкмөттүн тилектеши — манап) кастыгы боюнча айдалгандар: Султан, Көбөй, Табыш болгон. Султан менен Көбөйдү айдап бара жатканда кишени менен сууга түшө качса, чулу көпүрөсүндө солдаттар атып өлтүргөн. Табыш Капалга айдалып барып өлгөн. Бул үчүн дагы эл наразы болгон. Адигине кыргызынын каны саналган Курманжан датканын Камчыбек деген баласын өкмөт дарга тартканда Фергана кыргызы өкмөткө ичи карарып калып, Курманжан өзү кайгы-куйуттөн бир аз акылынан азган. Анжиандагы бир маңги эшендин салган бузугу үчүн арка кыргызын талагандыгы жана переселиндин келип, кедей-дыйканды жерин бүт алгандыгы көкүрөктөн кетпеген дарт болгон. Ичи кектүү болуп жүргөн кедей-дыйкан орто чарбаларга июль айында кыргыз-дан солдат жана рабочу алат деген кабар тарады. Бул кабар кыргыз, казакка зор кайгы болду. Малыбызды, мүлкүбүздү, жакшы атыбызды согушка алса жана боз бала менен 40 жашка чейинки эркегибизди солдаттыкка алса, кемпир-чал өз тиричилигине карабастан, согушка керектүү кызматты кылса, жакшы жерибизди переселендерге алып берген үчүн бизде эгин жок болсо, жаш бала-чакабыз кырылат экен деп акылдан ажырап, эс ооду, Ата-баланын, ини-аганын сөзүн укпас, тилин албас, мал түгүл чымын жок кайгыда болуп жандарынан чындап үмүт үздү, бир биринин сөзүн укпастан дем болуп, онтобой ооруу болду. Солдатка, жумушчуга барбайбыз дегендери болсо, Каракол, Токмок, Пишпек, Аксуу улуктары набактыга каматтырды. Мындай зулумдук ашып кеткенден кыргыздын көбүнүн пейли бузук чыгаруу пикирине келди. Жакшы жерлер колонизаторлордун пайдасына өтүп, соода жагынан пайдадан калган бай-манаптар жана мурун-кудай кедей чарбаларды жеке эс албай калгандыктан, күйүнүчтө жүргөн үчүн бузук чыгарууга булар да пейилдүү эле. Жакшы жерлерге калабыз, акыр пайда-сына өтүп, соода жагынан пайдаларына калганга ичтери күйүп жүргөндүктөн ар тараптан кедей-дыйкан орто чарбалардын бузук чыгарына көзү жетип, бай-манаптар жана өкүм жагынан кысталып бара жаткан үчүн Орусия колонизатору түшүнө баштап, кыргыздын манаптары мурункудай кедей жана дыйкандарды эрки менен да албагандыктан көбү ичте жүргөндүктөн, бузук чыгарууга абдан пейли ооду. Көбүнчө дыйкан, кедей, орто чарбалардан кызматка алынмак болгон

17 менен 40тын аралыгындагы топтошуп, ар кайсы жерге жашырын жыйын кылып, уруш салабыз деп найза, айбалта, чолубаш жана башка жабдыктарды усталарга жасатты. Бай-манап, болуштар балдарын, жакын туугандарын солдатка жибербес акылын куруп, мийзам издеп, учасковой ойузга пара берип, акылдашып алып калып, алардын ордуна кедейлерди жиберүүгө даярданды, Мындай аракетин кедейлер. билген соң бай-манап болуштарга нааразы болду. Бай-манап, болуштар майданга өз балдарын жибербестен мындай өкмөт жумушуна калтырууга киришти. «Кимдин айгырына ким кайгырат» дегендей өз балдарын, тууган-дары мында кала турган болгондон кийин бай-манаптардын көбү көтөрүлүш чыгарууга ыктыяр болбоду. Элдин пикирин билемин деп сарбагыш атаке манап-тарынын Исамудин Шабдан улуу Нарынга жашырын Бугубай деген жигитин жиберип» Касымаалыдан кабар алды. Атбашы, Нарындын Николайга каршы чык-пастан, көтөрүл үкө каршы болгондор: Казы Чоко уулу Калпа, Келдибек уулу Эсенгул, Абдырайын Чой-бек, Султангазы Келдибек, Касымбек Бапайы, Түрк-мен Зарпбек, Кудайбергендер болду. Булар Николайдын аскерине кошулуп, кедей-дыйканды талап, аскерге союш берип, мисалы, Көк Артты ашып келе жаткан аскерге Калпа Келдибек уулу үй тигип, улоо ат байлап турган. Нарындын көтөрүлүшкө дили менен кошулган Касымаалы Мамбет уулу, Чолук, Кудайберген, Атабек, Сарбагыш молдо жана бүткүл ажы эли.

## 0.39 КӨТӨРҮЛҮШТҮН ДОЛБООРУ

Алматы казагы түн жак кыргыздары солдат бербеске бекип жүргөндө муну угуп калган ар кайсы уезд, приставдар өз элдеринен болуш, манап-байларын чакырып алып, кээ бирин набакка салып, кээ бирин калаадан чыкпайсыңар деп кысып турган. «Солдат бербеске чараңар жок, силерден кызматчы алганы падыша силерди катарга кошуп, чоң ырасым кылгандыгы мунусун да жакшылап билүүңөр керек», — деген. Пишпектин уезди болуштарды, көбүнчө атактуу манаптарды июль айында Пишпекке чакырып алып, «кызматчы бересиңер» дегенде, улукка беребиз деп өздөрү жашырын кеңешкен. Кеңештин башында Канат, Исамуддиндер болгон экен. Кеңештеги болгон иш: «Алматыда аскер арбын, чоң шаар, орустун кайнаган жери, жандыралы жана башка улуктары көп. Ошондуктан биринчиде алматылык казактан бузук чыгартып, ушул замат Пишпек, Токмок, Нарын, Каракол кыргыздары көтөрүлүп, Токмок, Каракол кыргыздары Алматы казактары менен байланышып, Каракол, Көлдөгү орус кыштагы менен Токмокко жана анын айланасындагы орус кыштактарын таламак. Казактан Жаркент уездине киши жиберип, Капал Лепсиге келип, казактарың Николайга каршы чыгармак Нарын кыргыздары Нарынды талап, Фергана жолу тосуп, андагы кыргызды Николайга каршы чыгармак. Кочкор, Жумгал, Чүйдөгү кыргыздар Токмок, Пишпек калааларын курчап, Олуя Ата жолун тосуп, Таластагы казак-кыргызды өздөрүнө кошуп, Ташкен жолун тосмок. Башка оруска тийбестен, жалаң аскер менен согушмак. Шашып, кыйналган убакта элди сыртка чыгарып, колго түшүрүп, Боом капчыгайынан тосуп, мунун эки жагынан кырча чубалып кеткен бүткүл Ала Тоодогу белдерди алып жатмак. Ылажы болсо орусту Түркестандан сүрмөк. Жерин алган үчүн переселинди кыргыздар талай баштады. Таластагы кыргыздан бузук чыкпастан, бузук чыгаруучуларга тилектеш болду. Солтодон эки жерден бузук чыкты. Анжиан-Алай кыргызы тынч болду. Каракол дунганы менен сарт калмак бузукка аралашты. Алматы казагынан мелектик жана жаркенттик көтөрүлсө да аны тезинен басты. Казакта чапырашты казактар Чийен менен Бордекени эки-үч күн таласа да аларды басып, баш кишилерин Алматыдагы түрмөгө салды. Булардын ичиндеги кандыкка шайлаган Ачакей уулу Бек-болотту дарга тартты. Карматпай жүрүп чатырашты казагынан Туулах 60-70 түтүнү менен кыргызча кошулуп, Турпанга качып барып 1917-жылкы өзгөрүштөн кийин кайта келди. Казактар тез эле басылып калгандыктан, кыргыздын көтөрүлгөндөрү өз жандарын коргоп калды. Дунган, өзбек, уйгур катышпастан, Николайдын жардамында болуп калды.

Солдат алат кабары кыргызга угулган соң бузук кайдан чыгар экен деп аган кошулмакка кулагын түрүп, тилеги бузулууда турду, Ташкенттеги өзбек солдат бербес болуптур деген кабар тарады. Сырдария, Ферганадагы өзбектер дагы ошондой деди. Самаркант областы менен Жызак уездиндеги

кыргыз, өзбектер уруш чыгарыптыр деген имиш-имиш болду. Июль айынын аягында теке түрк бузук чыгарыптыр деген кабар чыкты.

## 0.40 КӨТӨРҮЛҮШТҮН БАШТАЛГАНЫ

1-августта Алма-Атага барган базарчы сарбагыш элине айтып келди: Кызыл Бөрк жана Жаркент уездиндеги казак бузулду. Алма Атадагы аскер калаадан ат жыйып, жүрүп кетти. Мен жашынып жатып, качып чыктым деп. Муну угуп атеке сарбагыш эли аныгы угулар деп ат-тонун, жарак-жабдыгын камдап турган-да Алма Ата дуванындагы чапырашты казагынан, мурзабек уругунан Абды Ажы деген 5-августта кечинде Коңур жайлоосунда жаткан атаке эли Боронбай Сазан уулуна кабар берген. «Алма-Аталык казак-орус кыштактарын талап алдык, эртең Узун Агач, талоон коюп Кашкеленге, андан Алма Атага барабыз», — деген.

## 0.41 ЧҮЙ БОЮНДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ

Абды Ажынын сөзүн уккан соң, Коңурда жаткан атеке эли, жетиген, кыпчактар жана эстебестин айылындагы кедейлер-дыйкандар Самсоновка казак-орус-тарынын жайлоодо жаткан малын түн боюнча талап алып, бирин-серин жүргөн малай орустарды өлтүрүп, Кичи Кеминдеги элге кабар берген.

6»августта эртең менен Кичи Кеминдеги кедейлерден Болоткан баштык болуп, ар кайсы бал челекчи орустарды өлтүрүп, малын-үйүн талап, талкалаган. Самсоновкага келе жаткан жыйырма-отуз чамалуу жабдыктуу жай орустарды кыргыз кайтадан Самсоновка кыштагына айдап кирген. Каройдогу Васильев партиясынын Алышчы орустарынан, Самсоновканы бет ала арабачан качып келе жаткан орустардан кыргыздар бир орусту найза менен сайып жарадар кылганда орустар көп нерсесин арабадан таштап, жеңилденип качып, атыша-атыша Самсоновкага кирип кеткен. Ушул күнү сарбагыш элинин абыла уругуна дыйкан-кедейлер Желаргы менен Тайгак бекеттери, жана кара жол менен Бишкекке карап айдап бара жаткан казыналык көп (60-70) аттарды талап алга 6-августта Жунуш Сасыке уулу Кичи Кеминди түн боюнча талап, бал челегин кыйратып, кемпир-чал, жаш балдарын өлтүрүп, кээ бир кыз-келиндерди өл. түрбөстөн пленге алды деп айтты.

Чоң Кеминдеги кишилердин айтканы-берген кабары: кыштакка тийбестен, чекене орустардын тамдарын Араззоот, Кардоонду талкалап, катын, жаш балдарын өлтүрүп, кээ бирлерин пленге алды деди, жана чөп чаап, мал багып жүргөн орустарды кары-жашына карабастан өлтүрдү деди.

7-августта атаке сарбагыш эли Чоң Кеминдеги орустан малын талап алып, тоодо жана талаада жүргөн бирин-серин, мал баккан эгинчи батырак орустарды өлтүргөн. Жол Булактагы Кардоон менен Аразоот тун калганын талап алган. Мен ушул күнү мойнумдагы Николайдын знагын үзүп ыргытып жиберип, жанымдагы печатын таштап жана концеляр кагаздарын суугa салып, кедей-дыйкан, букарага кошулуп, көтөрүлүшкө кошулдум. Бирок пристав аскери менен келип, Жел Арык, Бөрүбайдагы көтөрүлгөн кыргызды кубалаптыр, эми Чоң Кеминге келип, бузукту басат экен деген сөздү угуп, кокустан келип калса билдирбегеним үчүн мени аттырып жиберет экен деп заявление жазып, Баялы деген жигитти жибердим. Ал кайтадан келбеди. Аны Ак Бекет, быстровкалык крестьяндар тарабынан өлтүрүлгөнү кийин маалим болду. Карыган киши жиберели десек, мени эмне кылмак эле деп кайраттанып, болбостон жүрүп кетти. Билдирүүмө себеп болгон ахвалдар төмөнкү:

1) Казактан көтөрүлүш чыкты. Кабар угулар замат кыргыздар орустардын катын-кыз, жаш баласына, кедей, абышка, кемпир, малчыларына ырайым кылбастан өлтүрө баштады. Кедейлерин дагы өлтүрдү-Биздин урушарыбыз кыз-катын, жаш бала, абышка кемпир, кедей эмес десем, сен оруска

боору ооруйсуң, өзүн, чокундук оруссуң деп мени өлтүрмөкчү, урмакчы болду дагы, ырайымсыздыгын андан бетер күчөттү. Приставка билдирилди деген сөздү эл угуп, кемпир, чал, катын-кызды, жаш балдарды, кедейлерди өлтүрүүдөн тыйылар бекен деп кыялыма келди.

2) Узун кулак кабардан казак басылып калыптыр деген кабар болду. Эгерде басылганы ырас болсо, балким кыргыз да басылып калса, көтөрүлүш жөнүндө эмне үчүн кабар бербедиң, деп мени атып жиберет ко деген ой мага келди.

3) Көтөрүлүш болгон чакта Исамудин Шабдан уулу Пишкекте болгон үчүн анын Чоң Кеминдеги агайындары эгерде бузукту биз чыгарып коюп, кокустан Исамудин келбей. калса (Исамудин 9-августта келген) аны улук өлтүрөт деп ойлоп, Чоң Кеминдеги сарбагыш эли Исамудин келгенче кыштакка талоон койбостон токтоп турган. Бул окуя мага чоң коркунуч болду.

4) Бүтүн кыргыздын көпчүлүгү көтөрүлүшкө катыштыбы, жокпу, бизге билинбеди. Ал себептен, эгерде биз эл алды болуп бузук чыгарган болсок, кокустан журт текши көтөрүлбөй калса 40-50 түтүн аюке уругун атаке сарбагыш эли улукка көрсөтүп, баарыбызды кырдырат деп айыл арасынан ыргылжың сөздөр чыкты. Көтөрүлүш чыгаргандар мурункудай катын-кыз, жаш бала, кемпир-чалды, мал баккан малайды аябастан өлтүрдү. Бай-манаптар сулуу кыз келинди пленге алды.

Мен бул жерде дагы жана Кытайга барганда дагы плендердин спискасын бүткүл атеке сарбагыштан жыйып жүрүп, Кытайдан кайта келгенде 1917-жылы Октябрь айында Кытайдан баш жыюу комиссиясынан башчы комиссар Тынысбаевге колмо-кол тапшырдым. 7—8-августта Желпилдекте турган сарбагыш элинин дыйкан-кедейлери, тынай элиндеги кембагалдар баш кошуп, Талды Булак (Орловка) кыштагын талаган. Ушул күнү Токмок приставы Байгулов келип, кашын-да жыйырма солдаты бар Бөрүбайдагы Малай Кебентай уулу баштык кылган кембагалдар менен атышып, кыргыз качып кетип, тоого чыгып баруу кыйын болуп, Байгулов кечке жакын Самсоновкага кеткен. Токмоктогу орустар калаадагы кыргызды өлтүрө баштаган. Ушул күнү атаке сарбагыштан 400 киши Самсоновканы камап турганда Ысмайыл Далбай уулуна тийген. 9- августта атаке сарбагыш эли шашкеде Шабдандын мечитине чогулуп, кеңеш кылып, ак боз бээ союп, Мөкүш Шабдан уулун хан көтөргөн. Мен бул кеңеште болбодум.

Эл орусту каптап келе жатканда саат бир чамасын-Чоң Кеминдин суусундагы Ново-Российский кыш тагынын көпүрөсүнө жеттим. Мөкүштү кан көтөргөн соң токтоткон кеңеш: ар кайсы айылдагы аскерликке чогулган кишилерге (жигитке) өз айлындагы кайраттуу кишилер башчы болсун, тамагына талкан, нан, сүзмө, курут алсын. Конгон жеринде талоондон түш-көн малдан союп жесин деп сөздү токтотуп, жалпы баары атка минип, туу кармашып, Ысмайыл ажы баштаган молдолор болуп Теңир колдосун деп түш ченде Чоң Кемин кыштагына көпүрө жагынан миң чамалуу киши чабуул койду. Дүкөнчү орус жигит Соловянов (атасы ушул сапар кыргыздан өлгөн) алдыбыздан чыгып, «биз урушпайбыз» дегенде көптүн ай-туу боюнча Кемел Шабдан уулу жана мен төмөнкүдөй кат жаздык: «Эгерде жабдыгыңыздарды берсеңиздер аман-эсен узатып жиберебиз, эки сааттан калбастан жообун бергиле», — деп Кемел Шабдан уулу. Белек Солтоной уулу кол койгон, Бул орус кеткен соң журт мындайча кеңеш кылды: эгерде жабдыгын берсе, түтүнгө бир араба, бир аты менен аман-эсен Ак Бекетке чейин узатып коймокко, узатып барууга милдетти Кемел менен Белектин мойнуна такты.

Эки саатта жооп келбеди жана да бир аз күтүп турду. Орус жактан киши көрүнбөгөн соң, жооп бербес болгон экен деп чабуул койду, Калмырза деген өзбектин дүкөнүнө барып чогулуп, орустар алдын араба менен тосуп алган, каптаган кыргыздын алдынан качырып барган кедей Төлөмүшкө ок тийип эки күндөн соң өлдү. Болсун жана Бөтөй деген катындар баш болуп, 10 чакты катын

«жаныңарды аябай жакшы урушкула», деп кыштактын жанына келип турду. Көтөрүлүш жасаган кыргыздардын бети ачык болуп, орустар катын-баласы менен камалып жатып, мылтыктап турду. Кыргыздын көбү үйлөрдү талап, нерселерин алып, чиркөө менен тамдарын өрттөдү. Бакчага, короого жашынып калган катын-кыз баланы талап, аларды өлтүрдү. Ушул күнү кыргыздын колуна түшкөн бир катын, эки кызды (узун мурут дүкөнчүнүн катын-кыздары) мен сурап алып, айылыма эки күн багып, аман-эсен түн ичинде кыштагына жиберттим. Колго түшкөн катын-кыз баланын кээ бирлерин өлтүрдү. Кеминдин кыштагында өрт күйүп жатканда Кичи Кеминден Акмат Сасык уулу келип, Кичи Кеминдик орусту талап, билгенин кылып жатат. Бирок, казак бүткүл баш кишилерин карматып, уруша албас-тан качты. Жана тынчып калды деди. Мен кабар айтканы келдим эле, атаке сарбагыш элине бүт айттым деди. Муну уккан соң кеңешип, Алматы казагынан бизге жардам болбойт экен. Жол ачык болуп, бизге Алматыдан аскер келе берет экен деп, бел-белди тосмокко 200 чамалуу жигитти жибердик. Атаке сарбагыштагы жабдыкты эсептесек, он чакты бардаңке, беш-он колго октогон октору болуп, ар кайсы жерде чачкында болгон. 10-августта Чоң Кемин кыштагын тегеректеп тургула деп, 200 чамалуу жигит таштап, кедей-дыйкандар алардын ичинен Мөкүш болуп, 300 жигит Самсоновкага кетти. Мен барбастан, кечинде айылды тоонун бек жерине кондурмакка. Көк Ойрокко көчтүм. 9—10-августта Пишпек уезди Рамшиевич 40 чамалуу солдат жана Кара Булак казагынан Касен башчы 50-60 киши келип, Самсоновканын күн батышынан атаке эли менен атышып турганда аларды каптап калган 60-70 кедейдин туура арыкка туюк талып калганда кыргыздан беш киши өлгөн. Ичинде Жетиген дегендин баласы болгон. Кедейлерди Болоткан жетип, найза менен Рамшеевичти саярда айна ок тийип, жөө калып, солдаттар кылычтап өлтүрүп кеткен. Өздөрү Рамшеевичти коргоп, Самсоновкага жөнөгөн. 11-августта Самсоновканын жанында Рамшеевич Байкулов, казак-орустар жана солдат полициялар болуп 100 чамалуу киши менен Мөкүш баш-тап, 500чө киши атаке сарбагыш эли (бир эсепте 600 киши) беттешип, кыргызда мылтык жок болуп, айбалта, чолу баш, найза менен качырганда аюке уругунун кедейи Бөкөй Курманкожо уулу жана башкаларынан 2-3 киши өлгөн. Бир нече киши жарадар болгон. Окко чыдай албастан, «кыргыз Боролдойду көздөп кеткен. Мөкүш Кичи Кеминге ашып түшкөн күнү жол менен Боролдойду бет алып бара-жатканда казак-орустар жолдун боюндагы бактуу дувалды тешип алып көрүнбөй туруп, элди аткылаганда окко чыдай албай дувалдагы орусту качыра албай, талаага качкан. Мөкүш жана туу алган киши качпастан, бастырып жүрүп олтурган. Туунун бетине нечен ок тийип, канчалык жерин тешкен.

## 0.42 КАЗАК-ОРУСТУН КӨК ЖОНДО ЖЕҢИЛГЕНИ

Мен жана агайыным 50 түтүн чамалуу жоо арасында турмак үчүн Көк Ойрокко 10-августта көчүп, 11-августта кайтадан келе жатсак Карагайлуу Булактын ички далаасындагы элге кабар бермекке алдыбыздан Ыбрайым Мөкүштүн жигити чаап келип: «Ыбрайым Көтмалдыдан көп мылтык, ок түшүрдү, аскер бөлүп алды», — деди. Муну уккан соң , кубанып, катуулай жүрүп Үч Булактын оозунда калган үйүнө келип конуп, тамак бышырып жеп, эртесинде аттанып, Кашка Жолдун күн батыш бетине келип 30 чамалуу киши карап турсак, эл быт-чыт болуш Чоң Кеминди бет алып көчүп калган экен. Төмөндө түшүп келгенибизде, алдыбыздан атаке элинин калың көчү жолукту Андан өтүп, Кичи Кемиңдин далаасына келип, Кийик Сарыга жакындаганда Самсоновка казак-орусунан талап алган миң койду айдап бара жаткан Оторбай Кудайменде уулу жолукту дагы айтты; «Аскер көбүрөөк келип шашып көчүп калдык, төмөндөп барба, оруска капталып каласың», — дегенде Көк Жонго чыгалы деп Кийиксарынын күн батыш жакы каптал жолго түшүп, кырчага чыкканыбызда жылга-жылга менен качып Көк-Жонду бет алыс калган экен.. Ойдогу талаада кандуу арыктын орто коолорун, аскердин келе жатканын көрдүм, төшкө жакын жерде 2 жан-тайдан Жанек, Ыбрайым, Абдылда келе жатыптыр. Анда-санда кайрылып кубалап келе жаткан казак-орустарды аткылап келе жаткан экен. Бизге жете келди. Бир аздан соң бир жүз чамалуу атчан аскер Үч Эмчектин Кичи Кемин жакы бийик капталга келгенде баары аттан түшүп, аттарын жетелеп басты. Атчаны 3-4 киши болду. Булардын жөөлөп

кечигип калганы-нан биз пайдаланып, мурун жонго- чыктык. Эгерде казак-орус тезирээк жүрсө эң алдыда биз ченде 300 чамалуу кишини колго түшүрөт эле. Биз Кашка Жолдун үстү, бийик чокучанын Жол Булак жакы бетине барганыбызда бир чакырым жерден казак-орустарды аткылап жакыныраак жеттик. Бир киши өлдү. Жантай деген кедейдин атына ок тийип калды эле Жума качкын уулу учкаштыра качты. Султан Далбек уулу «кайта качырбасак кырылабыз» деп бура тартып бакырып турганда ок тийип жаралуу болуп качты.

Байсал Кедей уулуна ок тийип өлдү. 200 чамалуу киши элек, бири-бирибизге карабастан качтык. Көбүнүн аты жүралбай жетелеп калды. Менин атым семизден жүрбөй калганда таштап жөө качууга жоор атымды кыя албай артта калганымда агабыздын баласы кайрылып келип алдына мингизди. Атымды коштой качтык. Алдыбызда көчүп бара жаткан эл көчүн таштап, көбү катын-баласына карабай качкан экен. Бир жаш келин жөө калыптыр. «Мени ала кеткиле» деп жалынганда Алике Алымбек уулу учкаштыра качты. Биз Кашка Жолдун белине барганда баякы ордо чокудан казак-орус ашып чыкты, Бир далай кечигип калды эле, бизди кууп келе жатканда көчкөн көчкө капталып, жетиген Абыл 16-17 катын-бала, кыз-келин өлүп, ошол жерге буйдалып калган экен. Биз Кашка Жолдун белине 40-50 киши ан-дан-мындан кошулуп турганда казак-орустар түз өң жер болгон үчүң кылычын сууруп ала аткылады. Эл-дин көбү жондой жана Чоң-Кеминдин талаасын карай түшө качты. Мен дагы талааны көздөй качтым. Казак-орус Кашка Жолдун белине жакындап келгенде сарбагыш элинин жантай уругунан (калмак), эки ыстарчын элден 70 чамалуу кедейлер найза менен качырганда 2 киши өлүп, бир нече киши жана аттар жаралуу болгон; казак-орустар түшө калып жапырт мылтыктаганда чыдай албастан качкан, Ушул чакта Кичи Кеминдин Кашка Жол жакы бетине оодарылып кеткен Ыбрайым Төлө уулу элдин тоо тоодо качып бара жатканын жана Көк Жондо каптап келе жаткан казак-орустарды көрүп, кайта тезинен келип, казак-орустар Кашка Жолдун белине жакын калганда алардан мурун келип, Чоң Кемин жакы жолдун күн батыш жакы бийик дөбөдө жашынып туруп калган, Казак-орустар кашаттын башына чыгып, Кашка Жолдун белине жакын алдыңкы коого кирээрде Ыбрайымдын баласы Ажымүдүн жана эки жакын иниси атканда 2-3 казак орус аттан кулаган. Казак орустар жапырт аттан түшүп атышкан. Атыш түштө башталган, Кашка Жол менен төмөнкү чатта бир жолдошум менен качып бара жатсам, кайрылып караганда белден кыргыздар тосуп атып калсаң экен. Ошол кезде: «Ыбрайым атышып орусту токтотту», — деп бир. Жигит чаап келди. Жолдошум менен кайтадан кайтып бара жатсам Кашка Жолдун Жолбулак жакы кырчадан 30 чамалуу казак-орус кылычтарын сууруп ала Чоң Кеминди көздөй чаап калды. Алдынан үч кыргыз чү коюп келип, кыраңчадагы майда кой ташка жашынып туруп окту төгүп жибергенде казак-орустардын кайта качканын көрдүм. Келсем 5-6 казак орус 4 ат жыгылган экен. Октор баарынын башына тийген. Атышкан уч киши: Нурдин Искендеров, Жакып Боромбаев жана Абдыракман Надырбеков деген, барысында жаңы барденке болгон. Жаңы мылтыкты кайдан алдыңар — десем: «Ыбрайым түшүргөн барденке эмеспи», — деди. Алардан өтө Кашка Жолдун белине келсем кырк чамалуу барденкечен жигиттер далдага жашынып казак-орусту аткылап жаткан экен. Ыбрайым кара топучан ак бешмантын шымданып 40 кишиге ок таратып берип мындай ат, андай ат деп атчан бастырып турган экен. Ок аткан жигиттердин артынан аттарын кармап, жөө түшүп турган элдин болжолу 360 чамалуу киши, эки жактын атышы күн батарда токтолду. Ушул кезде карыган чал Кара уста Чоро уулу «жоо качты» деп дөбөдөн кайта кыйкырып келди. Чуу коюп келсек казак-орус качкан экен. Бир нече өлүк калыптыр. Атышкан жери орулбаган бийик арпа экен. Барыда уйпаланып кызыл ала болуп кеткен экен. Арпаны аралап жүрсөк жарадар болуп чени бар бала төрө жаткан экен, наган менен атаарда наганды жулуп алып, өзүн өлтүрдү. Наганды Ыбрайым Төлө уулу алды. Кылычты Байаке Шадыкан уулу алды. Жанын аңтарсак бир кагаз чыкты, окуп көрсөк жандаралы[2] Вольбаумдун колу коюлган буйрук экен.

Сөзү бул: «Көтөрүлүш чыгарган кыргызды, көбүнчө атаке сарбагыш элине шапкат[3] кылбагыла» деген,

[2]Жандаралы - генерал

[3]Шапкат - ырайым

«Восставшим киргизам — особенности атаке-сарбагишевцам лошади не давать»[4].

Күн батканда эл чогуусу менен Жолбулактын белине жакын жердеги таш башатка келип конду, сүзмө курут, бышырган эт жеп жерге жатышты. Күң ачык болду. Ушул күнү Көк Жондо уруш болордон мурун Самсоновкадан Кичи Кеминди бет алып келе жаткан алты казак орусту атаке элинин кедейлери атышып, кайта Самсоновкага кубалаган. Жолбулакты бет алган отузчалык аскери Жолбулактын Боролдой жакы оозунан элди таратып, көбү качып Кеминге түшүп, артынан Мөкүн менен Малай атышып, бир аз токтотуп анан качкан. Аскер Жолбулак ашып, оозуна жакындаганда алдынан Ысамүдүн чаап келип, ташка жашынып туруп атышкан; ок тийип бир кедей өлгөн Аскер Жолбулактын оозуңдагы коргонго кирип, тешип алып атышкан. Буларды түн боюнча камап, атышы көбүн өлтүргөн. Азы качып кутулган. Ошондо колго түшкөн бир аскерди өлтүрбөй Кемел Шабданов багып туруп, кийин качарда аман-эсен өз атын берип жиберген.

## 0.43 ЫБРАЙЫМДЫН МЫЛТЫК КӨТӨРҮЛҮШ

Бай-манаптын балдарын мында калтырып, анын ордуна кедей балдарын жиберишке уезд жана башка улуктар менен кеңешмекке кеткен Ысамүдүн Шабдан уулу, атаке-сарбагыш элдери бузук салыптыр деген кабарды Пишкектен угуп чыкканы жатканда 8-9-августта Пишкектен жөнөткөн кызыл жылкы байлаган казыналык арабадагы жана алып бара жаткан 7-8 солдаттын жокторун көрүп, элден «бул эмне» деп сураса «ок-дары экен, Караколго барат» деген. Ысамүдүндү улукка чакырып алып «Элиң бузук салыптыр» дегенде «Мен аны тезинен барып токтотомун» деген. Ысамүдүн келип шашып, кээ бир жолдошуна карабастан качып чыккан. Тезинен жолдо келе жатып Ыбрайымга жигит чаптырып айткан; «Бир нече кызыл желек байлаган мылтык, ок-дары салып, бир топ солдат кетип бара жатат. Ошону ылажы кылып түшүрүп алсын дегенде, Ыбрайым тосо чыгып Боомдун капчыгайынан көрүп, арабадан мурун жетип, Көтмалдыдагы эски бекеттен тосуп туруп, атын далдага бир жигитке карматып коюшкан. Араба тарткан атты жана бир нече солдатты жыга атканда солдаттар арабаны таштап качкан. Арабадагы бүткүл жабдыкты колго түшүргөн кезде жартысын аңдып турган арык тукумунун кыргыздары талап алган. Жартысын Ыбрайым баштаган чогултуп келген кедей-дыйкандар талап алган. Араба тарткан жамшик татар бала жигит колго түшүп, кыргыз менен бирге Турпанга барып кайткан.

Көк Жондун урушунан соң атаке сарбагышы эки башка жакка барбастан Чоң Кемин кыштагын күн-түнү камап турду.

Күңгөйдөгү саяк кыргызынан Рысалы Такамбай уулу келип, көл айланасында болгон көтөрүлүштү айтып бир даңк алып кетти.

Шамшы элинен Төрөмбек келип, качпастан согушалы деп элине жиберди. Токмок, Пишкектеги болуп жаткан аңгемеден кабар бермекке келем деп кайта кетти. Башка байланышары болуп, Акыра ашып жүргөндүктөн казактан барып кабар алып кел деп эл мени жиберди.

16—17-августта жайык элине Алике Алымбек уулу жана кедейден Төлө Жөкө уулу барып келди. Күндүз түн бирдей Көк Жонду, Кашка Жол, Кара Кыя, Жолголотту кайтарып турду.

Боом менен Токмокко кетип бара жаткан Нарын учасковою Ковалевту атаке сарбагыш элинен Чоткара Чагатайов ичинде 12 кедей атышып колго түшүрө албаган. Ковалев бала чагында Өзбек Бошкой уулунун багуу менен жетилип, кийин окушка кирип, Пишкекке председатель болуп турган. Андан Нарынга учасковой начальник болуп бекилген.

[4]Оригиналда оруска тексти кошо берилген

## 0.44 ТОКМОК, БИРКУЛАК, КОЧКОРДО БОЛГОН КӨТӨРҮЛҮШ

Тынайдан Дүр, Сооромбай мурунтан көтөрүлүш кылды деген кыргыздарга сөзүн кошуп келсе да көтөрүлүш чыккан кезде Токмокто болуп аны улуктар тышка чыгарбастан мейман туткун кылып турган. Дүрдүн улукка берген жообу:

«Мени 400—500 түтүнүм бар, башкаларынын эсебин алалбаймын» деп 400 түтүн урушпасын деп киши жиберип турган; калган тынай эли Шамшы, Бурана элдерине кошулуп көтөрүлүш чыгарган. Кызыл Суу Талдыбулактагы тынай эли сарбагыш элине кошулуп, Талдыбулак орусун жана башка жерди талап алган.

Келдик уругунан Төлө калын аскер Токмок уюгуна жалгыз ат коюп барып, найза менен сайарда аны жүзбашы дунган найза менен сайып өлтүргөн. арты-нан айбалтачан барган батыракты кошо өлтүргөн..

Шамшы элинен Мамбеталы, Мураталыны кошпой туруп, Кочкордон Канаат келгенде кошулган. Шамшы элинин Кубат уулу дал болгон болушу биз урушабыз деп катын-баласы менен 7—8 жан эски Токмоктогу орустун жанына келип конгондо мужуктар баарысын өлтүргөн. Токмоктогу мужуктар ичиндеги кыргызды катын-бала, кары чал дебестен кырган. Андагы чала казак Райымбекти баласы менен өлтүргөн. Кыргыздар тамдын төбөсүнө тааныш орус, дунган, өзүбек, ногойго корголоп туруп, түн ичинде качып чыккан.

Акбекет, Быстровкадан орустар айланасындагы кыргызды айдап келип, кырган.

Августтун орто ченинде Токмоктон 40 чамада киши (дунган, өзүбек, ногой аралаш) Шамшынын. сайы Кара Чекендиге келип атышканда Шамшы, Бурала, Тынай жана Нурманбет элинен көп киши келип, элдин алдында шамшылык Эшпай атчан качырып бара жатканда атына ок тийген андан соң Кошой деген качырып кирип пулеметту атып турган солдатты өлтүрө сайган. Жана Сулайман Сасыкулов бирин өттүрө сайганда солдаттар мылтык, кылыч, нандарын таштап, Токмокко кире качкан. Масымкожонун атына ок тийип калганда эл токтоп калып, качкан орусту кубалай албай калган. Ушул кезде Кочкордон Канаат 30 киши менен келип, колун алып, . Кеминге кайта кеткен.

21-22 августта Кочкордон Шамшы ашып Канаат башчы 400 киши келип шамшы, тынай, бурана, нурманбет эли чогулуп, Канаатты кан көтөргөндө эл келип Токмокту тегеректеген. Атаке сарбагышка барып, кайтадан келе жаткан ойуз баштык аскер чыгып келип, Бурананын төмөн аягы Масымкожонун мечитинин алды жагындагы кашатка Ажыбек замбирек орнотуп ата баштаган. Башта замбирек көрбөгөн эл чочуп кол салалбаган. Орустар замбирек менен атып туруп, кечке жакын Токмокко кеткен.

Жаныш эли казактан көп түтүн Токмоктун башынан кечип кыргызга кошулмакка көчүп бара жатканда мужук менен солдаттар алдынан чыгып катын-бала дебестен көп кишини өлтүрүп, мал-мүлкүн талап алган.

Канаатты кан көтөргөн эл чогулуп, Канаат ичин-де болуп 2000 киши августтун аягында (Бир Кулак орусун талаган. Бир Кулактын суу жагы ачык калып атышкан, кечке жуук кыргыздар каптаганда сууну кече качканы бөлүнүп, жаш балдарынан сууга кеткен. Орустан 4—5 киши, кыргыздан 7—8 киши өлгөн. Ушул талоондо. Канааттын аскеринде бардаңке, башы милтелүү мылтык барысы 40тон ашпаган. Атаке сарбагыш эли үркүп кеткен соң Алматыдан, Пишкектен аскер келе баштаганда нурмамбет эли, жаныш казагынан бир азы бурана, шамшы, тынай элдери үркүп Кочкорго түшкөн. Кочкордон Байдалы деген инисин, ичинде 300 кишини жана кайтадан Токмокко жибергенде 27—28-сентябрда Шамшынын күн-батыш жакы чыканагы Эки Алча, Алмалуу деген жерде жабдыктанган орустарга капталып калып, 50—60ка жакын кишини кырган, калганы качып кеткен.

Жогоруда Кара Коодон Ковалевдон качып кеткени айтылды эле. 25—26-сентябрда Нарындан отуз чамада арабалуу келе жаткан 30—40 аскери менен бир далай орустарды кууп келе жатабыз деп саяк Көкөмбайдын кишиси келип Канаатка кабар берген; Канаат Кочкорго чогулган асык, сарбагыш, солто, казактан 4000 чамалуу киши менен келип, Бөзбекеттин төмөн жагынан 50—60 мергенге (ичинде Атакан Тезекбай уулу бар) кара жолдун каршысындагы жоон арыктын суусунун жээгиндеги чийге жашынтып коюп жана кара жолдогу кичине көпүрөнү бузуп, эл артынан бийик кашаттан карап турган. Келе жаткан орустар көпүрөнү оңдоп жатканда чийдеги жаткандардан бери мылтык аткан орустар кашаттагы элди жапырт атканда качкан. Аны көрүп чийдеги мергендер дагы качкан. Орустар өлүгүн алып шашпастан Кара Коого кирип кеткен. Эл түн бою камап алабыз деп Кара Коого келип жатканда орустар тун катып жүрүп кеткен. Мындан соң Надырбек, борукчу, ниязбек сарбагыштары бириндеп Турпанга кача баштаган,

30-сентябрь чамасында Алматыдан келген 200 чамалуу Силенко баштык казак-орустар күндүз саат 11 чамасында Караколдун ойу, токойун башындагы Төрөгелди тукумунан Авазбектин тамына пулемет орнотуп, Канааттын 700 чамалуу аскерин ата баштаганда кыргыздар жапырт качкан. Казак-орустар түшө калып, жапырт атканда кыргыздан бир нече киши окко учкан. Түш мезгилде кайта жапырылып калган. Жартысы токойго кирип, жартысы ортокко, жартысы Караколду деп алып кетип, калың көч алдына түшүп кач-канда артынан казак-орустар кубалап, ак белде жатып, катын-бала дебестен ийрип туруп ата берген, Булардын көбү казак болуп, кыргыздар тоо арасына чыга берген. Кыргыздар баш кошуп, түн боюнча жыйылабыз деп урушмак болгондо 700 жөө солдаты, 200 атчан казак-орусту Касымбек Баатайов менен Кудайберген Райымбеков баштап келе жатат деген кабарды алган соң жана атчан аскердин келгенин көрүп кыргыздар бет-бетинен качкан.

Каракоого аскер келгенде аны менен аскер атыш-кан. Келген аскер 200 чамалуу киши болуп, атыш беш күнгө созулуп бир-бирине чабуул кылалбаган. Ушул чакта Жумгалдан бир миң чамалуу киши келип, ичинде Көкөмбай баштык жана Байзактын балдарынан башка Караке чилтен Эшимбек жана Балбак болуп Канаатка кошулган.

Сентябрдын аягында эртең менен Кызарт жактан 200 чамалуу киши көрүнүп, аны кыргыздар биздин кол экен деп турганда алар келип кыргызды ата баштаган. Ошол чакта мурунку урушуп жаткан 200 аскер кыргызга чабуул койгон. Кыргыз эки аскердин ортосундагы аткан окко капталып, Канаат кылычтап айдаса да окко туруштук бере албай качкан. Кабарда Канаат найзачан, атчан качырып кирип, бир аскерди сайып, жеткирбей кайта качып кеткен. 200 аскер Алтын Булактан кайта көч Караколдон үркүп, казак-орустар көчкө жетип, катын-бала, кары жаштан Каракол, Бучук, Ак белдеги элдин кырылганы болжолу 1200 чамалуу жан болгон.

Бул кыргында солто, сарбагыш баарысы 6000 аша түтүн болгон. Тоо арасына барганда кыргыздар бүгүп туруп, көп жерде найза менен качырып, каптаган аскерди токтоткон. Ат көп өлгөн. Мал, мүлк аскердин колуна көп түшкөн. Аягы Талды Булак, башы Каракол, эки ортодо жаткан өлүктүн көптүгү эсепсиз болгон.

Өлгөндөр катын-бала болуп, эр-азаматтан аз өлгөн. 30 солдат менен бир төрө кууп келе жатканда болбой уругунан Токтоной, Көбөй дегендер тосуп туруп, төрө орусту өлтүргөндө калганы качып арткы аскерине кошулган Ак Белдин кырына солдат каптап келгенде Жукеш Төлөк уулу төөнү чапкылап атышып, эки солдатты жаралуу кылып, жантай уругунан Саспак деген бир жигит качырып барып бир солдатты жыга сайганда солдаттар кайта качкан. Эл тоо-тоого бекинип калган соң, Анжияндан Тогуз Торо басып аскер келген соң, кыргызга бүлүк салбастан тынчыткан; мындан соң аскер тарабынан кыргызды өлтүрүш болбогон.

Канаат канчалык жолдошу менен Кытайга качып бара жатып Жалак белге барганда элимди, катын-баламды өрткө таштап, өзүм жанымды ала качып барып оокат кылгандан өлгөнүм артык, не да болсо элимдин ичинде болоюн деп, кайта келип Кочкордун Баш Караколунда жаткан.

Бобров баштык 700 жөө, 200 атчан аскер 3-өктөбүрдө Караколго жетип калган. Элге тийбестен мал мүлктү алып, баш киши бересиңер, калганыңар мал болосуңар дегенде кыргыздар тынчып жай-жайына жатын калган.

Курманды бир баласы менен сурактан соң бошоткон. Ысак деген баласынын эки колун байлап дарга тартканы алып бара жатканда Ысак чыканагы менен жанындагы орусту түрткөн. Бабров: «Шайтан эмне түртөсүң?» — дегенде Ысак алдындагы дарга тартылган кишини көрсөтүп айткан: «Мен жашмын жана болушмун, дарга тартпаңыз, буйруган кызматыңды кылайын», — дегенде бир ногой солдат тилмеч болуп, сөзүн айткан. Ошондо Бобров Ысакка: «Канаатты кармап бересиңби?» — дегенде; Ысак: «Кармап беремин», — деген.

Бобров Ысакты дарга бүтүм кылган кагазды кызыл сыя менен каршы-терши тартып өчүрүп, Ысактын колун чечтирип, жаткан жерине алып келип, чай берген. «Сен кокустан качып кетсең», — дегенде Ысак:. «Качпаймын», — деген. Андай болсо атаң кепилге алсын деп Курманга кепилге берген. Ысактын жанына аскер кошомун дегенде болбостон аскерсиз өзүм барып кармаймын дегенде Бобров ынаган.

Ысак жигиттери менен Канаатты издеп жүрүп таба албай анын жигити, асык Сагымбекти Канаатты таап бергин өлтүрөмүн деп кыйнаганда Сагымбек айтып берген. Канаатты Жолколоттун ичинен табалбай калып, эртеңки шүүдүрүм менен изин кубалап барып Сууктан таап, Ысак болгон окуянын баарын рас жеринен айтып: «Мен сизди таап беремин деп атам. Курманды кепилге койуп келдим, барсаңыз сизди тирүү койот деп ойлобоймун, эгерде качсаңыз кошо качамын, атам Курман өлсө өлсүн», — дегенде Канаат баласы Карынбай менен кеңешип олтуруп барууга макул болгондо Ысак жабдыктарын талкалатып, Канаатты алып жүргөн. Каракоого келгенде Бобров менен Силенконун Нарынга кеткенин угуп, Канаатты артынан алып. жүргөн. Нарынга жакын калганда Сагымбекти калтырып, Канаатты Бобров менен Силенкого Ысак тапшырган.

Канааттын Ысак деген баласын аскер кармап келип, Улаколдо Ак Терек деген жерде дарга тарткан. Жана башка канчалык киши тартылган.

Канаатты бир канча кишиге кошуп Пишкекке айдап барып, андан, Алматыга набактыга камаган. 1917-жылында Никелей тактан түшөрдүн алдында 57 жашында набакта жатып ооруп өлгөн.

Сөөгүн кийин Кеңеш өкүмөтү орногондо алган, Канаат узун бойлуу, көп семиз эмес, толук, бети агыш, кандуураак , ээги узунураак, койкөз, чокчороок жээрде сакалы болгон. Өзү өкүм, сөзү ачык, мусулманча окуу, жазуу билген, сөзгө чечен, курч, кайраттуу киши болгон, 1904-жылы ажыга барган.

1860-жылы Канаат аскери менен келип Узунагачта жеңилип качканда туулган, ошол себептен атын Канаат койгон.

Тынай элинен 500 түтүн Дүргө караштуубуз. Дүр оруста калды. Бизге орус залал кылбайт деп жана келсин деген. Дүрдүн кабары болгон соң, кайта жерине көчүп келгенде Дүргө караштуу элди башка бөлүп алып жана башка тынай элинен ээрчип келгендерди Кызыл Суудагы Егнат деген орус жана Кызыл Суу, Токмок, Покровка, Орловка орустары Көк Жарда 300 чамалуу катын-бала аралаш кыргыздарды өлтүргөн.

Шамшы, тынай, бурана кыргызы Жумгал, Нарын, Кочкорду кыштап калган. Канаат Кочкордо жеңилгенден баштап Курман Лепес уулу, Касымбек Баатай уулунун арааны жүрүп барып кыштап калган. Сарбагыш кыргыздарына зорлук көрсөтүп, мал-мүлкүн көп алган. Ондоп жакшы айгыр аттарын алган.

Жаныш элинин казактары кыштабастан кайта көчүп кеткен. Тынай, шамшы, бурана элдери Чүйгө кайта качып келгенде Токмок, Покровка, Биркулактагы мужуктар күн-түн тындырбастан Токмокко айдап, кыргызда баландай малым, акым калган деп элди айоосуз талаган. Үркүндөн, чапкындан

чыккан, элдин калган-каткан мал-мүлкүн ала мужуктар аягына чыгып жарды кылып бүткөргөн соң, бул эл 1917-жылы жыл аягында ачарчылыкка дуушар болуп көбү өлгөн.

## 0.45 АТАКЕ, САРБАГЫШ ЭЛИНИН КЫТАЙГА КАЧКАНЫ

20-августтун түнүндө Көк Жонго Балыкчы Боромбай уулу жана Султан Далбай уулу ичинде болуп, ,100 киши кароолдо жатса, жүздөн ашык казак-орус жана канчалык менен ашып келип, карoочуларга көрүнбөстөн жолсуз жер менен тоодон өтүп, тан атаарда Чоң. Кеминдин кыштагына кирген. Бул кезде Кемин суусунун түп жагында Кичи Кеминде бир түтүн калбастан Чоң Кеминдин тескейине өткөн. Чоң Кемин кыштагы менен белдерди тоскон кароолчулардан башка киши болбогон. Аскер болгон кыргыздар Калмак Ашуу менен Тарсуунун ортосу Мөкүшкө жакын жердеги алкым менен суу боюна конуп жаткан. Күн тоо башына тиелекте Чоң Кеминдеги камалып жаткан орустар жабдыкталып, Чолок-Кайыңдынын оозундагы элге каптап чыккан. Келген жүз чамалуу казак-орустар жана казактар Калмак Ашуунун оозундагы Кардоонго туруп, кыргызды бир аз аткылап, кыргыздар карагайга чыга бергенде артынан барбастан, Мөкүштүн айылын көздөп келе жатканда мен таңашырган тору атымды жаңыдан отко койдум эле. Кармайын десем атым казак-орусту карай качып, аны араң айылыбыздан бир бала кармап берди. Мен атка минип Мөкүштү издеп келе жатсам, артымдагы казак-орустар Калмак Ашуунун күн батыш жаккы жолдун алдындагы бир коргонго жамынып туруп атты. Мен Шабдандын коргонунун күн чыгыш жагына келсем, сайдын жарына жашынып туруп жантай уругу. кедейлерден: Малай Көбөнтөй уулу, Малай Мырзаке уулу аткылап турган экен. Булар атышып калган кезде кыргыздар качып, тоодогу карагайды пааналап кирди. Аскер карагайды аралап, тоого келе албастан жылганын оозундагы 17—18-августта казактан качып келген Туулак баштык кылган казактарды бир миң коюн колго түшүрдү. Бул миң кой мурунку күнү тоого кетмек болгондо жер үчүн туяк кат аламын деп сарбагыш элинин манабы Абдырахман Эстебес уулу токтотуп алган эле. Туяк кат албагын деп башка эл айтса да болбостон алган:

Андан казак-орустар Шабдандын мечитине барып, андагы жөлөнүп турган жантайдан калган тууну алган. Мечитти жана башка үйлөрдү өрттөгөн. Кайыңдыны каптап чыккан жарактуу мужуктар бир далай катын-баланы өлтүрүп, айылын талап, көп мал айдап, бүлүк түшүрүп кайткан. Атаке сарбагыш эли Тору Айгыр, Түз Ашуу, Үч-Кайыңды, Калмак Ашуу, Көрколду аша баары жапырт ушул 20-август күнү кечинде Көтмалдыны имерилип малдары менен Боз Бармактын Улакол жакы ою Ак Өлөңдөгү Алыштын алдына барып конгон. Атаке сарбагыш үркүп үстүнө барганын көрүп, андагы Семиз Бел эли арык тукуму кечинде жапырт андан көчүп жөнөгөн. Эртесинде баары көчүп, Улаколдун сазына барып конду. 21-августта күн ачык эле. 22-августта эл өрүү (өчүү)[5] болуп Исамуддин Шабдан уулу унаам жок деп ар старчын айылдан экиден ат, бээ жыйып алды. 23-августта бир миң чамалуу түтүн кыш түшөлекте Кытай жерине өтөбүз деп кеңеш кылып, 24-августта көчүп Улакол менен Талдынын ашуусуна барып конду. Ушул күнү күн каар алып, тоо баштарына кар түшүп, суук болду. Көтмалдыдан жол тособуз деп 25-августта жабдыктанган 300 чамада киши Ак Өлөңгө келип жаттык. Күн ачык эле. 26-августта кайттык. Мен мурун көчкөн элдин артынан жүрүп, үйүмө 27-августта Каракужурдун башы, Жалак Бел аша Кара Саздын башына жете кондум. 28-инде өрүү болуп, 29-унда Кара Саздын аягына конуп, 30-августта Тоңго барып кондук. Шабдандын балдары жана Төлө, Мамыт, Алагуш, Баяке, Далбай балдары, калган бүткүл манап баш болуп, миң чамадай түтүн бугу, саяк, сарбагыш менен канааттанышып туруп, орус менен урушабыз деп Улаколдун көл жагына токтоду. Буларга кошулабыз деп Тоңдон кайтадан Алике, Байымбет көчүп, калган элге кошулабыз деп кетти.

Нарындан орус алып, Казы Чокой уулунун жардамы боюнча Чылабай деген манап келип, Каракужурга көчүп бара жаткан атаке элинен Бектен менен Жетибай жана башкалардын айылын чаап алып кеткен. Нарындан Ковалев баш болуп 30 солдат келе жатканда Каракоого жакын жерден черикчи

[5] Оригиналда “өрүү” деген сөздөн кийин орус алфавитинде өчүү деген сөз кашага алынып жазылган.

элинин жигиттери алдынан чыгып, алардан бөлүнө эки бала жигит атчан качырганда буларды атып өлтүргөн. Артындагы качырып келе жаткан эл токтоп калган. Ковалев качып Каракоого кирген. Анда көп токтобостон үчүкө элин каптап чыгып келе жатканда арык тукуму кыргызынан Сагын баштык болуп 80 жигит, Көтмалдыда Ыбырайым түшүргөн бардаңкеден 30 мылтык алган экен. Орустан мурун көчкөн байдын коргонуна жетип, бакка жашынып туруп атышканда 2-3 солдат аттан жыгылып, калганы токтоп калган. Жыгылган солдаттардын өлүү-тирүүсү билинбеген. Солдаттар кайта Каракоого киргенде булар менен чүкө эли, арык тукуму жана атаке сарбагыштан мин чамалуу киши катышкан! Дувалга жашынып атышып турган таздар уругунан Сокубаш төрт солдатты атып өлтүргөн. Дувалдан башын чыгарып атмак болгондо орустар Сокубашты башын жара атып өлтүргөн. Ковалев коргондо камалып жатып, коргондун эшигин бекитип коюп, төр жагын бузуп чыгып, таңга жакын качып кеткен. Кыргыз эртең менен кубалап, Ковалевге жетпей кайткан. Кочкордун аягындагы эл: Надырбек, борукчу, ниязбек бул уруштан мурун Тезекбай Түлкү уулу кан көтөргөн. Жумгалдагы саяк Көкүмбай Чыны уулун кан көтөргөн эле.

Илгери көчүп кеткен атаке сарбагыштан мин чамада түтүн 1-сентябрда Тоңдон көчүп, Жаман Эчкиге жетпей кондук. 2-сентябрда Жаман-Эчкинин аягына кондук. Күн бүркөк болду. 3-сентябрда Жаман Эчкинин оозуна кондук, кар жаады. 4-сентябрда Жаман Эчкини аша Тарагай жакы ичине кондук, күн ачык болду. 5-сентябрда Тарагайдын суусун кече күн чыгыш жаккы Боз Күдөргө кондук. Күн суук болду. 6-сентябрда Кара Сайдан өтүп, Чоң Тоонун алдына кондук. 7-сентябрда өрүү, болбостон, Ыштыкка кондук. Биздин айылдан үч төөнү тыным Сейиттен Соорумбек уулу уурдап каткан жеринен таап алдык. 8-сентябрда Келин Тайгакка кондук, күн ала бүркөө болуп, кийиктин кумалагын терип жактык. 9-нда Беделдин алды күн батыш жаккы боордогу кичине тектирчеге айылды кондуруп, Кытайга барып сүйлөшөбүз деп 80 чамалуу киши Беделди ашып барып, Орто Кароолдон өтүп, күн чыгышындагы көк жылгага кондук. Август 30 күн болбостон, 31 күн болсо керек эле. Кыскасы, Беделдин белин салт 9-сентябрде аштык.. Көч 10-да ашты. Бул менин дептеримде жазылганы.

Эл Кара Сайга барганда мал арыктап, өлө баштады. Көбүнчө урушка минген жакшы айгыр, аттар өлдү. Кишинин көбү жөө чубады. Бирине каралашпай, малсыз жөө калган кедейлерге жардам көрсөтпөдү. Жолдо көчтүн артынан жөө чубаган киши 20-30дан болуп жүрдү. Күн суук, отун жок болгондуктан аркар-кулжанын тезегин жакты. Эгерде күн жааган болсо, эл отундан өтө жүдөйт эле.

Беделдик түн жак учунда Келин Тайгактын оро-парасында эки-үч орустун өлүгү бар экен. Ал чек арадагы аскер окшойт. Аны бугу кыргыздары көтөрүлүш жаңыдан чыкканда өлтүргөн экен. Августтун аягында атаке сарбагыш элин Улакол саягы барлыгы 300 чамалуу киши болуп, Көтмалдыда 100 чамалуу казак-орус менен атышкан. Казак-орустар жайылып курчамак болгондо, Жийдебай Ажы башчы саяктар токтобостон качып кеткен. Ибраим Түлө уулу бийик жерден тосуп атышканда бир казак-оруска ок тийип токтоп калган. Анын өлгөн-өлбөгөнү маалым эмес. Түн ичинде Көтмалдыда көп, от чыкканын көрүп, 2-3 киши жашынып барып караса, көп арабада жүгү менен калын эл бар экен. Чүйдөн Качып келе жаткан кыргызбы десе, орусча сүйлөгөнүнөн аскер экен деп кайта келип, алардын Караколго кайтып келе жаткандыгын көрүң, алдыбызды тороп калбасын деп күндөп-түндөп Турпанды көздөп качкан. Тоң Тозорго барганда кырк чамалуу казак-орус көчтү беттеп келе жатканда Ыбырайым баш болуп отуз чамалуу жигит казак-орус жакындаганча күтүп туруп, тосуп туруп аткан, Бир солдат жыгылып, калганы кайта качкан. Ушул аскерлер ушул күнү эртең менен абыла. уругунан сарбагыш кыргызынан бир нече катын-баланы өлтүрүп, мал-мүлкүн талап алган. Булар качып-келе жатканда артынан аскер кубалап, аны тар жерде алдынан тосо атышып, батрак абыла уругунан Кайырбай деген киши токтоткон.

Эл артыбыздан аскер келип калат менен күндөп түндөп көчүп Беделге келгенде колдорунда кошо келе. жаткан орустун катын-балдарынын кээ бирлерин өлтүргөн, кээ бирлерин тийбей коё берген. Ант-кен себеби: орусту көрсө Кытай чек арадан өткөрбөйт деген жалган ушак тараган. Көбүн. Кытайга алып өткөн. Белде нечен күнү катуу бороон-шамал болуп, эл ашалбай, далай мал жана киши кырылган.

Мал ачкалыктан туурдук - үзүктү жеп жиберген. Отун табалбай жилик-сөөктү жагып, казанды кардын үстүнө тамак асып, бышырып, оокат кылган. Белде калган иттер мал, кишинин өлүгүн жеп кыштан чыгып, кайта ашканда элди кадим карышкырдай качырып талаган. Бедел, Көгүрүм, Кайчын ашкан эл кыйналбай ашып, бирок, алдынан чек арага келген Кытайдын чериктери малын, мүлкүн, таза кийимин алган, эл көп чыгым болгон. Апийим издеп таңылчакты чачып, анын ичинен жакшы нерсе чыкса алган. Бугу, саяк Үзөңгү Кууш ашып, Какшаалга түшкөн.

Кытайдын аскери талап алып өткөрсө да, Кытайга караган черик уругу кыргыздын көчүнүн алдын тосуп, өткөрбөйбүз деп жатып алган. Союш берели десе сайдын ташындай алтын-күмүш берсеңер да өткөрбөйбүз деген. Акыры кыргыздар туулдум — өлдүм, тутандым — көрдүм, сен. түгүл орустан да корккон жокпуз деп, уруп - согуп жатып өтүшкөн. Кытай аскери 100 чамалуу черик Беделдин билип тосуп калган. Белдерде 5-10дон койгон чериктен кароолчулары болгон.

## 0.46 ЖУМГАЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ

Көл айланасы Кочкор, Нарындын баш-аягынан жана Чүйдүн көкүрөгүнөн көтөрүлүш чыгып кызып калган кезде, августтун 15-18 чамаларында Жумгалдагы саяктар Жумгалдын аягындагы Ак Чийдеги орустун кыштагын талкалап, мал-мүлкүн талап, катын-балдарын аёосуз өлтүргөн. Өлүктөрүн кыштактагы кудукка салган. Жумгалды сурап турган Меншиков дегенди өлтүрүп, анын бооз катынын багып туруп, кийин аскер келгенде анын башчысына тапшырган. Кочкордо Канаат жеңилгенде Көкүмбай качып келип, миң чамалуу түтүн менен үркүп көчүп, күндөп-түндөп жүрүп, Турпандын башы Какшаалга түшкөн. Жумгалдын аягындагы Кудай-берген Мырзабек, Түркмөн жана Биялга караштуу эл көтөрүлүшкө кошулбастан, тынч турган. Бирок, Курман Лепес уулу көтөрүлүшкө аралашса да, Мырзабек менен астыртан кабарлашып, көтөрүлүштүн жайынан Пишкектеги улуктарга билдирип турган. Көп элдин айтууна караганда Курман көтөрүлүшкө корkконунан амалы жок аралашты дейт. Себеби, Курмандын элинин айланасы бүткүл көтөрүлгөн. Маселен, күн чыгышында Кочкордогу эл жалпы көтөрүлгөн. Күн батышында Көкүмбайдын эли бүт көтөрүлгөн. Түн жагындагы кочкордук жана Чүйдөгү эл көтөрүлгөн. Нарын жагы (күн жүрүш) болсо сарбагыштар көтөрүлүш кылган.

## 0.47 СОЛТОДОГУ КӨТӨРҮЛҮШ

Августтун 10-числосу чамасында Нурмамбет, Ысык Ата элдери көтөрүлүп, Сын Таш кыштагын талаган. Малын алып, калган бал-челектерин кыйраткан. Катын-бала аралаш беш орус өлгөн. Гущин деген Пишкектик бай орусту ылдыйкы Көк Кыяда Корчунун балдарынан Алооке өлтүргөн. Мындан кийин эл Көп Бейиттеги орус кыштагына чогулуп кеңеш кылып, ушундан баштап тыңдап кол курап, Канааттын Токмоктогу аскерине кошулган. Канаат келип бир кулакты камаганда, Жусуп Абыке уулу (Бөлөкбай солтосу) элден бөлүнө орусту жалгыз качырып бара жатканда окко учкан Нурмамбет, Ысык Ата, шамшы, бурана, тынай элдери жалпы Кочкорго түшүп, Канаат жеңилип калганда баарысы кайтадан Ысык Ата, Аламүдүн аша Чүйдөгү жерине келген.

Ысык Атаны ашып келген элден бир далай түтүн тоого бекинип жатканда Пишкекте уездге жигит болуп жүргөн Төлөмүш таз жана Сарпбай деген солто аскерин тоого баштап барып, айылдагы катын-баладан силердин эркек бүлөңөр кайда кеткен, айткыла, өлүм жок, тийбейбиз дегенде, катын-бала ишенип, тоого жашынгандарды айтып берген. Алардын баарысын чогултуп алып келип, Кош Булак деген жерге кырган. Баарысы 150 киши өлгөн. Ошол тууралу Ысык Ата, нурмамбет элдеринде ырдалып калган ыр:

Төлөмүш менен Сарыпбай,

Эл жыйнады талыкпай.

Казак-орус башчысы,

Айдап кел деп айкырды

Төлөмүш деп чакырды,

Мындан башка беш калмак деген жети үйлүү киши Кегетинин күн батышы Очор деген башы туюк, оозун эч ким аңтарбай турган тар жылгада бекинип жатып, талаадан эгин алып, оокат кылып жүргөндө бир күнү кечке жакын талаадан жылганы көздөп чыгып бара жаткан бир кишини алыстан орустар байкап көрүп, түн боюнча камынышып тоого чыгып, күн чыгарда туш-тушунан камап алып, жечи үйлүү кишини бүтүн кырган. Мындан башка да бирин-бири өлтүрүлгөн киши көп болгон.

Солдатка барбайбыз, кызматчы бербейбиз деп кедей-дыйкан, орто чарбалар бузулуп турганда сокулук элинен кытай уругунан Эгемберди Сарык уулу кедейлер бирлешип, Сокулукка бээ союп, көтөрүлүш чыгарууга сөз байлашкан. Жамансарт эли тоодогу бал-челекчи орус Алёшканы бир баласы менен өлтүргөн соң Ак Суунун приставы 9 солдат менен барганда төбөй уругунан Ырыскул деген кедей качырып, буларды кайта кубалаган. Экинчиде 50 солдат эл болобуз деп алдап, кыргыздын жабдыгын алган. Тоодон айдап келип, 100 кишини Ак Сууга түнөтүп, жол чубай эртесинде 60 кишини өлтүргөн. Эгемберди Сарык уулун жолдо же Пишпекте өлтүрүлгөнү маалим эмес. Жолдо келе жатканда киши качып кутулган. Калган 25 кишинин Пишкекке айдап келип, Алматы жолундагы Кара Жыгачка айдап барып өлтүргөн. Тоодон экинчи күнү актык кагаз алабыз деп участковой Гривановский келгенде бир далай кишини орус, кыргыз, өзбек балталап өлтүргөн. Анын эртеси Енчин деген стражникти баш кылып 60 орусту жабдыктан, тоого жиберип, бекинип жүргөн кыргыздын катын-балдарын издетип жүрүп нечен күнү кырып өлтүргөн.

Ырысбек Осмонбек уулу, Сарбагыш Мыктыбек уулу, Айылчы Татыбек уулу, Бектай Чолпонкул уулу, Алымбек Дыйканбай уулу, Жантай Кененсары уулу Николайдын тилегин тилеп, көтөрүлүшкө чыккан кыргыздан көп адамды өлтүргөн. Өзбектин балдары да Николайдын тилегин тилеп турган. Мааке уулу деген бир уруу айылдан 31 жан өлтүрүлгөн. Кара Балтада Сатай кыштагынан 14 киши өлтүрүлгөн. Өтөгөн кыштагынан 160 киши өлтүрүлгөн. Талды Булак кыштагынан 144 киши өлтүрүлгөн. Жана да 308 кишини кара мужиктер жана анын катындары Ак Суудагы короого камап алып, айры менен сайгылап, орок-балта менен жана таш менен жанчып өлтүргөн. Мындан башка жаман сарт элинен 150 чамалуу киши өлтүрүлгөн. Тоодо-талаада бирин-серин жүргөн кыргыздарды өлтүрүп турган 10-20дан жабдыктанган мужуктар жыйылышып бир , айга жете кыргыздарды өлтүрүп, мал-мүлктү, жууркан-төшөктү талап турган. Тоодон талаага көчүп келе жаткан бир бала жигитти мужуктар атып өлтүргөндө, анын энеси бир орусту алкымынан алып, муштагылап жатканда аны да атып өлтүргөн. Жаш колуктусу мен күйөөмдөн калып не боломун деп жерден таш ала бир мужукту уруп калганда аны да өлтүрүп, мал-мүлкүн бүт талап алган. Өлгөн кишинин эсеби 700 чамалуу болуп, өлтүрүштүн аягы Хашкенден Кропаткин келгенде гана токтогон. Кропаткин бул жердеги ишти токтотуп, орустарга мылтык берип жабдып, Ысык-Көлдүн айланасы менен Чүйдө, Кочкор, Жумгал Атбашы Нарынга турсун деп буйрук кылып кеткен.

Кропаткин кеткенден соң өлүм токтосо да мужуктар чогулуп келип кыргызда акым бар деп Өктөбүр өзгөрүшүнө чейин мал төлөтүп алганы калбаган. Олуя Атага караган Ашмара, Чалдыбардагы эки болуш солто көтөрүлүшкө катышпай тынч турган. Күн батыш жагындагы меркилик казактар чогулуп, Ак Көз дегенди кан көтөрүп жатса, аны угуп Меркинин приставы барганда казактар пристав менен атышып, пристав Меркиге качкан. Казактар Меркинин жанындагы Кузьминка деген кыштакты өрттөп, зымды кыркып, көпүрөнү бузуп, эки-үч арабада кетип бараткан орусту өлтүрүшкөн. Булардын көтөрүлүшү 7-8 күндөн кийин басылган.

## 0.48 НАРЫНДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ

Тогуз-Тородогу эл бузулуп, Атайке кыштагын талап алгандан соң, Көгарттан көп аскер ашып келген. Бул аскерге саяк элинен Калпа Келдибек уулу союш, отун-суу берип үй тиккен. Бул аскер Нарын суусунун күн жүрүш жагынан туруп, күн жагындагы чогулган элди замбиректеп аткылаган. Мындан соң, көтөрүлүш жасаган эл ичинде чолук болуп Турпанга качкан. Шатен элинен Касымаалы Мамбеткан ичинде 200 түтүн уруш салбастан, мал-мүлкү менен аман-эсен Кашкар бетине качып түшкөн. Каш-кардын Чоң Багыштын жеринде турганда артынан эсенгулдун Манай казы Чокойов киши жиберип «силерге өлүм жок» деп кайтадан көчүрүп алган. Касымаалынын бир баласы, бир жолдошу менен Нарындын участковою Ковалев чакыртып алып, набактыга камап коюп, бир нече күндөн кийин үчөөн дарга тарткан. Кайта келген 200 түтүндөн чыгым болдук жеп, көп мал-мүлкүн алган. Токтооку деген 50 түтүн бир урук айылдан миңге жакын кой жана канчалык айгыр, ат алган.

Субан элинин (Нарын) жартысы, ажы эли, бүткүл Он Арча (тынымсейит. Бүтүн шаркыратма, моңолдор) элинен бир канча көтөрүлүш кылып, бирин-серин орус бекеттерин талап алып, Нарынды бир нече күнү камап, маңдай жакы жактан аткылап турганда Нарындагы аскер ок жаадырганда кыргызда мылтык жок болгондуктан качышкан. Булар Чүйдөн качкан элди аралашып, мал-мүлкүнөн ажыраба-стан, көбү Какшаал менен Турпанга көчүшкөн.

## 0.49 ысык-көлдөгү көтөрүлүш

Көл айланасындагы бугу-саяктын боз балдары көбүнчө орто чарба кедейлери солдаттыкка барбайбыз, жиберебиз деген болуш-бийлерди өлтүрөбүз, Николайга каршы уруш чыгарабыз деген имиш сез угулуп калып, Караколдун уезди кол алдындагы кызматчы кишилерди, болуштарды 1-августта чакырып алып: «кызматкер бересиңерби» деп жооп сураганда, баары бир ооздон «беребиз» деген. Өздөрүнчө жашырын сүйлөшүп, көтөрүлүш жасоого сөздөрүн токтоткон.

Башка Атбашы, Нарын, Кочкор, Жумгал жана Чүй боюндагы кыргыздар менен кабарлашып, пикир алышып турмакчы болгон. Тескейдеги кыргыздан Ысагалы — Атбашы, Нарын, Кочкор, Жумгалдагы эл менен кабарлашып турмак. Күңгөйдөгү турган саяк кыргызынан Талканбай, Чүй боюндагы кыргыз менен Шабдандын балдары аркылуу кабарлашып турмак. Талканбайдын аларга берген убадасы мындай болгон: «Эгерде Чүй боюндагы кыргыздан көтөрүлүш болсо, күңгөйдөгү орус кыштактарына өрт коймок. Бул өрттү көрүп, тескей кыргызы бүт-күл көтөрүлмөк. Эгерде көтөрүлүш тоо арасындагы элден чыккан болсо, Ысагалы башчы кыргыздар тескейдеги орус кыштактарына өрт коймок. Өрттү көрүп күңгөйдөгү жана Көл башындагы эл көтөрүлмөк. 1-августта Караколдогу аскердин бардыгы 20 казак-орус болгон.

7-августта бапа кыргыздары Беделдин белин тосуп, пост болуп турган он солдатты өлтүрүп, жабдыгын алган. 8-августта Тоңдогу саяктар жер ченегич эки орусту өлтүргөн. Ушул 8-августтун түнүндө Карой-Саройдогу саяктар көтөрүлүп, тегерегиндеги орус кыштактарына өрт койгон. Колго түшкөн орустун көбүн өлтүргөн.

9-августта эртең менен күңгөй-тескей кел айланасындагы бугу, саяк жапырт көтөрүлүп, орусказ чабуул кылган. Өлтүргөн, талаган, өрт коюп, жыгачка аскан. Ушул күнү бугу, саяктан Такабай Байсоорунду камап, орустар казыналык бакка камалган. 11-августта Кыдырбай Сары уулу урушка катышпа-стан, Көл башындагы бир болуш эл менен Кытайга көчүп кеткен.

8-августта Караколдон 20 казак-орус түн катып жүрүп Байсоорунга келгенде, анын айланасындагы , бүткүл мужук качып келип, Байсоорунга тыгылган экен. Келген казак-орустар аларды бүткүл катын-баласы менен Караколго алып кетишкен. 12-августта Түп калаасында бугу, саяк биригип уруш кылып, кызык уруш чагында бугудан Ырыскелди Берик уулу өлгөндө, эл кайта качкан. Күңгөйдөгү

кыштактарды талкалап жүргөндө бакаш саягынан Бокош орусту качырып кирип, ок тийип өлгөн. 17-18-августтарда Чоктал, Чолпоната, Аксуу кыргыздары көлдүн башын көздөп көчүп бара жатканда алдынан Кара Баткактан жарактанган 300 орус чыгып, катын-бала болуп 600 киши өлгөн. Эң соңунда жалгыз атышып, бугу кыргызынан токой уулу уругунан Султанбек орусту токтоткон. Тескейде 9-11-августта жете Кальновка, Гоголевка (Барскоон), Тарткан кыштактарын жеңип алып, бүлөсүн колго түшүргөн, көбүн өлтүргөн.

11-августтан баштап, 3 миң киши Кызыл Сууну каптаган. Кызыл Суу менен Караколдун ортосундагы орустар калып Караколго келген. 13-августтун түнүндө Караколдон Кысан деген ногой 40 аскер менен келип, камалган кыргызды чиркөөнүн төбөсүнө» атып турган. Кыргыздар Кызыл Сууну каптаганда орустун тосуп койгон тосмосунан өтө албай көп кыргыз өлгөн. Ушул түнү Кысан мужуктарды Караколго көчүрүп кеткен. 15-августта кыдык, саяк, бапа, желдең, жети өгүз кыргыздан куралган 5000 киши. Караколго бет алып келип Ырдыкта туруп, саяк Батыркан Ырайымбек уулун кан шайлаган. Мылтыксыз кыргызды Кысан Ибраимов, Касым Ниязов жана дагы бир топ ногойлор 60 солдат менен келип, кыргызды качырып Кызыл Суунун белине жете кубалаган. Кыргыздан 50 чамалуу киши өлүп, аскери тараган.

17-августта бапа, желдең кыргыздарынан түзүлгөн 300 киши Орто Жаргылчакта 60 аскерге кабылып, Аскерден 12 киши өлүп качканда аларды Караколго чейин кубалап барган. Өлүктөрүн таштабастан ала кеткен. Мында абдан кайратты көрсөткөн желден, уругунан Берикбай болгон.

20-августта бапа, желден, кыдыктан 1000 жигит Ак Терек деген жерде ичтен келген 300 аскерге учурады, үч күн атышып, орус аскеринен төрт киши өлгөн, кыргыздар аман калган, 25-августта солдаттар тоо жагынан курчаганда, кыргыз качкан, катын-бала, малы менен көчүп, Барскоонду үч миң түтүн өрдөгөн. Артынан 300 солдат кубалап, 100 солдат бузук салганда Болпоң Шадыкан башчы үч киши, үч барденке менен көчтүн артында солдаттарды тоскон, Күң батарда Болпоңдун бутуна ок тийип, жолдошу кайтадан атка мингизип жүрүп, ашууну ашалбай жаткан элге жеткен. Көл кыргызынын беттешип, урушуунун эң соңу ушул. Мындан кийин Кытайды аша башташкан. 27-августта тескейде Кырчын деген жерде качып көчүп бара жатканда саяк, чиркей уругунан 40-50 чамалуу түтүндө катын-баласы менен 300 аскер кырып таштаган.

## 0.50 КЫРГЫЗДЫН КЫТАЙГА КАЧКАНЫ

Биркулак, Каракол, Нарын арасындагы куралданган мужуктар жана буларга жардамга келген Алматы баштыгынын аскери көрүнгөн кыргызды тыялбады. Нарын, Каракол, Кочкор кыргыздарына каршы Алматы, Пишкек аскери баралбады. Ыбырайым Төлө уулу 200 барденке түшүргөн соң аскер барууга аракет кылса да, Боомдун жолун тоскон атаке сарбагыштан өтө албады, Кайсы күнү (20-августта) атаке сарбагыш бел-белдеги кароолчуларын алып, капчыгайды тоспостон жеринен үркүп, көлдүн аягы менен күн жүрүш шагына өткөн соң Каракол, Нарынга аскер өтө башташты. Орунбур, Ташкенден, Пишкекти басып жана Ферганадан Көгартты ашып, миңдеген биримдүү ас-кер келип, мындагы куралданган мужуктар менен бирлешип жана калган жолбашчы алып, көл айланасы жана Кочкор, Нарын, Жумгалга чабуул койду. Кыргыздар найза, союл, айбалта, эң эле көп болсо, 600гө жетпеген барденке, беш-он милтелүү кош ооз менен жабдыктанган. Жана согуш илимин билбегендиктен пулемет, замбирек менен жабдыктанган миңдеген аскерге туруштук бере албай, каршы турса да тыкат кылалбай жана жакын баралбай качты. Аскер жана куралданган мужуктар соңунан түшүп, колго тийгенди жаш бала, катын-кыз дебестен кырды. Мал-мүлкүн талады. Тоодо, ар кайсы коңулда, карагай, чөлдө, мал-мүлкү менен жашынгандарды аңтарып, уулап жүрүп таап алып, башын кырып, мал-мүлкүн олжолоду. Кыргыздын тоого карагай-черге, талаага, орого таштап кеткен, мүмкүн жетирме кылган эгинин издеп жүрүп мужук жана казактар таап алды. Дүнүйө издеп оро экен деп бейит ачкандар да көп болду. Атаке сарбагыштан бир канчалык түтүн тынай

элине тийиштүү Коңурчок деген жерде мал-мүлкү менен бекинип жатса, мужуктар таап алып, 70 эр бүлөсүн алып кетип, Тайгак менен Жел Аргы ортосундагы жолдун адындагы кызыл коргонго айдап кирип, баарысын мылтыктап өлтүргөн. Бул 70 кишинин ичинде жантай кыргызынан кедей Жайыл Коңурбаев болгон.

Каракол уездинен Сыртта Чаар Кудук деген жерде туз алганы келген 33 кишини (артык тукуму) Писковдун аскери отуз бирин өлтүрүп, экөөн Караколго алып келген. Анын бири атактуу манасчы Саякбай Каралаев болгон. Каракол уездинен Туюк Ат жайлоосунун жанында коңулда жашынып жаткан 15 үйлүү кишини мужуктар Барскоонго айдап келип, баарынын эшек тарамышын кыркып, денесине мык кагып, кыйнап өл-түргөн. Өлүктөрдү өрттөп жиберген. Бириндеп өлтүрүлгөнгө эсеп жетпейт.

## 0.51 ТЕКЕСКЕ КАЧКАН ЭЛ

Жогоруда кыдырбаштык арык тукуму көтөрүлүшкө кошулбай Кытайга качканын көрдүк. Көлдөгү саяк, бугунун жартысы Текеске качкан. Көлдөн 27, 28, 29-августтарда жалпы кеткен, жалгыз Актескейдин көчүгүндө Улакол элинен саяктан Жийдебай ажы ичинде 300 чамалуу түтүн калган. Эл качып бара жатканда арттан бирин-серин көчкө жетип баралбай жаткандарды мужуктар өлтүргөн. Эл жапырт чектеги Музарт суусунун боюна барганда артынан 500-600 казак-орус жетип, алдындагы кырдай тосуп турган кыргызды замбирек менен эки мертебе аткан. Кыргыздын жартысы жана Стамбул түрктөрүнөн Самыбек баштык, төрт-беш түрк (Чубар Агач Капалдан качып келе жатып, Кулжага келип, Мусабаев деген уйгурга жолугуп, андан жабдык алып, кыргыздын көтөрүлүшүнө кошулуу ниети менен келип, качкан кыргыздын алдынан чыгып) менен биригип, казак-орустарды тосуп, тоо башынан ашканда казак-орустар кыргызды каптабастан токтоп калган. Казак-орусту тегеректеп урушалы десе түрктөр көнбөгөн.

Кыргыздар Музарттын суусуна жакын калганда, кечке маал тамак бышырып жатканда казак-орус келе жатат деген кабарды угуп, тамак-ашка карабастан, күн батарда жапырт барып, кечүү жок жерден кечкенде нечен бала, катын-кыз сууга агып кеткен. Суудан өткөн кыргыздардын алдынан кара калмак тосуп, көчтү өткөзбөй талаган. Катын-кыз, мал-мүлктү ала баштаганда кыргыздар калмак менен согушкан. Калмактар чыдай албай бир нече кишиси өлгөндөн кийин качкан. 60-70 кыз-келин түшүп кеткен[6]. Кыргыздын көбү түн катып көчүп олтуруп, таң атканда Агиязга жеткен. Калмактар бириндеген кыргыздарды талап турганда мурунку Текеске барып, Кытайга букара болуп турган. Кыргыздар келгенде калмактар талаганын койгон.

Саяктардан Ырысалы Талканбай уулу орус менен. Кытайдын чегинде Нарынколдо көч алды болуп жалгыз көчүп бара жатканда кашында эки бойго жеткен карындашы, катыны жана айырмачта бир баласын ээрчитип келе жатса, он чактуу калмак келип бир карындашын ала качканда Ырысаалы эки калмакты жыга чаап, карындашын куткарып алган. Ырысаалынын жалгыздыгын билген соң калмактар кеч курун камай баштаган. Качырып келе жаткан калмактын биринин башын жара атып өлтүргөн. Калмактар атышып жаралуу болгондо Ырысаалы менин шайманым кетти, кайта көчкө чапкыла дегенде, бир карындашы көчкө карай чапкан. Көчтү көрө салып калмактар өлүгүн алып качкан. Көч келгенде. Ырысаалы өлгөн. Кыргыздын алдынан дагы Кытай аскери өткөрбөскө чектен тосуп, бир тарапта калмактар талап, артынан казак-орус камап, жатып калганда алыстан качып арып-арып барган бугу-саяк, ачкалыкка дуушар болуп, чыдай албастан жашынып, уурданып, Кытай жерине качып өткөн. Кытайга баргандар мал-мүлкүнөн ажырап, тамак алып ичишке расходу түгөнүп калып, кыздарын уйгурга, дунганга, калмакка сата баштады. Дунган экен деп билбестен, кытайга саткан да болду. Кытайга бырышка чектен өтө албай калган кыргыз кайта көчүп, Музартта жатып, же Кытайга,

[6]Из записи вост. отд. Импер. Русского общ. вып. I-IV, 1889, 94-96-б.

же Россияга жете албай камалып ачкадан, сууктан өлгөндөрү көп болду (2 миңге жакын киши өлгөн). Кайта көлгө качып келгенди мужуктар өлтүргөн. Итке тала-тын да өлтүргөн дагы болгон.

## 0.52 ТУРПАНГА КАЧКАН ЭЛ

Жогоруда 20-августта атаке сарбагыш элдери Чоң Кеминден качып, 9-сентябрде Бедел ашкан деп айтылды эле. Кара Сазга барганда Тоң элинен Ысакалы Алматаев кайтадан көлгө түшкүлө же Кара-Сазга жата бергиле. Орус менен урушабыз дегенде атаке сарбагыш болбостон көчүп жөнөгөн. Элдин артына карабай көчүп кетиштиң бир себеби: Ыбырайым түшүргөн мылтыктан ар айылга бир мылтыктан бергиле, ушул бардаңкени айылдан чогулган кедейлер обожо кылып, аскер менен урушалы десе, Шабдановдор, Ыбырайым жана башка манаптар бардаңкени бербеген дагы, мурунтан кызмат кылып келе жаткан өздөрүнүн жигиттери жана жылкычыларына бөлүп берген.

Ысакалы токто десе болбостон көчкөн үчүн болорго керек, атаке сарбагыштан, өсүк уругунан нарындык тынымсейиттер он жылкы уурдап кеткен соң артынан барып ажыраткан. 9-сентябрда 80 чамалуу киши Беделди ашып, кечинде Көгүрүмдү аша турган кең жылгага жакындадык. Биз көчтөн мурун баралы деген максатыбыз биринчиден жерин чалуу, экинчиден кытайдын улугуна сүйлөшүү эле. Беделди ашканыбызда белде жана орто кароолдо Кытайдын кароолчусу жок экен. Ооздогу кашаттын башында карыган бир кытай кароолчу бар экен. 10-сентябрда ал кытайга аз-маз акча берип өттүк. Бизден мурун сарбагыш кыргызынан эч ашпаган. Бугу, саяктан ашкандары бар экен. 10-сентябрде көч Беделди ашып конуптур. 11-сентябрде биз Жаман-Суудагы бир черикке түштөнүп жатсак, Турпандагы Абналдан жигит келип: «Сиздерди Абнал чакырды» деп, эт жеген соң, мени, Балыкчы Боронбаевди, Токтосопу Сарбозовду алып барып, Турпандагы чериктин болушуна кондурду. Эртең менен Балыкчы Боронбаев базарга кетип, Токтосопу менен мени, жигити менен болуш Абналдын канцелярине алып барды. Канцелярди «жамыл» дейт экен. Биз эшиктен киргенде кызыл барансуз менен эшигин каптаган үйдүн алдына чоң бети жайык 40 чамасында бир кытай чыга келди. Артынан 15 чамалуу кытайдын улуктары ээрчип чыкты. Бизди кулдук ургун деп жүгүнттү. Бир уйгурду чакырып алып тилмеч кылды. Ошондо астына келген кытай: «Силер ким болосуңар, мында эмне үчүн келдиңер?» — деп добушун катуу чыгарып сурады. Мен: «Биз кыргыз деген элбиз, орус-тун букарасы элек, орус өкмөтү мурун жерибизди алды эле, эми эр-бүлөңөр кызматка, солдатка барасыңар деди. Биз барбайбыз дедик, улуктары камап, өлтүрө баштаган соң биз чыдай албай көтөрүлдүк. Начар букара болгонубуз үчүн жабдыктуу аскер бизди басып, өзүбүздү аёосуз кырып, мал-мүлкүбүздү талап алгандыктан жанды куткармакка Кытай мамлекети, сиздерге баш пааналап, жериңизге туруута уруксат сурап, тиленип келдик», — дегенде баягы чоң кытай (кийин сурасак ал Аксуунун Дотайы жандыралысы экен) биз орус падышасы менен элбиз, силерди мында келтирбейбиз, — деди. Ошондо менден мурун жанымдагы жолдошум Токтосопу: «Катын-бала, эл-журт ачкадан кырылып бара жатат, мал арыгынан өлүп жатат, тоо суук болду, казак-орус элдин арты-нан кууп кырып келе жатат, бизге ырайым кылыңыз, жериңизге өтүшкө уруксат кылыңыз» — дегенде өздөрүнчө бир аз сүйлөшө калып: «Андай болсо тоо арасында тургула, калаага топурап келбегиле, мында орустун Кашкардагы консулу тарабынан коюлган аксакалдары бар, аларга көрүнүп калсаңар кармап алат, баягы күнү Нурмамбет Чекиров деген кыргызды кармап кетти», — деди. «Биз, ыраазыбыз, жакшы болуңуз», — деп кулдук уруп турдук эле, алар өтүнө басты, бизди кайткыла деди. Биз дагы кулдук уруп жөнөдүк. Кайтадан Жаман Суудагы жолдошторубузга келсек үч-төрт кишиден башкасы кытай кармайт экен деп качып кетиптир. Ушул күнү 12-сентябрда кайта келип Беделдин оозуна кондук.

13-сентябрда Беделдин орто капчыгайында конуп жаткан айылыбызга келдик. 14 -сентябрда ооздогу кароолго көчүп келсек, баягы карыган кытай көчтү өт-көрбөс болду. Акча, кой берели десек өткөрмөк болду эле, чирик кыргызынан милтелүү мылтыктары бар беш-алты жигит жана бир абышка өткөрбөйбүз деп көчтү токтотту. Акча, мал берели десек, «сайдын ташындай алтын-күмүш берсеңер

да өткөрбөйбүз» деди. Ошондо күч менен өттүк демек чириктер атабыз деп жулкунду. Аталбады. Көчкөн эл өткөн соң, Чериктерге азоолак теңге бердик. 15-сентябрда Беделдин оозуңа чыга конуп, 16-сентябрда минген аттарыбыз, унааларыбыз жүрбөй жетелеп араң дегенде Сапар-байга жетип кондук. Ушул 16-сентябрда Беделдин белин тосмокко бара жаткан жүз чамалуу кытайдын чериги жолукту, Биздин көчтөн (атаке, сарбагыштан алдыда көчүп бара жаткан биз элек) мал, бул алган жок. Биздин артыбыздан ашкан элден белден өткөрбөйм деп жатып канчалык айгыр, ат тартуу алган экен. Ал тартуу менен токтоп калбастан, аскери мал-мүлктү, жууркан, таза кийим жана башкаларды талап алган. Жакшы камчы болсо дагы алган, эгерде сураганын бербесеңер кайтадан Россиянын жерине сүрүп таштайбыз дегенде эл корконунан сураганын бүткүл берген. -Кыскасы, көзү көргөндү койбой алган. Казак-орус жана мужуктар артынан кубалап, жакын калып, алдынан кытай өткөрбөй, талаганын ук-кандан соң, бир далай эл Тянь Шань тоолорунун ары жакы, берки жакы капчыгайларга жашынып калган. Элдин көпчүлүгү Бедел эмес, башка майда ашуулардан жашынып ашып түшкөн. Кашкардагы консулдун койгон аксакалдары кармап алат деген сөз менен кыргыздын баш кишилери калаага көп кирбестен, тоо арасында болду. Болсо да жаман кийим-кийинип, аттарын буруп, жашырып жүрдү. Орус жеринен арып, ачка болуп канчалык ашуу ашып, канчалык суулар кечип, суукка тоңуп, күндүз-түн тыным жок кенен уктабай качып барган эл ичер-жерине тамак жок, кийер кийим жок, арыктап калган малын арзан баага, ичерлигине сатты. Делбе чөп жеп малдын көбү делбеден өлдү. Көпчүлүгү малайлыкка жалданды. Бозо салып сатып, ала кийиз, шырдак, жууркандарын ээр токумдарын сатты. Үй-мүлкүн сатып болгондон кийин катын-кыздын мончок-шуру, сөйкө, билерик, шакек, чолпу сатылды. Кичине эркек балдарын сатуучулар болду. Акырында дунганга, уйгурга кыздарын сата баштады.

Тоодогу, таладагы кыштактарды аралап, нан үчүн сенделип жүргөндөр көбөйдү. Турпан шаары четте болуп, элдин көпчүлүгү анда барып, шаарды кымбатчылык басты. Ошол себептен кайсы жерде эгин арзан десе, эл ошол жерге барабыз деп, балдарын көтөрүшүп, жөөлөп-жалаңдап жөнөштү. Аксуу, Аксы, Бай, Куча, Шайа Бөгүр, Карашарга жете кетти. Марал Башыга келип, Артышка барып, андан Кашкарга кирди. Андан өтүп Жаркентти, Аксуу, Турпан, Куча малга жай болбогон үчүн оокаттуу кыргыздар көчө-көчө Бай шарына барып, андан айдак чыгып, көп дегенден көбү жылдыз ашып, Күнөзгө кетти. Оокатсыз кедейлер тентип кетти. Оокаттуу кишилерди ортодон кара-жат чыгарып баккыла десе, кулагына илбестен өз малын ала качты. Ачкалыктын себеби, жакшы кийими, төшөнчү жок болгондуктан элге келте, котур, чечек каптады. Оорудан өлгөн элдин эсеби белгисиз. Эң кеп болду. Кыргыздын боз балдары чыдап туралбай, уйгурларды талап-уурдай баштады. Бул маселе улугуна билинип калган соң, «кыргызды айда» деген буйрук чыкты. Элдин тынчы кетип бир жерге туралбай кыштын шартылдаган суугунда «кайсы кыштак-тагы сарт жакшы экен» деп ар кайсы кыштакка барып сыйынып турду. Ушул чакта Котон шаарында оба (чума) бар деп уктук.

Кыштын толук чагында Каралодон Бычков баштаган жүз казах, орус Бедел ашып келип, Турпандагы Кытайдын айылына «кыргыздын бузук баштаган баш кишилерин кармап бериңиз» дегенде Анбал мен кыргызды таанybaймын, өзүң калаадан таанып кармап ал, калаадагы бектерге кармап бер дегенде Бычков Турпандан киши кармай баштаган. Малай Көбөнтаев деген кыргыз казак-орустун колуна түшүп, аны кам-чылап сабап туруп кутулган. Казак-орустар Аксууга келип киши кармаган (Мен Аксууну кыштап калдым эле. Түн ичинде качып чыктым) кезде Шабдандын балдарын катуу издеп табалбаган себеп, Шабдандын балдары Турпанга жаңыдан киргенде анжиандык ак-сакал Абдыкадыр кармайбыз деп келгенде, алар карматпай ушул бойдой көчүп олтуруп, байдын тоосу Карабакка кыштаган. Бычков 70-80 кишини кармап алып, Беделдин белинин алдындагы кароолго барып конгондо эл жаткан кезде Балыкчы Боронбаев эшикке даарат ушатууга чыгамын деп кошо барган солдатты таш менен жыга коюп качканда калган солдаттар артынан кубалап бири кеткенде аны дагы жыга муш-тап качып бара жатканда жарга жыгылып калып, казак-орустар кармап келип кылычтап өлтүргөн. Калган кыргыздарды Бычков алып барып Караколдогу набактыга салдырган. Бычков келип элден 70-80 кишини кармаганда эл коркуп, көбү Бай, Күч, Луп,

Шаяга кеткен. Тоонун ичиндеги туюк черге бекинген.

Пишпек, Нарындан качып барган кыргыздар — аяк менен сарбагыш өтө начар болду. Мал-мүлкү чак келбегенде башын саткан ушулар болду. Жакын кирден качкан себептен жана апийими барлыгынан бугу кыргызы артыкча демдүү болду. Бугунун алсызыраагы тынымсейит уругунан учурады. Көбүнчө сарбагыштар бир түндө 70-80 чакырым жерден мал уурдап келип турду. Топтогон төөлөрдү айдап келип, үстүнө алачык тигип коё салып, артынан ээлери келген-де төө көргөнүбүз жок, канакей таап алгын дегендерге айылды көрсөткөндө ээси алачыкта кайдан төө болсун деп айылдын тегерегин карап кайта кеткен. Кээ бир чакта уйгур менен кытайдан кыргыздар өлтүрүп да койду. Кыргыздын мындай тынчтык бербегенин кытай үлгү билип, бир жерге тургузбай ары-бери ай-дап турду. Кытай мусулмандарынын улугуна, бектерине союш берип, көчпөй турганы да болду. Кыргыз өз ичара баланча уруу, каракчы деп кытай улуктарына жамандап бирин-бири чагымдап тургандары болду. Маселен, сарбагыш ууру деп бугу айтса, бугу ууру деп сарбагыш айтты. Аныгында тынымсейиттен башка бугулар уурулукка катышкан жок.

# 1 КЫТАЙДАН ЭЛДИН КАЙТКАНЫ

Карашаар, Луп, Кашкар, Жаркентке жете чачырап кеткен жана Кулжа өлкөсүндөгү качкындар падыша түшүп, урият болгонуна текши ишенип, азаттык болгонуна көздөрү жеткен соң ар кайсы кыштакка жана тоого чачыраган качкындар жыйылып, жол азыгын камдап, кытай, дунган, уйгурга берген кыздарынын көбүн уурдап алып кайта жөнөгөн. Жолдо келе жатканда көбү уурулукка кирген.

Тянь Шань тоолорун жана Кызыл Кыя, Санташ ашып, сапырылып, күндөп-түндөп, эң азында 40-50 түтүн жөө жалаңдап көбү өлгөндөрүн көмүүгө пурсаты келбестен, оору кишилерин көтөрүп, алып, эгерде алып жүрүүгө дарманы келбесе, жанына идишке суу коюп, азыраак тамак, талкан менен жар түбүнө болбосо таштан үй кылып зоо түбүнө таштап, кайрылып келип алабыз, — деп өздөрү жүрө берген. Маселен, Кара Саздын башына сарбагыш элинен Кара Бекбоо деген абышканы оору болгон үчүн алын жүрө албай, жанына бир далай тамак коюп, балдары кайта келип алабыз деп көчтөн калбай жүрүп кеткен. Абышка жалгыз жатканда эки жаш жигит көрүп: . «Сен болсоң көрөрүң көрүп, ичериңди ичтиң жана мынчалык жашка келдиң, жаш биз өлбөйлү», — деп тамагын алып кеткен. Ачкалыктан чыдабай бир-бирик карактап жана уурдап, көп өлтүргөн. Маселен, Бедел ашып Тарагайга келгенде айылынан бөлүнүп Тарагайга, анан Нарынга барамын деп тыным сейитке кошулуп, атаке элинен бир түтүн чечей кошо көчүп келе жатса, андан келе жаткан тынымсейит кыргызы эки күн эки аяк талкан сурап алып, жарма кылып- ичкен. Үчүнчү күнү күн баткан соң сураса, күнүгө берип кантип чыдайбыз, — деп катыны айтканда баягы жигит ачууланып кайта чыгып кетип, үйдүн ээси намаз окуп жатканда кирип келип, балта менен башын жара чаап өлтүргөн. Калган алты баш кишини бүткүл өлтүрүп, өлүгүн сүйрөп барып жардын алдына таштаган. Жаралуу болуп, эси оол калган 12-13 жаштагы эркек баласы таңга жакын эсине келип, кайта өз айылына кайтып келип кошулган. Баланы кубалап келип жетпей калган.

Көчүп келе жатканда 3-4 жаштагы балдар жөө баскан. Басалбай калган балдарды жана оору кишилерди белине аркан байлап, жетелеп баскан. Оору кишинин көбү баласын жана тамагын төшөнчүгө таңып көтөрүп жүргөн. Чоңураак эчки же кой болсо, жарым пудка жакын жүк арткан. Турпандан Кочкорго жете ооруган катынын эри көтөрүп келген (Чоң Кеминдик Шыгай Алтай уулу). Карыган ата-энеси оору болсо балдары көтөрө-көтөрө чарчап, алдыңкы көчтөн артта калганын көрүп, ата-энеси: «Бизден тукум болуп, силер аман калсаңар болду, жаш силер өлбөгүлө, элден калбагыла, биз силерге ыраазыбыз», — деп тоо арасында кала берген. Ооруган жаш колуктусун нече күнү көтөрүп, өзү ачкалыкка чыдабай жана көчкө жеталбай калганда колуктусунун алдына төшөк салып,

үстүнө жууркан-кийимин жаап, кепин кылсын дегенсип, элечегин жаздап, жанына суу коюп, таштап кеткен (Жалак белде), талаада калган өлүктү топтолгон иттер жеген.

Ошондой азап-мээнетке дуушар болуп, биринен бири ажырап, көбү ачкадан өлүп, ач бел, куу жолдун үстүндө келе жатканда окшошконго мушташкан кыргыздан кылып калган. Анын күйүтүнө чыдай албай солдаттар 30-40 болуп тоштошуп, бел-белге кыргызды тосуп үргөн. Булар катын-баланы кырып, сулуу кыз-келин болсо алып, мал-мүлкүн талап турган.

Мындай карактоо, өлтүрүш көбөйгөн соң, кыргыздар күндүз жашынып, түн ичинде көчкөн. Бедел ашып келе жаткан бугу кыргызы желдеңден сентябрь айында катын-бала аралаш 150 киши өлтүрүлгөн.

1916-жылында декабрь айында Каркыра менен Нарынкөлдүн ортосу Чоң Капкакта кечке жакын 20 казак-орус келип, чиркей уругу саяктан бир далай жаш бала, катындарды кырып жатканда Жусуп Абдыракман уулу (Совнарком) беш жаштагы инисин көтөрө качып, арча-карагайга жашынып качып кутулган.

Барскоондун ичин Ачык Ат деген жайлоонун сайында август айында желдең кыргызынан көчүп келе жаткан 300 кишини барскоондук мужуктар колу-буттарын байлап туруп, таш менен жанчып өлтүргөн.

Кытайга качпастан, тоодо бекинип калган кырк түтүн кишини Чежи деген жерден кармап алып мужуктар өлтүргөн. 1917-жылы март айында 60ча түтүн кыргызды түлөө кылып жатканда кырган. Мунун түтүнү ажы элиндеги чагалдак уругунан болгон. Түп орустары Түм менен Кудургунун ортосунан талаада эки киши кармап алып, саманга аралаштыра капка салып өрттөгөн. Жана Түптүн орустары Түптөн кишини айрылап өлтүргөн. Бирин-сериндеп өлтүрүлгөнгө эсеп жок. Керенский заманында болгон өкмөткө арыз кылсак укпастан кайтадан өзүнө ачууланып урду, «1916-жылында колун, менен кылдыңар, эми каның менен төлө», — деди. («Сам кашу наварил, сам расхлебывай».) Качкынды өлтүрүп турган мужуктарга астыртан жардамчы болду. Маселен, 1916- жылында көтөрүлүш кылган кыргыздарды суракка чакырып кел деп жабдыктуу мужуктарды жиберип, «жолдо качты, каршылык кылышты» деп аткыла деп тымызын уруксат берип турду. Ошолордун бири жарактуу мужуктар Тондон Ысакаалы Алматаев баш болгон 11 кишини Тамра кыштагына айдап келип, Үйгө камап коюп, терезеден аткылап өлтүрдү. Качкан үчүн аттык деп мужуктар акты кылганда өкмөт Кабыл алды. Өлтүргөндөр жоопсуз кетти.

Чүй, Кочкор, Ысык Көлгө түн катып жашынып түшкөн качкындарды сенде паландай акым бар, малымды айдап кеткенсиң, баланча мужукту өлтүргөнсүң деп малын төлөтүп, малсыз болсо көбүнчө өзүн өлтүрүп, катыны сулуу болсо, Алматыдан барган казакка, таран! дунганга сатып турду. Кыз-келинин Токмок, Пишпек, Караколдон же орустун - колуна түшкөндөй сатып алып, Алматыга алып барып пайдага сатуу казак менен таранчыга кесип. болду. Мужуктун өлтүргөнүнө, талаганына чыдай албай Алматы дуванына, Пишкекке, Олуя Ата, Таласка, Кетмен Төбөгө качты. Кайтадан Кашкар Турпанга кеткени дагы болду. Кышкы суукта үстүндө кийими, ичүүгө тамагы жок болгон үчүн көп кырылды. Жалгыз жүргөндөрүн карышкыр жеди. Келте, котур каптады. Жол үстү, тоо арасы ашуулар жар түбүндө, таш түбүндө өлүп жаткандардын эсеби жок, буларга жардам кылган болбоду. Токмок, Пишкекте жана кыштактарда көчөдө басалбай жүргөн ачкадан жана оорудан басалбай келе жаткан качкындарды итине талатып өлтүргөн мужуктар да болду.

Дунган, өзбек мужукка жаш балдарын, катын кызын сатты. Күндө беш-ондон топтоп жүргөн жетим балдар кечинде барар жери жок, суукка чыдай албай кечке ачка, Кечинде өзбектердин үйүнө түнөтүүгө сураса киргизбей көчөгө кууп таштап, көчөдө суукта калып, балапандай оозун ачып, өлүп жаткан жаш балдар көп болду. Ошентип, калган балдардын көбүн көбүнчө орустар үйүнө киргизип асырап турду. Ачкалыктан киши кашкулак, суур, чычкан, эшектин этин жегендер көп

болду. Байлары кедейге карашпастан кетти. Токмокто: Галий, Турдахун деген бийлер өлгөндө кепин берсе сооп болот экен деп кепин гана берди. Тиричилигинде жардам кылбады.

Ашпоздук кылып, бала-чакасын эптеп багып турган качкындарды Токмоктун мужуктары өлтүрүп турду. Маселен, абыла кыргызынан Абийир дегенди өлтүрдү. Кыргыздан бузук кишилерди жалдап алып, жолбашчы кылып жашырып, көрүнбөй тоодогу качкындардын мал, мүлкүн алып турду. Токмоктон Кара Доңуз басып, Чиян, Бугу Мүйүз кыштактарын аралап бара жатканда алардын мужуктардын өлтүрүшү дагы болду. Алматы дуванындагы казактар сенделип жүргөн кыргызды ууру деп оруска кармап берип өлтүрткөнү кеп болду, Нарында саяк жана калпа Келдибек уулу бир качкын кыргызды уруп өлтүрткөн.

Тескейде — Тоңдо «питат» пункт ачылып, ал алты ай чамасында элди багып, бирок, каражатка берген акчадан манаптары пайдаланып турду. Алматыда, саргалда дагы ачылып, качкындар элүү жети күн агылды. Мен башында турдум. Нарынга пункт ачабыз деп Керенский өкмөтү жана манаптар элден отуз миң кой жыйнап алып, пункт ачпастан качкынга какшылык жок деп малды өз пайдаларына калтырды.

Кара Коңузда Булар Магуев Чоң Дөбөгө ашкана ачып, 1500 чамалуу качкынды үч ай бакты. Көк чык-канда Булар өзү келип, биз Бейжинден келип мынчалык куралып эл болдук, тукумдар калар, дунгандар ачка болуп кетти. Эми тарагыла деп тараткан. Ошондо дагы дунгандар, азоолоп качкынды алып баккан. Калган качкындар тараган. Бул качкындар-дан миң чамалуу киши өлгөн. Баккан дунгандын кээ бирлери кыргыздын багылып турганынан өлтүрүлгөнү дагы болгон. Күн абдан ысып калганда элге келте келип, көп кырылган. Николайга жардам болуп, качпай калган кыргыздан өлтүрүлгөндөрү: 1918-жылында Нарындык Калпа Келдибеков, Токмоктон Дүр Сооронбаев. Токмокко камап жатып бир нече күндөн соң Шор Дөбөдө атып өлтүргөн.

Николайга каршы чыккандан Токмок орустары Шор Дөбөдө өлтүргөндүн ичинде Масымкожо Тоголоккожоев, Турумбек, (Шамшы эли) жана Канаттын баласы. Кочкорлуктан Кытайга качып барып, кайта келген Тезекбай Түлкү уулу, Жапай Көкташ Уулу жана башкалар. Нарында-Чолук баштап бир нече киши атылды.

1917-жылы күзүндө хулиган басмачы орустар Бөлөкбай кыргызынан Салмоорбек Асыл уулу баштаган 20 кишини өлтүрүп, мүлкүн талап кеткен.

1918-жылында Кондубаев жана Кытайга качкандан Ысмайыл Сулайманов бир жолдошу менен үч кишини улук чакырып жатат деп солдаттар айдап бара жатып, жолдо өлтүрмөк болгондо Кондубаев солдаттын бирөө менен каруулашканда беркиси кылычтап өлтүрүп таштаган. Жолдошу жарадар болуп качып кутулган. Сулаймановду дагы өлтүргөн. 1917-жылында сентябрь айынын башында бөлөк-кыргызынан Андаш Чоловту Токмок мал база-бузуктар күндүзү тепкилеп өлтүргөн. 1917-жылында күзүндө Алматыда Демократтык республика жарыялады.

1918-жылында 17-февралда Алматыда Кеңеш өкмөтү курулганда өлүм токтоду. Эгерде Кенеш өкмөтү курулбаса качкан кыргыз эмес, мында калган жана урушпаган кыргыздан дагы тукумун койбой кырат эле. Ошондо дагы анда-санда чекене өлтүрүлгөн болду.

1921-жылында 20-январда бүткүл кыргыз-казактын кедей бечараларынын Олуя Атада съезди болуп өткөн соң эл-журт тынып, тынчтык таап, өкмөт кедей пролетардын колуна өтүп, кан ичер жоон муштум колонизаторлорго жаза чындап берилген соң, эл-журт тилегине жетип, башына түшкөн кара туман ачылып, жаркырап кызыл жылдыз көрүнгөн соң, анын касиети менен кара түндөн кутулуп, кара күн унутулуп, жан өзүмдүкү, өкмөт биз — пролетар кедейдики деп бүткүл ишти колуна алып, социализм жолуна киришти.

## 1.1 АДАБИЯТЫ

### 1.1.1 МАНАС ТАПТҮШТӨӨ ИРЭЭТИ

Кыргыздын эң уккулуктуу артыкча кызык көргөн жана илгертеден унутпай келе жаткан атактуу ырлары: 1 - Манас, 2 - Кошой, 3 - Көкөтайдын ашы, 4 - Эр Төштүк. Эски карыялардын айтуунда Манас кагазга жазылбастан оозеки ырдалган. Ырдаган ырчылар: «Манасты түшүмдө көрдүм, ырда деп кыстагандыктан ырдадым», — дешкен. Анығында Манас мурунтан, башы маалим болбогон замандан улам арткыга оозеки ырдалып сактала келген, бирок мунун анык качан башталып ырдалганы маалим эмес. Манасты илгери биринчи ырдагандар: 1) 1792 - 94-жылдарда Музооке, 2) солто кыргызынан 1752-жылында туулган Түлөбердинин жигит чагында карыган абышка Норуз деген киши ырдаган. 3) 1820-жылы чамасында туулган атбашылык асык кыргызынан Келдибек, 4) 1840-жылдарда Балык-менен Айтике ырдаган.

Манасты ырдаган ырчылардан көргөнүм — 1888-жылында Ормон уулу уругунун айылында саруу кыргызы Алаш деген киши. 1889-жылында Ысык-Көлдүн Тору Айгыр деген туура суусунун башында саяк кыргызынан чоңчарык уругунан Кыштообай Медер уулу. 1890-жылында кышында Балыкты деген жерде Сагын-бай Орозбак уулу. 1896-жылы май айында Пишпек Шаарында болгон сыязда Найманбай Балык уулу, ошол жылы июль айында бүткүл Каракол, Пишпек, Нарын кыргыздары Көтмалдыда топ кылып, бугу кыргызынан тынымсейит уругунан атактуу Тыныбектин беш-алты күн ырдаганын уктум. 1898-жылы көктөмдө Чоң Кеминде Алагуш Мырзаалы уулунун үйүндө бугу кыргызынан алдаяр уругу Дыйканбайдын ырдаганын уктум (Манасты эки-үч күн ырдап, анан көбүнчө Семетейди айтты). 1901-жылы көктөмгө жакын Ыссык Көлдө Калмак Ашуунун оозунда Байымбет Боронбай уулунун үйүндө бугу кыргызынан Акылбектин ырдаганын төрт-беш күн уктум. 1908-жылы Кочкордо Сагынбай Орозбак уулунун көктөмдө эки мертеме ырдаганын уктум, Сагынбайдын агасы Алышер Манасты айтуучу экен, бирок анысын мен укпадым.

Манасты ырдаган ырчылардан: Манасты нече күндө ырдап бүтүрөт десең (мен өзүм да сурадым), эң азында эки-үч айда айтып аягына чыгуу мүмкүн деген жоопту беришкен. Балким андан да көп. Койчу жана карыган кишилер (кыштын күнү тамак-ашын ичкен соң оттун жанына олтуруп, карыган абышка-кемпир, катын, кыз-келинди жыйып алып, короосун ууру бөрүдөн кайтаруу үчүн жана эрмек-шоок кылуу . үчүн) чокко кактанып олтуруп, Манас, Көкөтөй, Кошой, Төштүктү да айтканын көп уктум. Жылкычылар ак кар, көкмузда, кыраңга жолум үйүн тигип алып, бири Манас, бири Алмамбет, бир канчасы кырк чоро, калганы Коңурбай, Жолой, көп кытай болуп, эки айрылып согушканын нечен көрдүм.

Эки-үч абышка дөңгө, жаки короого олтурушуп, Манасты ырдабастан, сүйлөп айткандарын көп уктум. Ошолордун бүткүл айтканы төмөнкү мазмунда: Манасты ногой, сары ногой, кыпчак, локеш уругунан дешет. Таласта турганда Каныкейди алган, кээ бири Манасты Таласта, кээ бири алтайда туулган дешет. Согушу болсо: биринчиде Көкчөкөз, Көзкаман деген жакын туугандары бузук кылган, Кыз Сайкал менен согушкан. Көкөтөйдүн ашында Коңурбай менен сайышкан. Оогон олок менен согушкан. Бейжин менен согушкан. Акыры кытай Коңурбайдан Аккула аты, Алмамбет, Чубак, Сыргак жана бир нече чоролору өлүп кетип, Манас жаралуу болуп келип, Таласта өлгөн. Көп ырчынын айтуунда Манастын катуу согушу Бейжин жана Оогон болгон. Манастан соң баласы Семетей ырдалып, ал катын аларда Чынкожо, Толтой менен катуу согушуп, жана атасынын канын кууп, Бейжинге барып, Коңурбай менен Жолойду өлтүрөт. Семетейдин баласы Сейтек делип, андан соң кабар жок.

Кошой тууралу сөз: катагандын хан Кошой, кара-шаар, Камбылда (Кумул, Бейжин, Хами Пекин) 85 жашында, Көкөтөйдүн ашында Жолойду күрөштө жыккан. Көкөтөйдүн ашын 12 жашар Бокмурун деген баласы, Ташкен, Түркестандан көчө келип, Каркырада капыр, мусулманга аш берген. Кайсы уруктан экени дайын эмес Төштүк деген баатыр болуп, катынын алып келе жатканда Чалкуйрук деген

күлүк аты менен жердин алдына түшүп кетип, анда алп дөө желмогуз менен жети жыл кармашып жүрүп, акырында алп кара куштун балапандарын ажыдаар жемек болгондо аны жаа менен атып өлтүрүп, балапандарын куткарган алпкаракуш Төштүктү аты менен көтөрүп учуп, жер жүзүнө чыгарып кеткен. Бүткүл ырчылардын айтуунда Манас Кошой, Көкөтөй, Төштүк бир замандагы кишилер болуп, Көкөтөйдүн ашына жогорку үчөө келген.

Төштүк тогуз уулдун. кенжеси, Элемандын уулу деп «Элемандын эр улан Төштүк» деп ырдашат. Жана буларга замандаш кара ногойдун Жамгырчы, кээ ырчылар Эштектен Жамгырчы дешет. Нойгут кыргызынан Акбалта уулу эр Чубак, казактан Айдаркан уулу эр Көкчө. Алтайдан келген Өгүзхан (балким Угузхан болор), уулу Алмамбет кытайдан мусулман болуп келген. Кыргыздан эгиз кара ат байлаган, эки кемин жайлаган, кара үңкүрүн үй эткен, кара токой мал өткөн, кыргыздардан эр Үрбү деген жана Акбалтанын Чубагы бул эки кишиден башка бир дагы киши айтылбайт. Кыз Сайкалды нойгут кыргызынан, бир кабарда кыпчактан деп талаш кылышат. Кытайдан Коңурбай, Мурадил жана Жолой (кара кытай Чүй боюн борбор кылып, XI—XII кылымдарда мамлекеттин башынан карап турган Элюй деген баштыгы болгон. Элюй-Жолой аталмагы мүмкүн), Калдай жана башкалары айтылат.

Манастын ата-бабаларынын аттары:

1. Өз атасы Жакып (Арабтар менен).

2. Бабаларынан Түмөн хан, тарихта Түмин хан VI кылымда Алтай түркүндө Күлтегин менен Билге хандын бабалары.
3. Бөөн хан — тарихта Бумин хан, Күлтегин менен билгенин бабалары жана Буюнкулу деген хан Чынгыз залим менен Теңирдин ортосунда Түркестанда болгон хандын аты.
4. Кара хан — тарихте XI кылымда караханилердин Кашкардан чыгып, Өзгентти борбор кылып, Бухарага жете элди караткандыгы жогоруда көрсөтүлдү- Ырчылар Чыңгыздын уулу чын Манас деп да ырдашкан. Жана Самарканда сарт Манас деп айтышат.

Ошентип, ырчылар өздөрү дагы Манастын насилин анык баланча деп кесип айталбайт.

Манастын заманындагы эл: кытай, калмак, кара калмак, шибе, кара кытай, солон, эштек, добот (тибет), ойрот, торгоот, маңгырт, кара ногой, сары ногой, ногой, чүрчүт, олок, орус, урум, сарт, өзбек, казак, нойгут, кыпчак, оогон, тажик, кызыл баш, үндү, манжу, долу жана кыргыз.

Жер-суулар: Алтай, Ганкай, Таңатардын Буурул түн (Энесай болмогу керек), Орол, Сары Арка, Едил (Волга), Жайык (Урал), Крым, Индистан, Исар, Көлөб.

Шаардан: Бейжин (Пекин), Чынмечин, Кашкар, Котон, Кара шаар, Камбыл (Хамий), Анжиан, Кокон, Наманген, Маргылаң. Ташкен, Самаркан, Кукар, Кебил, Меке, Медине, Мисир айтылат.

Ооз кабардан Манас ким? 1916-жылы кыргыз бузугунда Турпанга, Кытайга качып бардым. Андагы черик кыргызынын кабарында алар өздөрү болсун, Саркол (Памир) жана кыргыз болсун Манасты сары ногой, кыпчак дешет экен. Кашкар кыргызынын көп-чүлүгү кыпчак кыргызынан лакшү уругунан Манас чыккан деп айтат дешет. Кетмен Төбө, Фергана кыргызы Манасты ногой дейт.

1920-жылында Талас кыргызынын берген кабары.: «Алма Атага жакын Кара Кыштак деген жерде кыпчактын локуш деген уругунан Манас деген баатыры.. кара кытай каптап келгенде жеринен ооп, Таласка келип туруп, Намангендин Кара кожо деген улугу менен бирлешип туруп, кара кытай менен согушканда кара кытай абдан быт-чыт болуп жеңилип, Каштекти кайтадан кыпчакка берген. Мындан соң ал жерге кара кытайлар көп жылга жете келе албаган. Таластык кыргыздын экинчи кабары: кыпчактын жети кашка деген уругунан 680—970-жылдарда болгон Манас бар баатыр.

Жазуу боюнча Манас деген термин орус, кытай, араб, иран, түрк тарыхтарында жок. Эч табалбадым. Орустун дини китептеринде Жусуп пайгамбардын Манас деген баласы болгон. Бирок эң эски заман болуп, күн батышта араб менен еврейдин тукумунан болгондуктан назар кылбадым. Искендердин заманында Шам менен Кудуска (Палестинада) Манас деген хан бар эле дейт. Эски грек жери — Крит аралында жомокто айтылган Минос деген ханы болгон, Булар эн эски кабар болгондуктан, көп ихмет берилбейт. Арабдын «Актар Кебир» деген (Большая энциклопедия) китебинин 280-бетинде Манас (Мынас) деген термин бар. Анын түркчө мааниси: Калканч, сыйынт, күч-кубат, чеп (Крепость, убежище, протикорат сила) деген сөз, арабдын «Мааннас» термини Манас болуп окулат. Мааннас — «адам бирлиги» деген сөз.

Манас балким угуз түрктөрүнөн болуп, эски түрк могол балдары кийинки заманда кыргыз баатырлары жоого чапканда өз атын кыйкырып, ураан салып качыргандай, «мен угуз» деп качырып чыккан. Жоого чапкан бир баатыры түрк болуп, «мен ууз» кара тил менен: мен — уус, менус акыры Манас аталып кетүүсү зор этимал.

Кытайлар усун кыргызын Усе деген. Итимал усенден чыккан бир баатыр болуп, мен — усе деп кыйкырып жоого чаап, акыры мен усе, менус — Манас ата алып кетүү мүмкүн, Тоболдогу татарлар Төштүктү билет экен. Манас, Кошой, Жолой, Коңурбай, Көкөтөй, Төштүк замандаштыгы жогоруда айтылды.

Манастан калган белгилер:

1. Таластагы Кең Кол чатында күмбөз, түбү төрт бурч, үстү 12 бурч, төбөсү күмбөсчө, тоголок бышырган кыштан салдырган. Карматкан топурагы балчыктан, күмбөздүн эшигинин сыртында эшикке тегерете жазган баш-аягы арабча тамга менен бышырган кыш менен жууруп жазган. Кыштын түзү башка кыштарга караганда кара күрөң өңдүү. Майга жуурулгандай Манасты ырдагандар катыганы Каныкей күмбөздү салдырганда кышты серкенин майына жуурган деп ырдашат, Жазуунун кыскача мааниси «Нур чалып күлдөп турган Рабаганын заманы төртүнчү санаа кылым»… деген жана башка сөздөр. Жазууну тарыхти жазган мен Белек 1920-жылында Ташкенден Алма Атага бир нече жолдошторум менен бара жатып, 29-майда алдым.

2. Кочкордун түн жагы, Чоң Суу жээги, жол үстүндөгү кашатта Кочкор Атанын кабырына жакын кырк чоронун күмбөзү делип, топурактан салынган майда бир далай бейит бар. Үч бурчтуу дубалчанын ичинде бир жаккы бурчунда 15 чамалуу күмбөзчө, калганы чачырап, кокту чактын ичинде Саз Өөн кыраңга салынган. Кырк күмбөздүн үчөө жер болуп житип калган. Бири сазга тийе болгондуктан жемирилип, араң эле түбүнүн нугу турат. Манас менен Семетейди ай-туучулар чоролордун 16—17син бир жерде, калгандары экиден-бирден ар кайсы жерде өлгөндүгүн айтышат. Күмбөздөрдүн турушуна караганда ырчылардын айткандары ырас болуп чыгат. 1885-жыл чамасында Жумгал, Тескейден келген саяктын карыяларынан бири Төлөмүш, Токтогул деген кишилер келип, ушул жерге илгери биздин бабаларыбыз коюлуп, күмбөз салынган экен дешип бата кылып кеткен. Кебетеси көрүстөн болгондуктан ал жерге башка кишилердин өлүгү көп коюлса керек.

3. Манастын ак шумкарынын Арпадагы уясы.
4. Кытай жеринде (Синцизиан) Үрүмчүгө караган Манас деген шаар жана суу бар.
5. Ошого жакын жерде Кутубий деген калаа бар. Манастын Кутубий деген чоросу болгон.
6. Таластын аягы күйүк Күркүрөдө тушма-туш күн жүрүштө «Манас Тоо» жана «Манас Ашуу» деген жерлер бар.
7. Ысык Көлдө Чолпон Ата, Чокталдын талаасында Манастын ордо салып аткан жери деген орун бар.

Манасты айтуучулар анын жерин Талас дешет. Таласты тарых боюнча текшергенде көрүнгөнү төмөнкү:

Урум (Византия) тарыхына караганда 569-жылында Таласта түрктөрдөн түргөш Деген эл болгон. Аларурум менен элчи алышып турган. Түргөштү кыргыздын бир уругу деп айткан, ойлогон тарихчи (Дублитский) бар. Түргөштүн Мукан (Дизабол) деген ханы урум императоруна тартуу кылып кыргыздын бир кызын берген. Бул түргөктүн жанынын алганы кыргыздын кызы болгон. Демек, кыргыздын Талас менен катышуу биздин эранын VI кылымынан башталат.

VII кылымда кытайдын Суан Тсан деген ажысы Талас шаарынын айланасы төрт жарым чакырымга созулган, Талас шаары суунун эки жагына салынган, мындан башка Таласта тогуз шаар болуп, тоо арасында күмүштүн кени чыккан, Текепкет деген калаа болгон. Азыркы Күмүштактын алдыңдагы Төрткүл болмогу мүмкүн. Таластык кыргыздар чалдыбар дейт.

Макдиси деген мусулман тарихчисинин кабарында Талас шаары суунун күн жүрүшүндө болгон дейт. Тарыхтарда Талас — Тарас деп дагы жазылат. Жана суунун күн жагында Барскан, Шелүүжи, Көл, Суз, Тепекет деген беш шаар болгон. Суунун түн багытын-да Жыгыл, Быгыл (Вьхыл) Хамукет жана Атлат деген төрт шаар болгон.

Арабдар 666-жылында Иран мамлекетин талкалап, падышасын Түркстанга чейин кубалап келип, ал түрк чегине өтүп кеткен соң түрккө батына албай кайта кеткен. 680-жылында түрк менен согушун, буларга Алтай түрктөрү (Күлтегин, Билге хан баштык), бир кабардар болушса да өз арасынан чатак чыгып, алтайлыктар кайта кетип, арабдар 740-жылдарга чейин азыркы Токмок шаарына жете келип, Орто Азия (Түркстан) түрктөрүн бүткүл караткан. Токмоктун күн чыгыш жагындагы Кара Булак (Михайловка) жаки (Кара Коңуздун алды Токмоктун каршысында (же Соголдуда) түрктүн борбор шаары Суяб деген болуп, анда түрктүн Сулуу хан деген баштыгы 740-жылында араб менен алты ай согушкан. Акыры жеңилиң багынган. Ушул түрктөрдүн ичинде асык деген бир уруу эл болгон. Ошол замандагы түрктөр Беркташтын тоосун Теңирдин жери деп Ыйык туткан. Азыркы заманда дагы ал тоонун башын кыргыздар азиз тутат. 748-жылы кытай аскери Түркстандык Суябка караш-туу элди жеңип, ханы турган шаар Суябды талкалап, андан бүткүл Түркстанды каратып алмакка илгерилеп, 200 мин аскери менен Таласка келгенде Зияда Салык командасында болгон араб аскери (азыркы Димитровка — Ак Чийдеги Ак Төбө төрткүлүнүн маң-дайындагы Кулан Курук деген жал чеп болуу мүмкүн, Ак Төбө анын уландысы) жогоруда жазылган Атлат шаарында июль айында 751-жылы Кытай менен согу-шуп, Кытайдын 50 миң аскери кырылып, 20 мин аскери колго түшүп, калганы качкан. Мындан соң кытайлар Орто Азияга аяк басалган эмес. Мына ушул жогоруда айтылган Таласта болгон окуяларда Манас деген термин тарыхтарда учурабайт. Манас арабча мыят, сыйынт, күч-кубат деген термин болгонуна караганда ушул согушта Манас таластык болгон үчүн арабка зор жардам берип согушкандыктан Манас баштык таластыкты мият, Талас сыйынт кылып, Атлат шаарына бекинип туруп, Манастын (түрктүн) күчү менен кытайды жеңип, маанилүү болгон Манас атагын (прозвище) алган болбосун. Жаки Таластын айланасы тоо, ортосу чеп коргон сыяктуу болгон үчүн чуңкурчак (котловина) болгондуктан, жер шартына карата Манас деп атак берсе керек.

Манастын атасынын атын арабча Жакуп деп коюп, башка бүткүл бабаларынын аттары нагыз түркчө, маселен: Түмөн, Бөйөн, Карахан коюлгандыгына караганда, арабдар Таласты багынтканда Манас туулуп араб таасири менен атын Манас коюп. кийин жогорку согушта болгон баатыр болгондур.

Амир Темир кан ичердин бабаларынын биринин аты Түмөнбай болгон, балким жогорудагы Түмөн — Түмөнөй чыгар.

Уйгур падышалыгын Энисей кыргызы жеңип бүткүл күн чыгыш Азиядагы уйгур, могол, татар, түрк зор мамлекети (Великое Киргизское Самодержавие) аталган, ошондо уйгурлар кыргыздан качып Синцизиан (Кашкар, Кокон, Турпан, Аксуу, Үрүмчү, Кумул (Хами), Локчин (жогоруда айтылган Локшу болор), Турпанга келип турган. Ушул жакта угуз түрктөрүнөн Сатык, Буграхан XI кылымда мусулман

болуп, Синцизиан, Орто Азияга хандык кылып, анын династиясы Карахан аталган. Манастын бабасынын бири Карахан аталганына караганда балким Манас ушул доордо угуз түрктөрүнөн чыккан бир баатыр болор Манасты айтуучулар Манастын ата-энеси мусулманчылыкка үндөбөстөн өзү мусулман болгон дейт. Бул себептен Орто Азия калкы мусулман динине кирген кезде динге кирген баатырдын бири Манас чыгар. Күмбөзүндөгү сана арабага деген санат IV кылым болуп, Караханилердин дooруна чамалаш болгон. Жаки кыргыздын зор мамлекет доорунда бир баатыр болор.

Алмамбеттин атасы Угузхан — Ууз хан деп дагы айтат. Угуз хан биздин эрадан III кылым мурун көп мамлекетти караткан, Гун түркүнүн каны болуп, бал-ким Алмамбет анын насилинен болор. Жаки Алмамбеттин өзү келип мусулман болгонуна караганда дин-сиз Угуздун динине кирбестен мурунку чекене динине кирген болуп чыгар. Угуз ханды тарыхтарда Моло хан деп дагы айтат.

Алтайдагы түрк ханынын 553-жылдарда Түмөн деген каны болгон. Ырчылар Манастын бир бабасын… жогоруда көрдүк. Балким Манас Алтайдагы түрк канынын тукумунан болор.

Кара кытай IX — X кылымда Манчжуриядан чыга келип, жол бою көп элди багынтып, Орто Азияга каптап келген чакта, кыскасы кара кытайдын доорунда, кыргыздын кураган зор мамлекетинен кабар болбой калат. Кара кытай менен кыргыздын эки ортосу, саясы жөнү белгисиз. Жалгыз гана бир кабар: «Кара кытайды, Эмилге жакын жерде кыргыз жеңди дейт.

Кара кытайдын борбору Баласагун деген шаар болгон». Тарыхчылар Баласагундун турган жери Бурана болгон дейт. Менин пикиримче Ысык Атанын чоң Төрткүлү болгон.

Бурана арабдар келгенде (740-ж.) Невакет аталган Акбешимди Пежикет деген. Тарыхтарга караганда, борбор шаары болгондуктан Баласагун чоң шаар болгон; арабдар Улаксон деген. Бурананын чалдыбар Төрткүлүнө караганда, Ысык Атанын Чоң Төрткүлү беш эсе чоң. Жана чалдыбарын текшергенде Бурана-дан кийин талкаланганы билинип турат. Рашит Баласагунду Каргалык деген (азыркы Карганын Иле жакы оозунда). Чамалгандын аягында сазда чоң, төрткүл бар, ушул болбосун деген менен ал эмес.

Манастын согушу көбүнчө кара кытай менен болуп, кара кытайдын Жолой (Елюй) баштыгы болгонуна караганда жана ырчылардын баарысынын айтуунда Манастын биринчи жоосу жана аны өлтүргөн душманы Жолой менен Коңурбай болгон үчүн Манасты көбүнчө каракытайдын сапырыгында болгон деп айтууга мүмкүн. Күмбөзүнө жазылган сана арабага (мусулмандын эсеби) деген санаттагы кара кытайдын доoруна тушма-туш келет. Не да болсо ырчылардын айтканына караганда Манастын бабалары Алтай, түрк бабаларына, караханилерге жана Жолойго караганда кара кытайга байланат. Чыңгыз хан Орто Азияга чабуул коердун алдында, Харезим (Хива) шаарын Мухаммет деген ханы 1210-жылында кара кытайды быт-чыт кылып бир жолуга жеңип, колунан өкмөтүн алган Күн чыгыш жагын (Иле, Чүй) эсепке албаганда, Орто Азияда кара кытайдын бийлиги ошондо бүткөн. Орто Азиядагы эл кара кытайга эн. каршы болгон, Балким Манас ушул согушта Мухаммет. жагынан согушкан баатырдын бири болор.

«Кара кытай каптаганда, кара кытай чыкканда» деген сөздү унутпастан, алигиче кыргыздар көп айтат. Кара кытайды чоң душман көрөт. Не Да болсо кара кытайдын зулумдугу кыргыздын жүрөгүнө тийген. Ушул себептен ойго келет: Кыргыздын зор мамлекетин талкалаган кара кытай болбосун деп.

1220-жылы Чыңгыз залим канкор Алтайдан аттанып келип, Орто Азия, Индустан, Кавказ, Донго жете кыйратып, адам баласын чымындай кырып, кан дарыясын агызганда Эртиш, Том, Тоболдо турган кыргыздын ханы Мамык хандын баласы Тайбука Орто Азияга келип, Чыңгыз залимден кандык жардыгың алып, өзү хандыкка бекилип, кайта кеткен (Кебетеси ушул зор согушка Эртиш кыргыздары дагы катышса керек). Мамыкты кыргыз эркелетип, жаки кичи пейилдик менен айтканда Мамыш дейт. Казакча Мамас деп айтылат. Түрк эли Мамаш деп сүйлөгөндө Манас деген

термин оозуна эптелише түшөт. Буга караганда Мамык, Мамыш, Мамас — акыры бара-бара Манас деп кетмеги этимал. Бул айтылган кыргыздар Чынгыздын Темучин аты калып, адам жеңгис же чын ууз аталбастан, бир жыл мурун 1206-жылы Чынгыз кан-корго карабас үчүн Эртиштин орто агымына ооп кеткен. Бир бөлөгү жери Энисейде калган. Бир бөлөгү азыркы жери Тянь Шанга келип турган.

Ырчылар Манасты Эртиш, Алтайда туулуп, анан Таласка келген дешет. Могол доорунда, 1220-жылында Талас өзөгүндө Жаңы Кенже, Жаны Балык, Талас деген калаалар болгон. 1221-жылында Кытайдын Чан Чун деген элчиси Кулжа менен Чүйдү баса Чынгыз залимге барганда Талас менен Чүйдүн арасында Акырташ деген калаа болгон дейт. 1269-жылында Чынгыз тукумунан Кайдуу баштык баатыр ноендор Таласка чогулуп, жыйын кылган. Ал заманда Манас термини учурабайт. 1405-жылында өлгөн Темир канкордун заманында жана аны менен удаа болгон калмактын биринчи сапырыгында Манас термини учурабайт. Манастын уулу Семетейдин бир катынын Темиркан кызы Чачыкей дейт, балким Темиркан — Темир болор.

Жана Шорук кан кызы Акылай дейт. Темирдин Шахрух деген баласы болгон. Кыргыз сөзүндө «х» тамгасы жок Шахрух Шорук деп айтылат. Итимал: бул кабарга караганда Манас Темирден мурунураак деп айтууга мүмкүн. Темир Кавказдан кара ногой деген элден алып келип, Ысык Көлдүн түн багыты Күңгөйгө орноштурган. Бул ногойлор Темир өлгөндөн соң Таласка карай жылжыган. Манасты ногой дегенине караганда балким ушул кара ногойдон болор.

1408-жылында ойрот Ысык-Көлдөн өтүп, эл карата Таласка жете барган. Балким ошондо ойрот менен согушкан бир баатыр болор. Бирок ырчылардын кабары Манасты эч качан ойрот менен согуштурбайт.

1400-жылында Эртиш менен Алтайдагы кыргыздан Өгөчү хан болуп калмак, могол, ойрот, ногой казак жана кыргызды караткан. Манас балким ушул кыргыздан болор. 1508-жылында Ысык Көлдүн күн жак багытында Барскоонду борбор кылып, Кашкар, Кара-шаар. Аксуу, Турпандык элдин тынчын алып, ал себептен алар менен согушуп, Ферганалык, Сырдайралык жана калмак менен согушуп, бир согушта Таш-кенде өзбек ханын колго түшүрүп алган кыргыздын Мухамбеткайдар деген баштыгы болгон. Кыргыздын тил низамында Мухамбетти Мамбет дейт. Эркелетип же кичи пейилдүүлүк менен сүйлөгөндө «Мамаш» дейт. Казак «Мамас» деп «ш» ордуна «с» окуйт. Мамас терминин жеңил болгон үчүн Манас деп айтууга мүмкүн. 1518-жылында өлгөн Касым деген казак ханынын Момуш деген баласы хан болгон. Казактын тил мийзамында «Момос» дейт. Кыргыз тилинин ыгы Манас деп айтат. Балким Манас Момостун кыскартылганы болор. Момош өз ара согушунда өлгөн. Момоштун Адике деген агасы болгон. Манастын Абыке жана Көбөш деген кичи энесинен эки бир туугандары болгон. Бирок Момош менен Адикенин тарых жүзүндө кымындай дагы эрдиктери жок.

Чынгыз кан ичер Орто Азияны караткан соң, Алтайдан далай могол, түрк Орто Азияга көчө келген. Булардын ичинде могол уругунан катаган деген эл болгон. Манастын тушунда катагандын кан Кошой деген заманында . биринчи баатырлардан саналат. Азыр да Атбашыда Кошой Коргон деген чалдыбар коргон бар. Азыр да жана илгери кыргыздан алыс сапарга аттанган болсо, калганы кан Кошойдун жолун берсин деп — тигинин тилегинде калат. Себеп, Кошой бет алган жоосун өмүрүндө жеңип өткөн. Кай-дагы согушка барса жолу болгон.

Катаган Чынгыз заманынан бир аз соң бул жерге келип жана анын Кошой деген ханы, Манастын нары замандаш жолдошу болгонго караганда — Манасты, Чынгыздан кийин болбосун деп ойлоого мүмкүн. Бул калын, катаган кайда кетти дегенде, эски карыялардын сөзүндө — калың катаган калмак менен согушуп, Гисар менен Көлабга (азыр да Тажикстанда тарыхта 1610-жылында 12 миң түтүн кыргыз, каратегин Күн чыгыш Таджикстанды басып, Иссар, Көлабка) жана Ооганга кеткен. Кыргызда: «казак — кайын саап, кыргыз — Иссар, Көлабка кеткен» деген макал ошондон калган. Кээ бири бул макал кийинки кыргыздын Анжиан. Алайга киргенинен калган дейт.

Тарыхчы Абулгазы жазган шежире түрктө катагандын кан Турсунду Эшим өлтүрдү деген (1627-жылы). Карыялар катагандын кан Турсунду Эңчер бойлуу Эр Эшим өлтүргөн дейт. Эшим 1628-жылы өлгөн

Эшим менен Турсундун тарыхы жогоруда өз иретиңде көрсөтүлгөн.

Адигине, тагай, саруу, кушчу (оң-сол) аталган кыргызды адигине, тагайдан берки ата-бабаларын уруктарын жана ал замандагы элди, атактуу баатырларды жана алардын кыскача ким менен согушканын бул замандагы кыргыздын көпчүлүгү билет. Бул себептен болжолу 1460-жылдан (адигине, тагай туулган чак) берки кыргызда жана ошондон берки заманда Манас жана анын кырк чоросунун аттары учурабайт. Жана бүткүл кыргыз Манасты адигине, тагайдан мурунку деп билет. Манастын тушунда кыргыздан Үрбү менен Чубак айтылат, башкасынан кабар жок.

Мен 1917-жылы апрель айында Торгоотту аралап, Кытай жери Жылдызда 10 күн чамасында болдум. Манас жөнүндө көп сурадым. Алардын айтканы: Байкоңур менен Бурут урушкан. Бурутту Байкоңур жеңген жана Сайран Көлдө Алмамбеттин кароол ташы бар дешти. Алмамбет арабча Аалымаамет деген термин. Бурут менен Байкоңур кайсы заманда согуш-кан десем, заманын билгени жок, баарыда эн эски заманда болгон дешти.

1924-25-жылы. Кулжа калаасында 57 күн турдум. Далай калмак менен сүйлөштүм, Манасты сурадым. Билгендеринин берген же гобу: биздин карыялардын айтуунда Аштаркандагы (Астархан) торгоотторду эң байыртан бери айтылып келе жаткан, эч кимге жеңдирбеген биринчи баатыр Манас деген ыры бар деди. Сибир адабияттарында Манас деген кишинин аты сибирликтен учурайт. Эгерде, Манас кыргыз эмес башка элден боло турган болсо — эмне үчүн ал эл Манасты айтпайт, деген кыргызда талаш бир пикир бар. Кыргызда көбүнчө ырчыларда бир адат бар. Алар өзүнүн жаки букарадан чыккан баатыр билимдүү киши болсо, аверих арасында айтса да, мейли андан даражасы төмөн болсо да, манаптан, жаки үстөмдүк кылган элдин баатырын мактап, апырылтып көтөрө сүйлөйт.

Манас, Төштүк, Кошой, Көкөтөй сыяктуу жомоктор эгерде кагаз үстүндө калбаса, башка элден унутулмак да болуп, кыргызда унутулбай калууда бир чоң себеп — кыргыз башка элге аралашпай, Алтай, Памир (Сарыкол), Тянь Шань тоолорун эң эски айдан бери жердеп, далай-далай жоокерчилик кыргын заман болсо да оозеки адабияты, түрлүү оюну, кесиби сактала келген. Маселен, ордо, эр сайыш, жамбы-атыш, тогуз коргоол, темир комуз, упай жана башка оюндар. Кесибинен: ат таптоо, ат чабуу, тайган таптоо, бүркүт, туйгун, шумкар куш, ылачын, кыргый, чүйлүү, турумтай, күйкө жана башкаларды таптоо, бул айтылган оюн-кесиптердин башка улутта болсо да бүткүл эмес, бирин-серин.

Манастын жери Талас, эли: 1) Нойгут, баштыгы Ак Балтанын Чубагы; 2) Катаган ханы Кошой; 3) Кыпчак ханы Көкөтөй, 4) Казак баштыгы Көкчө; 5) Кыргыз баштыгы Үрбү; 6) Нойгут баштыгы Чубак, кээ бири сары ногой Манас; 7) Анжияндан Санжырбек; 8) Эштек (Остят) баштыгы Жамгырчы; 9) Нойгут баштыгы Чубак жана кыз Сайкал. Кээ ырчылар Эштекти кара ногой дешет. Айтылган 8 урук эл Манастын эли болуп, араларынан бузук чыкпастан, дайым жоологон жоосу кара кытай, кытай, даңгыт, дөбөт (Тибет), калмак, манжу, чүрчүт, кызылбаш, ооган, олок болгон.

Бул айтылган 8 урук элдин тарыхта көрүнгөнү:

1) Нойгут — Синцизианда (Күн батыш Кытайда) да Тарим дайрасы Ойгут аталган. 1670-жылдарда Жаңыл мырза заманында кыргыз менен жоолашып тургандыгы жогоруда айтылды — Нойгут кыргызы.

2) Катаган — Чыңгыз залимден бир аз соң Алтайдан Орто Азияга көчүп келген — могол.

3) Эштек — эгерде Остяк болбостон башкурт болсо, «гун» улутунун калдыгынан саналат.

4) Ногой — сары ногой — кара ногойдун айрылышы деп кыргыз күүгө чертет. Казандык, крымдык ногой деп экиге бөлөт. Чыңгыз кан ичердин улуу баласы Жоочунун кичи катынынан туулган

бир баласынын аты Могол болуп, аңын Ногой деген небереси Жоочу тукумунан Батыйдан оон, атагы чыккан чоң хандын бири болгон. Ушул Ногой хандын кол алдындагы бүткүл эл ногой аталган. Ногой 1306-жылында өлгөн. Манастын уругу ногой дегенге караганда ушул ногойдун кол алдына караган бир баатыр болор. деген пикир ойго келет. Ногойдун турган жери Волга (Эдил) Уральский болуп, эли кийин XV кылымда Орто Азияга ооп келген — өзбек менен казак жана Волга, Кавказ, Крым жагы болгон.

5) Анжияндан Санжыбекти ууздан дешет. Ууз деген хан биздин кылымдан 200 жыл мурун тарыхка илинип, азыркы орчуну Анатоль — Азербайжанда чачырандысы Орто Азияда, СССР де.
6) Кыпчак — Чынгыз кан ичерден 150 жыл мурун оруска тынчтык бербей далай согушуп, Волга, Дон, Крым аймактарында жүрүп, 1224-жылында Чынгыз залимдин авангар (эрөөл) аскеринен Экебе менен Себутай командасында болгон. Моголдор кыпчак мамлекетин кырып-жоюп талкалап, элин бытчыт кылып таштаганда, тирүү калгандары туш-тушка качып тараган, кийин 1240-жылындагы Батыйдын чабуулунда могол-татарга карап, «Дашти Кыпчак» аталган. Азырында кыпчактар СССРдин -Орто Азия, Волга, Кавказ, Сары Арка өлкөлөрүндө чачыранды.
7) Кыргыз биздин эрадан 210 жыл мурун гиан гун, көбүнчө динлин насилинен болуп жашап келе жаткандыгы жогоруда билинди.

8) Казак абыдан ашкере болгону биздин эранын XI кылымынын ортонунан башталганы жогоруда көрүндү.

Бул айтылган элдердин уругу көбүнчө могол-түрктөн таралып жана булардын бир бет болуп кара кытай, кытай, калмак, манжу, чүрчүт, ооган, олок, иран менен согушканына караганда илгери болуп өткөн могол түрк балдарынын Алтай, Орол, Памир, Волга, Крым, Бейжин арасында согуш салып жүргөн доорлорун, Манастын мусулмандан саналып, күмбөзүнө жазган жазууну назарга алып, жогоруда жазылган 8 урук элдин баш кошуп турган чагын тарых боюнча текшерип, Манас өлгөндөн соң кара-кытай, кытай, калмак-тын 8 урук элге үстөмдүк кылып жана ал 8 урук эл өз араларынан бузулганына караганда, жана да ал 8 урук элдин бирлешип баш кошуп бир мамлекет качан болгонун тарых боюнча табыштаганда, көбүнчө менин пикирим Манасты төмөндө жазылган доорлордон тигилип издегенде табылуу мүмкүн.

1) Кыргыз (Гиан Гун) мамлекети биздин эрадан эки жүз он жыл мурун гундардан жеңилип тараганы.
2) Гундардын мамлекетинин бузулган (биздин I кылымда) доору.
3) Көбүнчө Алтайдагы угуз түрктөрү (Тю Кю) VI кылымдан VIII кылымдын ортосуна жете өкмөт кылган доору.
4) VIII кылымда арабдын Орто Азияга каптаган доору.
5) Караханилердин Синтизиандан чыгып, Орто Азияны караткан доору.
6) Көбүнчө кыргыздын улуу мамлекет курап кайтып жыгылган доору.
7) Кара кытайдын Орто Азияга чабуул кылган доору.
8) Темир заманынын доору.
9) Ойроттун Орто Азияга каптап келген доору.

### 1.1.2 МАНАСТЫН КЫРГЫЗ БОЛМОГУНА БИР ЧОҢ ДАЛИЛ

Манастын 40 жигити болгон. Кыргыздан башка улутта кырк жигит жыюу расим жок. Тарыхтарда 40 усун (кыргыздын түбү) кытайдан кырк кыз алып, андан таралган кыргыз деген. Кыргызда кырк жигит күтмөк, балким *ошол* кырк усундан башталар. Кыскасы, ошондон келе жаткан адет чыгар. Балким кырк жигит жыюу усундан гана башталбастан, андан ары жагынан башталган расим болор. Кырк усун жүрө-жүрө кыскартылып, кырк-ус (кытайлар бир заманда усунду «усе» деген) делип, андан кыйкис деп, тил низамы боюнча жумшак жагына оодарып, акырында кыргыз аталуу мүмкүн. Балким ошол кытайдан кырк кыз алгандар — кырк чоронун өзү, баштыгы Манас болор.

Орус оторчусуна карабастан, мурун кыргыздын баатырлары ата-бабабыздан келе жаткан адет деп кырк жигит жыйган. Кырк жигит жыюу, тогуздап эсеп кылуу расим кыргызда эн эски, байыртадан бери келе жаткан адеттен саналат.

Эски кытайлардын тилинде усун коосун аталган.

Бул терминге караганда кыргыз кырк коосундан кыскартылып, «кырк-кос», «кыркис» — кыргыз делип кетмеги этимал. Тарыхта кырк гун деген термин бар.

Кара кытай тилинде хоосун — бекем деген сөз.

Чоро деген терминди текшергенде 732-жылында кыргыз ханынын Иначу Тардуш Чор деген бир вазири түрк каганы Билге хандын өлүгүн тазалап, кайгыда келген. Ушул «Чор» деген термин албетте «Чор» деген сөздөн болуу керек. Манастын Семетей деген баласынын Канчоро. Күлчоро деген эки баатыр чоролору болгон. Хото таймыр жазуунда — «Күл-чуртардуш» деген сөз бар Бул кабарга караганда «Күлчоро» деген термин эң эски замандан келе жаткан болот.

Илгертен кыргыздын манаптары, феодалдары баатырлары, байлары ашта-тойдо, жыйында болсун дайым Манас, Семетейди ырдатып, өбөлгөсүнө жанында жүргөн кембагал, кедей, жалгыз аттуу жолдошунун атын жыгып берип, ал кедейди ээрин көтөртүп, талаага жөө калтыруучу жана ал кан соргучтардын өзүнчө манасчы, семетейчи ырчылары болгон. Маселен, солто феодалы Түлөбердинин Норус деген ырчысы, Төрөгелдинин (сарбагыш кыргызы) Айтике деген ырчысы жана сарбагыш кыргызынын Ниязбек менен Ормон феодалдардын Музооке жана Келдибек деген ырчылары болгон. Ал феодалдар — менин ырчым жакшы ырдайт, анын ырчысы жаман ырдайт дешип, эрегиштирип ал ырчыларды айтыштырып, жеңгенине кедейден, букарадан тогуздап эриксиз малын алып берген. Ал ырчылар өз манаптарын, анын уругун, элин өткөрө мактап, жок жерден эрлик кылдырып, «кымынды үйдөй, кылды тоодой» көрсөтүп ырдаган. Маселен, 1820-жыл чамасында кайсы кыргыздан экени маалим эмес, бир ырчы сарбагыш кыргызынан, тынай уругунан болгон манап, феодал өз манабына кошомат кылып, Таштанбек жок жерде аны мындай деп кордоп ырдаганы:

Таштанбектин түндүгүн, Айбалталап бузганбыз. Төрдөн сүйрөп ак кызын, Ач билектен алганбыз.

Бир кезде Таштанбек жигиттери менен Чоң Кеминден келе жатканда, баякы ырчы бир жылкы коштоп, Кашка Жол деген ашуунун Чүй багытындагы беттен алдынан чыккан. Муну Таштанбек залим көрүп, мойнунан чылбыр менен чийге байлаттырып коюп, мылтык менен өзү атып өлтүргөн.

Сарбагыш кыргызы эсенкул уругунан феодал, манаптар Музооке деген ырчыны талашып, акырында аны өлтүрмөкчү болгон, мунун тарыхы мындан сой төмөндө айтылат. Буга караганда ырчылар Манасты жалганынан өтө апыртып мактап айткан болор.

### 1.1.3 МАНАС ТУУРАЛУУ БҮТКҮЛ ЫРЧЫЛАРДЫН БЕРГЕН ХАРАКТЕРИСТИКАСЫ

1. Манастын туулганы.

2. Манас туулган соң Алтайдан Таласка көчө келгени. Кээ бир ырчылар Манас Таласта туулган дешет.
3. Кырк чорону жыйганы.
4. Каныкейди — катынын алганы.
5. Көзкамандын (жакын тууганы) Манасты өлтүрмөкчү аракети.
6. Алмамбеттин келгени.
7. Чүрчүт, Олок, Кызылбаш, Ооган менен согушу
8. Кыз Сайкал (Нойгут) менен согушу.
9. Көкөтөйдүн ашы.
10. Чоң чабуул.
11. Бейжинден жаралуу болуп келип өлгөнү.
12. Каныкейдин Манаска күмбөз салдырганы. Майда жана башка урушу болгон. Анын ырчылар тарабынан кандайча, ким менен болгон окуясын эшитпедим.

Бир кабарда өзү тирүү чагында Манас күмбөзүн өзү Каныкейди башына коюп салдырган.

Мына Манастын баш-баш тарыхтары жана жооруктары ушул.

**Менин токтомум.** Биздин эрадан (Иса туулбастан) 210 жыл мурун кыргыз (Гиан Гун) мамлекети Гунь түрктөрүнөн жеңилип таралгандан баштап, XI кылымын башына жете эки ортодо могол-түрк тукумунан, көбүнчө кыргыз, казак, кыпчак, ууз, өзбек, татар-могол, сары ногойдон чыккан Манас деген баатыр болгондугуна, эгерде аты Манас болбосо, атагы болуп, Алай менен Орто Азиянын биринен чыккан кыраан экендигине эч шек жок. Башка түрк-моголдон эмес, Манас кыргыз насилинен деп көзүн айтууга мүмкүн эмес. Эгерде кыргыздан болбосо, кыпчак кыргызынан болмогу этимал. Себеп, бир далай ырчылар жана карыялары Манасты кыпчак уругунан дешкен. Жана Манасты балан заманда өткөн деп, бир заманы далдап көрсөтүү азырынча мүмкүн эмес. Бул талаш тарыхы туюк маселени келер заманда тарыхчылар жана билимге умтулган жаштар илим аркасында албетте, чечет. Демек, «Манас» адабияты азырынча бир улутка арналбастан, эл ортосундагы үлөшүлбөгөн талаш энчиси.

Манастын күмбөзүнө жазылган жазуусунан менин колумда сакталган надпистен копия алгандар: 1. 1928-жылы кышында Пронзо шаарында Каюм Мифтаков (башкырт). 2. 1934-жылы 20-июлда Пронзо шаарында профессор Поливанов.

### 1.1.4 КЫРГЫЗ АКЫНДАРЫНЫН ТАРЫХЫНАН МУЗООКЕ ЫРЧЫ (МАНАСЧЫ)

XIX кылымдын башында саяк кыргызынан, кайдуулат уругунан Музооке деген атактуу манасчы болуп, анын Манасты жакшы айтканына кубанып, сарбагыш кыргызынан Эсенгул феодалдын тукуму ырчы кылып алмакка ар кимиси талашканда Музооке Ниязбек феодалдын тукумуна оодарылып кеткенде аган ичи күйүп, жакын туугандары уруш чыгарып, Музоокени уруп кеткен. Музоокенин бети-башы айрылып, катуу жаралуу болуп төшөктө жатканда мындай көп-көн элдик ичине кайдан келдим деп ыйлаганы:

Кайдан келдим саяктан,
Кутулбадым таяктан.
Кайдан келдим Жумгалдан,
Кутулбадым жулгандан.
Кайдан келдим Кочкордон,
Кутулбадым, чочмордон.
Чий боорсок салды ашыма,
Арам сийдик Маңытай чапты башыма, —

деген. Музооке жарасынан өлө турган эмес, бир ай, эки айда айыгып кетүүгө мүмкүн деген сөздү угуп, Музоокени талашып, уруш чыгарган Маңытай барып, «Музоокенин башындагы жарасын көрүмүш болуп, мээсинин тушу катуу жаралуу дейт, мээсин ушуну менен чыгара сайып өлтүргүнүң», — деп колуна табылгыдан ийик сап берип, бир кемпирди жиберген. Кем пир ийик сапты жеңине катып алып Музоокеникине келген. Аны орто жерде жаткан Музооке билип ырдаганы:

Ниязбектин Сегизбек,
Телегейи Тегизбек.
Босогосу Болотбек,
Болуп турган Ниязбек.
Ормон, Субан, ода бек,
Бердикожо Бердибек.
Ажы, Шатен, алты бек,
Ырыскулбек, Кожобек.
Ниязбектин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек.
Тегерете ойлонуп,
Он алты бек киминден корком

(кичи катындан сегиз уул, баарысы он алты болгон).

Кирип жаткан кишиңден корком,
Өңгөдөн коркпойм,
Кемпир, жеңиндеги шишиңден корком, —

дегенде, «апей… көрүп койду беле», — деп кемпир үйдөн чыгып кеткен.

**АРСТАНБЕК** Даанышман Калыгул өлбөстөн он беш жыл мурун арка кыргызынан, бугу уругунан, тынымсейит тукумунан Алжан, Буйлаш деп арка кыргызынын арасына атагы чыккан байлар, манаптар. Буйлаштын кичи (токол) катынынан 1840-жылы Эки Нарындын ортосунда Арстанбек туулган. Кыргыз феодал жана байларынын эзелден келе аткан адети боюнча «токолдон туулган төшкө атар, боору такыр кул» деп Арстанбекти улуу алтындын балдары жана анын кошуналары барк кылбастан, байлардын балдарындай кийим кийгизбестен кул катарында козу, кой кайтартып койгон. Ошол жагынан эле Арстанбек «кара жаак, жаактууга жай бербеген» какшанган бала болуп, козу айдап, кой баш, отун алып, суу куюп жүрсө да өзүн кошуп ырдап, комуз черте баштаган. Атасы Буйлаш мунусун байкап, ырчы-комузчу болгонун билип, «ырдаганыңды калтыр» деп нечен мерте уруп-соксо да Арстанбек канып барып талаада мал багып жүргөндө ырдап, комузун чертип жүргөн жана да Калыгулдун айткан сөздөрүн жатка алып, аны арбытып-узартып жиберген.

1855-жылы Арстанбектин атасы Буйлашты Кокон хандыгына караган кыргыз ханы Алымбек кыйыктап, аркадан ичке алдырып кеткен. Он беш жашар бала Арстанбек атасынын артынан куба барып Алымбек атка баштык кыргыздарына жана Кокон бектерине ырдап, комузга кошуп алардын дөөлөтүн-сөөлөтүн баяндаганда ал жактагы ырчылардан, комузчулардан Арстанбек артыкча көрүнгөн соң Алымбек датка баштык кыргыз феодалдары жана Кокон бектери Арстанбекти абыдан урматтап, үстүндөгү жаман киймиң калтырып, жакшы кийим берип, жакшы ат жабдык берген ж.б. бул берип, кадырлап узаткан. «Эгерде Арстанбек болбосо, каның төгүлөт эле» деп, Буйлашты бошоткон, Жана да «муну кичи катынымдын баласы деп кордобостон жакшылап тарбияла» деп тапшырышкан. Арстанбек үйүнө келгенден баштап эле кара жумуш. тан калып, ыр менен комуздун артынан түшүп кеткен. Көбүнчө бугу, сарбагыштын урушу ошол кезекте көп болгондуктан Арстанбектин акундугу ашкере маалим болуп, эл арасында кадыры арта баштаган. Арстанбектин ыры бугу, сарбагыш бузугу тууралуу жазылып бүткөн ушул тарыхта бугу, сарбагыш урушунун. темасында айтылган. Арстанбектин ырдаган ырлары көп болуп, билингени Бердикожо, Бешказак, Чоро, Кожожаш, Көкөтөйдүн ашы, Төштүк болгон; комузга өтө уста болгон жана барлыгы 200 чамалуу ыр болуп жана казактын атактуу ырчылары менен айтышып жеңилбеген.

1856-жылдан баштап бугу кыргызы оруска карап, орустун улуктары алардын жардамы менен кыргыздын феодалдары эл-журттун канын соруп, бечараны эзе баштаганда 1870-жылдарда «Тар заман» деп ыр чыгарган. Бул ыры элге абдан жаккандыктан кыргыздын феодалдары Арстанбекти үйүнө чакыртып алып ырдатып жүргөн. Бирок байдын баласы болгондуктан намыс көрүп, аш-тойдо ырдабаган. Арстанбек окуш билбеген түркөй болгон. Обозу ал замандагы кыргыз ырчыларынан артык болгон. Арстанбек акын 1882 жылында Ысык Көлдүн башында Чычкан деген жерде өлүп, Жуукунун күн чыгыш жагы Таш Кыя бейитине коюлган. «Арстанбектин тар заманы» деп кийинки ырчылар ырдаса да нак өзүн ырдабастан жаки калтырып, жаки сөз киргизгени бар. Арстанбек Буйлаш уулу — анын атасы Жоро, анан Шапак, анан Үркүнчү, анан Акбагыш, андан Токтогул, анан Тынымсейит анан Мырзакул, анан Орозбак, анын атасы Кылжыр, анын атасы Тагай — оң кыргызы. Арстанбек узун бойлуу чокчо кара сакал, жаагында сакалы жок, кара мурут, ичке шырыктай карасур, узун бойлуу болуп, 42 жашында өлгөн. Арстанбектин балдары азыр да Нарын району Он Арча элинде.

**КАЛЫГУЛ** (Бети калдуу болгон үчүн Калыгул койгон). Жер күзүндө тарыхсыз, адабиятсыз эл болбойт. Жапайы элден саналган Америка, Африка, Австралиянын топ элдеринин оозеки жана жазуу боюнча болсо да, өздөрүнчө адабият жана тарыхтары болгон. Адабият, тарыхсыз эл журт катарында саналбастан, адам айбанынан эсептелип, эл болуп жашай албайт. Демек, жүзө-жүрө жок болот. Тарыхтарга караганда биздин эрадан 210 жыл мурун кыргыз өзүнчө зор мамлекет болуп жүргөн экен. Андан мурун кандай авалда, канчалык жыл жашап келгендигин жана мамлекетин качан курган тарыхын алигиче илим ээси чече элек. Кыргыздын тарыхта башталып, биринчи көрүнгөнү ушул. Биздин эрадан 210 жыл мурунтан бери кыргыз нечен мертеме бузулуп тарап, өз бийлик эркинен, мамлекетинен ажырап, кыргын-сүргүн, ачарчылык үркүнгө капталып, быт-чыт болуп кетип, көбү

жеринен ооп башка жерге барып, кубаттуу жоо-душмандын өкмөтүнө карап, ондогон-жүздөгөн жылдар анын кол алдында эзилип жүргөндүгү, канчалык уруш-талаш, кызыл-кыргын, сары-сүргүн болуп талкандашып, нечен миңдеген азаматтардын кандары төгүлүп, далай катын-бала, кыз-келин жоонун колуна олжого кетип, бир заманда кайтадан жыйналып, нече мертеме өзүнчө мамлекет курганы билинди. Бирок алардын бүткүл тарыхын так көрсөтө албастан, балким жүздөн бирин гана айтып кетет. Кыргыз эң эски элдин биринен болгонуна караганда заманына жараша анын өзүнүн маданияты, жазуусу, тарыхы жана адабияты ошол замандагы башка адабияттуу журттан анчалык кем болбой келе жаткандыгына азыркы кыргыздагы илгертен айтылып келе жаткан «Манас», «Семетей», «Төштүк», «Кошой» жана «Көкөтөй» деген ырлары анык күбө.

Кыргыз түптүү эски эл толуп, эзелден ичинен өз Замандын агымына жараша далай азып-тозуп, туткун чыккандыгы кыргыз адетиндеги эзелден айтылып келе жаткан миңдеген лакап сөз, макалдары, ордо, упай, кумалак, дүмпүлдөк оюндары; күлүк ат, тайган, күт, туйгун, шумкар таптоо, эр сайыштыруу, жамбы аттыруу жана башка түрлүү эскиден келе жаткан Кесиптери зор далил. Бул айтылган кесиптер башка Улутта текши жок.

«Манас, «Көкөтөй», «Кошой», «Төштүк», «Семетей» жана башка ырлар, оюн кесибинин көбү дээрлик замандын агымына жараша далай азып-тозуп, туткуң болуп, колго түшкөн пендедей башка эл, жоо душмандын таасирине кириптер болуп, эгерде жазуулары болсо жоголуп, чырпыгынан ажырап, сөңгөгү калган дайрада аккан дүмүрдөй болуп, соктуга-соктуга балким 5-10 процент калган десе, эч ким калп болбойт, Кечээ залим Николайдын тушунда кыргыз кедейлери бүткүл эркиндик укугунан ажырап, жан сактоо, жер-суусу колунан кетип, бай манап, залим жана болуштары тиги зулумдардын пайдалашы болуп, кедей арасынан чыккан аз билимдүү окумуштуулары биринчи, тасмия каражаты жоктуктан, экинчи, өкмөт эрик бербегендиктен, эзелтен келе жаткан ырлары, расим адет, оюндарын жазып, элге . таратмак түгүл айтууга уруксат болбогон. Кызыл жылдыз чырагы биздин мамлекетте туулуп, совет өкмөтү куралып, Өктөбүр өзгөрүшүнүн касиети аркасында ар бир эзилген жоголуп бара жаткан улут Маркс, Ленин салган жол менен коммунисттер партиясынын жолбашчылыгы аркасында кайтадан тирилип, ошолордун катарында эзилген, көмүлгөн аз улут кыргызга дагы кызыл-жылдыз чырагы тийип, бүткүл жан сактоо жана башка тиричилиги жер жүзүндө анык, ырас, чын тартип болгон себептен социализм дооруна кире баштады. Жана өлүүгө такалып, солуп бара жаткан адабияттарын киргизди. Көмүлүп бара жаткан -«Манас», «Төштүк», «Кошой», «Көкөтөй» ж.б. ырлары жыйыла баштады. Макалдар, үлгүлүү билим сөздөрү, анын айтылган негизи, кембагалдан, же феодалдан болсо да, алар ар бир даанышман, акылдуу кишилердин айткан сөзү, бирок, алардын кайсы заманда жана ким айтканы көп замандын өтү-шу жана жазуунун калбагандыгы үчүн билинбеди. Айтып кеткен ээси- табылбады. «Көкөтөй», «Төштүк» «Манас», «Кошой» ырлары эң байыркы эски замандардан бери айтылып келе жаткан деп карыялар айтса да, 1760-жыл чамасына жете кимдин айткандыгы жана анын кайсы кылымдан баштап айтып келе жаткандыгы бизге билинбестен, бирок анык дайын болгону 1760-жылдар чамасынан баштап, кыргыз арасын-да кимдин айтып жүргөндүгү маалим болду.

Бир улут жерин таштап башка жакка ооп кетсе, жаки жоокерчилик болуп, кырылыштын соңунда чой өзгөрүш болсо, адабият жана башка эски расим көбүнчө унутулуп, өзгөрүп кетет. Ошонун бириндей кыр-у₃ XVIII кылымдын ортосунда Анжиан, Алайдан айта өз жери Аркага келип орногон. Бул качыш күн ур үштө тентип жүрүш зардабына тиги адабияттарын мурунтан айтып келе жаткан кишилери болсо да, анын тарыхы, аты-жөнү билинбей калса керек.

Ошентип, мурунку билимдүү заманына жараша зарлоо» сөздү насият катарында айткан кишилерибиздин бири — түн жак кыргызда заманы көп алыстабаган үчүн XVIII кылымдын аягына жакын туулган Калыгулдун сөзү. Анын сөзү болсо өз оозунан айтыл-ан заманда жазылып, кагаз үстүндө калбагандыктан анык жана тунугу аз болуп, Калыгулдун айтканы деп кийинки ырчылар сөздү өзүнөн көп кошкон. Жаки башка бирөөнүн сөзүн аралаштырган. Экинчиден, 1835—40-жылдар чамасында туулган бугу

кыргызынан Арстанбек Буйлаш уулунун зары, анын заманы Калыгулдан кийин болгону үчүн башка ырга караганда арбын жана башка сөз катышпаган төрдүн суусундай тунук деп айтууга болот. Бирок анын ичинде дагы бир далай сөз башка ырчылардан кошулган.

Калыгулдун айткан сөзүн жазбастан мурун анын өмүр-баянынан бир аз маалымат берели. Оң аталган түн жак кыргызынан сарбагыш уругунан букаралашып кеткен манап насилинен Бердиштин уулу Байдан 1785-жылында (жылаан жылы) Калыгул туулду. Атасы бай, орто чарба, чоң атасы Бердиш кедей болуп, наркы атасы Дөөлөт Сарсейит уулу, анын атасы Сүтөй, Сүтөй атасы Манап, анын атасы Дөөлөс, анан Кылжыр, анын атасы Тагай.

Казак кайың сап, жеринен оңбой калып, калмактан кыргыз качып, (Гиссар, Кулябка жете барып) Анжиан, Алайга келгенде кошо кирип, анда бир далай жыды тентип жүрүп, өмүрүн кедейлик менен өткөргөн Калыгул орто чарбанын баласы болгондуктан, жаш чагынан кара чарбанын артында болуп, мезгили менен эгинге киришкен. Ал заманда кыргыздын мал уурдашып, жылкы тийип, жоолашкан жоолору: калмак, казак, өзбек, уйгур болуп, өзбекке (кокондук) караса Да, толук баш ийбеген. Өз араларында ар уруктун беги, феодалы болгон. Ал феодалдары бир-бирине баш ийбестен араларында уруш-талаш көп чыгып, букарага көп күч келип, кембагал-кедей, кара чарба, букара зулум манаптардын толук эркинде болгон. Мал башына боло албай, кул, күң катарында ушул кан, бе$_к$ жана манаптардын айтканынан чыкпай, айдаганың$_а$ көнгөн. Кара чарба букаралары көбүнчө мал кесир менен оокат кылса да, жоокерчилик заманы болгону үчүн эгин айдоо кем болгон. Айдаса да, үрөндү аз тилеп, асылды көп бергендиктен, ичсе тамак жана кубаттуу ичкилик бозо болгондуктан тарyy айдаган. Кыргыздын манаптары, байлары, Фергана, Кашкар, Кулжадан бул алдырып кийинип, пайдаланып кембагал, кедей жалчылары жалаң этине жайы-кышы куур тон кийип, тиги кан соргучтардын кызматын кылын, эл чети, жоо бетинде жүрүп, душманын жоологон Атактуу чоң манаптары, бийлери, кээ бир убактарда жалчылардын эркегин кул, ургаачысын күң кылын, калыңга берген, калыңга алган жана байгеге сайган. Мына ошондой залимдик заманга Калыгул аралаша туулган. Жети жашка келгенде бүткүл арка кыргызы-нан дээрлик окуу билбестен намаз окуган асык кыргызынан Сопу ата деген болуп, ошондон эртеңки 4 ирекет намаз окушту Калыгул үйрөнгөн.

**КАЛЫГУЛДУН КИШИЧИЛИК МЭЭРБАНЫН КӨРСӨТКӨНҮ** Казак кайың саап, мында жеринен оодарылбай калып, кыргыз Анжиан, Алайга кирген, деген сөздү жогоруда айтып өттүк эле. Анжиан, Алайдан кайта азыркы турган жери Талас, Чүй, Ысык Көл, Сыртка 1755—56—58-жылдар чамасында келип, бул жерден калмак кеткен соң орногон. Кыргыз келгенде Чүй өзөнү менен Ысык Көлдүн түн жагында казактар турган. Жеринен ообогон үчүн кыргызга караганда баары да малдуу болгон. Ач-жылаңач Анжиан, Алай, нар-жагы Иссар Кулябка жете тарап, оокат үчүн тентип кеткен кыргыз чогулушуп, жөөлөп, жалаңдап арып-ачып, үстүндө үйү жок, жээрге көбүнүн тамагы жок, көбү-азын, күчтүүсү-начарын талап, уурдап келишип, жерине орношкондо дагы ачка болушуп, чыдай албастан казактын малын уурдап ала бергенде казактын тынчы кетип, кыргыздын жерин таштап, өз жерине көчүп түшкөн. Казактын пикири кыргызда мал калган жок деп, Ысык Көл менен Чүй өзөнүн ээлемекте болгон. Казактар Илеге түшпөсө да кыргыздар артынан барып уурдап турган. Кээ чакта 70—100 кишиден болуп, күзүндө аттанып кетип, кышында , бек жер, токой, камыш, чийге 3-4 аттан башкасын союп жеп, кыштап жатып, көктөм менен жүздөп-миңдеген жылкылар алып келип турган (Маселен, солтодон дейди менен шапак уругу, күнтуу уругу, сарбагыштан итибас жана кой итибас уругу, жантай). Кыргыздын кордугу өтүп, тынчы кетип жүдөгөндүктөн, бир тараптан Ысык Көл, Чүй, Таласты жердин артык жакшысы экен деп кызыгып, кыргызды сүрүп кибиреп, жерин ээлемек үчүн казактын баатыры Сан барак (Көкжал барак, Жалдуу барак, Көкжарлы барак деп дагы айтылат) кыргыздан 1770-жылында кырылганы жогоруда маалим болду. Мындан соң, казакка кыргыздар тынчтык бербей уурулугун койбостон, бир четинен чаап алып турганда казактын өтүнчү боюнча Сары Аркадан Абылай аттанып келип, 1776-жылында кыргызды талкалап караткандыгы өз иретинде көрсөтүлүп өттү эле.

Жаш баланы жаш чагынан жоо бетин көрсөтүп, машыктыруу кыргызда байыртадан адет болгон себептен, 7жашар Калыгулду жакын тууганы Эсенкул Болот уулу ала барган. Казакты аябастан өлтүрүп жатканын көрүп. Калыгул мындай деген: «Байке, кишини киши аябастан, боору оорубастан, ошончолук дагы койдон бетер кырабы? Мындай болорун билсем келбейт элем», — дегенде Эсенкул: «Карыш жаагыңды бас, бала — баладай болучу, башыңды жуткур», — дегенде Калыгул унчукпай калган. Үйүнө келгенде: «Элдин кылган иши курусун», — деп кара чаранын аркасында болуп, элге аралашпастан өскөн. Катын алып, үйлөнгөн соң таман акы, маңдай тери менен жан сактап жүргөн. Манаптардын кылыгы, иштеген зулумдугуна эң нааразы болгон.

Биринчиден, кокондуктан келген соодагердин булуңуң пайдасын талашып, экинчиден, казак тууралу эки арасы бузулуп (анын себеби ушул жазылып жаткан тарыхта түбүнөн Улук айтылат), 1815—17, көбүнчө 19—21-жылдар арасында солто менен сарбагыш кыргыздары урушуп, сарбагыш талкандалып Жеңилип, быт-чыт болуп качкан. Ушул урушка кошо Үргүн деп сарбагыштар келсе: «Эки агайындын урушу эмес, казак, кыргыздын урушуна балалыктан баргамын, бул урушуңарга барбаймын», — деп Калыгул Үйүндө калган дейт.

Түн жак кыргызында биринчи атактуу кан соргуч залим, сарбагыш кыргызынан хан катарында болуп турган Ормон Ниязбек уулу болгон. Ормондун эл жегендигине, адилсиздик сурагына ыраазы болбостон 1852—53-жылдарда Калыгул айылы менен бугу кыргызына көчүп кеткен. Ормондун өлтүрүлүшүнө себеп болгон Чагалдактын өлүгүн бугудан Калыгул алып көмгөн.

1854 (барс)- жылында бугулар Ормонду өлтүргөндө Калыгул бугунун ичинде болгон себептен, аны сарбагыштар болбостон көчүрүп кеткен. Бугу менен сарбагыштын урушун каалабастан, бугудан Солтонкул бир жолдошу менен, сарбагыштан Калыгул менен Шамен чыгып, тестөө эки жагын жараштырууга чындап аракет кылса да ыгы келбеген. Акыры согуш башталып кетип, саяк, бугу, сарбагыштан эң азында «сен тур, мен саямын» деген идердүү жигиттерден 1000ге жакын азамат өлгөн. Калыгул ырчы эмес, даанышман болгондуктан ашка-тойго барып ырдабаган. Сөзүн көп ачылып, айта бербеген. Көбүрөөк убакта унчукпай олтура берген. Сөзүн макалдатып, акырын токтоолук менен акыл-насыят катарында сүйлөгөн. Айылдын дөңүндө, чогулушта, жаки үйгө киши көп келсе, үйүт кылып сөз айткан. Айтар сөзүн айтып-айтып туруп, кээ чакта өзүнчө күңгүрөнүп кетип, көпкө жете унчукпай калган. Сүйлөгөн чакта анда-санда «ээ… ушундай эмеспи?» — деп жаки оң, жаки сол ийинин карап сүйлөгөн.

Калыгул элди аралабаса дагы, бийлик кылбаса дагы, анын адилдигине көз жеткен соң кээ чакта арка кыргызы чийелешкен чоң доосу болсо Калыгулга тапшырышкан, Калыгул акылынын жетишинче тууралык менен союш паралабастан, дос, тамыр, өз жатка карабастан түздүк менен чечкен.

Ормон бир кезде Соң Көлдү жеке жайлап жүрөсүң деп саяк кыргызынан канчалык жылкы (бир кабарда 50 ат) айып алган. Бул ишти Калыгул жактырбастан Ормонго айтканы:

Ой, иним, Ормонум,
Жеген менен тойбодук.
Кой дегенге болбодуң,
Акыры сен оңбодук.

Өз элиңден айып алба, алган малыңды кайта бер десе Ормон болбостон, айыбын алып жана саяктан Сагынбай манасчынын атасы Орозбак кернейчини көчүрүп кеткен. 1840—42-жылдар чамасында Ормондун бир тууганы Субандын Матай деген баласы канчалык киши менен аттанып келип, тынай кыргызынан жылкы тийип бара жатканда тынайлар Боомдун ичи Өргө Таштан кууп жетип, жылкыларын ажыратып, Матайды өлтүрүп кеткен. Бул себептен Эсенкул менен Тынайдын

арасы бузулуп, жылкы тийишип, катуу бузула турган болгондо Калыгулду чакыртып Ормон киши жибергенде келбеген. Экинчи чакырууда келген. Ормондун Калыгулга айтканы: «Эсенкул менен тынай бир сарбагыш элек, тынайлар биздин бир баланы өлтүрүп коюптур. Эки элдин арасы алжайып, бузук күндөн-күнгө күчөп бара жатат. Эсенкул менен тынай сенин тилиңден көп чыга албас. Эки элди жараштырып, журт кылып койгун», — деген... Калыкул ал замандагы кыргыздын кан соргуч залим манаптары, феодал баатырлары, маселен, солтодон Жанкарач, бугудан Боронбай, саяктан Тайлак, Медет, Нурдөөлөт, Таластан Ажыбек, сарбагыштан Ормон, Жантай, Төрөгелди эл-журтту талап, кедейди кул-күң кылып жумшап, калыңга берип, калыңга алганынан көп наразы болуп, кыргыз менен казакка караганда кокондук маданияттуу, билимдүү, баштуу журт эмеспи! Кыргызды тынчытып, жакшы тартипке салаар деп кокондуктан көп үмүт кылган.

Жогоруда жазылган алтын бешик Айбөбөктөн бир аз кабар. Орустан жеңилип, бытырап, өзбектер Волга менен Жайыктан келгенде Ферганаңы айтылуу залим Темирдин тукуму бийлеп турган. Ал чакта Темирдин балдарынын арасында көзгө көрүнүп, атак алганы Султанбабыр (өз аты Зариддин Мамет болуп) таякеси Чыңгыз кан ичердин тукумунан болуп, өзү өтө акылдуу, литератор, ботаник, зоолог, тарыхчы, дипломат жана баатыр болгон, дагы башка илимди да жакшы берген.

Султанбабыр 14-февралда 1483-жылында (коён жылы) Наманганда Аксакен туулуп, 1530-жылы (барс жылы) өлгөн. Атасы Өмүршайык Темирдин небересинин баласы болуп, ал өлгөндө баласы Бабыр Жашта болуп, ушул заман атка минип, туугандарынан кандык талашып, аларды нечен мертебе жеңип, жеңсе да жамандыкка кыйбай жүрүп, акыры туугандары душмандыгы артып кыстаганда, бир жагынан өзбектердин баштыгы Шибани күчөп бара жаткандан кооптонуп, 1505-жылында Ферганадан качып бара жатканда Кожент менен Ханнибадал арасында Сейит аппак деген катыны эркек бала тууп, аны алып жүрө албастан алтындалган асыл ороого ороп, алтындалган бешикке салып бөлөп, алтын кемерин үстүнө арта салып таштап кеткен. Эртесинде көчүп бара жаткан эл — кыргыз, кырк кыпчак жана миң уруктары таап алып, Алтын бешик Айбөбөк (Золотая колыбель, лунное дитя) ат коюп асырап алган.

Бир кабарда 1512-жылында Бабыр Ферганадан Кашкарга качып барганда баланы таштап кеткен. (Кебетеси Бабыр Кашкарга ошол жылда кирсе керек).

Султанбабыр кийин Индустанга император болгондо кыргыз, кырк кыпчак жана миңге баланы берсин, — деп киши жибергенде бербеген. А Алтын бешиктин бир аты Куттуу-Хан, Кудаяр Султан жана Теңир-Яр болгон. Алтын бешик хан болуп жүрүп, 1545-жылы (коён жылы) өлгөн. Ушул санактан башталып, Алтын бешиктин. насили Ферганаңы орус колонизатору алгыча (1875—76-жылдар) анда хан болуп турган. Миң уругу асыраган себептен династиясы Миң аталып, атагы Алтын бешик Айбөбөк болгон.

Калыгул тынчтык каалап, мээрбанчылыкты ойлоп, тууралыкты санаса да, аныгы эң өтө артыкча кыргызчыл, улутчул болуп, орустун кыргыз жерине кош жаактап келе жаткандыгын жана аскер кубатынын бир баш экендигин билип, муну узун кулактан болсо да угуп, орусту жектеп, кыргыздын бийлиги манаптын колунан кетип, оруска өтөт экен деп ойлоп илимсиз, билимсиз түркөй кан кыргыздын бай-жардыларын дайым оруска каршы үндөп турган. Кедей, жарды, бечара үчүн пайдалуу эч бир иш ойлобостон, манаптын дайым бакыттуу болуп туруу пайдасын ар дайым ойлогон. Кедей пайдасын ойломок түгүл, карыган чагында эл-журтту эзүүчүлөрдүн, маселен, Ормон хандын жардамчысы болгон. Чынында бай-манап кулактардан саналып, кедей бечаралардын укугун көздөбөгөн,

Калыгул 1855 (коён жылында)- жылы 70 жашында Ысык Көлдүн түн багыты Сазоновка кыштагынын (Байсорун) күн батыш эки Аксуунун ортосунда өз ажалынан өлүп, ушул жерге коюлган. Аnык кабарда Карой, Саройго коюлган.

**СОЛТОБАЙ ЫРЧЫ** Солтобай ырчы 1834-жылында туулуп, атанган ырчынын бири болуп, 84 жашында 1918-жылы Ысык-Көлдүн Жуукусунда өлгөн.

Кыргыз арасында талаш бир ыр бар: Калыгул айткан деп сарбагыш айтат, Арстанбек менен Солтобайын бири айткан деп бугулар айткан. Менин билүүмчө Калыгул менен Солтобайдын бири айткан деп бугулар айткан. Менин билүүмчө Калыкул менен Солтобай айтпастан, Арстанбек айтса керек. Ыры төмөнкү:

Эсиң ооса эчки бак,

Мейли чебич, мейли улак.

Сүтүн ичсең гүлазык,

Эт-майы эң артык.

Уяң тыбыт апаппак,

Киер болсоң ак калпак.,

Чөп жакшысы танбаган,

Көк бетеге, от шыбак.

Эгиндердин жакшысы,

Арпа болот барыдан.

Эрте бышкан ар убак,

Ичип алсаң жармасын.

Талканы чың күл азык,

Суу атасы тоңбогон,

Кайнап чыккан таш булак.

Сөз атасы башында,

Кайнап турган кош булак.

Чапсак күлүк минсе бек,

Жылкы атасы чын бурак.

Таап алып өмүрү,

Талыкпастан сылап бак

Адамзаттын досу экен

Ажыраба чынынан

Бирде мырза, бирде кул,

Жакшы жаман элге чак.

Терең, акыл, кең пейил,

Термелбеген элде жок.

Бул жакшысы мата экен,

Кең денеңиз мырзараак.

Мата чепкен Кашкардан,

Чыгып турат алжырап.

Алжыракай болсо да,

Бир жыл киет бозмолоп.

Аксом шалпар кири тон,

Алты ай сайын бир кийип.

Анан кийип таба айт,

Карап калат жалдырап.

Анан эмене кийесиң.

Акылы жок калжырак.

**ТЫНЫБЕК** Бугу ичинде тынымсейит уругунан болуп, Арстанбектен соң түн жак кыргызында манасчы, семетейчини алдыңкы катарынан саналат. Мунун качан туулганы, качан өлгөнү мага караңгы. Бирок мен 1896-жылы июль айында Каракол, Пишпек, Нарын, Токмокко караган бүткүл кыргыздары 15 күн Көтмалдыда съезд кылып, ошондо Тыныбектин «Манас», «Семетейди» айтканын үч күн чамасында уктум. «Манас», Семетейди» үч күн айтып, аягына чыгууга болобу деп эл сураганда — эки айда бүткөнгө мүмкүн деди. Мен Акылбек, Сагынбайдын «Манасты» айткандарың нечен мертем эшиттим, менин билүүмчө. «Манастын» ууздай ынак тунугун Тыныбек айтса керек эле. Жана эл дагы ушул пикирде болгон. Бүткүл манасчы да Тыныбектин үнүндөй жоон жана уккулуктуу болбогон. Ошондо болжолу 45—48 чамасында болуп, семиз, толук денелүү, өңү кызыл чийкил, бети толук, сакал муруту кичирээк, күрөң болгон. Өзү бий экен. Сиазга олтурду. «Манас», «Семетейди» айттырууга манап, болуштар оодон сурап алып, сиаздга жибербей айттырып турду. Эл сиаздга көп карабастан, күндүр-түндүр анын үстүндө болду. Күн баткандан таң атканга айтканда 200—300 кийиш уктабастан, үйдө тышта унчукпастан тегеректеп карап олтурганын көрдүм. Мен Сагымбайдын айтканын ошол кезде нечен уктум. Баарынын мазмуну бир эле. Бирок соңку заманда Сагым-байдын апырткан жерлери болгон. Кыргызда атактуу ырчылар: Арстанбек, Тыныбек, Сагымбай, Кылыч тарыхы жана башкалар тууралуу бир сөз.

Кыргыз миңдеп жылдар окуш билбеген үчүн бүткүл адабияты ырчылар, комузчу, кыякчынын оозунда дүмүрдөй болуп, макал катары мурункусунан соңкуларына сактала келип, не курдуу таза, тунук сөз болгондуктан, анын таасири эл арасынан эзелден жоюлбай келе жатат. Ошону менен катар ал адабият кандай бүлгүнчүлүк заманга кириптер болсо да унутулбастан, кээ бир темелери калган. Жана өздөрүнүн ким экендиги эл арасында жүдөп жылдар сактала келген. Маселен, анык кабарга караганда 1740-жылдарда солто кыргызынан Нооруз ырчы, саяк кыргызынан Музооке ырчы болгон. Бул Музооке ырчынын «Абылайдын кан жутуш, кара кийип, тул калган катындардын бет тытыш» деген ыры бар экен.

Аны кыргыздын баягы залим феодалдары бири намыс көрүп, айтууга уруксат бербеген. 1840-жыл чамасында асык кыргызынан Келдибек ырчы, анан соң, ак падыша колонизаторлору чыгарда карыган чактары болгон — Балык ырчы менен Айтике ырдаган. Булардын качан туулуп, качан өлгөнү, анык тарыхын табууга мүмкүндүк болбоду. 1855-жылы коён жылында өлгөн Калыгул Бай уулу ырчы эмес, философ болгондуктан, анын өмүр баягы өз тизмесинде жогоруда жазылды.

**САГЫМБАЙ** 1868-жылында 20-апрелде Ысык Көлдүн түн жагы Сарой деген жерде туулган. 16 жашынан жомокко 5ерилген. Атасы Орозбак 1870-жылында Чүйдүн башы Кертабылгыда өлүп. Алышер деген агасынын тарбиясында өскөн. Саяк кыргызынан, уругу мойнок. Сагымбай мусулманча окуп-жазып жана кат чыгарууга жакшы кубаты келип, өзү кедей болгон. Сагым-байды анык Тыныбектин шакирти деп айтууга болот. Жеке Сагымбай эмес, башкалары болсо да Тыныбектен, жаки андан үйрөнгөн кишилерден үйрөнгөн. Орус Кулжаны 1871-жылында алып, 1881-жылында кайта берген. Ошол себептен бугу, саяк Күңгөйгө (Ысык-Көл) орноп, сарбагыш Кочкорго сүрүлүп, мындагы калмак 1883-жылында Кытайга көчүрүлгөн. Бул сүрүлүштө Ормон кан ичердин Үмөтаалы деген уулу кошо сүрүлүп, анын айылында болгондуктан (Орозбак Ормондун кернейчиси болгон), Сагымбай Ысык Көлдү кошуп ырдаган. Ысык Көлдүн сарбагышы (Надырбек, Эсенгул) Чыныбай менен Шабдандын саясаты боюнча сарбагыштан кээ бир уруктары сүрүлгөн. Бул сүрүлүштө бу тарыхты жазган Белек төрт жашта болуп, кийин Сагымбайдын оозунан ырын 1889-жылы жазып алган.

**САГЫМБАЙДЫН ЗАРЫ**

Ырыстуу кайран Ысык Көл,

Илгертен өскөн биздин эл.

Көзүмдү ачып көргөн жер,

Айдаган малым өнгөн жер.

Жайлооң ай, төрүң ай,

Токоюн. ай, талың ай,

Коёну койдой жайнаган,

Адырда аркар маараган,

Үңкүрдө үкү талпынган.

Көлдө бака чардаган,

Жардысы байдай байыган,

Аңчылар аңын уулаган.

Койчулар коюн жактаган,

Кодочу балык кактаган.

Балдары чилин уулаган,

Чабагы көлдө ыргыштап,

Улары зоодо үндөгөн,

Бөктөрдөн түлкү булактап.

Кичинемден көнгөн жер,

Аштыгын кумдай көмгөн жер.

Жайнап жаткан көлүн ай,

Толкундаган шарың ай,

Копшоодон торгой сайраган,

Ак талда булбул сайраган.

Үстүртөн күкүк чакырган,
Көк зоодо теке жардаган.
Тоодо эчки, теке сайылган,
Катындары капшыттан отун чубаган.
Мүнүшкөр кушун таптаган
Шалбаада чили чыргыттап,
Өзкайың тоодо бүрдөгөн,
Бөксөдөн бөрү кубактап.
Бөксөдөн башка тоосу жок,
Бөрүдөн башка жоосу жок.
Уурулук кылар киши жок,
Шумдук менен иши жок,
Өрдөк, чүрөк кушка жай.
Өлкөдө булак уйга жай.
Өскөн жерим Кен. Күңгөй,
Алыстан адам арзыган,
Чилдеде эти сасыган.
Ак түздө элик балалап,
Адырдан жейрен кубалап,
Жатчу белен, биздин эл,
Ысык Көл сенде талаалап.
Жарымы кара, жарымы кар,
Жер сендей кайда бар,
Бир көрөргө болдук зар.
Надырбектен кала бейм,
Ормон уулу Сарбагыш,
Кочкор жакка бая бейм.
Арзы менен Түндүктү,
Жердемекке ала бейм.
Таздарын баштап Тазабек,
Чүй ичине бара бейм.
Кагылайын Ысык Көл,
Көздөн учуп кала бейм.

Кайран, кайран, кайран жер.

Кайкалаган кайран эл.

Ою токой, тоосу чер,

Олуялуу кайран жер,

Ордо Ысык Көл дегенде,

Эттен агар кара тер.

Асманда бүркүт шаңшыган,

Аралда мадыл кыңшыган,

Жайлооң салкын, жакаң чөл,

Жайкалып жаткан кайран эл.

Кызыл Кыя белин ай,

Табылгыты жерин ай.

Сары Булак, Шатың ай,

Түп, Күрмөнтү, түбүң ай.

Ысык Көл, сенин дүмүң ай,

Чололоп жааган күнүң ай

Ысык Ата, сайын, ай,

Жаткан элге жайың ай.

Кудургу сенин башатың,

Дөң Булак, сенин кашатың.

Өрүктү сенин өзүн ай,

Ой Тал, сенин төшүн ай.

Байсоорун, сенин калааң ай,

Эки Ак Суу, сенин талааң ай.

Карабурул, Сөгөттү,

Калкың сүргөн сөөлөттү,

Кетсеңир сенин белиң ай.

Кеңире жайлоо, кең кыштоо,

Кен күңгөй сенин жериң ай,

Кеткенби сенин элин ай.

Чолпон Ата — камырың,

Долоноту — адырың.

Үч Койсуу боюн. ай,

Карой, Сарой оюн ай,

Чок Тал, сенин талыӊ ай.

Чоӊ Камыш, сенин балыӊ ай.

Тамчы сенин адырыӊ,

Далайга өтөр кадырын.

Коёнду сенин кашатыӊ,

Чырпыкты сенин башатыӊ

Тору Айгыр, сенин адырыӊ,

Дубанга өтөр кадырыӊ.

Талды Булак талааӊ ай,

Жээктей чыккан боргуӊ,

Качан болсо какшатып,

Алда Күнгөй жарыктык,

Ыйлатар сенин жоругуӊ.

Айылым конду Кайыӊдынын боюна

Аштык салдым Кара Булак оюна

Сагымбай Кочкорго барып жерсинип туралбай, 1887-жылы Чүйгө барып, Кеминди жердеп туруп, Воролдойдун алды Кара Булакка эгин айдап (ал кезекте маӊдай-тескей Чоӊ Кеминге эгин айдалбаган), буудай жаман чыгып, отоо басып, оро албастан ырдаганы.

Айдадым айдай талаасын,

Койбодум эч жеринде аласын.

Бастырдым өгүз менен

маласын,

Сугарттырдым айылдаш бир

чечейдин баласын.

Жаз айдадым, күз келдим,

Каныма жабыр иш көрдүм.

Ону куурай, беш буудай,

Орток белеӊ капырай.

Оройун десем куурай ай,

Орбоюн десем буудай ай,

Оройун десем кол барбайт,

Орбоюн десем көз кыйбайт.

Тартайын десем кол барбайт,

Таштайын десем көз кыйбайт.

Чачыраткы дейт экен,

Кармаса колду жейт экен.

Кантип өчүм аламын,

Жики деген чөп чыгып,

Баягы бош арам бош болуп.

Буудайымдын баарысы,

Көгөөн баш болуп калыптыр.

Сени орокко кошо орбосом,

Тестеге кошо койбосом,

Бастырыкка баспасам,

Сапырыкка салбасам,

Өчүмдү минтип албасам,

Сагымбай атым курусун.

**ДЫЙКАНБАЙ** Бүткүл Арка кыргызында «Семетейди» абалдан жакшы айткан бугу кыргызынан Дыйканбай болгон: Болжолу 1870-жылдарда туулган жана өзү каракашка кедей болгон.

**АКЫЛБЕК** Ысык Көлдө саяк кыргызынан болуп, болжолу 1860-жылдарда туулуп, «Манасты» айткан. Кедей болуп кат билбеген.

**КАЛМЫРЗА** «Манас», «Семетейди» айтпаган, кара ырга өз үнүн кошуп айтканга мындай ырчы бүткүл Кыргызстанда болбогон деп айтууга мүмкүн. Өзү кедей болуп, болжолу 1868-жылдарда туулган.

**МОЛДО КЫЛЫЧ** Сарбагыш кыргызы, черик уругунан, атактуу Абайылданын балдарынан болуп, 1875-жылында туулган, өмүр бою кедей жүрүп, мусулманча окуу-жазууну жакшы билген. 1917-жылында 42 жашында өлгөн. Мунун атактуу жазган ыры «Зар заман» жана башкалар.

**ЫСАК ШАЙБЕК УУЛУ** Сарбагыш кыргызы, жантай уругунан болуп, 1880-жылдар чамасында туулуп, өмүрү кедейлик менен өтүп, ыр тартибинин уккулуктуусу жана уйкашы балким, Кылычтын жазганынан артык деп айтууга болот. Ырынын 95 проценти кедейдин зар-ыйы, башына түш. көн кайгысы болуп, артыкча муңдуу саналып, таасирдүүдөн 1916-жылы кыргыз Кытайга качып барганда «Кайран эл» деп. жазган адабияты артыкча жакшы жазылган.

**САЯКБАЙ МАНАСЧЫ** Бугу кыргызы, арык тукуму уругунан болуп, азыр да өзү бар. Кедей, муну дагы Тыныбектин шакиртинин үйрөнгөн деп айтууга мүмкүн. Себеп — мунун ырдаган «Манасы» толук дээрлик мазмунда Тыныбектин «Манасындай» деп айтууга болот.

Күн жүрүш кыргызында атактуу ырчылардан Эшмамбет менен Токтогул саналып, бирок алардын кандайча айтканынан кабарым жок жана Чүй өрөөнүндө солто ичинде Найманбай деген чоң ырчы болгон.

## 1.2 РАСЫМ, АДЕТИ

### 1.2.1 КЫРГЫЗДА ЖЫЛ ЭСЕБИ

Байыртадан бери карата кыргызда саат болбогон үчүн күнү-түндүн ичиндеги мезгилди болжоп убакыт менен пайдалана келген. Ал убактардын баарысы 33кө бөлүнүп, төмөнкүлөр: 1-таң каракчы, 2-таң дүмпөйүү, 3-таң кулаңөөк, 4-таң кылаюу, 5-таң аппак атуу, 6-күн чыккан, 7-күн тоо-тоонун башына тийе баштаганы, 8-күн көтөрүлгөн, 9-күн текши тийген, 10-шашке, 11-улуу шашке, 12-жалган түш, 13-чак түш, 14-түш кыя, 15-түш оогон, 16-сарт бешим, 17-кыргыз бешим, 18-алакөлөкө, 19-намаз дигер, 20-күн батар, 21-күн батканда намаз шам, 22-бүрүүл киши таанышар-таанышпас, 23-эл аягы басыла, 24-намаз куптан, 25-тамак ичер, 26-тамакты текши ичкен, эл жатар, 27-эл текши жатканда, 28-уйкуга кирерде, 29-текши уктаганда — оор уйку, 30-түн ортосуна жакын, 31-түн ортосу, 32-түн ортосу оогондо, 33-таңга жакын, зоор жана насыбай атым, бээ саам, жарма бышым, эт бышым, жарым күн, түш жарым, бир күн, күнү-түн деп убакытты бөлгөн. Бир жаки, эки жаки деп отузга чейин айткан жети күндү кыргыз эн, байыркы замандан ай эсебин билип, күн эсебин билбестен, бир жылда 360 күн деп жалпысын эсеп кылган, Күндү жетиге айрып (ишенби, жекшемби, дүйшөнбү, шейшенби, шаршенби, бейшемби, жума), Ирандын күн эсептөөсүн кожо молдо, феодалдар фарсыдан алган. Кыргыз айды эң байыркы баш маалим болбогон замандан баштап 12ге бөлгөн. Балким айга бүткүл кийикти киргизип, атак бергенине караганда аны аңчылык доору заманынан баштап жүргүзсө керек.

*Ай эсеби*

| Кыргызда | Оруста | Уйгурда | Арабда |
|---|---|---|---|
| 1.Жалган куран | Январь | Биринчи ай | Зилкагада |
| 2.Чын куран | Февраль | Экинчи ай | Зилхижа |
| 3.Бугу | Март | Үчүнчү ай | Мухарам жыл башы |
| 4.Кулжа | Апрель | Төртүнчү ай | Сафар |
| 5.Теке | Май | Бешинчи ай | Рабугла-хыр |
| 6.Баш оона | Июнь | Алтынчы ай | Рабигула-вал |
| 7.Аяк оона | Июль | Жетинчи ай | Жумадила-буал |
| 8.Тогуздун айы | Август | Сегизинчи ай | Жумадила-хыр |
| 9.Жетинчи айы | Сентябрь | Тогузунчу ай | Ражан |
| 10.Бештин айы | Октябрь | Онунчу ай | Шагабан |
| 11.Үчтүн айы | Ноябрь | Он биринчи ай | Рамазан |
| 12.Бирдин айы | Декабрь | Он экинчи ай | Шавал |

Кытай менен дунгандар биринчи айды дүйнө деп, анан 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11 ай деп, он экинчи айды лайэ дейт. Арабдар жылына 7-8 күндү илгери-кийин жүргүзгөн.

Эмне себептен ай эсебине көбүнчө кийиктерди киргизген?

1. Куран деп кыргыз эликтин текесин айтат. Элик сентябрда (тогуздун айы) жүгүрүп жана токтолот. Жалган куранда жаңыдан бала түйүлөт. Бооз-кысыры жалган, арсар чагы. Ошол себептен жалган куран дейт.
2. Чын куранда бала көтөрүп алган үчүн ал айды чын куран дейт.,
3. Бугу баш оонанын аягында ышкырат (ызгырык) дейт. Бугунун ызгырыгындай деп, анын үнү өтө уккулуктуу болуп кезген чагы. Бугу айында туулган үчүн бугу дейт.
4. Кулжа жетинин айында жүгүрүп, бештин айында токтолуп, кулжада тууйт, андыктан кулжа дейт.
5. Теке бештин айынан 20- сынан абдан озгону Зона жете кезет. Үчтүн айынын башында жүгүрөт. Бул болордо 15 күн кеч жүгүрөт. Үркөр тууйт, андыктан кулжа дейт.

1. Бугу баш оонанын аягында, аяк оонанын башында башы оогон жакка кетип, кезип жүрөт. Ушул себептен баш оона десе керек.

7. Аяк оонада бугунун аягы тынбай маралга кыйгач жүгүргөн чагы болуп (замандын далай оозуна жараша күндөрдө бир аз илгери-кийин жылышы болмогу мүмкүн) калган үчүн бул айды аяк оона десе керек.

Бир пикир ойго келет: уй — бугудан, кой — аркар-кулжадан, эчки — эчки-текеден, жылкы — куландан таралганына караганда буларды жапайысынан кармап, колго көндүргөн калктын эн, түпкүсү кыргыз болбосун.

8. Тогуздун айы. Көбүнчө кыргыз эң байыркы эски замандан бирөөгө ызаттап мал-бул берсе, кудалыкка мал алып барса, тартуу берсе, тогуздап барган. Маселен, 9 атка байге сайуу, ханга тогуздап тартуу менен баруу (хан тартуусу тогуз деген макал) жана илгерки катындар элечегин тогуз кабат, же жети кабат кылып оронуу ошол адет боюнча бул айды тогуздун айы десе керек.
9. Жетинин айы. Жети ата-бабасын билүү, жети кылым өткөнчө жети атасынан бери турган деп жетини бел кылып эски кыргыздар сүйлөгөн. Ушул себептен бул айды жетинин айы десе керек.

10. Бештин айы. Бешенең бештен деп беш санатты артыкчараак көргөн, Ушул үчүн бештин айы десе керек.
11. Үчтүн айы. Үчтөн кийин чүч деп жана үч чапканча таяк көтөрүү өлгөндүн үчүлүгү, конокко үчтөн бириктирип тамак берүү адеттерин жүргүзө келген мурунтан берки кыргыздын расими. Ушул себептен үчтүн айы деп киргизген чыгар.
12. Бирдин айы. «Туулмак бир, өлмөк бир, сөз бир» деген. Ошондуктан айга киргизилмеги мүмкүн. 1, 3, 5, 7, 9 деп бүткүл баарысын алым кылып эсептеп, так эсептебеген. Маселен, 2 ,4, 6, 8, 10 айга кошпогону кыргыз так эсепти жолу туюк, алым эсептин жолу ачык пайдалуу деп билет. Муну тогуз коргоолдун алым коргоолун алып, так коргоолун албагандан билим тажрыйба кылууга мүмкүн. Так коргоолдон туздун (тос сөзү болорго керек) эки коргоолунан башканы жебейт. Жана да кыргызда ай-күн тууралу сөздөр: ай чалкалап жаңырса элге тынчсыз өзүнө тынч болот деген. Ай короолосо аягыңды тос, жут болбой мал тезинен сүт берет. Күн короолосо күрөгүңдү тос, кар жаап кызымчылык болот деген. Эртең менен күн кызарып чыкса, элиңди жоо чапкандай күйүн, кечинде кызарып батса, катының эркек туугандай сүйүн деген.

*Менин тажрыйбам:* бүткүл ай 30 күндөн болбостон кемип-артылары анык. Жалган куран айы кээ чакта 29 күн болот, эгерде 30 күндөн кемиген чакта айдын 14, 15, 16- ларында кемип, эгерде 30 күндөн артылып кетсе ай жаңырарда артылат.

*Тогоол:* үркөрдүн ай менен тоголушу айдын анык кайсы ай экенин билмекке тогоолду көбүнчө кыштын күнү артыкча таптиш кылат. Бештин айында безил-деген суук деп ноябрь айы болуп, тогоолду ушул айдан чындап текшере баштайт. Бул ай 13дө тогошот. Үчтүн айы үркөр менен 11де тогойт. Бирдин айы тогузунда тогойт. Жалган куран жетисинде тогойт. Чын куран бешинде тогойт. Бугу үчүндө тогойт. Кулжа биринде тогоп, үркөр жерге түшүп, кайтадан кырк күндөн соң чыга келет.

**Жыл** Карыялардын айтуунда чычкан менен төө жылга кирмекке талашып, чатакташкандан кийин башка айбанаттар мындай деген: күндүн чыкканын кимиңер мурун көрсөңөр жылга ушул кирсин дегенде төө таң атканча уктабастан, жатпастан. күн чыгышты карап турганда чычкан мени булар жектеди, төөнүн бою чоң күндү мурун көрбөйбү, деп акыл кылышты. Эми кандай айла кыламын деп таң атканча ары-бери жүгүрүп, эптеп төөнүн кулагына чыгып алсам, күңдүн көзүн мурун көрбөйүнбү деп күн чыгарда төөнүн кулагына чыга калып, анан кире качып кеткен. Төө таппай калып, чычкан жылга кирип калган үчүн төө чычканды күлдөн издеп, көбүнчө күлгө оонаганы ошондон дейт. Мен тарыхка киришкенимден (1895-жыл) баш-тап 12 ай жана 12 жылга көбүнчө айбанаттарды киргизген себеби бүткүл элдин карыяларынан сурап, эч биринен мунун себептерин билип, чечкен киши таба албадым. Кимиси болсо да билбеймин дегенден башка жооп бере албады. Ушул себептен бул туюк маселени чечүү үчүн 35-40 Жыл ойлоп; анын төбөсүндө олтуруп. акыры менин азырынча долбоор-тыянагым төмөнкү: биринчи жыл башы чычкан, бүткүл чычканды эгинге, этке, башка тамакка эн. залалдуу айбан, кокустан тамакка араласа ал тамакты жеген киши ооруйт деп билишет. Чычканды кырып жок кылуучу душманы ар чыккан (нар чычкан, арс чычкан) деп билет. Утул үчүн нар чычкандын бизге пайдалуу досубуз деп аңы жыл башына киргизмеги мүмкүн.

2) Уй чарбага, жан сактоого бүткүл малдарда биринчи пайдалуу, 2-3 ай болбосо калган тогуз, он айчалык сүтүн берет. Дыйканчылыкты өгүз менен иштейт. Бүткүл чарба малдарда карышкырга кайрат кыла турган биринчи болуп уй саналат, уйдун букасы түгүл инек уйлары дагы кайрат кылат жана башка малга окшоп далаага калбастан үйгө өзү келет. Ошондуктан жылга киргизмеги мүмкүн.
3) Барс (жолборсту дагы барс деп атайт) эски кыргызда келе жаткан бир адет: эгерде катындын баласы баатыр боло турган болсо, ал катын жолборстун жүрөгүнө, этине талгак болот. Жолборсту бүткүл айбанаттан баатыр деп билгендиктен жылга киргизмеги мүмкүн.
4) Коён. Жок кайрат — баш айрат, ыгы келсе коёндой коркок бол деген жана жапайыдан баксаң коён бак, ал ондогон бөжөк тууйт, деп чарба жагын ойлоп жылга киргизүү мүмкүн.

5) Улуу (ажыдар-дракон) кытайдын герби, ажыдаардай коркпос, качпас айбаттуу бол деп жылга киргизсе керек. Улууну кыргыз жаян деп да коёт.

6) Жылан. Эң эски кыргыз жыланга. табынган, жыландай эстүү, сак, куу, акылдуу, жүргөнүн билгизбеген жан жана бүткүл курт-кумурсканын баштыгы болгон себептен жылга киргизмеги мүмкүн.
7) Жылкы. Чарбалык жагынан көчмөн болгону үчүн жылкысыз оокаты начар болгондуктан жана жоо ала албагандыгы үчүн аны жылга киргизүү мүмкүн.
   Жылкы жыттуу деп жылкы эти, кымызы кыргызда биринчи даражадагы кесип (тамак).

8) Кой. Бүткүл чарба малда койдон пайдалуусу болбогондуктан жылга киргизүүсү мүмкүн.

9) Мечин. (Маймыл) бүткүл жан-жаныбарда адамга окшош үчүн эстүүлүгүнө карай жылга киргизүү мүмкүн.

10) Тоок. Бүткүл жер жүзүндөгү канаттуудан тооктон пайдалуусу жок. Уй сүтүн бергендей тоок жумурткасын берет (Үч айдан башка жумурткалайт). Этинин таттуулугу, адамды таштап уча качып кетпегендиги жана убакытты көбүнчө күн бүркөктө билип бергендиги үчүн башка бүткүл канаттууну калтырып, тоокту киргизмеги мүмкүн.

11) Ит. Бүткүл төрт аяктуу жырткычтан адамзатка жолдош өзүн жана малын багып берип, аң тиштеп бергендиги үчүн жылга киргизсе керек.

12) Доңуз. «Камандай качырганыңа кайта тартпа» деген макал бар. Эски заманда кыргыз чечек оорусунан абдан корккон. Чечектен аман калуу үчүн эгерде элди чечек каптаса, чечек чыкпайт деп доңуздун этин дары катарында жеген. Доңузду кыргыз кара кийик деп да айткан жана тукуму тез өсүп, көптөн тууган үчүн жылга киргизсе керек.

Индустанда байыркы заманда бир түрдүү эл уйга табынганына караганда улуу кытайдын гербиси болгондуктан жана эн, эски заманда кытайдын Лили деген ханзаадасы кыргызды бийлеген себептен 12 жыл эсебин кыргыз кытайдан же индустандыктан алса керек. Балким кыргызга биздин эрадан 500 жыл мурун кытай жеринен келген динлин ала келдиби, тарыхчылардан 12 жылга айбанатты киргизген кыргыз деген сөз бар, эгерде 12 жылга айбанатты кыргыз баштап киргизген болсо, эң эски кыргызды, мындайчасынан айтканда, кыргыздын түбү тоок, коён, улууну жылга кошконуна караганда аларды көчмөн эмес, маданий журттан болууга деп айтуу мүмкүн. 12 жыл жеке кыргызда болбостон башка күн чыгыш элдеринде дагы бар. Маселен:

| *Кыргыз* | *Дунган* (кытай) | *Парси* |
|---|---|---|
| Чычкан | Тфу | Муңку |
| Уй | Нун | Бакар |
| Барс | Хуу | Барс |
| Коён | Тху | Хачдез |
| Улуу | Лииц | Наан |
| Жылан | Тгиан | Мар |
| Жылкы | Ма | Аспы |
| Кой | **Ян** | Госпанд |
| Мечин | Ху | Амдуна |
| Тоок | Джи | Мiях |
| Ит | Куу, Тю-а | Сяк |
| Доңуз | Жу | Хук |

Кытай менен фарстардагы жыл башы чычкан. Кыргызда «эра» жок. Бүткүл жылды кишинин жашын мүчөл боюнча эсеп кылат. Кыргыз биринчи мүчөлдү 13 жаштан мүчөтөт. Кебетеси баланын ичте жатканын эсеп кылганбы. 12 жыл айланып келгенде бир мүчөтөт. Маселен, 13 бир мүчөл, 25 эки мүчөл, 37 үч мүчөл, 49 төрт мүчөл, 61 беш мүчөл, 73 алты мүчөл, 85 жети мүчөл, 97 сегиз мүчөл.

Мүчөл жылдары болсо айтылды. Маселен: 1). Чыч-кан. 2). Уй. 3). Барс. 4). Коён. 5). Улуу. 6). Жылан. 7). Жылкы. 8). Кой. 9). Мечин. 10). Тоок. 11). Ит. 12). Доңуз.

Биз жылды эсептеп келгенде биздин эра жылдардын ичинде биринчи пайдалуусу жана бүткүл канаттуу куштан жалгыз жылга киргени тооктон башталат (андан ары автор жыл сүрүүнүн көлөмдүү мисалын келтире?).

### 1.2.2 КЫРГЫЗДЫН БИЛГЕН ЖЫЛДЫЗДАРЫ

1). Үркөр. 2). Толтойдун огу. 3). Үч аркар. 4). Жетиген. 5). Кичи жетиген. 6). Алтын казык. 7). Кошоктолуу кош музоо. 8). Сар жылдыз. 9). Чолпон (Венера). 10). Балбылдак жылдыз. П). Чычкылуу жылдыз (Меркурий). 12). Саман жол. 13). Ай. 14). Күн. 15). Көргөн саба.

Жылдыз оңоп, жолоочу жүрүү же айдын биринде же 15де жолоочу жүрүп, же чоң иш баштоо адети болгон. Жылдыз оңоп жүрүү айга карата болот. Маселен, айдын биринде жылдыз күн чыгышта, 2) күн жүрүш — күн чыгыштын ортосунда, 3) чак түштө, 4) күн жүрүш, күн батыштын ортосунда, 5) күн батышта, 6) күн батыштын түн жагы, 7) түн жакта, 8) түн жак күн чыгыштын ортосунда, 9) жерде, 10) асманда, жылдыздын чыгуусуна каршы жүрбөйт. Жүрсө жол болбойт деп билген. 9 да сапарга чыкса ат аягына оорлук келет, 10да жүрсө чар тарапка тең, анда кандай жүрсө, андай жүрсүн деген. Ар айдын бири, ону, жыйырмасы шамал-жаан болот деген жана 40 күн жайкы чилде, 40 күн кышкы чилде болуп, 90 күнү «токсон болот» деп эсеп кылышкан.

### 1.2.3 КЫРГЫЗДЫН ЫЙЫК ДЕП ӨЛТҮРБӨГӨНҮ

1) Карлыгач. 2) Сар жылаан. 3) Куркулдай. 4) Зоор. 5) Кээ бир жыланды өлтүрбөгөн. 6) Күкүк. 7) Торгой. 8) Сасык үпү. 9) Чабилекей. 10) Жылкычы кучкач. 11) Мышык. 12) Сары ит. 13) Жаа, 14) Эл кайда көчөт.

    15) Ызгыч. 16) Аңыр. 17) Отоок кой.

### 1.2.4 КЫРГЫЗДЫН ТҮРКҮМГӨ БӨЛҮНГӨНҮ

**(Сословия)**

(Бай, манап, хан, бий, дыйкан, чарба, букара, кул жана соту).

Кыргыз эски замандан хан, манап (чыкканы 300 жыл болду), бий, баатыр, бай, букара, кедей жана кул бүкүлү сегиз түркүмгө айрылган. Кыргызда эң эски заманда падыша хан тарыхка караганда боло келген. Соңку заманда 1504-жылдагы Ысык Көлдө турган Мухамметкайдар, XIX кылымдагы Ормон, Фергана кыргызынан Алымбек датка хан аталса да Мухамметтин Кашкар өкмөтүнө Ормон менен Алым-бек датканын Кокон хандыгына ийилиштүү болгондору көрүнөт. Калмак заманында бугу кыргызы Белекти хан болгон дейт. Деген менен тарыхын текшере келгенде калмактын кыргызга баш кылып койгон бир кишиси болуп, анын үстүнөн калмак караган. Кыскасы, кыргызда анык хан даражасында хан болгон эмес, болбосо да алардын кылган сурагы, аткарган иши, кедейди эзгени, хан түгүл падышалардын ар жагына өтүп кеткен. Манап чыкканы анын өкмөтү андан бетер артылып, андан чыккан феодал баатырлары болсо, баякы залим хан кан соргучтун өзү болгон. Анын чала манаптары манап тукумунан болгон үчүн андан бетер кедейди эзген.

Ар кайсы урук элди аларды атактуу манаптары бет-бетинен бөлүп алып, бийлеп, кедей-жардыны эзип турган. Ал манаптардын жакын туугандары болсо, кедей дыйкан чарбага өтө зулумдук көрсөткөн. Ар кайсы чоң манап (феодалга) караган элди «топ» де-ген. Маселен, Жангарачтын тобу, Балбайдын тобу, Боронбайдын тобу. Ормондун тобу, Чыны, Дуулат, Ажыбек, Төрөгелди, Жантай жана башкалардын тобу.

Кокон бектеринен ылгал келсе (уполномочен) атактуу манаптарга келип, кээ бирине тартуу өткөзүп, оюшун берип, анан соң иштерин бүтүргөн. Ал атактуу манаптардын Кокон хандарына алган колдоруна желек, туу. мөөр сыяктуулары болгон. Фергана, Кашкардан соодагерлер келсе, феодалга түшүп, манаптардын токтоткон наркы боюнча кой, жылкы, төөлөргө булдарын айырбаштап саткан. Дилде, күмүш акчалары болсо, кедей-дыйкан букараларга таратпастан чоң феодалдар жана аларга жакын букарадан чыккан байлар алган. Өзбектер бүлүн насия сатпаган. Манап аркылуу наркы токтолбостон мурун эч кандай соода болбогон. Чекене майда бакал мал Кулжадан келген. Булгаары, кездеме, казан, тулганы ногойлор алып келип саткан. Пулдун нар-кын токтотуп, соодасын ачкан үчүн канча алса да болду феодалдар бекер алган. Анын эсеси кедей-дыйкандан төлөнгөн. Башка манаптар кедейдин маңдайына бүткөн жалгыз атын, жаки уюн берип бул алган. Ошондо да кедей-дыйкан букарага караган-да манаптар арзан алган.

Кашкар, Кулжа, Ферганага соода үчүн кыргыздар көп барбастан, анда-санда барып турган. Каш-кар, Кулжа, Ферганага барып андан бул жакка келе турган жол түйүнү арка кыргызында сарбагыш жер-деп турган жерди басып өтүп, анын жери жол түйүнү болгон. Кашкардан келген бул: мата, беш бак мата чепкен жана жемиш-мөмө болгон. Ферганадан кел-ген бул: карагашкайна, алчыбайлар, басма чыт, комуз тили, бачайы, шайы, бейкасам, кымкап, чач-бак, жибек, шөкүлө, кучмач ээр, ээрди аял үчүн алып аны эркек минбестен, алар колдон кылган ак каңкы ээр минген. Абай өртүк ат жабуу, дейилде саймалаган сары жаргак чепкен, шым-бычак, чайдоос жана түрдүү жемиштер болгон. Кулжадан күзгү, тарак, түрлүү боёк (кына, оруян), ийне, жип, чыны болгон. Кулжага кыргыздан барса, көбүнчө бай-манап феодалдардын күрүч үчүн жумшаган кызматчылары болгон. Кашкар, Кулжа, Ферганадан көк куйрук чай келип турган. Бирок сары сууну ким ичет деп кыргыздын көпчүлүгү албастан, манаптары, байлары, бийлери гана алган. Кедей жардылардан миңден бири албаса, алган эмес. Ногойлор булгаары, казан, тулга, аяк, табак, чыны, ак сурп (кездеме) манат, макмал, кундузду. Семетей, Казандан алып келип саткан.

Аштык айдаганда жакшы жерге манап, анын туугандары — куда, дос, тамыр сөөктөрү жана кеңеш. теш кишилери айдаган. Эгерде букарадан бирөө, жакшы жерге айдаймын десе «ырыстагы меники, чириш (чөп) дагы меники» деп тигилер айдатпастан жана жайлоо, күздөө, кыштоонун, көктөөнүн жакшы жерлери манаптардын эркинде болгон. Букаранын эгини жаман чыгып, эгинди аз алып, кышкысына жетпесе да, андан тийиштүү мурунтан ала келген шыбагасын манабына берген. Эгерде бербей калса манабы «тетиги кызталак ит, букара көөп кетиптир» деп акыраңдап койсо болду, көз ачып-жумганча тилегени даяр болгон.

Кедей согумуна бир кой сойсо, карчыгасын сүрсүтүп, сактап жүрүп, жазында болсо да манабын чакырып салып берген. Кээ бир кедейлер биздин манабыбыз кантип жийиркенбей тамак ичсин деп алып барып берген. Бербегендин жалгыз бодосун алып койгон. Ич арасында доосу болсо, манаптын көзүн карап, көңүлүңдөгү бүтүмүн чыгарар бийлер бүткөргөн. Бүтүмгө чыбык кыркып, убада токтоткон. Бүтүм мал убада күндөн өтпөстөн, күндө болсо да чыбык кыркып бүтүм кылган. Эгерде танымыш болсо, ал жактан тандап, касамга кармаган. «Жанбергендин жанында турба», — деп касам берген чакта анын жанынан кач-кан. Бүтүм адилби, адилсизби, аны чоң манаптар текшерип, кабыл кылып, жаки мындай болсун дегенде анын дегени макул болгон. Анын айтканынан эч ким чыга албаган. Башка манапка караган элде доосу болсо, өз манабынан киши алып барып бүткөргөн. Кат жазып бериш, молдо жоктугунан расим болбогон. Кандай гана бүтүм болбосун эгерде жылкы аралашса, «чаң тийбес» деп анын биринчи жакшы аты манапка берилген. Эгерде майда мал болсо, тогуздун бирин манап алган. Кедей кудалашкан болсо, анын баш атын манап алган. Букарадан, кедейден бирөө бир жерге барып консо, кичи атанын баласы деп дурус-тап конок кылбаган. Эгерде манаптан болсо, чоң атанын баласы эмеспи деп аягы менен тик туруп, жакшылап коноктоп узаткан.

Чоң манап менен чоң манап кудалашса калыңды көп берип, калмактан, жаки казактан түшкөн киши болсо, аны кул-күң деп калыңга берген. Мындай калыңга тогуздап кул-кун, берген феодал манап

байлар көп болгон, алар кыздарын бергенде анын энчиси деп кошо жумшатып күлкүң беришкен. Ичараларында башка уруктан келген алсыз селсаяк болуп, жекене жүргөн киши болсо, кээ чакта андай кедейлерди дагы кул-күң деп жумшатып бергени бар. Эгерде күлкүң жумшатып кыз бербесе кызын жаман берди деп жактырбай калган, эгерде манаптын кызын букара алса, калың үчүн кадимки жей турган кырк жылкы, жүз кой, калыңдан тышкары үч-төрт эсе көп мал жеген. Букара байкуш «менин сөөгүм манап менен тең болду» деп калыңга канчалык көп мал сураса да берип, малын аябастан чыга берген. Манаптын кызы жаман чыгып калса, аны коё бере албай, үстүнө катын ала албаган. Эгерде коё берсе менин башымды аттады деп ал букаранын малын талап алган. Эгерде туубас болуп, үстүн» катын аламын десе, кыз ата-сынын уруксаты менен алган. Букарага тийген манаптын кызы өлгөн болсо «анын койнуна жатпай эле айнек кылып карап жүрсө болбойбу» деген манаптар дагы болгон, кыскасы букара алган манап кызы ал айылдын өкмөтү болгон.

Эгерде букаранын кызын манап алса жарытып калың бербеген. Аздыр-көптүр бергенине канааттанып, манап менен кудалаштым деп кубанып, аны менен сөөгүм теңелди, кара сөөк элем, эми ак сөөк болдум деп, калың малга ыраазы болуп, жасалгасын жакшылап, кызын берген. Букаранын кызын манап өлтүрүп койсо (маселен, Жантай Карабек уулунун катынын Баяке өлтүргөн. Чойбек Дыйканбаев. өз катынын өзү өлтүргөн. Ормондун Саза деген жигити өз катынын өлтүргөн), сурагы чанда болбосо, болгон эмес. Ата-энеси: «Кантели, кызыбыз жамандыгынан өлдү» — деп ичинен үн чыгара албай ичтеринен сызып, күйүп-бышып кайгы тарткан.

Манаптын келинин манап ала качып алса, ал эки манаптын кесепетинен «эки нар жөөлөшсө, кара чымын кырылат» дегендей эки ортодо кедейдин жалгыз аты, чарба дыйкандын жылкысы тыйылып, жаңжал болуп, кедейдин, чарба дыйкандын канчалык азаматтары өлүп, чоң бүлгүнчүлүккө түшкөн. Кедей букаранын келинин манап алса, анын арыз-датын ким Уксун? Арыз кылар, даттанар жери калбаган. Бир кедей манаптын өзү эмес, жигитине, жаки кулуна кызын берсе, сүйүнүп-кубангандан эти-этине батпай, турган калың-малынан аша кечкен. Кедейдин кызынан калың-малы канчалык болсун, көп болсо бир тогуз бодо болгон.

Букаранын, чарба дыйкандын кээ бир атка минерлери манаптын жигитинин кызын алса манапка жакын болуу максат менен көп калың берип, көп чыгымдар болуп алган. Кедей чарба дыйкандан чоң баатырлар чыгып, алардын беш-он түтүн тууганы болсо, анын күчүнөн пайдаланмакка аларга кыздарын бермекке манаптар өзү жабышып берген, андан калыңды ашыра жебеген. Кедейден, чарба дыйкандан чыккан баатырлар алыс жер — калмак, казак, уйгурдан эл чаап, жылкы тийип алса, үйдө жаткан манабына «шыбага» чыгарып берген. Эгерде бербесе, аларды манабы чаап алган. Маселен, мындан соң жазыла турган темедеги Кара чолок, Жайчыбек, Майтыктын тарыхынан көрөсүз, чарба дыйкан аш-той бере турган болсо, адегенде бир семиз жылкысын, жаки жакшы атын жетелеп манапка барып, андан уруксат болсо берген, болбосо бере албаган. Чекене аш-той болсо, союлган жылкынын семиз учасын бышырып барып берген. Эл көчкөндө манаптын уруксаты менен көчкөн, көч алдына дыйкан чарба жүрбөстөн, манап көчүп жүргөн. Анын конор жерине мурунтан кедейлер, дыйкан чарбалар отунун даярдап турган. Манаптан уруксатсыз көчкөн болсо, айып алган. Чоң манап феодал өлсө, «балаң убакта ай тутулду эле, күн тутулду эле, жаки жылдыз учту эле, ал ушул манаптын өлөр белгиси экен» деп, букара кедейлер айың кылышып, таң калган. Ал кан соргучтун көрүн тереӊ казып, жөө киши найза алып, тегеренсе тийбегендей болгон. Бейиттин оңдоо, коргон салуу жана башка кара жумуш, кызмат, ыгым-чыгымы кедейдин керденинде болгон. Ал өлгөн манаптын катын-кызы «булгаары белен оңгондой, букара белен өлгөндөй» деп кошкон. Окуусуз караңгы кедейлер-дин кээ бири феодал чоң манаптарды өлбөйт деп ойлогон. Бүткүл манап анын жакындары «ит жыйыны бирикпейт, букара иттей ыркыраган журт, биригип журт болуп жүрө албайт. Жана кум жыйылып таш болбойт, кул жайылып баш болбойт» деп кедей-дыйкан, чарба-букараны көргөндө көп айтып жүрөгүнө уюткан. Кедей-дыйкан, чарба-букара манаптын ырысы үчүн жаралган дешкен. Кээ чакта малга кошуп. кедей-кулду жана азып, жалгыздап жүргөн дыйкан чарбаны байгеге сайган. Маселен, тынай уругунан кан соргуч феодал Таштанбектин ашында Жантай феодал Карабек уулу

эки жүз алтымыш бештей жалчы, күлкүңдү байгеге сайган, Мунун толук кабары жогоруда «Аш» темесинде көрсөтүлгөн. Байгеден кедей букаранын аты чыкса, байгесинен азыраак берип, калган байгеси менен атты манап алып койгон. Манаптын бири, жакы жигити ууру кылган болсо, айып буюрбаган. Буюрганы кемде-кем болгон. Кедейден, букарадан уурулук кылса бирге тогуз төлөгөн. “Кыскасы, кедей, жалчы, дыйкан орто чарбанын бүткүл жан сактоосу, кун көрүшү, мүлк, мал-башы, эрки өзүндө болбостон, анын бирлик тагдыры манап-тын, феодалдын, байлардын колдорунда болгон. Бул жазылган зулумдуктун көбү калбастан 1894-жылга жете манап-феодалдарда колдонулуп келди.

1894-жылында күзүндө (ноябрь ай) кыргыз болуштарынын мусулманча молдосу (бесири) калып, алардын ордуна бүткүл болуштарга орустан, жаки орусча билген кыргыз-казак, ногойдон бесир болуп, ал бесирлер элди аралаган соң алардан ийменип, баш-тагы кедейди эзгендиги аз-аз кала баштады. Акыры бесирлер дагы кан соргучтун пайда алышы жана стражник перитаф сөздү пара менен бай менен феодал болуштар каралап, өздөрүнө жолдош кылган соң, мурунку калыбына жетпесе да эзгендиги калбады.

Хан, манап, бий, баатыр, бай бир болуп, кедей чарба дыйкан кулду эзгенине чыдабай, кедейден орто чарба дыйкандан, букарадан (букара деп манаптын өз тукумунан башка урукту да атаган) чыккан кээ бир баатырлар каны кызып, манапка каршы чыга албай, чыкса да жеңилип калып, баштагыдан да бетер эзиле келген. Алардын тарыхын төмөнкү темеден көрөсүз.

Бий. Кан болсун, манап болсун, чоң феодал болсун, баатыр болсун эл курагы бийде болгон. Ал бийлер манап насилинен, мейли букара насилинен болсо да өзүнчө иш бүткөрө албастан көбүнчө канына, чоң манабына ийилиштүү болгон. Кылган бүтүмдүн тогуздун бирин бий алган. Ал бийлер көбүнчө пара алып бүткөрүп, кедей жалчы дыйкан орто чарбанын Укугун жоготуп, бай-манаптын дегенин кылган. Ак болсо да кедейди күйгүзүп, кара жеринен бай-манаптын доосун кубаттаган.

Бул тууралу бир мисал, 1850-жылдарда бир жесир катын эки жетим баласын багалбай ээрчитип бир байдыкына барып, «саан бериңиз» деп айтканда, аның эки баласын козу багууга, катынын отун алып берүүгө милдеттүү кылып, үч улактуу эчки саан берген. Бир улагын бир түнү карышкыр жеп кеткен. Күз болгондо катын жериме кетейин десе бай жибербеген. Катынга бир соку, бир жаргылчак, аяк, табак-казан, тулга, кашык, сузгусун берсе алымсынбай, экөө Жангарач феодалга арызга келгенде, катын: «Мен бир улак үчүн бул байга калдыраган казанымды, күлдүрөгөн жаргылчагымды, соку, сок билегимди, терген термечигимди, боо тойлогон боомду, туюктан туткучумду, ийриден түпкүчүмдү, аяк-табак, кашыгымды калтырбай бердим», — деп зарласа да, байдын пайдасына катынды: «Саансыз эки балаң менен эми эки жыл кызмат кыл», — деген.

Баатыр. Кыргызда «Баатыр алтоо, бай төртөө, кедей сегиз, бий жалгыз, кул тогуз» деген эски макал бар. Демек баарынан кедей көп, кул көп, анан баатыр, анан бай, анан бий. Кыргыз кандайды баатыр деген? Кыргызда баатыр алты даражага айрылат.

1. Октон-чоктон кайтпастан, алды-арты, аз-көбүнө карабастан, жоо миң киши болсо да жалтанбастан тоодон кулаган таштай чимирилип жалгыз качырып, күндүз, мейли түн болсун, тоо улуусу аң-кемерди көзгө илбестен жоого тийип, жоону кайта-кайта аралап салышып, быт-чытын чыгарып качырат. Же өзү талкаланат. Мындай баатырларды «Адам шери» деп атаган. Мындай баатырлар кыргызда боло келген, биринчи баатыр ушул.

2. Жоодо жаралуу болуп калса да, маселен, колу сынса мойнуна тагып асып коюп, буту сынса канжыгасына байлап коюп урушкан. Жарага өтө чыдамдуу болуп көтөргөн, башынан аткан кан көзүн көрсөтпөй каптаса шыпырып коюп, согуша берген. Суусап кетсе атынын терин жалап жүргөн. Мындай баатырды «Кара көк же көкжал» деген.

3. Жоонун ыгына. жараша урушуп, ыгы келген жерде жалгандан качымыш болуп, жоонун аты талып, өздөрү чарчагансып бириндеп калган чакта кайта качырып сайып алат. Жоонун

аз-көбүн билмекке качырткы салат. Жоо качырып, чарчатар жагын көздөйт. Эгер жоодон чындап качып калса, аты чабал жолдошторун алдына, тандамал жигиттерин артына коюп, анын соңунан өзү түшүп, жоону жолдошторуна аралатпастан улам-улам тосуп, согушуп, илгери имербейт. Тоолуу бийик бек жер болсо, аттуу, жөөлүү болуп (ит урушун салып) согушат, дейт. Эгерде жолдошунун аты жүрбөй калган болсо, жоодон ат түшүрүп, аны мингизип ала жөнөйт. («Качсам да бир ат олжом бар, куусам да бир ат олжом бар» деген баатырлардын макалы ушул). Мындай баатырдын жолдошторуна чоң пайдасы болгондуктан, согушка мындай баатырларга карамалап, аскер көп пааналайт. Макталуу баатырлар ушул болуп, буларды «Илекор баатыр» деген.

4. Жанына жолдош албастан, алыс-жакынга жеке өзү жүрүп, жылкы алат. Жоосун жоолойт. Мындайларды «Жеке баатыр» деген.

5. Өзүнөн башка жолдоштору баатыр жана теңтуш болсо, алар менен бирге жүрүп, өзү жоодон коркуп качайын десе да жолдошторунан уялып качпастан урушуп жүрүп, ошого дагдыланып, кийин баатырлыкка чыгат. Мындайларды «Ээрчиме баатыр» атаган.

6. «Мен дагы элдей эмесминби, тигилерден кантип кем болоюн» деп анык баатырларды туурап жоону качырып, дайым жоого түшөт. «Айласыз баатыр чочкого чабат» деген менен ушундан калган. Баатыр алтоо деген ушул.

Бай төртөө. Биринчи — чоң бай (март бай), мырза бай, эгерде ата-бабасынан малы көп болуп келе жатса, аны «уюткулуу бай» деп дагы атаган, Жакшы ичип-жеп, абдан таза, мырза кийинет. Катын-баласына отун алдырбайт. Эч кара кызмат кылдырбайт. Унаанын майы-күчү жөн болсун, коңшуларыңа аз-аз кайрылышат. Манаптар, феодалдар менен кудалашат. Тамырлашып, достошуп, кедейлерди эзген Николай заманында болуштукка талашкан ушул байлардан болгон. Булардын бир түрлүүсү манап менен тамырлашып, достошуп, таза кийинип, таза жүргөн, Жакшы ичип, жакшы жеген. Коңшуларына кайрылбастан, кедейди чындап эзген. Бересесин бербей, көп манапка таянып доосуна жооп айтпаган.

2. Сараң бай (колтукчу бай). Бир тууган, сөөк-тамырына эчтеме бербейт. Ачкалыктан өлүп бара жатса Дагы, ошондойлук баштарына жаман күн туулса да кайрылбайт. Өз малын аяп, көп минбейт. Малына башка мал келсе, жаки өзүнүн жүздөгөн жылкысы болсо да, анын малына кошуп, тим болбосо, жоору айыгып, аркасы эл алсын деп жиберип, өзү жатакта калган кедейдин жалгыз жоор торсаягын минип жүрүп, арыктатып коёт. Малына туз бербеген коңшусунун, жаки башка бирөөнүн бир улагы келсе да кубалап жиберет. Ушул себептен «Сараң бай», «Колтукчу бай» деп аталган.

3. Сасык бай — кокуй бай — өз малын союп жебейт, өлгөндүн гана этин жейт. Мал саап жатканда идишине сийдиги, жаки тезеги таамп түшүп калса, аны жүн менен тазалагансып шашып ал сүттү иче берет. Жакшы кийинип, жакшы ичип-жегенди жаман көрөт. Конок келсе качат, жаки жашынып калат. Жаки оорумун деп башын таңып жата калат, ылаажысы келсе кубалайт. Катынынын өзүнөн чоң кийиз өтүгү болот. Кээ чакта тулгасы жок «таш тулга» салат. Үйүн жакшылап жаппайт. Отун алуу, от жагуу, күндүз мал көздөп, түнкүсүн короо кайтарган катыны, «бу малым жоголду, арыктап кетти, ылаңдап калды» деп кокуйлап, өкүрүп жүрүп күн өтөт. Буларды «Сасык бай», «Кокуй бай» деп атаган.

4. Жеке мерез бай. Жайы-кышы жалгыз конот, жалгыз жайлайт. Жанына коңшу кондурбайт. Жанына айыл конууга айыл көчүп келе жатса, түн болсо да көчө качат. Буюм сураса бербестен урушат. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт. Жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт» деген макал ошолор тууралу болуп, аларды «Жеке мерез бай» жана «Макоо

бай» деп атаган. Жогоруда айтылган бүткүл байлар аттын майын — атка, көтөрмөгө мал берсе 3-4 эсе пайдасына (сүткө) берген. Бай
төртөө демеги ушул.

Кедей, 1. Малы түгүл ити да жок, томаяк, ороо-чу, кимдин болсо ороосун сактап, андан калаа алып оокаттанат. Буларды «Ороочу» жана «Томаяк» деп атаган.

2. Кедей же кара кашка кедей минер атка кээде жетпей калат. Эгерде жеткен болсо, анын бели беш жоор, аркасы алты жоор, жайы-кышы чомдоп, актыргалап, куйругу кесилип кетип чандырлап минет. Көбүнчө кырчаңгы болуп, жал-куйругу түшөт. Эгерде аты жок болсо бир сыйыры болот, музоосун жылына, чындаса уюн манаптын чагымына берет. Бай-манап алар менен байланышта болуп жүрбөстөн, дайым бетинче оокат кылат. Буларды «Кежир кедей», жаки «Кербез кедей» деп атаган.
3. Отунчу, суучу — «Малай, Жалчы» деген. Жылкычы — булардын даражасы бирдей болбостон, бүткүл малчы, малайдан жылкычылык артык болгон. Ошол себептен «жылкычынын бар көргөнүн хан, бир көргөнүн ит көрбөйт» деген макал бар.
4. Коңшу-колоңчу — катын-баласы, өзү байдын малын багып, саанын саап, отун-суусун алып берип каралашып жан сактайт. Муну «Коңшу-колоңчу» деп атаган.
5. Эч кесип кылбастан, уйку, тамакты, башканы билбестен күнүн өткөрөт, муну «Жакыр кедей» атаган.
6. Аштыкчы. Бай-манаптын аштык, чөп кызматы мойнунда болот.
7. Койчу. Кедей — сегиз, демек ушул сегиз түрлүү кедейлер.
8. Жигит — дайым бай-манаптын жанында жүрүп, атын багат. Манапка мал уурдап берет. Жоосун жоолайт, доосун Доолайт. Бай-манап үчүн башын кыят. Эл, жоо, алыс, жакын, дос-тамырына барып жумушун бүткөрөт. Бай менен манап бирөөнү өлтүр десе өлтүрөт. Урат, согот, бүткүл бай менен манаптын күчү жигиттин колунда болгон үчүн булардын кайраттуу, жүрөктүүсүн жигит кылат. Кедей-дыйканды, орто чарбаны талкалаган ушулар. Бай-манап болсо буйрук кылып жата берген. Бай-манаптын жигити падышанын палачы, хандын желдети бир даражада. «Жигит деген бөрк ал десе баш алат» деген макал бар.

### 1.2.5 КУЛ, КҮҢ ТАРЫХЫ

Кыргыз ичинде кулдун тукуму, кулдар деген өтө көп. Кул-күңдү тогуз түргө айырат.

1. Ата-бабасынан бери кул-күң болуп келгенде «Боору такыр кул» атаган.

2. Бай-манаптын кызматында жүрүп, күн-түн отун лып, суу ташып, от жагып, короо кайтарып жүрүп, тууган күңдүн балдарын «Үйдө туума» деген. Жаки Тондуу кул» атаган.
3. Эрсиз ойноштон тууган күңдүн баласы — «Төш жатар» аталган.
4. Кыз бергенде жумшатып берген «Жумшатылып келген» деп аталган.
5. Калыңга келген кул-күң.

6. Жоодон түшкөн кул (Олжо кул) аталган.

7. Урук, эл-журттун билбеген дарексиз келип туруп калган «Түпсүз кул» атаган. Булар тууралу макал: «Башы нукул, аягы тукул, сайда саны жок, кумда изи жок, жетесиз кул» деген.

8. Сатып алган кул. Муну «Кесик кулак кул» деген. Күлкүң уктап калса кол менен ойготкондон намыстанып, буту менен тээп ойготкон.

### 1.2.6 БҮРКҮТ, ТУЙГУН, КУШ, ШУМКАР, ЫЛАЧЫН, КҮЛҮК АТ ЖАНА ТАЙГАН ТАПТОО

Кыргыздын бүткүл дээрлик оокаты көчмөн болгон үчүн көбүнчө жылкыга байлангандыктан жана жоо менен эч убакта жөө эмес, дайыма ат менен урушкан себептүү күлүк аттын кадыры өтө чоң болгондугу үчүн эң эски заманда жоодо баатырлык кылгандарынын өзү менен кошо күлүк аттарынын тарыхын айты-шат. Маселен:

3. Казак Эр Эшимдин Шарп Куласы (1626-жылында).

2. Сарбагыш кыргызы Темирдин 1730—40-жылдар чамасында калмактан ала качкан күлүк аты. 3. Бугудан Папа насилинен 1760—70-жылында болгон Садык баатырдын Кыркмачкери. 4. Солто Шапактын Көк Чологу (1780—90-жылдар). 5. Атакенин Керкулун (бир кабарда Ноктолуу Тору). 6. Солтодон Бекинин Кара Кызылы (1830—40-жыл). 7. Сарбагыштан Төрөгелдинин Ак Кызылы (1835—50-жыл жана башкалар). Бугуда Балбайдын Сур Айгыр, кийинки заманда 1885-жылында эсенкул элинен Шадыкан Токтомот уулу деген киши күзүндө, мыяр Кызыл жоргосун минип, эртең менен Токмоктон чыгып Боом менен жүрүп, Кубакылап, Кочкор басып, Жоон Артык-тап Долонду ашып, Нарынды басып, Шаркыратма ашып, күн батарда Атбашынын калаасына барган. Бул жүрүш жогоруда айтылгандардын жүрүшүнө караганда оюнчук болуп, алар азында 350—400 чакырым жолду күнүн баскан. Ат аткан октой деп атак берген.

Тарыхтан көргөнүбүз мурунку кыргыздар: «Эрдин куну Эриштин айыбы болбосо чаң тийбес» деп тандап, айбына күлүк ат алган. Бир ат үчүн кыздан, катындан кечкен, бир ат үчүн эки эл бузулуп, канчалык кан төгүлгөнүн көрөбүз. Атты жанындай көрүп, кооптуу заманда үйгө кийирип, кишен салып бакканын көргөнбүз. Жолоочу жүрүп бара жатып ат үстүндө тамак ичкен, уктаган кыргыздын бүткүл макалында башка чарба жөнүндө жалгыз гана «эсиң оосо эчки бак» де-ген макал болуп, ат жөнүндө бир далай макалдар айтылат. Маселен, «Желдей болуп жүргөндөн жылкы болгон», «Ат, аттан соң жат», «Айгыры ала болсо, кулуну кула болот», «Кулун сындуу ат, бала жыттуу кыз болсо», «Карып калган катындан эрөөлгө чыгар эр туубас, карып калган бээден кайкуулга минер ат туу-бас», «Киши аты терчил, киши кийими кирчил», «Ат ээси менен, баш мээси менен», «Эр жигит бирде мырза, бирде кул, күлүк ат чапса күлүк, сатса пул, ат сүрүнбөй жер таанубайт, эр сүрүнбөй ал таанубайт», «Атка бербес кунан бар, кызга бербес жубан бар», «Жакшы ат бир камчы, жаман атка миң камчы», «Атың барда жер таану, атаң барда эл таану», «Акыр заман — аттан ажыраган жерде», «Ат адамдын канаты», «Таяк тайга жеткирет, таба атка жеткирет», «Ат — муратка жеткирет», «Ат башына күн тууса, оозбук менен суу ичет, эр башына күн тууса, өтүгү менен суу кечет», «Айгырды кандай салсаң, айгырды ошондой минерсиң», «Ат баспайм деген жерин үч басат», «Жата берсе ат арыйт, жүрө берсе жол арбыйт», «Аты жоктун буту жок», «Элин сагынбас эр болбос, үйүрүн сагынбас ат болбос», «Ат сыйлаган жөө баспас, эр сыйлаган эшикте калбас», «Адам сүйлөшкөнчө, айбан кишинешкенче», «Жакшы аттын жалын сакта, жакшы эрдин кадырын сакта», «Байге аты каралаш, азууларын аркайткан ат башына күн тубар, муруттарын шыйпайткан эр башына күн тубар», «Атты арыганда көр, эрди карыганда көр».

Кыргыздар жакшы атынын башын бийик жыгач-тын башына илген: Сынчылар кишини жана атты гана сынап, башка малды сынабаган. Күлүк, чобур болорун кулун жана тай, кезинде сынап билген.

Үйдө олтуруп тыштагы аттын баскан дабышынан күлүк болорун билген. Жоокерчиликте жалгыз жанын атына тапшырган. Кээ бир ат ээси уктап калса, суук кишинин элесин алса, ээсин чапчып, же тиштеп ойгот-кон. Аттын жашы жана кары бээден туулгандыгын билген. Байгеге чапканда аттын чыгарын, байгеге илинерин жана каларын билген. Көбүнчө бугу кыргызынан Найман, Жаныбек дегендер атка биринчи сынчы болуп, күлүктү 18 түргө, бүркүттү 65 түргө бөлгөн. Чакчы дегендер аттын канчалык жерге жүгүрөрүң билген. Сынчы күлүк, жаки чобур болорун билген. Күлүк аттын бир түрлүү сыны: 1. Саадактап саны салынган, илбирстей ичи тартылган, бөрү кулак, бөкөн сан, бууданга чалыш ат экен. Кулун сындуу куран сан, кулжа моюн төгөрөк, куланга чалыш ат экен. Кашка тиши кадоодой, кара тили бүлөөдөй, телегейи тегиз тарамыш, кара кушу калкандай, жазы жаак, кең маңдай жото жилик жонгондой, жонуна жатып конгондой, балык эти баладай, туяктары чарадай. Кар жилиги кадоодой, музга тууп, ташта өскөн тоо кайып-тан жалгашкан, кыска бакай, тик далы. 2. Эшек туяк, элик баш, эңчер бойлуу, жагак төш. Кара саны түрүлгөн, ээрди шалпык, бото көз, чымыр туяк, үкү аяк, өйдө-ылдыйды ылгагыс. Тайган иттей кыржыктап, бүткөн бою тарамыш, Көмкөргөндөй карчыты, жуп-жумуру моюну түз. Балык эти балкылдап, боору сырты теп-тегиз. Арпа сыйбас азуусу коюлданган кашка тиш. Энөө жерде эликтей, өргө чапса учкан куш. Тарт-кан жаадай зыркырап, дайра көчсө кебелгис. Уюл-уюл капкан бел, төө толорсук, тайган төш. Каман жаак, алма аш, үлбүр сагак, үч чоку. Туу чокуда кулагы, уй куймулчак, тик жамбаш. Чакмак эти түрүлгөн, кара эти жок кагелес. Чымыр туяк, тик бакай, айчылыкка арыгыс, күндөп-түндөп жүрсө да чарчабаган талыгып. Шымаланган эликтей, кулун куйрук болсо туш, тал-тал көкүл сыйда жал, таап алган армансыз. 3. Октолуп ок жылаандай жумуруланып ээлигип, кыйгач карап кужурланып, элирип чымын учса көктү карап, көрүнүп учар куштай оюн салып, чуу чыкса хамырабай моюн созуп, чү десе учкан куштай канат сызып, айкырып алды-арты дүбүр болсо, козголбос турганынан жүрөк сезип. Чолпондой көзү жайнап, ичке сагак, сүмбөдөй тулку бою сырттан жарап, оозун керип, көп эстеп, улутунуп, ойноктоп, жерди чапчып, асман карап. Муз бөйрөк, бели кыска, бирдей сүбөө түпөктөй туу куйругу, өркөч бийик. Тең келбес кайберендер кулан-кийик, кайрылып эки азуу көмөкөйгө. Көрүнүп копшогондой жото жилик, узун жан-баш, кең соору, алчак басык. Кылыксыз бөрү желиш, алчак басык, тарамыш тула бою сын сөөктү. Тайган төш, камыш кулак, боору жарык, жүгүрсө закым болуп көзгө илинбей.

Тоолуу жерде тайгылбай, сууга бирдей, жылкынын кымыз, этинен дагы минген күчүнө карап, аттын урматы үчүн башка малдан артыкча багып, жылкычылар дайындап, жанында ал жылкычылар илгерки заманда кыргыздын жоого аттанган азаматтарынын артынан такоол болгон аскеринен саналган.

Ат тапоо эки түрдүү болуп, ыраңга семирген атты таптап байлоо жана колго семирген атты кайта таптоо. Ыраңга семирген атты таптоо экинчисине караганда өтө кыйын болгон. Илгерки заманда чапкан атка жем бербестен, боз от, бетеге оттотуп, кээ чакта бээнин сүтүн берип, мамыга көбүрөөк байлап коюп таптаган: Муну «куу мамы» деген. Атты чабар этине келди деген белгилери бир нече түрлүү болуп, биринчи, тери калбайт, экинчи, май калбайт, үчүнчү, каны толук, арык болсо да эти, сыны, сөөгү семиз аттыкындай болгон. Төртүнчү — сууту абдан кандырылат. Этине абдан келген аттын белгиси өз мүнөзүнө жараша болуп, кээ бири магдырап, кээ бири чакчаңдап турат. Алардын баарында түнкү бил белгиси кандай болсо да, кандай суутса да, канчалык чөпкө тойсо да, таң ашырылган. Чабар күнү суу ичпейт, чапкан аттын жинигип өлмөгү, ачкалык, жаки семиздик, жаки тер калгандыктан болот. Бул үчөө бирден жок болсо да жана ичинде бузугу болбосо, канчалык алыска чапса да майып болбогон. Аттын табы катуу, жумшагы болуп, эгерде семиз болбосо, жаки тер калса да, кыштын күнү чабылган ат майып болбогон, бузулган күлүк атка үч түрлүү даба кылган. Биринчи, арыгынан эрте көктөмгө агытып, семиртүү. Экинчи, кышында карга арыгынан агыта берүү. Үчүнчү, күкүрт, көбүнчө, карандыз берүү. Жанын таштап чуркай турган аттардын соорусу балкылдап. калбастан, жабышып калат. Чоң тер алганда барыш-келиш 25 чакырым болуп, кулактын учунан тер акса, шончолук калын жабууда жүрүп, чуу десе аягы буйдалбастан анда-мында бир тийип, жулунуп

ала качат. Тер алганда ат кандай күүлү болсо, эртеси байгеге ошондой жүгүрөт. Чыгар ат-тын белгиси жүнү типтик болуп, бузугу жок болсо, сийдиги тунук болот. Колго семиртип чабылган атты күзүндө көккө бир байлап, семиртип, кайта кайтарат. Жеми көбүнчө арпа, таруу болуп, эгерде этинген ооп бара жатса буудай берет.

Бүркүт таптоо. «Бүркүт салсаң Алтайдын кызыл түлкүсүн кийерсиң, карчыга салсаң калжа жеп, азга жакын болгондо атынын башын карга жейт» Деген макал бар. Бүркүт чын куранда үйүгүшөт. Бугунун аягына жакын зоого, жаки чөлгө тууйт. Тоңдурма калбайт. Бир-экиден артык туубайт. Кулжада жарат, текеде канат-куйругу чыгат. Июлдун ортосунда учурат. Балапан чагында атасы жемин энесине берип, аны энеси баласына берет. Бирок, өзү уясына жакын барбастан, обочо олтурат. Жемди дайым энеси берет, баласы учарда атасы жакын келет. Жаңыдан учурганда жакын жерге ары-бери учуруп жүрүп, аз-аздан алыстатып учуруп жүрүп көндүрөт. Илбесинди, тамакты ата-энеси алып берип үйрөтөт. Ноябрге жете уясы-нан көп алыстабайт.

Бүркүттүн жашы: бир жаштагы бала, экинчи — бозум, үчүнчү — таш төлөк, төртүнчү — кум төлөк, бешинчи — барчын дейт. Колдогусу 40-45 жашка, жапайысы 100гө чыгат. Сыны: кырааны-канаты сары, жүнү тегерек, буту ич жагына ийри, көзү ак, канатынын мөрүсү калың, буту ичке, балтырына тутам батпайт. Буту көк, тумшугу көк, көзү чуңкул, ургаачысынын айырмасы билинбейт. Чөл бүркүт ачка болсо жаш баланы эңип кетип жей берет! Бүркүт уядан алынып, андан шаңшычаак көп чыгат. Торго түшкөнү шаңшыбайт.

Бүркүт арык, жаки канат-куйругу сынган болсо ал кыраандык белгиси. Мындай бүркүттү он чакты бүркүт ээрчип алып, анын алганын жешет. Кол бала менен торго түшкөн бүркүттүн табы бир болот. Уя бала бүркүт ачка болгондо ээсин алып жейт. Жалтанбаган, коркпогон баатыр бүркүт көбүнчө уя баладан (кол бала) чыгат. Кара түлкүнү бала бүркүт алат. Тор бүркүтү кайпактап чыга берет.

*Табы:* бүркүттү эт менен он күндө семиртип, кайтарганда этти жууп, ак жем кылып берип, өпкө берип, коё берип (кыл) балтыр эти балкылдаганда он беш күндө салууга болот. Ысык жерге койбостон, салкында асырайт. Чыргаа менен үндөккө келтирет.

*Түлөтүү:* абдан арыктатып, жилигин үзүүгө жакындатып, кайтадан жакшы семиртkенде таза түлөйт. Кыраан-эмес, байлооч жаман бүркүт болсо да түн ичин-де жанына карышкыр жолобостон качат. Эч убакта бүркүттү томогосуз койбойт. Илбесин аңды 8-9 чакырым жерден көрүп, бүркүт кагынат, бутуна дулай чыгат. Маңка-болот. Айыкканы аз болот. Сезгенген дартка бүркүттүн өтүн ичет. Бүркүт каман, кулжа, аркар, эчки-теке, элик, жээрен, карышкыр, сүлөөсүн, түлкү алат. Кыргыз бүткүл жан-жаныбарда бүркүттөн баатыры жок деп билет. Бүркүткө кыргыз ичинде көбүнчө бугу уругу тапкөй болот. Бүркүттүн экинчи түрлүү сыны: көзү чоң, жүндүү, өзү да чоң, ийиндүү, көкүрөгү кең, мойну сары, жүнүнө кыроо турбайт. Куйругу узун, жүнү шоодурак, аркасында ак жүнү болот. Жемсөөдө он чакты кызыл жүнү болот. Көзү кызгылтым, кабагы бийик, көзүнүн чарасы кең, көзү кызыл, куму кайнап турат, шыйрагы ичке, саны жоон, шыйрак жүнү кызыл, көзүнүн ичинен буу чыгып турат. Көк тумшук, көк аяк, тумшугу узун, кечкил, төш сөөгү миздүү жана кырдуу болот. Жемсөө чуңкур, беш салаа батарлык кең жогдору болуп, жүнүнүн учу ичке болсо, кыраан карышкыр алуучулар ушул. Учуп бара жат-канда бүркүттүн кыраан, жаки жаман экенин билген бугуларда сынчылар болгон.

Чөл бүркүт (айтылуу чөл) эки мүрүсү калың, жүнү көбүнчө саргыч, сырткы жүнү терек жалбырак, көзү чекир, буту көк, шадылуу, көкүрөгү жагдайыңкы, көкүрөгү жоон, көчүгү шыймыгый, тумшугу көк, тырмагы узун болот. Уя бала болсо, бүркүттүн жалкысынан жаман көп чыгат, Кандай гана болбосун жогдорлуу бүркүт кыраан болот. Жогдордун учу ичке, андан аркысы учу жазы болсо кыраан ушул. Кыргыздын билген атактуу бүркүттөрү: 1. Индистандын көк аяк. 2. Оролмо тоонун ак ийин (кулун менен тай алат). Иленин чөлү (карышкыр, кийик алат). 4. Алайдын ак көзү (не түрлүү кыраан чыгат). 5. Аркалыктын бүркүтү. .

Бүркүттүн саны 65ке айрылып, анын ичинде кыраандары 19 урукка бөлүнөт: 1. Будайык. 2.

Алпкаракуш. 3. Муз мурут, керген бүркүттө баш кыраан. 4. Кара жүндүү кабырык. 5! Чөл. 6. Чөгөөл. 7. Карала. 8. Кап-кара. 9. Кара көө. 10. Куу кашка. 11. Коңур чегир. 12. Шашкалаң сары. 13. Үч ала. 14. Иби кыз. 15. Куу чегир. 16. Бай кашка. 17. Бай коңур. 18. Баатыр кашка. 19. Чокунун карасы.

Түлөк бүркүттү 40-45 күндө салууга болот. Таптаганда ар үчүнчү күндө эртең менен жаш этти сууга салып, кирин кетирип, катуу кылбай жумшатып берет (муну ак жем дейт). Жылкы, кой, коён, кекилик — бул төртөөнөн башка эт берилбейт. Жылкы эти өтө пайдалуу болот. Бүркүт ооруп калса жылкынын жаш этин берет. Бүркүт семизирээк болсо, көп оорубайт Жана алуу дагы жакшы болот. Чакмак уруш ошолордо болот. Уй эти жакса да, көңүлүн карартат. Бүткүл кыргыздагы бүркүт тууралу хикаяны жазып олтурса нечен китеп болот. Бүркүт тууралу сүйлөгөндө жоодо баатыр кандай баатырлык кылса, бүркүттү ушул даражада көрсөтүп, анын эрдигинен толук маалымат берет. Ошолордун мисалга төмөндө бир нечесин көрсөтөмүн: 1. Кокондуктун заманында бугу кыргызы Шапак уругунан Томонун, Сары эжи деген кыраан бүркүттү болгон. 2. Тынай кыргызынан Жумаш уулу уругунан Кулукенин атасы Он Бир жылганын оюнан бүркүтү талпынганда коё берсе, Кегетинин коосуна келип конуп калган. Чугоюп келсе, Кегетинин коосунун ичинде эки күчүгү менен бир жолборс жатыптыр. Жардын кашатында олтурган бүркүтүн чырга тартып кондуруп ала кайта жөнөгөн. 3. Карган чалдын жалгыз баласы өлгөндөн соң, кайгыдан үйдөн чыкпай калганда курдаштары көңүлүн ачмак үчүн бүркүт салганы келе жатса, эки бүркүт бир качырган бүркүттү жибербестен, улам жолдон эңип алып турган. Экинчи-де качырганда ал качырган бүркүт чыкпай калып, артынан бара жаткан бүркүттүн бири шаңшып, кайта асманга атып чыгып ташка тийип өлгөндө, экинчиси качырып кирип, найза бою таштап көтөрүп жиберип, шаңшыган боюнча башка жакка сызып жөнөгөн. Булар барып караса, мурункусу баласы тиги экөөнүн бири энеси, бири атасы. Каман тура албай жатканда тигилер өлтүргөн. Муну көрүп турган абышка «канаттуу куш ташка тийип өлгөндө, менин жаным не-дир» деп, өзү бычакка түшүп өлгөн. 4. Кокон заманында Текесте бир жапайы бүркүт бир серпүү менен бээни жарып өлтүргөн. 5. 1840-жыл чамасында саяк кыргызынан Курманкожо уругунан Чычай деген бүр-күтчү үйрү тобу менен карышкыр, эчки, теке, алган. Кара чолок деген бүркүтү болгон., Бир буту жыгачта калып, бир буту карышкыр, теке, куранга кеткен бүр-күт көп болгон. Бүркүт качырып бара жатканда кыска боосу ташка тие түшкөндө жулунуп калып, ага буйдалбастан качырганына таштай болуп тийген бүркүттөр көп болгон. 6. 1867-жылында сарбагышта жантай уругунан Дуулат Смайыл уулунун бүркүтү доңуз алын жүрүп, бир кезде каманга салса, чалып өлтүргөн. 7. Калмак заманында бир жигит качып келе жатса, жолдон бир карышкыр кошулуп, алиги жигит бүгүн болбосо да, эртең мени жебейби деп зарлап олтурганда зуу деп асмандан дабыш чыкканда, карыш-кыр кабакка качып кирген замат артынан чөйчөктөй болгон бирөө кошо кирген. Чуркап барса карышкырды бир буту менен боордон алып, бир буту менен оозунан капшыра чеңгелдеп көзүн чукуп жеп жаткан экен. Жигит карышкырды жара тартып өлтүрүп, жүрөгүн, боорун, тилиги бүркөткө беремин деп алып, бүркүтүн көтөрүп жөнөгөн. Бүркүттүн бутунда кыска боосу, мойнунда шурусу, билегинде күмүш билериги бар экен. 6-7 күндөн соң эл караанын көрүп, достошуп кое берген.

Сарколдо аюу алган, Шаярда бугу алган бүркүттүн анык барлыгын 1916-жылында уктум. Турпанда жапайы бүркүт теке алганын көргөн кишилерге оозмо-ооз сүйлөштүм. Байза бүркүткө жейрен алдырыш жалпысынан ырас. Бөлөкбай уругунан. 1961-жылы 88 жашында өлгөн Тугулчу уулу Жунуш 1854-жылы чамасында агасы Өтөгөн экөө Көк уянын Жаңгызы деген бүркүткө жана да бир бүркүткө бир жылда 300- дөн ашык түлкү алдырып, ногой кербенине бир жүздөн аша кысыр калды койго саткан. 7-8 жылдан соң эликтин текесине салып, бир буту эликтин башында, бир буту шилисинде калып өлгөн. 1928-жылы Нарынга караган Ажы районунда таштоокум Султанаалы дегендин уя бала бүркүтү Төлөктүн кара жонунан бир кулжа алган. Бүркүт салыш көбүнчө бай-манаптын кесиби болсо да, жан сактоо үчүн кедей чарбадан салганы көп болгон.

Тайган. Тайган тууралу илгертен калган лакап-макал:

Ит кырааны тайгандар, тайганды таптап салгандыр, тамактанып тойгондур. Табам десең тайган тап,

жакшы таптап, жакшы бак. Табын билсең. тайгандын, табылганы таалай бак. Туйгунду кутпөй тайган күт, тайганды багып тойгун журт. Туйгунду салбай, тай-тан сал, тайганды салган тапкан мал.

Тайган каман, илбирс, бугу, марал, аркар кулжа, эчки-теке, карышкырды тобу менен алган. Тайгандын кыраандыгы жогоруда айтылган. Аңдардын кайсынысы болсо да бир тиштөө менен ооз омурткасын былчырата тиштеген. Бир серпип өтүү менен толорсугун сууруп таштаган. Жаки жото жилигин бычырата тиштеген. Алгыр тайганы бар айылга түн ичинде эч убакта карышкыр келбейт. Кыргыз күлүк ат, бүркүт, шумкарды кандай көрсө, тайганды да ошондой ардактайт. Тайган салышка кыргыз өтө уста болуп, аны көбүнчө кедей чарбасы салган. Тайгандын эрлиги тууралу илгертен айтылып келе жаткан эски сөз бүркүттүн икаясынан аз эмес. Мисалга, алардан аз маалымат берейин: Атбашы, Нарында бир мергенчи тайганын алып, аң уулап чыкканда, бир аюу капылеттен качырып чыгып, шашкан мергенчи ата албай калып, аюу кол салаарда тайганы бурдап кеткен. Жана кол салууга жакын калганда дагы бурдап кеткен. Мерген мылтыгына ок коюп атып жибергенде, аюу чалкасы-нан кеткен.

Жолборско кол салган тайгандар болгон. Мисалы, кабарда 1840—50-жылдарда бугу кыргызынан Балбай Эшкожо уулунун бир жылда жүздөп бугу-марал, аркар-кулжа, эчки-теке алган Актаман деген тайганы жолборс алган. Тайгандын анык кыраанын кумайык
деп кыргыздын билишинче аны көк жору тууп, туугандан үч күнгө жете киши көрсө кумайык (тайган) болуп, андан өтсө жорунун. балапаны болот. Таза тайганды тайганга, жаки түркөй иттин жакшысына салыштырганда башка дөбөткө буздурбас үчүн чагыша замат муздак сууга салын алат. Күчүк чагынан сөөк бербейт, чийки эт бербейт, итке талатпастан, эр жүрөк кылып асырайт. Кыран болор тайгандын сыны: 1. Кабагы тик болот. 2. Тумшугу ичке, узун болот. 3. Көзү кыпкызыл. 4. Сырты октой жүз. 5. Мойну жумуру. 6. Оозу өтө чоң. 7. Бели кыска. 8. Эки жанбаштын кошкону эни төрт эли, жаки андан да кең. 9. Толорсугу тик. 10. Беш манжа-таманы кууш, кичине. 11. Туу куйругунун түбү жоон болот. Таза семиргенде кайта конок көжө берип байлап, салар чакта шорбакта берет. 1770—80-жылдарда солто уругунан Жамансарт Кошой уулу Какбаш деген тайган менен 300 чамалуу чөөгө кезигип, 91ин атып өлтүрүп, 90 чөөнү тайган өлтүргөн соң качкан.

Куш, чүйлү, тынар таптап салуу. Аялы куш, эркеги чүйлүү болуп, туйгун түш, чүйлү, тынар кыргый бир уруктан сыналат. Булардын ичинде туйгундан соң, балким туйгунчалык кыраан тынар (кара кашка тынар) атагын алып, өтө кыраан болот. Булар башкалардай эмес, келгин куштан саналып, мында кыштап калганы болсо, аны «кыштоочу» дейт. Уяда аз гана кармап, көбүнчө торго кармайт. Кушта атактуу кыраанын «Туурук таман, түз көз дейт». Куш салуу көбүнчө бай-манаптын-кесиби болсо да, илгери ачарчылыкта бир чүйлү салып, 7 үйлүү кишини Жумгалдын аягы Карачылуу Кармен түз деген жерде сарбагыш кыргызынан Тынай Түлкү уулу асырап чыккан.

Куштун кырааны тоодон каз, куу алат. Түлөк куш кыйды, акылдуу болот. Куштун жашы 7-8дөн өтпөстөн өмүрү кыска болот. Кушту буктурмага үйрөтүп салганы көп болгон. Кандай куш болсо да, кекилик, чил, кыргоолду ала берет. Кушту алтыдан он эки күнгө чейин таптап салууга мүмкүн, жемине жылкы, кой этин жана алдырган илбесиндин этин берет. Муздак бербестен, бүткүл жемин жылуу берет. Куш артыкча учкул болуп, ушул куш көбүнчө тегеректен чыгат. Куштун кырааны сындуу, мүрүсү калың жүндүү, барак төштүү болуп, тик олтурат, Башка кыргыздан куш салууга солто кыргызы артыкча мүнүшкөр уста болот. Кушка тоодак алдыруу-четтен чыгат. Кыргыздын мүнүшкөрү куйкөгө кекилик, чил, борбашка чымчык алдырат. Бүркүт, ылачын, ителги шумкарга кушка томого каптабайт. Бул айтылгандар аңды тээп алса, куш чүйлү, туйгун, тынар, кыргый илип алып олтуруп калат. Жаки өлтүрүп кетет. Эгерде ала албаса арты-нан куубайт, тигилер өлгөнчө кууйт.

Ителги шумкарды таптап салуу. Шумкар ителгиден таралып, канаттуу бүркүттөн соң балким кээ чакта туйгундан дагы кыраандыгы арты-лып кетет. Шумкар жөнүндө кыргыз ичинде апыртылган эмес, бир далай чын дастан бар. Маселен, Семетейдин Акшумкар жана башкалар. Шумкар топтуу

тоодак, куу, казды алууга жарайт. Эски сөздө ителги (шумкар) тегирмендин ташын сындыра тээптир дейт. Аныгында кыраан шумкар бүркүттү жыга тебет. Түлкү алганы болот. Коёнду тепкенде башы жарылып кетет. Туйгун куш чүйлүк салганда бирди алып гана отуруп калат. Шумкар, ителги, ылачындын кыраан-аары эч убакта азга ыраазы болбойт. Өлтүрө тээп, жүзү болсо да кырып таштайт. Эң соңусунда тепкенин жанына түшүп олтуруп, этинен тоё жеп тим болот. Жапайы ителги, шумкардын кырандарын ээрчип (мен өз көзүм менен көрдүм), тамак жемекке жүргөн ителгилер көп болот. Шумкар алты урукка бөлүнөт. Маселен: 1. Байпактуу шумкар. 2. Күйкө шумкар. 3. Канды бүркөр. 4. Кара шумкар. 5. Ак шумкар. 6. Ителги шумкардын ичинде макталуу кыраанын күйкө шумкар болуп, колго чанда түшөт. Булардын башы сыргак кобулду мурундан саналат. Сөөк сыргак дегени кобулду сыртынан салат. Атактуу кыраан куу шумпай ылачындан чыгат. Балким күйкө шумкардан кыраандыгы артык болсо болор. Тим болбосо тең болот. Ителги менен ылачындын ортосунан бар туулат. Ителги, шумкар, ылачын, баардын насили бир болгон үчүн барысын бир жаздым. Шумкар абдан суук, бийик тоонун башындагы зоолорго тууйт. Бийик зоого туугандыктан уядан баласын алууга өтө кыйын. Арка кыргызында ошондой шумкардын тууй турган атактуу уясы Семетейдин Акшумкарынын Арпадагы уясы. Ал тууралу семетейчилер мындай деп ырдаган:

Арпанын башы жайыктан,

Ак жумуртка туюктан.

Бул уя турган тоону 1920-жылы мен текшерип көрдүм, бирок уяга барбадым. Андай бийик зоо Атбашы, Нарын,. Кочкор, Жумгал, Ысык Кел, Чүй өзөнүндө жок болсо да, андай бийик эмес. Ал жерде уянын барлыгын, жоктугун текшерип сураганымда мындайча жооп берди: Сарбагыш кыргызы чертики уругунан Шопок уулу деген жигит 1886-жылында Кытайга караган чоң-багыш кыргызынан жылкы уурдап келе жатып, таң атарда шашканынан Акшумкардын уясы деген Арпадагы чырмалыштын зоосунун жылга-сын өрдөп барып жатып калат. Үстү жагындагы бийик уядагы уядан Акшумдардын үч-төрт балапанын! көргөн (Шумкардын кыраны уяны бийик, суук зоого салып, карабайыр ителгилер жапыс аскага тууйт).» Бир шумкар кечке чейин ал балапандын уясына он чакты казды бөктөрүп келип таштап кеткен. Ал зоодо уя көп болуп, уялардын түбүнөн коктуда куурап кат-кат болуп чирип үйүлүп жаткан каз, куу, суур жана кичине тоодак, кийиктердин сөөгүн көргөн. Арпаны жердеп жүргөн элдин берген кабарына караганда 1898-жыла кышында саяк кыргызынан Мусакожо Келдибек уулу Арпага сайрандап келип, асмандан-топулдап түшүп турган калың өрдөк, казды терип алган. Жана ал жердеги жылкычылар эки-үч атка сылай жүктөп кеткен. Асманды карап турса, бир куба шумкар (куукумпай, жаки күйкө шумкар болорго керек) бир далай каз менен өрдөктү Арпанын башындагы уяны көздөй тийип кеткен.

1906—1907-жыл чамасында Арпада калың өрдөк асмандан топулдап түшүп, корголоп жатканда бир далайын кармап алган. Булардын жүрөгү кабынан чыгып кеткени болгон. Шумкарды тоодакка, казга салганда кээ чакта ээсине салган жерине олтурат. Кан-чалык алыс учуп кетсе да жана калың илбесин болсо да, аларды ээсинин үстүнө айдап келип кырат.

1850— 1860-жыл чамасында Чоң Keминде мындай окуя болгон: ителгинин уядагы балапанын алууга эки киши келсе (аты жазылган кагазымды жоготтум), эки-үч балапанын бир бүркүт жеп олтурган уяга бир ителги келип, бүркүттү тепкилегенде бүркүт уядан учуп, жакын жердеги ташка конот. Андан ителги тепкилесе бүркүт тоотпой олтура берет. Ителги баркылдап учкан боюнча Кеминдин аягына карай кетет. Тезинен ак ителгини баркылдаган үнү чыкканда бүр-күт шашкансып учуп калат. Ителгиден мурун кичирээк бозу ителги (шумкар болууга керек) бүркүттү бир тээп өткөндө жүнү бурай түшөт. Жаза тээп калса керек. Чакмак уруп атып чыгып, көкөлөй түшүп жана тээп өткөндө бүркүт далдая барып жерге түшүп, канатын чапкылап калган. Эки ителги кайта жөнөп кетип, эки киши барып караса башы талкаланып калыптыр. Ителги шумкардын мындай икаялары көп. Баарын жазып отурса, өзүнчө чоң китеп болот. Ителги, бүркүт, ылачын, шумкар, баарынын табы жакын болгондуктан ажыратып жазууга макул таппадым. Бүткүл канаттууну салууга таптаганда көбүнчө

уйку-суй алып, этине келтирет.

Ителгиге (шумкар, ылачын) томого кийгизет. Куш, чүйлү, туйгун, кырдый, тынар тамакка ысаптуу болуп «ана заңдаганга абдан таза болот. Бир жерине дагы жугузбайт. Ителги (шумкар), бүркүт, ылачын, турумгай, сук жана ачкарак, булганч, кара борчо болот. Таза шумкарлар анчалык болбостон, туйгун катарында болот.

### 1.2.7 КЫРГЫЗДА АШ БЕРҮҮ

(Таштанбектин ашынан башталып 1917-жылга чейин)

Кыргызда аш-той берүү эң эски, байыркы замандан келе жаткан хан-феодал, бек, бай-манап, кедей, жарды-жалчыны эзип, алардан пайдалануу үчүн кураган зулумдук жолунун бири аш жана той берүү болгон. Алардын аш берүү, той берүүдөн көбүнчө максаттары кедей начарларды эзип, андан пайдаланып, канын сормок. Өз атактарын көтөрмөк үчүн элди талап чоң зыян келтирип чыгымдатмак жана башка феодал бай-манапка мактанчылык көрсөтүп, алардан өз даңкын ашырмак. Аш берүү, той берүү асилинде бүткүл хан, падыша, бай-манаптын баштап чыгарган саясаты болуп, анын качан башталганы тарыхтарда белгисиз. Бир гана кабар — тарыхка караганда мындан нечен миң жылдап мурун жер жүзүнүн далайын алган күн чыгыш элинин гунь калкынан Угузхан деген падышанын той бергени көрүнөт. Кыргызда дагы эң байыртан баштап, анын учу жок хан-феодал, манаптарынын эски замандан баштап, 1917-жылга жете аш-той берип, бечараны талкалап эзип, мал-баш чак келбесе, алардын өздөрүн эриксиз байгеге сайгандыгы анык. Эми алардын кайсы заманда жана ким тарабынан аш бергендигинен, той бергендигинен кабар берейин.

Угуз хандын той бергени.

«Уулдарым жана элим менен аман-эсен жүрүп жоо сапарынан кайттым» деп той аспаптарын даярдап, бир сарай салдыртты. Бүткүл жыгачтарынын башына алтын орнотту. Лагыл, жакут, зумрат, фируза жана дуре асыл таштар менен чаптырды. Бул сарайдын артыкча жакшы салынганы үчүн аны сүрөттөп мындай деп ырдады:

Бир үй тикти алтындан ол шаар яр,

Тогуз жүз жылкы, тогуз миң кой өлтүрттү.

Тогузуга арак, токсонуга кымыз толтуртту.

Ким ол үй фалак оюнун кылдыңар,

Булгаарыдан токсон тогуз абиз кылдырды,

Барча нөөкерлерди чакыртып келтиртти

Жогоруда жыл темасында кыргызда тогуздан иш жүргүзүү расим байыркы замандан бери келе жатат деп айтылды. эле. Тогуздан расим болгондугу бул эски калктын дагы көрүндү. Көкөтөйгө аш бергенде анын баш байгесинин эсебин ырчылар мындай деп ырдаган:)

Сан сарыча төө саят,

Калыдан килем жаптырып,

Шурудан буйла тактырып,

Ойроттон тандап он сулуу,

Кызды тандап да саят

Сан кулундуу бээ саят,

Кырк кызыл куйрук нар саят,

Ал байгени аз десе,

Кытайдан тандап кырк сулуу

Кызды тандап да саят.

Байгеге киши сайгандыгы мындан да көрүндү.

Тагайдан баштап, 1834-жылында ашы берилген Таштанбек Атаке уулунун ашына жете эки ортодо аштын кандай бергендиги маалим эмес. Айтылып келе жаткаан кабарда Эсенкул феодалдын ашын берерде жерди казып, чоң үй кылып, асты-үстү тегерегин бышырган кыш менен каптап, шак кайнатып, ичин тол-туруп, күнүнө беш казан шакты үстүнө коюп жаңыртып турасың деп, анын жанына бир үйлүүнү кулун багып туруууга калтырып, балдары жайлоого көчүп кеткен. Жайлоодон түшүп аш бергенде баягы бозодон бир кеседен ичкен киши жыгылып турган дейт. Жалаң бозо даярдаганы мынчалык аракет менен болгонуна караганда ашынын башка чыгымы кембагал-кедейге канчалык чоң зыян келтиргендигинде эч шек жок. Таштанбектин ашында байгеге баланча киши сайылган деп бүгүнгө жете эл оозунда келе жаткан-сөздүн анығы мындайча болгон. Таштанбек Атаке уулу манап кан соргуч зулумдардын бири. Бул 1834-жылында өлгөндө атасы менен бир туугандын баласы Карабектин Кан Жантай (Шабдандын атасы) 40 жашта болуп, бүткүл сарбагыш уругу кыргызда Ормондон соң биринчи феодалдан саналып, зулумдук атагы чыгып калган кезинде баягы хан феодал бий-манаптын кыла келген кесиби үчүн бүткүл өзүнө караган элин бир жерге кондуруп, элден ылоо жыйдырып, кедей-жалчы кулдарга нечен күнү отун ташытып камынып туруп, ашка казак-кыргызды жана Атайкедеги (Ак Бекет) өзүбектин бегин сарбоздор менен конокко чакырган. Кедейлерден жыйдырып канчалык бээ, нече жүздөгөн койлор сойдурган, тарттырган арагы, салдырган бозосу жана жыйдырган кымызында эсеп болбогон. Күрүч менен чайды Кулжадан жүктөтүп алдырып, өрүк, мейизди Анжиандан алдырган. Кыз-келин, катындар үчүн башка тамаша кылдырып, алардын байгеси бир башка болгон. Байгеге малдын үстүнө кошуп, киши; саямын деп Жантай элди чакырып, жантай уругу төрт киши, өсүк төрт киши; таздар төрт киши, молой-чечей төрт киши, асык-моголдор төрт киши, барысы 20 киши болсун, калган кишилерди тынайдын кулдарынан аламын деп, тиги айтылган кишилерден жыйырма кишини четтен кармап алып, кишилер жетпей калганда калың кемегеде эт бышырып жаткан кишилерден он үч кишини (мунун бешөө калмак) айдап барып сайган. Бүткүл байгеге сайылган-65 киши болуп, алардан кайта келип эл болгонунун балдары азыркы Чүй районундагы Атаке кыштагындагы өсүк ичинде чакбөрү Уругуңан актив Кулназар саякка кеткен, Чүй районунда Кашкелең кыштагында таздарда турат. Жолдош-тун бабалары Даакей деген кишинин аты чыгып алып кеткен. Кемин районунда Бейшеке кыштагында өстүк уругунан актив Назаров Дүйшө Таласка кеткен.

Эсенкул феодал 8 катын алып, биринин тукуму Ниязбек феодал (Ормон хандын атасы) Ысык-Көлдө өлгөндө кыштын күнү анын сөөгүн Ормон баштык сегиз уулу сегиз күнү кыдырып, кышында көбү аманат койдуруп, жазында бел ачылганда Күнгөйдөн алып келип, өлүгүн Чоң-Кеминдин талаасы Кашка Жолбалыктынын оюна койгон. Көрүн казганда Ак бекеттен (Атайке) өзүбектин усталарын алдырып, кеңдигин 8 канат үйдөй кылып таманына, тегерегине бышырган кыш каптап коюп, сөөгүн булгаарыга салып, алдына ак кийиз төшөп койгон. Эл жайлоого чыкпастан мурун коргон сала баштап, коргонун төрт бурчтуу кылып бышырган кыштан салдырган. Ар бурчун төрттөн баласы ээлеп (эки катындан 16, бир катындан жалгыз, бардыгы 17 баласы болгон), салдырган коргондун кеңдиги жарым гектар жер болуп, бийиктиги эки жарым кез, эни бир кез болуп, бышырган кыштан салынган. Бүткүл элди жайлоого чыгарбастан, туш-тушка таратып көчүрбөстөн кондуруп, улоо, союш, отун алыш бүткүл кедейдин мойнунда болгон. Хан Ормондун атасы Ниязбектин коргону

салынып, коргон салган үчүн ат чабат экен деп казак, кыргыздын бүткүл бай-манап феодалдары бир нече күнү коноктоп жаткан.

Бүткүл чыгымы кедейдин мойнунда болуп, коргон бүткөндө кубанычына ат чабылган. Аттын сүрөөсүн Чоң Кеминдин тескей жагы Орто Кайыңдынын оозун-дагы Кара Дөбөгө сайып, атты Чоң Кеминдин суусун кечирип, кашка жол ашырып, Кичи Кеминдин суусунун Чүйгө куйган жери Каштек кыштагынын күн батышы Атайке кыштагынын тушу Кара Бүргөндөн коё берген. Чыккан ат Бердикожо деген Ормондун бир тууганы болуп, анын Кулакашка деген жаңыдан бычылган быштысы болгон. Чабылганда кан такымын жууп кетип, башка ат Боролдойго келгенде Кулакашка Үч Уруктун тушуна келген. Башка ат ал жерге келгенде Кулакашка Кашка Жолду жөлөнгөн. Башка ат бул жерге келгенде тигил текиреӊ менен Белге чык-кан. Башка аттар Белге чыкканда Кулакашка сууну кечип кеткен. Сүрөөчү Кашка Жолдун ылдыйында аттын чылбырын ийнине салып алып сүрөгөн. Ниязбектин ашы 1843-жылында берилип, кандайча берилгени маалим эмес. Бирок Ормон хан Коконудун ханынан эт туурай турган кырк бычак берсин деп суратып алган. Чыгып келген ат сарбагыш кыргызынан Төрөгелдинин ак-кызыл аты болуп, байгесинин ичинде 100 жылкысы жаман экен, талатып жиберейин деп Төрөгелди Жан-тайга акыл салганда ал экөөбүздү бирдей Ормон тал-калайт, атамдын байгесин талатты деп, көтүңдү кыс дегенде Төрөгелди туруп кеткен.

1861-жылында Ниязбек феодалдын баласы Ормон хандын иниси Ырыскулбектин Чоконун чоң атасы ашын бергенде кедейлер төрт күн конок алып, чапкан аттын сүрөөсү Кочкордогу кырк чоронун күмбөзү болуп, атты Кескен Ташты бастырып, Топурак Белди ашырып, Көтмалдыдагы Коңур Өлөң, Ала Баштан коё берген. Болжолу 100 чакырым жер. Сүрөөчү Кескен Ташка туруп, чыгып келе жаткан ат жантай ичинде токтоку уругунан Кадырберди Абылмейиз уулунун аты болуп, сүрөөчү жетпей калып, Арзынын Акчийинде ала качып, калың чийдин бетеге, карын да көрбөстөн түйүлгөн. Ат чыгып барганда айылындагы букаранын кызын чыркыратып алып келип берип, атты Кадырбердиден алып калган. Ал кызды Кадырберди алып, андан туулган Кемин районундагы Шахрай колхозунда член, 1934-жылында 57 жашка келген Шермалы Кадырберди уулу.

1868—1870-жылдар арасында Кочкордо манап Төрөгелди Абайылда уулунун ашы болуп, Үмөталы Ормон уулунун аты чыкканда арадан атын кошуп, менин атым чыкты кылып, абыла уругунан манап Боронбай Рай уулу тартып алган. Тартып алган себеби Боронбай Рай уулу Үмөталы Ормон уулунун айылында жүрүп, бир тентектик кылганда Үмөталы Боронбайды катуу уруп-согуп ызаланганда Боронбай Үмөталыдан көчүп, Шабдан Жантай уулуна барып кошулган. Ушул Төрөгелдинин Чоткара деген баласынын ашын бер-генде сүрөөнү Соң Көлдүн чатындагы суунун сол жагы кылып, атты Көлдүн башын имерилтип, Көлдүн аягындагы эл турган суунун оң жагынан кое берген. Болжолу 80 чакырым жер.

1883—1884-жылдарда Ысык-Көл боюнда Байсоорунда (Сазоновка) да көлдөгү саяк манабы жана бай Ырысмендинин ашы берилген. Келген конок үчүн кедейден 800 үй тигилген. Атты айдоого жакын калган-да бугу кыргызынын манабы жана чоң байы Абылайдын кичи катынынын баласы Жаныбек сынчы солто феодалы, манабы Байтик Канаевдин Керкашкасын көрүп сынап туруп айтканы: «Бул атты чаптырбагыла, тулпардын туулган жеринде туулган экен. Бир суутусу калыптыр. Калса дагы тулпардагы менен чыгат. Эгерде бул ат чабылбаса, менин эки атым удаа келет эле. Жер ортосуна жете солто Сулаймандын алып келген Сергей деген күлүк аты келет. Анан калып калат. Аны Керкашка басып өтүп, байгеден чыгат. Дагы баш байге алат», — деген. Айтканындай Сергей орто жолго жете чыгып келип, андан Байтиктин Керкашка өтүп, байгеге чыгып барган. Жаныбектин эки аты анын артынан экинчи, үчүнчү байгеге келген.

Ошол жылдарда казактан бир чоң ат чабыш болуп, сүрөөчүгө элди айырып жатканда сүрөөчүлөргө Жаныбек мындай деген: «Бул ат чоң күлүк, бирок байтал бээнин баласы болгондуктан энеден түшө замат энеси сүткө көп тойгузбай калып, сүт ордуна бетеге жер өстү эле. Эми жолдон чыгарбай, жолдун таманы менен сүрбөгүлө. Кокустан жолдон чыгара сүрөсөңөр бетегенин жыты мурдуна келе

түшүп, аны жеймин деп чылбырга сүйөнүп, кажагайлап, чуркашын кемитер. Силер болбостон күч менен сүрөгөндө жата калып бетегеден жемекке аракеттенип калганда башка озуп кетер. Ошого этият болгула», — дегенде Солтонкул деген агасы: «Ушундай дагы жарабаган сөз болобу», — деп бастырып кетип, Жадыбектин калпы-чынын кармайм деп сүрөөчүнүн аягына келип турганда баякы Жаныбектин аты чыгып келген жолдон чыгара сүрөөткөндө ат кажагайлап жата калмакчы болуп, башка ат чыга турган болгондо атты жолго салганда баштагыдай чуркап, байгеге чыгып барган.

Ошондон бир-эки жыл мурун, жаки ушул жылдар-да жайлоодо бугу феодалы Мураталынын ашы болуп, сүрөө Каркыранын тоосу болуп, атты Түптүн Көлгө куйган чарынан коё берген. Саяк кыргызынан чиркей уругунан Кенжебайдын Арчатору деген аты чыгып, бирдин соңу Чыныбай Тилекмат уулунун күлүк жээрде аты келген. Казак, кыргыздан киши көп болуп, төрт күнү кедейлер конок күткөн. Байгесинин башы бечарадан чогулган 1000 жылкы болуп, 100 жылкы-сын Кенжебай өзү алып калып, 900 жылкыны бугу менен саякка таратып берген. Ат чаппастан мурунку күнү аттардын баарысынан тер алып жатканда Кенжебай сынап жүрүп, өз атынын чыгарын, Чыныбайдын аты экинчи болорун билген. Эгерде андай болбосо казак менен солто, сарбагыш кыргыздарынан барган кооптуу күлүк аттарды чаптырбаска бүткүл саяк менен бугунун манаптары жана байлары кеңешин токтотушкан.

Ушул жылдарда бугу кыргызы Алдаяр уругунан атактуу Мойут сынчы Ысык Көлдүн башы Кызыл Кыянын суусунда аттарын чалдырып олтуруп, жол боюнан жаңыдан чычкан бир аттын тезегин көрүп, бул ылдый киши өткөн жок, биздин алдыбызда болорго керек, бул тезек тулпардын тезеги экен деп, токтоо-суз атына мине сала сууну өрдөп жөнөшкөн. Суу бойлоп чаап жүрүп олтуруп, атты табалбай, ушул жол менен жүрүп бара жаткан киши, жаки суу бойлоп бара жаткан жылкы учурадыбы дегенде бир киши «эшек айдаган бир топ сарт ичинде бир көк ала ат мингени бар, Каркыраны бет алып кетти», — деген. Мойут артынан кууп барып, Жаркентке жакын калганда же-тип, көк ала аттын күлүк экендигин билип, минген семиз өзүнүн тору жоргосуна башка дагы мал кошуп берип алып кайткан, дегениндей көк ала ат күлүк чыккан.

Эскиче 5-мартта 1886-жылында солто феодалы Байтик Канай өлүп, ушул жылы сентябрь айынын башында бүткүл солто кыргызынан бай-манаптарын чакырып, үч бээ, кырк чамалуу кой союп, Байсал де-ген баласы атты кандай чабабыз, ашты кандай бере-биз, Байтиктен көбүрөөк насия калды, анда аш берүү аркасында кутулбасам болбойт деп бир айдан соң аш берүүгө кеңеш кылып тараган. Ушул кечинде түн катырып киши чаптырып, Суусамыр жайлоосуна коё берген айтылуу күлүк Керкашканы алып келүүгө буюрган. Экинчи жигитти бөлөкбай уругу Шергазы саяпкерди алып келгин деген. Эки жигит түн боюнча жүрүп, эртесинде атты дагы, Шергазыны дагы алып келгенде ат чөйчөгү ала семиртет экен. Аны көрүп туруп Шергазыга мындай деген: «Баатырга (Байтикке) аш бермек болдум, бир айда ат чабылат, айбан да болсо атам менен арбагы бирге чыккан мал эле. Байлап чаап, баш байгесин алып бересиң, эгерде бир айда кадимкидей чабар этине келтирбесең башың кул, малың талоон болот», — деп бир атты кошо берип, Керкашка атты Шергазы менен жөнөткөн.

Шергазы үйүнө келип бир күндө экиден тер алып таптоого кирген. Бир айга жакын калганда үйгө деп Бишкек шаарынын күн батышы кара жолдун алды, Ак Чийдин күн чыгышына 3 миң түтүн, ашканага деп 2 миң түтүн тиктирип, дарга ойной турган өзбектен, Ферганадан даргачы алдырып, дар орнотуп жана бүткүл Бишкектеги самоорчуну көчүрүп барып орноткон. Олуя Ата менен Алма Атадагы казак текши чакырылып, Аркадагы бүткүл кыргыз кел-ген. Үч күн конок алган. Чыгым бербеймин, конок албаймын, жаки жайлоо отун бербеймин деген кедейлер болсо алардын жалгыз атын жыктырып, аларды келген конокко таратып турган. Эки күндөн соң ат чабылат дегенде Шергазы Керкашканы алып келсин деп Байсал киши жиберип алдырып атты көрсө, чөйчөгү баягыдай эле болуп, бир аз гана жараган экен. Байсал: «Бул ат жарабай калыптыр, аш тараган соң сени менен кебим болсун», — деп басып кеткен. Көрсө Шергазы саяпкер аттан бир күндө эки тер алып кийин кетердин алдында камыштын шабырлуу кара суусуна жана көк бедеге агыта берип, ич майын калтырбастан, сыртына

тарттырып койгон экен. Шергазынын оюңда дагы аттын бир гана кемчилиги калды, Болбосо башка жеринде айып калган жок деп ойлоочу экен. Байсал атты көргөндө Таластан келген Буурул аттуу саяпкер дагы көрүп, кошо барганда ат-тын бир гана жеринде табы калыптыр, аны Шергазы билген эмес, эми менин буурул атым кудай жер казыгынан сактаса чыгат, баш байге меники деген.

Көркашка аттан үмүтүн үзгөн Байсал адейи Таластан чакырып алдырган Буурул аттуу саяпкерди баштагыдан артык ардактап калган. Имиш-имиштер бул саяпкердин Керкашка аттын бир жериндеги айыбы болбосо чыкмак, байге алмак дегенин Шергазы уга сала өзүнүн дагы жалгыз кообу ушул болгон үчүн аны билмекке бир боз бала жигитти жаман кийиндирип, калптан эле сөз укпас каңырыш кулак болгонсуп, буурул аттын ээси жаткан үйгө от жагымыш болуп, Керкашка тууралуу эмне айтса дароо айтып кел деп жумшаган.

Бала жигит келип сөздөрүн укпамыш болуп, ылдый карап үйдөн чыкпай отун жага берген. Үйүндөгү жолдоштору Керкашка аттын айыбы кайсы жерде дегенде Буурул аттын ээси айтпай коюп, эки-үч жандырып, жолдоштору болбостон, өтүнүп сураганда баякы саяпкер: «Эми силер болбодуңар, эртең ат чабылат, жат киши болбосун, үйдүн айланасын карап кел, отун жаккан болсо кулагы каңырыш, дүлөй экен, сөз укпайт», — деп мындай деген: «Кызыталак Шергазы анык саяпкер экен, эч бир саяпкер бир айдын ичинде ыраңга семирген ат түгүл, бедеге байланган атты да тапка келтире албайт. Өңгөсүндө сиркедей айып жок, аттын умасында азоолок май калыптыр. Күлүктүгү менен келип экинчи байгени алат», — дегенде жолдоштору олтуруп, эми муну сиздин билүүңүздө кандайча кылса болот деп сураганда: «Күн чукул калды, эртең ат чабылат, ал майды кетирүүгө 3-4 күн керек», деп сөзүн токтоткондо от жаккан бала отун алып келейин деп эшикке чыга жөнөгөн. Баланы багып турган Шергазы сөз уктуңбу дегенде, бала укканын айт-кан. Шергазы: «Ээ кудай мени урганда ошону байкабай калган экенмин», — деп өз башын өзү муштап, чуркаган бойдон барып, Керкашка аттын умасын кармап көрүп, бычак сыртына жакын май бар экен деп өз сакалын өзү жулуп, өкүрүп олтуруп-тура калып, бир аздан соң Керкашка атты коштоп, Карасууну көздөп жөнөгөн. Бара сала атты жылаңач кылып намаз бешимден намаз куптага чейин Кара-сууга капталына чейин малынтып байлап, коюп, титиреп жыгыларында чыгарып келип, көк бедеден орточо жедирип, катуу тердетип, анан таңаштырып койгон. Эртең менен атты чубатарда: «Шергазы Керкашка атты берсин, сүрөөгө минет», — деп Байсал киши жиберсе: «Аш тараганча ат меники, андан кийин башым кул, малым талоон болорун билемин», — деп атты бербеген.

Чабылган 350 ат болуп, казак атын колуна кылыч алып башка бөлүп, чапырашты казагынан Кудайберген Куттуксейит уулу айдап, кыргыз атын Бөлөкбайдан Айдабоосун менен Үмүкө айдаган. Кыргыз аш берип жатасыңар, балким ат качырасыңар, биз арттан айдайбыз; кыргыз алга түшкүлө дегенде кыргыздар алга түшкөн. Казак аттары бир чакырымча жакын артта бара жатып, жерине жакын калганда Кудай-берген: «Акеңдин оозун урайын жоо кыргыз, мени не кылса кылсын, балдар жолуңар болсун», — деп балдарды коё берип, өзү Чулунун көпүрөсүн көздөп салганда алдында бара жаткан кыргыздар көрүп аттарды коё берип, Айдообосун Кудайбергенди Чулунун көпүрөсүнө жете кубалап барып жетпей калган.

Байгенин башы 100 төө, миң кой болуп, 25 атка байге сайылып, сүрөө Акчий болгон. Аттар орто жолго келгенде Керкашка ат алтымыш аттын артында болгон. Илгери өтүп, камыштуу Карасууну башка аттар кечип өткөндө, Керкашка аттап өткөн. Күзөкөнүн кысыгына келгенде сүрөөгө 7-8 чакырым калганда 21 аттын артында болгон. Сүрөөгө төрт чакырым калганда башка аттардан жарым чакырым чыгып, тилин бир кез салып жиберип, оозунан кан аралаш ак көбүк аккан. Байгеге бир чакырымдан алыс чыгып барып баш байгени алган.

Эр сайышта бугу, саяк, сарбагыш — саяк уругунан Букар менен Малекени салган. Талас кыргызы менен казак бир болуп, эки эр чыгарып, төртөө сайышканда биринчи беттешкенде беттегенин Букар сайып кеткен. Малекенин далысына найза атып алдыра турган болгондо, жаш бала экен деп, эл аяп ажыратып, байгени бөлүп берген. Байтик өлгөндө болсун, аш бергенде болсун, кырк жигитке көк

кийгизип, көк селде ороп коюп өкүрткөн. Ал чакта дайым Турап деген сурнайчы сурнайын тартып туруп өкүрүк басылганда Найманбай ырчы ыр менен көңүл айтып, ал басыла замат кыз-келин кошкон. Конокко келген эл 40 миңден артык киши болгон.

Бугу феодал байларынын тукуму манап, Белектин балдарынан Бирназар анын уулу Алыбай, анын Солтонкул деген баласынын ашын 1889-жылында күзүндө Ысык Көлдөгү Түптүн суусунун бою Кең Суунун талаасында эл эгинин алып болгондо конокко бир миң үй тигип, Алма аты, Жаркент казагын, солто, саяк, сарбагыш, моңолдор, черикти бүт чакырып аш берген. Сүрөөсү Түпкө жакын (Ашташ деген) жер болуп, атты Көкө Кулусунду карай айдап барып, Көлдүн жээгине жакын Сардөбө деген жерден кое берген. 300 ат болуп, Чыныбайдын аргымагы чыгып, байгесинин көбүн кедейден чогулткан 900 жылкы алган. 25 атка байге сайылып, эң арткы атка бир жылкы 10 кой сайган. Эр сайышка бугу-саяктан саяк кыргыз жогоруда айтылган Букардын бир тууганы Тайгашка чыгып, солто менен сарбагыштан кытай уругунан Эгемберди Божокой уулу чыгып, биринчи беттешкенде эки найза тең белинен сынып, экөө бирдей камчылашканда Тайгашка бугуга ыктап бара жатканда эл ажыратып кетип, байгени тең, бөлүп берген. Үч күн конок алып, байгеге сая турган жылкыларды кайтарып турган кыпчак уругу Адык деген кедей болуп, акысына өзүнүн мойнуна түшкөн чыгымынын жартысын токтотуп калган. Ошондо дагы бир кой, бир серке берген. Демек, кедейдин түтүн башына үч койдон берген болот. Отун, улоо, аттын жем-чөбү мындан тышкары. Балбандарын эски адет боюнча төрт күнү буудай майлап берип, кымыз ичирбей суулу тамакты аз берип турган. 1898-жылы күзүндө Чоң Кеминде сентябрь айында Чолпонбай деген байдын ашы берилип, 500 үй үч күн конок алып, түтүнгө бечарадан эки сомдон чыгым алып, 15 атка байге сайып, сүрөөнү Жолулактын Кичи Кемин жаккы оозу кылып, атты Карабүргөн Атейкенин түн жак тушу, Чүй суусунун оң жагына коё берип, Чагатай Күнтууган уулунун Кунантору деген күлүк аты чыгып, 500 сом байгени алган (Мен бул ашта болдум). Ушул жылы күзүндө Ысык-Көлдөгү сакай саягынын манабы жана байы Канкелдинин Айчүрөк деген катынына аш берип, кедейден түтүнгө бир кой алып аш берип, кочкордук сарбагыш манабы Көбөгөн Шыгай уулунун чаар аты чыгып байге алган. Конокко 500 үй тигилген.

1900-жылы октябрь айынын аягында Токмок шаарынын алкымындагы Кызыл Туу деген жерге атактуу манап Соронбай Кудайар уулунун ашы берилип, келген коноктор солто уругу кыргыздар конокту жакшы күтпөдүк деп, айылындагы кедейлерди уруп-согуп, бир далай малын талап алган. Ал кедейлер Токмоктогу приставга арызга барса, Соройбайдын Дүр деген манап баласынын тилин алып, пара жеп, ал бечараларды набактыга камап койгон, Бул ашта мен болдум. 2 миң үй тигилип, 35 миң киши келген.

1901-жылы Ысык Көлдүн Ылаколунда турган саяк манаптарынан Баатыркан бир тууган агасы Байбек дегенге аш берип, төрт күн конок алып, 2 миң үй тигилип, 15 миң киши келген. Бул ашка мен кетип бара жатып Ылаколдо ушул аш берген саяктын айылында бир кедейдикинде кондум., Биз жыйырма чамалуу киши элек. Жарды байкуш конок кыларга эч нерсе табалбай, саан үйүнүн жалгыз музоосун соймокчу болду. Мени ээрчип бара жаткан жолдошторумдун аксакалдары союуга ыктыяр болду. Мен бечаранын жалгыз музоосун сойгондо эмне пайда табабыз, бир күнү жарма ичип жатсак болбойбу, мунун музоосун коё берели дегенде алар макул алышып, коё бер десе, баягы бечара музоону коё бербестен: «Айланайындар, кокустан Баатыркан укса менин жалгыз музоолу сыйырымдан айрып, өзүмдү катын-балдарым менен эки-үч жыл жумушун кылдырат», — деп ыйлап жибергенде биздин жолдошторубуздан бир жигит тура калып музоону колунан алып, бир күнү кара суу ичип жатсак дагы ыраазыбыз, ооруган киши деле суу ичип жатат турбайбы, биз болсок денибиз таза турбайбы деп музоону колунан алып коё бергенде баякы жигит сүйүнгөндөн дагы ыйлап, эки казан нан жаап берип, козу карын май бар экен, ошону менен конок кылды. Кыдык Саке дегендин аты чыкты. Атты 30 чакырым жерден коё берди. Сүрөө Дубананын бели болду. Мен ушул барганымда Марбулактын чалдыбарын текшердим. Бул аштан бир-эки жылдан соң сарбагыш манабынан кырк жигит Бектендин ашы берилип, миң-деген үй тигилип, кедейлерден Тиштек менен Аксакал сайышып, Тиштекти Аксакал сайып өлтүргөн. Кедей-дин өлгөнү иттин өлгөнү деп, бай-манаптар бастырып

кеткен.

1908-жылы Суусамырдагы манап боркемик уругунан Райымбек Калча уулунун ашын Суусамырдын күн батыш Төржайлык деген жерде күздүн күнү берип, аштын чыгымы кедейдин мойнунда болуп эки жактан эки кедей сайышка чыкканда, биринчи сайышта эки найза белинен сының кетип, экинчи сайышканда аксакал Эрназар дегенди сайып өлтүргөн. Анын куну деп бир тогуз мал айып берген. Бай-манап-тары олжо деп талап кеткен. 1910-жылында Жумгал саягынын манабы Түркмөн атасы Зарыпбекке аш берип, атты 50 чакырым жерге айдаган, Төрт ат жинигип өлгөн. Аштын чыгымын кембагал кедейлер тарткан. Чабылган ат бир жүздөн артык болуп, Нарында турган манап Калпа Келдибек уулунун Каракашка аты чыгып, байгесине төө баштаган үч тогуз жана 100 кой алган.

Шабдан Жантаевдин ашы. Шабдан Жантаев 1839-жылында жайында Боомдун капчыгайынын күн батышы Көк Жар деген жерде туулуп, 17 жашка келгенде журт ишине аралашып, илгерки кыргыздын кан соргуч феодалдары катары кырк жигит жыймакчы болуп бир аз жыйып, Узун Агач согушуна аралашып, андан Ташкендеги өзбектин улугунун алдында бир канчалык туруп кайтадан келгенде 1862-жылы орус колонизаторуна ыктыяр болуп табы болгон. Ошондон баштап Николайдын кызматын кылып, 1875— 1876-жылдарда Ферғананы орус колонизатору алганда барып жардам көрсөтүп, ушул үчүн войсковой старшина милисия ченин алган. 1912-жылы 6-апрелде Чоң Кеминде өлгөн. Тогуз катын алып, төрт катынынан беш эркек бала калган. Өлгөндө ар жакка кабар берип, Алматы, Пишпек, Нарын, Караколдон келген кишинин саны миң чамалуу болуп, бүткүл жаназасына киришкени 7 мин кишиче болгон. Кембагал, кедейден жыйналган 350 жылкы, 2500 сом, 9 жакшы ат ээр-токуму, жабдыгы менен 3 атка кошкон бир пабаска араба, 20 ичик, 20 кымкап, 80 бейкасам жана 450 сомдун кездемеси молдого жана элге берилди. 9-апрелде өлүгү коюлуп, келген эл 10—Н-апрелде тарады.

Ошондон баштап кырк ашында дагы бечаралар чоң чыгым болуп турду. Ашка чакырылган эл 7-октябрден келе баштады. Казак, кыргыз, дунган, орус, ногой, уйгур жана бир жүз казак-орус төрөлөрү дагы келип, бүткүл баарынын саны 50 миң чамалуу киши болду. 10-октябрден 15-октябрге чейин тамашасы болуп, биринчисинде кемегеге ат чабылды, анан кунан чабылды. Бурана, шамшы, тынай, атайке жана сарбагыш баары баш болуп, беш болуш элден конокко 1500, ашканага миң түтүн тигилди.

Аш Кичи Кеминдин оозу азыркы Үч Урук кыштагында берилип, тигилген үйлөр Боролдойдун шилесине чейин болду. Сайышка казактан Макыш, кыргыздан Сабыр чыгып, беш-алты сайышып жеңише албады. Экинчи сайышта Аксакал менен Кеминдеги жантай кыргызынан Жусуп чыгып, Жусуп Аксакалды биринчи сайганда аттан кулата сайса да, Аксакалдын найзасы Жусуптун табарсыгына тийип, ошондон эки айдан соң өлдү. Сайышка түшкөн төрт киши төртөө тең кедей, батрак болгон.

Конокко 10 миң кой, 2 миң жылкы союлуп, мындан тышкары кедейдин ар түтүнүнө 15 сомдон чыгым түштү. Чыгым бербейбиз деген кедейди конокко келген уезд пристав каматып турду. Сүрөө Боролдой болуп, атты 14-октябрде айдап барып, Токмоктун тушуна түнөтүп, эртеси 15 числада кое берген. Солто ичинде күнтуу деген элдин чаар аты чыгып, байгесине 5 мин. сом алды. Экинчи ат жумгалдык саяк Бекболот де-гендин Нарынбаш деген кызыл аты болду. 25 атка байге коюлуп, соңгу байге бир ат, 50 сом болду, 11 атка чейин кыргыз аты болуп, 12-ат англис тукуму-нан Жакерия — Ташкенден келе чабылып, ушул болду. 18-ат Акбекеттеги сарайчы орустун аты болду. Калган аттар кыргыз, казактыкы.

Күн абдан ачык, жер чаңдуу болду. Мындан башка мечит-медресеге Токмоктогу кыраатканага жана Шабдандын күмбөзүнө болгон чыгым 10 миң сом чамада болуп, Шабдан өлгөндөн соң аш тараганча эки ортодогу болгон чыгым бүкүлү менен кембагал кедейдин мойнуна түшүп, ыйласа да, сыктаса да, зарласа да бир тыйын калтырбастан берди. Шабдан өлгөндө жана ашын бергенде мен ичинде болдум. Совет өкмөтү курулгандан соң Нарында Касымалы, Чүйдө Дүр, Кетмен Төбөдө Керимбайдын аш бергендери болду. (Соңкусу той берген.)

### 1.2.8 КЫРГЫЗДЫН КУДАЛАШУУ ЖАНА ЭЗЕЛДЕИ БЕРКИ АЯЛ ЖӨНҮНДӨГҮ РАСИМИ

Эң эски замандан кыргыз жоокерчиликте зарылчылыкка ошондой кысымчылык күндөрдө жардамдашкан киши болсо сөөктөшүп, түбөлүктүү жакын бололу дешип, бир-биринин баласы болбосо да ок тиштешип, жаки шилекей алышып, чыпалактын канын сорушуп, жаки чыбык кыркышып, кудалашууга убада кылышкан. Муну «бел куда» атаган. Бала туулганда кудалык үчүн мал берген. Мындай кудалыкта сүттүүдөн сүрөгүмдү, атандан лөгүмдү, туу бээ тукур атымды, ак сарбашыл коюмду аябаймын деген. Эгерде бир жагынын же эки жагында тең, бала болбой калса дос болушуп, акыреттик болушкан. Аны «ант-туу дос», жаки «акыреттик дос» атаган.

Кыз-күйөө 14-15 жашка келгенде күйөө биринчи мертем кайнына барып, айылдан обочо түшүп, жеңе, балдыздары ээрчитип, башка үйгө алып келген. Муну «үй жаны» деп атаган. Кызды аларда коюн союп, өргө көтөрүп, үй тигишкен үчүн мал алган. Аны «өргө көтөрөр» деп дагы атаган. Кыз-күйөө жана чогулган бүткүл келин, кыз, жигиттерди башка дайындалган үйгө орнотуп, жигит-боз бала токмок салып ырдашып, чоң тамашасы болгон үчүн «кыз ойнотор» деп дагы мал алган.

Узатар түнү кыз-күйөөнү жаткырып, эгерде кыз даражасы болбосо, төө баштаган уч тогуз айып алган. Узатаарда жаки кызын албастан, айыбы менен калың малын алган. Кызды узатаарда кызды чүмкөп коюп, катын, кыз-келин, эне жана жакындары ыйлашып узаткан. Аны «кыз уза: туу» деп атаган. Жылкычылык деп жылкычы шыбагасын алган кызды узатпастан, мурунку күнү кыз жакын үйлөрүнө барып коштошкон. Келин кайнатасынын үйүнө барганда отко май салып, үйгө бетин басып жүгүнүп кирген. Анан соң күйөө келип, кайната-сынын эшик-төрүн көрүп кеткен. Аялдын аягы суюк болсо урган, бетин тилген, жайдак атка миңгизген, мурдун кескен, коё берген. Бай-манаптар болсо көбүнчө өлтүргөн, Мындай аялды, жаки ал кесиптеги эркекти тукумуң өспөйт, кем тукум болосуң деген. Тукумун көбөйтмөк үчүн жана саясы жагынан байлар, манаптар тогуз, онго жете катын алган. Аягы суюк аял болсо байлар, манаптар жан жерине чоктун корун салып өлтүргөн, жаки тамеки салып жүргөн, Кээ бир эркектер эгерде алыста жүрүп, түн ичинде айылына жакындаганда бузук эркек жүргөн болсо, кетсин деп дабыш салып келип үйүнө түшкөн. 18-20га чыкканча эркектин жүзүн көрбөдүм деген аялдар көп болгон. Өз аялымдан башка аялдын өмүрүндө этегин ачкан эмесмин деген эркек көп болгон. Эгерде жоокерчиликте жаки кокустан ок жаңылган болсо, ал кишини таза аялдар аттаган, андайды «ок аттоо» деп атаган. Аягы суюк эмес эркек, аялдан отузга жете бала туулганын айтат. Аягы суюк туубас аял болсо, жатыны катып мүйүз болгон үчүн тууту түгөнүп калган деген.

Күйөөсү барып жүргөн кыздын күйөөсү өлсө, кызга кара кийгизип, чачын жайдырып, этин тырматып (көбүнчө бай, манап), «өлүү кыз» кылып берген. Күйөөлөп жүргөндө колуктусу өлүп калса, аны бүткүл нерсесин жыйып, күйөөсүнө берген. Кайындуу же кайынсыз кыз болуп, аны аламын деген жигит болсо, жаки тийемин деп аздаган кыз болсо, эң катуу өлөр шерттин белгиси — жоолукка түйүп бир-бирине ок берген. Муну «ок түйүп берүү» атаган. Бүткүл кыргызда күйөөсү өлүп, аны кошкон кошок да учурайт. Бирок колуктусу өлүп кошкон жок. Жалгыз учураганы күн жүрүш кыргызында кандайча болсо да, 1830— 1840-жылдар чамасында жаңыдан алган Туяна деген колуктусу өлүп, аны күйөөсү кошкон. Мындай деп башталат:

Кара айгыр, найман кыпчак

деп,

Кайтараардан уялам.

Катынын кошуп ыйлайт деп,

Калктан жаман уялам,

Тору айгыр, Найман, кыпчак деп

### 1.2.9 РУМКАН

**Казал**

«Румкан» казалын акын Кыргызстандын түштүгүндөгү Эски-Абачы деген кыштакта мугалим болуп иштеп жүрүп катуу оорудан мерт болгон уулу Румканга арнап чыгарган. Казал кыскартылып жарыяланды.

Румкандын казалын

Уккандарга жазамын.

Жазбаганда кантейин

Өлүм чиркин азабын.

Гүлдөп турган кезинде

Келди өлүм ажалы.

Тагдырында болгон соң,

Табиятта азалы.

Кармаганым колумда

Кагаз, сыя, каламым.

Капалыктан жиберген

Калайыкка саламым.

Ата-эне калбасын

Кайгысына баланын.

Каран түшүп башыма

Эстен танып барактын.

Күйүт түшүп чер болгон

Күйүтүнөн жаранын

Көтөрбөскө айла жок

Табияттын салганын.

Тагдыр жетип күн бүтүп,

Кулунумду жалмаган.

Алыс жерде жалдырап

Айкөлүмдүн өлгөнү.

Өңгө чиркин табылат

Өлгөн кайта келеби

Жаткан жери жай болсун

Жараткандан тилегим.

Жаштай кетти Румкан
Жүткүнгөндө жүрөгүм.
Жөлөгүм, сүйүнүч, кулунум,
Маңдайымда чырагым,
Чынында менин паанайым
Чыр айланган чынарым.
Чырпыгы элен гүлдөгөн
Жетилбестен кыйрадың.
Маңдайыма жанган шам
Панарым эле чырагым,
Чырагымдан ажырап
Чыкпай жаным турамын.
Унутулбайт санатың –
Он эки чалгын канатым
Канатым сынды, кайрылды,
Капилет жатып алыста
Ардагымдан айрылдым.
Кантейин ботом Румкан!
Кабар жетпей буруунтан
Алыс жаткан атаңды
Чукулунан туюнттуң.
Дилгирем тийди куптанда,
Ооруганын укканда
Тарс жарылып жүрөгүм
Дамил алып жатпадым.
Таң атканча саргарып
Чымрым уйку албадым.
Эртеси кыргыз бешимде
Кыраанымкетпей эсимден,
От арабага отурдум
Тез көрсөм деп жүзүңдү.
Чыкканымды билдирип
Дилгирем урдум өзүңө.

Саат үчтөн өткөндө,

Анык кыргыз бешимде,

Эртеси өттүм Ташкенден

Тез жетем деп шашканда

От арабадан түшпөдүм.

Эки күнү, эки түн,

Тоодой кайгы үстүмдө

Телефондон сүйлөштүм,

От арабадан түшкөндө.

Тогуз жарым саатта

Сүлүктүгө кетерде,

> Учуп жеттим балама
> Түн ортосу өткөндө.
> Оорукана үйүнө
> Керебетте жатканда,

Киргенимде тааныды

Көзүнүн жашын имерип,

Акылынан айныды,

Айтар сөзгө тили жок

Ичинен сыздап кайгырды.

Ошондо кетти эсим ооп

Бетинен сүйүп жалындым

Тааныдыңбы балам деп.

Айыгыпсың, Белекти

Айталбай тиктеп турганда

Маңдайдан сылап дагы өптүм,

Талмадай айтар тили жок

Тагдырына мен не эттим?

Атам келди дегенсип

Акылына уютту,

Айтар кепке дарман жок

Анан үздүм үмүттү.

Кайрылбасын билгенде

Тегеренип мен кеттим.

Амалым жок кантейин

Ажал оту күйүттү.

Айтарым айтып коштоштум,

Аталык башта милдетти.

Кааруулашып талашар

Ажалга жок адетте

Карап туруп башында,

Бурулбастан кашында,

Төгүп турдум булактай

Көздөн аккан жашымды.

Башымды салдым койнуна

Жыттап турдум мойнунан.

Бетинен сүйүп турган жан

Кармап турдум колунан.

Жүрөгү бошоп толкундап,

Дем алышы солгундап,

Ажал белги башталды

Тамыры бошоп былкылдап.

Көзүмдүн жашы көл болуп

Күйүп турдум солкулдап.

Таң сөгүлүп атканда

Башы барат шылкылдап.

Уктагандай сүзүлүп

Күн баткандай кылкылдап.

Менин да оозум жап болду

Айталбай «ботом бер кел» деп,

Денеси калды, жан кайда?

Биз токтотор ал кайда?

Амалсыз тарттым жаздыгын

Тирилип кетер күн кайда?

Туруп калдым теңселип

Тосуп ал деп, ал жайда.

Көзүмдүн жашы төгүлдү,
Кабыргам кыйрап сөгүлдү.
Жашымда өлдүм арман деп,
Чырактай көзү жумулду.
Жаным бөлөк болгон соң
Жалдырап турдум ыргалып,
Ичимден сызып муңданып.
Кечээ жүргөн алчактап
Бүгүн жатат Румкан
Кара жерди кучактап.
Боздоп калды атакең,
Көзүнүн жашы мончоктоп,
Румкан деп чакырып,
Айланайын, унчук деп,
Алда нечен бакырып.
Румкан барат үзүлүп
Карай албай кылчактап
Кайрылгыс кылып артына
Ажал алган кучактап.
Баарыдан күйдүк ошого
Ар кимди көрсө урматтап,
Ызаат кылып турчу эле
Жаны калбай ардактап.
Амал жок ажал тагдырга
Ак кепинин жөрмөтүп,
Атыр самын алдырып
Өзүм турдум суу куюп
Тазалатып жуудуруп.
Үч кабат кепин кийгизип,
Баш-аягын буудуруп,
Үстүнө атыр септирип
Наазир дооран өткөрүп,
Эки абыла артынан

Өзүм башын көтөрүп,
Алып кирип кабырга
Койдум дүйнө! Темтеңдеп…
Кайраным, асыл кулунум,
Арманда өлүп кеттиң деп,
Кайнап ичим чок болду
Кырчыныңда өттүн деп.
Мен көмүлүп калбадым
Сен жүрбөдүң кылактап,
Эртели-кеч көрүнүп,
Эл ичинде булактап.
Ажал келсе менчилеп
Кимдер калбай ыйлактап.
Ноябрдын онунда
Эски Абачы кыштакта
Жатып калып жат элде,
Багуусуз калган муздакта.
Эски Абачы кыштагы
Узак болуп ар жакта.
Алыс болуп Сүлүктү
Кабар келбей бер жакка.
Арманда калган Румкан
Кеселденип узакка,
Таяк алып колума
Ак деп тентип кетсемчи!
Эки иниңди ээрчитип
Эл ичинде жүрсөңчү!
Гүл чагыңда сулабай
Жаш күңүңдү көрсөңчү.
Теңтуштарын, көргөндө
Тегеренет жер асман,
Сабакташын. көргөндө
Зар ыйлайт шум жалган.

Жазууларың көргөндө
Жана менде бир арман,
Санаамдан кетпей күнү-түн
Күйүт салдың, Румкан.
Билимимден адаштым
Биле келген мурунтан,
Мындай көйгө кезикти
Карыганда атакең.
Түшүмдө жүрдүм чочулап
Жүрөгүм толкуп чочунуп,
Жашыл ала гүл чакта
Жанга өлүм келбесин,
Эт жүрөгүм ачынып,
Он экинчи Өктөбүр
Өзүм менен Зейнекан
Кең-Булуңга келгенде
Айталбадым ачылып.
Ажал сөзгө кыйбастан
От арабага түшүрүп,
Ошту көздөй узаттым.
Аскерликке карайт деп
Он бешинде ал жактан,
Оштон кеткен Сүлүктү.
Аскерликтен калган сок,
Нечен күнү жүрүптүр,
Эски Абачы кыштакка
Мугалим болуп барыптыр,
Ноябрдын онунда
Ажал оору тийиптир.
Жалпы макулук жаралган,
Жан-жаныбар таралган
Жашка өлүм бербесин,
Жалгыз карап жанында

Атасы боздоп турбасын,
Табият ийип ар качан
Жаш чиркинди жалгасын.
Жүрөгүндө чери бар
Муң басарга ырдасын.
Бирге окуган теңтушум
Кулунумдун курдашы,
Дилгирленген тилектеш
Дили бирге сырдашы,
Эсине алар унутпай
Эртели-кеч жолдошу,
Кадыр көңүл калбаган
Боорлошу, мукдашы.
Калемим тайды колуман
Капалыктан бул башым
Арманда өткөн кулунум
Жаткан жерден жалгасын.
Артыңда калып, күнү-түн
Күйүт менен күнү өткөн,
Калганы жок бул кезде
Каруу кирип эр жеткен.
Жаш кулундай артында
Уланбек менен Темирчең.
Балтыр эти ката элек
Балапандай көгүчкөн.
Күйүт тартты менчелик
Карындашың Зейнекан.
Боорлошун болгон соң,
Эч ким күйбөйт мынчалык.
Капилет жатат Нарында
Жалгыз эжең Токтокан,
Көрбөгөнгө көп болду
Кабар сурап өткөндөн.

Балдарынан ажырап
Аны да өлүм кыйыткан.
Өзөндүү сууга тал бүтөр,
Өлбөгөндөр жан бүтөр,
Артында калган эки иниң.
Эсен болсо эр жетер.
Эр жеткенче эс кетер.
Эскинин бири өстү деп,
Эл ичине кеп элем,
Эзелтеден эч кимге
Зыяны жок жан элем.
Букара камын ойлодум
Башка күнөөм жок эле,
Жаш балдарым багам деп,
Эс-акылың тел эле.
Жетилерде кетилдим
Белден сынып мертиндим.
Өсөр кезде өксүдүм.
Өрт чалып бойду үшкүрдүм.
Көтөргөнчө балдары
Эс алган дүмүн мен элем.
Эс-акылсыз жакыным
Эшикке карап дос кетер,
Калгандарың артында
Эптеп-септеп күн өтөр.
Көңүлүм чөгөт санаадан
Айрылып ардак баламдан,
Жүрөгүм башы тызылдайт
Күйүттөн бүткөн жарадан.
Бүткүл адам баласы
Көргө кирбей калбастыр,
Жаралгандын баарысы
Түбөлүккө турбастыр,

Жазуу калып өзү жок,
Жалгыз ооз сөзү жок,
Сүрөтү турат кашымда
Сымбаты бар өзү жок.
Арманым көп алганга
Шүгүрчүлүк калганга.
Адамзат аманат
Беш күнчүлүк жалганда,
Ар ким кетет арманда
Ажал келип калганда,
Боору бүтүн башы эсен
Болгон эмес адамда.
Уялуу журт уруктан
Узак кетип куюккан,
Айкөлүмдөн айрылып,
Тагдыр мени куруткан.
Румкан учуп кырынан
Келбес жерге кеткени,
Өлгөнүн угуп кыйналган,
Уялаш, теңтуш, боорлош,
Көрбөй калды эн арман.
Качан болсо таш боор
Талкалаган кара жер.
Калык болуп жаралган
Кайгы менен келатып,
Канчалыкты сорсо да
Тоюп койбойт казган көр,
Көрдө жатат көмүлүп
Илгертеден канча эл.
Эл деп жүрүп күнү өткөн
Эзелтеден далай эр.
Кылычынан кан тамган
Далай-далай кыраандар.

Кыйкырыгы көк жарган
Адам жеңгис арстан, шер,
Учурганды куткарбас,
Уя бала ак шумкар.
Кыялымды жалмаган
Ажал өлүм түгөнгүн,
Ажал окко кез келген
Жаштайында нечендер,
Анын бири Румкан
Маңдайында калың шор.
Өлүм деген ар кимде
Амалсыздан кылат кор.
Көп какшанып зарланбай,
Сабырлыкта тура тур.
Алтын айчык белинде
Кемеринен айрыган,
Качан болсо тилегим
Медеринен айрыган.
Алдындагы агасы
Туусунан арыган.
Артындагы паанасы
Инисинен айрыган,
Каракашка тунжуру
Тынарынан айрыган,
Саялаган турагы
Чынарынан айрыган.
Аташканы алганы
Күйөрүнөн айрыган,
Тоодой кубат кылганы
Күдөөрүнөн айрыган.
Алдындагы ай, күнү
Сүйөрүнөн айрыган,
Жыттап моокум канбаган

Жыпарынан айрыган,
Тушундагы туйлаган
Тулпарынан айрыган,
Туурда туруп муңбаган
Шумкарынан айрыган,
Муңканып таңшып сайраган
Булбулунан айрыган,
Сермегенин койбогон
Туйгунунан айрыган,
Барчын бүркүт шаңшыган
Кыраанынан айрыган,
Желгенине жел жетпес
Бурагынан айрыган,
Караңгыда шам алар
Чырагынан айрылган,
Алтын жаа, сыр тебе,
Саадагынан айрыган,
Алдындагы айкөлү
Ардагынан айрыган,
Барбаса базар күнү-түн
Чарбагынан айрыган,
Ажал өлүм зор экен
Азамат мойнун кайрыган.
Анын бири мен болдум
Канатым сынып кайрылган.
Адамзатка айла жок
Карап туруп айрылган.
Карагым, ботом, кулунум,
Кантип табам сендей жаая!
Калайыктан карасам
Сендей эмес бир адам
Кайгы тартып сен үчүн
Качан болсо зарланам.

Маңдайымда панарым
Күйүп турган жанган шам.
Панарымдан айрыган
Тагдыр, сага, тан калам.
Төбөдөгү чолпонум,
Сенсиз бекер бул аалам.
Эки иниң болбосо
Не болмокчу курган жан.
Сени ойдон чыгарбай
Чарк айланып сандалам.
Инилериң ойлонуп
Сабырлыкка кармалам.
Ойлоп-ойлоп эндиреп
Эстен тайып ыргалам.
Аман-эсен жүрөт деп
Ойлогонум ар заман.
Ооруганын. билгенде
Турат белем жан балам.
Өзүң кеттиң, кемидим
Өлбөй туруп көмүлдүм,
Жатып калдын. жайыңа
Жарыгымдан түңүлдүм.
Кара жерди кучактап
Топуракка теңелдим.
Күйүп-бышып күнү-түн
Күйүт басып жеңилдим.
Көрбөй калдын., кулунум,
Киндик кескен жериңди,
Эгиз жаткан эки өзөн
Эки бирдей Keминди,
Агайын, тууган-, боорлош
Ардактаган элиңди.
Айта берсем ар качан

Түгөтпөймүн кебимди.
Түгөнөр кептин түйүнү
Түнөргөн кара өлүмдү.
Туягы бүтүн тулпар жок,
Тумшугу бүтүн шумкар жок.
Жалдыратып айрыган
Өлүм, сенден канкор жок.
Акырындап алдаган
Ажал, сенден анткор жок,
Ажалдан сактап каларга
Ай-ааламда камкор жок,
Кайгы менен күн өткөн
Калайыкта адам жок.
Кайгы-күйүт кетирер
Канча издесе даба жок.
Жетим болуп жер карап
Ардактаган ата жок,
Ата-энеси зар ыйлап,
Алдейлеп багар бото жок.
Кээ бирөөдө ини жок,
Инисиздин күнү жок.
Келбей калбайт адамга
Кайгы деген кызыл чок.
Акырында сулатат
Ай-ааламда ажал ок.
Карап койсом көңүл ток
Балам турса кашымда
Мага негедир кызыл чок.
Кечээ күйгөн чолпонум
Бүгүн минтип колдо жок.
О…Кайран, кайран, кайран жан,
Кайгысы көп ойрон жан!
Капилеттен ажал ок

Ардагымды жалмаган.
Уялуу журт көп элин
Уялашын көрө албай
Өлүп кеттиң кулунум.
Ошончолук көп элден.
Оору болуп жатканда
Атанын арман күнү экен
Ачуулукту билбеген
Телегей тең санаган
Терең эле деңизден,
Агына катуу дайрадан,
Термелбеген кыялы,
Теңтушуң үстүн баалаган,
Теңтуштарын көрсөтпөй
Тегерентти шум жалган.
Кат-кабары жетпестен
Кайгыда кетти Румкан.
Кечээ барып калаадан
Кезигер деп ойлонуп
Курдаштарын карадым.
Басып жүргөн далай жан
Арасынан алардын
Таанывадым бир адам.
Солкулдаган боз бада
Кызыл аскер саналган,
Сомкеси колунда
Созулган кыз, аялдан,
Илим издеп эрте-кеч
Эркек, аял буралган.
Жаны мийзам чыкты деп,
Жалпы адам кубанган.
Күнү-түнү тынбастан
Китептерин караган.

Толуп жатат окуйм деп,

Поронзаны[7] самаган.

Учуп жүрөт зыпылдап

Айрылан абадан.

Машинелер шарактап

Өтүп жатат арадан.

Шайтан арба шакылдап

Жүрүп турат жана да

Табалбадым алардан

Сага теңтуш санаган,

Жыгыла жаздап мең кеттим

Зар какшаган санаадан.

Үшкүрүгүм таш жарып,

Кайта бастым, ой арман.

Сен калбадың тирликте

Мен болбодум садагаң.

Эндекейлик, жалкоолук

Эзил жанга зор келип,

Күч кеткенде билинет, .

Эси жоктук, аңкоолук,

Эңкейип баштан дөөлөтүн.

Дос кеткенде билинет,

Эңкейип чөгүп алын жок

Жаш өткөндө билинет,

Көчкөн конуш кадыры

Ээн талаа, элсиз чөл

Кургак жерде билинет,

Өткөн өмүр кадыры

Өз башында ээлик жок

Карыганда билинет,

Жакшы катын кадыры

Күнүн калып жаманга

[7]Фрунзе

Кор болгондо билинет,

Жакшы аттын кадыры

Ашуу бийик аскар тоо

Агын сууда билинет,

Эр жигиттин кадыры

Эл келсе душман жоо

Кыргын күндө билинет,

Жан чиркиндин кадыры

Дем кысталып жан чыгып

Өлөр кезде билинет.

Ага-ини кадыры

Жатка күнүң кор болуп

Турганыңда билинет,

Мал чиркиндин кадыры

Башка келип жокчулук

Турганыңда билинет,

Замандашың кадыры

Жаныңа келбей жан качып

Жүргөнүңдө билинет,

Токчулуктун кадыры

Ачкалыкта кырылган

Жокчулукта билинет,

Күндүзгүнүн кадыры

Көмүрдөй болуп карарып

Түн болгондо билинет,.

Ата-эне кадыры

Бала күтүп балдары

Чоң болгондо билинет,

Эр кадыры катынга

Кара кийип, кан жутуп,

Тул калганда билинет,

Катыныңдын кадыры

Какшап турган балдарын.

Көргөнүндө билинет,

Өлгөн бала кадыры

Өз теңтушу буралып

Жүргөнүндө билинет.

Ардактаган өмүрүң

Ташып тезден соолгон

Кыял суусу өңдөнөт.

Улам айтсам улам кеп.

Уламалап термелеп

Рамкаңдын кайгысы

Калар эмес түгөнүп.

Карагымды ойлосом

Эстен танам сенделип.

Көз жумулбайт күйүттөн

Тан атканча ирмелип.

Арак чыгам эшикке

Мүдүрүлүп сүйрөлүп.

Ушул алда турганда

Кастарым башта кулунум

Кайрылсачы бир келип.

Кайгы калып учкандай

Кетер элем демдетип.

Канатынан айрылган

Калдым куштай жөргөлөп.

Карагымды санасам

Көзүмдөн жаш шорголоп.

Көңүл келбейт көбүнчө

Жүрөк толкуп ургулап,

Көктөмүндө көтөрүм

Арык-малдай ыргалып

Кайгы капа күйүткө

Үшкүрүккө чырмалып.

Аягыма кан түшүп

Аксай басып тырмалап,

Оозунан алдырган

Бөрү өңдөнүп куру калып.

Жаш жагынан сабырлуу

Коргошундай салмагың.

Айыгып кетем деп туруп

Тиштөөлүү кеткен бармагың.

Илдет жеңип алган соң,

Ичинде кеткен арманың.

Күндөн күнгө төмөндөп

Келалбаган дарманың

Дармансыз болуп жатканда,

Сени издеп барбадым.

Дилгирем тийип чукулдан

Оозумду кармандым.

Бир ооз сөзүн угузбай

Ажалдын катты парманы.

Чарбагымда гүл элең

Күн тийбестен соолудуң.

Гүлгө конгон булбулуң

Күрмөлбөй тилик жоюлдуң.

Санаага келбес Сүлүктү

Сайына ботом коюлдук.

Саргара катып санаадан

Кара көзүм оюлдуң.

Айдын. чалкар көл элен

Күн тийбестен соолудук.

Качан болсо кажыбас

Карагым менин ай-күнүм,

Таанубаган жан элде,

Ажалына оорудук.

Асырап баккан киши жок,

Адам таппай курудуң.

Жалдырап жалгыз жатканда,

Жанында бир дем болбодум.

Арманда кеттиң, дартым зор

Ажал өлүм кылды кор.

Таа атканча кашкайып,

Кайгы манек отурам.

Уктабастан чакчайып,

Койнума жаш толтурам.

Уу ичкендей көрүнөт,

Көргөн күнүм кулунум.

Суу сепкендей көрүнөт

Эми сүргөн өмүрүм.

Бүткөн бойго жайылды

Удай болгон күйүтүн..

Жарадар болдум ок жебей

Жалындаган күйүттөн.

Айрылып сенден айкөлүм

Кесилди чындап үмүтүм.

Өмүр болсо көп жылдык

Өмүр баркын билбеген

Акылсыздык, көпкөндүк.

Өлүп кетсе жашында,

Калганына күйгүлтүк.

Акыры жалпы маклукат,

Ай ааламда адамзат

Жаралган бүткүл жаныбар,

Топуракка айланат.

Айланта согуп табийгат

Денең тозуп бурулат.

Топурак болуп кайтадан

Кара көрдө жуурулат.

Жаркырап жүргөн кайран баш

Жамаачыдай жамалат.

Жүздөн ашып кетсе да
Өлүмгө башың байланат.
Кутуларга дарман жок
Амалсыз кетип зарланат.
Эркинче жүргөн эсил жан
Караңгы көргө кармалат.
Калганы калып кайгыда
Күйүп-бышып сандалат.
Жүзгө чыккан карылар
Өмүр тилеп жалбарат.
Гүлдөп турган чагында
Өлүмгө жашты ким кыят?
Кары өлмөк, жаш өлмөк,
Баркы канча жамагат.
Жаштай өлсө азамат.
Жаштын калса артында
Туюк болуп бир парзант.
Мейли эркек, мейли кыз,
Калганына даремет.
Артында туяк калды деп,
Тилектештер кубанат.
Калбаса туяк артында
Тукумсуз кеткен жалын өрт.
Парзантсыз кетип кулунум
Баарыдан мага тоодой дарт.
Алдымда аскар бел элең
Артымда дайра көл элен
Туш-тушумдан коргогон,
Туу калганым сен элең.
Аскар бел урап түз болду.
Айдың көл куруп тоз болду.
Туу жыгылып колумдан
Эсимден тайып нес болдум.

Эски Абачы кыштагы
Ажалына кез болду.
Таптагы шумкар сен элек,
Тапка кирер дээр элем.
Табын тапса кулунум
Тажабас кыран бири эле,
Кырааным качты кайрылбай
Кармоого келбей дарманым.
Тапка жаңы киргенде
Салалбастан калганым
Эл ичинде жүрбөгөн
Ичиңе кетти арманын..
Өлүм менен кыйыткан
Тагдыр өзүң чеберсиң.
Жалпы жаан ааламды
Өлүм чиркин жеңесиң.
Алпкаракуш бүркүттөй
О, бүткүл жанды эңесиң.
Табияттын эркинде
Дайрага сүзгөн кемесиң.
Кемечелик карк кылып,
Барысын өлүм жеңесиң.
Башымда бөркүм кем четтен
Айчыгы кахар берметтен,
Туулга элең гүлдөткөн,
Калпагымдан айрылдым.
Колумда алмаз болоттон
Кармап кадап орноткон,
Ок өтпөс кылып нылдаткан
Калканымдан айрылдым.
Илим менен таанышкан
Билим менен жанашкан
Акылга жетип даанышман

Дарканымдан айрылдым.
Аркагы чылк жибектен
Эриши була ийриткен
Жоо бетине кийинткен
Олпогумдан айрылдым
Сууган боюм жылыткан
Бүткөн боюм эриткен
Күн тийгендей сүйүнткөн
Чолпонумдан айрылдым.
Жагып койгон чырагым
Жагоосу күмүш тынарым
Саялаган чынарым
Түркөгүмөн айрылдым.
Өбөктөгөн сүйөнчүм
Өдөө ылдыйда таянчым
Үстүмдөгү жамынчым
Өртүгүмдөн айрылдым.
Арманда болуп күн өткөн
Азамат болуп эр жеткен
Кылыгы журтту ийиткен
Тунугумдан айрылдым.
Колдо кубат бойдо күч
Ойдо акыл, мээде эс
Кайда жүрсө тоодой эш
Балдагымдан айрылдым.
Мейли ачка, мейли ток
Көргөнүмдө көңүл жай
Күндө базар, күндө сый
Чарбагымдан айрылдым.
Мейли атчан, жөө жүрсүн
Мейли куурал күн көрсүн
Белектин уулу дедирген
Арбагыңдан айрылдым.

Үй үстүндө чардагым
Үч жүз алтымыш тамырым
Ал, күчүм, дарманым
Ардагымдан айрылдым.
Аскар тоодой медерим
Үзүлбөс үмүт күдөрүм
Ынты-зынты тилегим
Өпкө-колко көөдөнүм
Жүрөгүмдөн айрылдым.
Кулунум ботом Румкан
Курутсаңчы буруңтан.
Өскөн сайын сүйүнтүп,
Өмүр жашын тилеттиң.
Ойлободум өлүмүн,
Илгери үмүт талаптан.
Ойрон ажал таш боор
Жетип калды каяктан,
Ой дүйнө ырайымсыз!
Ботодой мени боздоткон,
Таш сыяктуу кулаган
Асмандаган бийиктен,
Ажал окко кез келген
Болдуң ботом кийиктен.
Ардагым зарлап мен калдым
Акылдан танып күйүттөн,
Кабагым турат алым жок
Кайгы менен куруттук,
Деңиз элен, кулунум
Ылайландың, башынан.
Терең эле тунугум
Омкорулдуң жашыңан.
Ылайланган деңизди
Тундурган заман бар бекен?

Омкорулган теректи
Тургузган заман бар бекен?
Ылайланган деңиз көл
Соолмоюн тунбаган.
Омкорулган бай терек
Орнотсо да турбаган,
Мисалы ошондой ажал ок
Өлгөн кайта келбеген,
Толкутуп жүрөк эт-дене
Эрип кеткен тулку бой.
Ойго келбей эчтеме
Теминдирген тим койбой.
Делбелентип демилге
Эстен чыкпай бүткүл ой
Сызылып муун акыл мээ
Талпынган көңүл токтобой
Эт беттеген демине,
Балкып кеткен бүткөн бой
Кубулуп бети албырып,
Чырак жагып койгондой.
Ажал келсе алат деп,
Ойлобогон өлгөндөй.
Көшүлүп жаны мемиреп
Көкүрөк соо ойгонбой.
Көйкөлүшүп делбиреп
Нурданып толуп чолпондой.
Бузулуп мүнөз деңгиреп
Он эки мүчө козголбой.
Эстен тайып деңгиреп
Талыкшып талма болгондой.
Мейли сулуу, мейли серт,
Окшоп кеткен күн мен ай.
Моюн алышып бууланып

Айкалышып көңүл жай.
Напси жеңип алганда
Көрүнүшкөн айнектей.
Айтып турса тоотпой
Ажырагыс эч кандай
Эркек аял эзелден
Эзилишип ийилген.
Мукабатка мукабат,
Кошулушуп ийилген.
Эриген эки денеден
Бойго бала түйүлгөн.
Тогуз ай, тогуз күндөн соң,
Жерге түшкөн энеден.
Алда канча машакат
Азап тартып туулган.
Туулгандан башталган
Оору өлүм чуулган
Ар кимдики өзүнө
Жаңы тууган бүткүл жан
Ай сыяктуу көзүнө,
Ата-энеге көрүнгөн
Жумшагым деп баласын
Кирпичечен жалынган.
Аппагым деп балапан
Кара карга жардаган.
Асылым деп талашып,
Жылан, чаян чардаган.
Канаттуу куш балдарын
Кыраанымдеп сайраган.
Анын бири айкөлүм
Арманда өткөн кулунум.
Рунсун деп чоң атан
Атынды койгон «Румкан».

Жүрө-жүрө кийинген
Аттыканы Румкан.
Түштүк түпсүз деңизге,
Алдейлеп багып ата-энең
Катарга кошуп киргизген.
Эмгектенип эрте кеч,
Кас-кас кылып тургузган.
Тамтаңдатып жетелеп
Акырындап жүргүзгөн.
Алып чыгып шоокко
Айланасын көргөзгөн.
Эки жашта энекең,
Өлүп жетим калгансың.
Элге жетим атыгып,
Эртели-кеч жүргөнсүң.
Эл Турпанга качканда
Он алтынчы жылында
Мал-мүлкүн чапканда
Өңөрүп жүрдүм баргынча,
Далай белге ашканда
Көтөрүп жүрдүм калаада.
Эл жок, суу жок далаада,
Эл четине жете албай
Конуп калсам арага
Колтугума салчу элем
Коркунчудук заманда
Ак сууга барып кыштадым.
Анда орус кыстады
Кармай турган болгондо
Байды карай качкамын.
Жанарыкты жакалап
Алып жүрдүм аркалап.
Ачкачылыктан, оорудан

Ал жеткенче калкалап.
Качып келдим Кучага,
Куугун жетип күчөдү
Каак орус барганда.
Кармап кетти неченди.
Качтым Куча тоосуна
Каракол кыштак оозуна,
Чечек чыкты чылк болуп
Бүткөн бою жүзүнө,
Тогуз кун, тогуз түн бою
Жамбашым жерге койбостон
Кучактап турдум алдыма
Чырым уйку албастан.
Күндүз-түнү кучактап
Багып турдум талбастан.
Айыкканда чечиндим
Анан уйку болбостон,
Жеңди мени талытып,
Кайта келдим көтөрүп,
Орусия элине,
Киндик кесип кир жууган
Ата-баба жерине.
Мужуктардан жан коргоп
Туралбастан Кеминге.
Орус мага кекенип
Өлтүрөм деп жүргөндө
Ашып бардым казакка
Алматынын дубанга.
Алдейлеп багып өстүрдүм
Ылайыктап заманга.
Алты жашка келгенде
Кубандырган кулунум
Атка чаап желгенде.

Он жашында окутуп
Алиппени билдирдим.
Ошондон баштап окуттум.
Касиетим туйдурдум.
Окуп жүрдүн орусча
Финтехником окушун.
Бүткөрүп чыктың кыргызча
Баласы деп Белектин,
Жалган ушак куруткан. .
Окушундан чыгарткан
Комсомолго койбосун
Арыздандың суранып
Улуктардан тиленип.
Арызың кабыл болбостон
Баткенге кеттиң элирип
Ылайыксыз абалда
Ардагым калган жабыгып.
Көрөйүн деп баламды
Издеп бардым сагынып.
Али жакшы болгон соң,
Кайта келдим кайрылып.
Акыры барган Сүлүктү
Аскерликке каралып
Андан бошоп барыптыр
Мугалимге буйрулуп
Эски Абачы кыштакта
Жатып калган ооруп.
Ажал жетип күн бүтүп
Акыры калдым айрылып.
Айыкпаган дарт болуп
Алаканым шак коюп.
Ардагымдан айрылып,
Артым жерге так коюп.

Өзүм салган күйүттөн

Өксөгөндөн өрт болом.

Өрт жайылып денеге

Күйүп-бышып чок болуп.

Румкан кетти кайрылбай,,

Түбөлүккө жок болуп.

Сабыр бердим забыркап

Санай-санай токтолуп.

Күйүп-күйүп кул болдум

Күйүп калган мен болдум.

Көзүмдөн аккан көлдөй жаш

Көл дайрадай сел болду

Көл соолуп чөл болду

Асылым ботом ким болду?

Көл толкутуп сапырган,

Тоо томкоргон сел болду.

Селге кеткен жашында

Жаным чырак сен бөлдүң.

Чөлдөй болуп кургаган

Соолгон көлдөй сен болдуң

Уа…Курган жан, курган жан,

Качан болсо ооруда

Ажал зарыл жолунда

Даярданып турган жан.

Уа… Курган жан, курган жан,

Карык болор кемедей

Сабагы жок мөмөдөй

Соло жаздап турган жан.

Уа.. Курган жан, курган жан,

Чирик жипке байланып .

Зоо башында айланып

Учарын билбей турган жан.

Уа.. Курган жан, курган жан,

Бир аягы көр астын,

Бир аягы жер үстүн

Калт-култ этип турган жан.

Өлбөстөй болуп өрөпкөп

Өңгөчө адам жел өпкө

Жели чыгып быш этип

Заматта чыгат керектен.

Шамы өчүп жаны жок

Шалк-шук этип жөлөткөн

Шашып күйүп калганы

Караңгы көргө жөнөткөн.

Кайран асыл, кайран жан!

Түбөлүк кеткен тирликтен.

Карасам көзүм талбаган

Жыттасам моокум канбаган,

Сен жаткан жерге калбастан

Акыры барат бар адам.

Ажал келсе кутулбайт

Ай ааламда бир адам.

Көчүп кеткен кербендей

Келгенге кезек бул жалган.

Жаштайында кетти деп,

Арманым ушул зарлаган.

Өлбөгөн жан акыры

Суу ичет алтын аяктан.

Өлдүк, кеттиң жоголдуң.

Өлүмдөн жок айыккан.

Жансыз жаткан кур дене

Жашасын көрдө каяктан.

Кымындай себеп болобу?

Көмүлгөн сок быяктан,

Ата-эне тууганы

Ардактаган туяктан.

Тиричилик буу, мунарык
Карматпаган закымдап.
Адамдын канбас кумары
Жетемин деп такылдап.
Тилегине тиктеген
Келе калсаң жакындап.
Кайгы капа кесел дарт
Кошо келет какылдап.
Алсыратып курутат
Жакадан алып алкымдап.
Самаганга жете албай
Өмүрүн өтөт шалкылдап.
Ажал күлүк баарыдан
Артыңдан калбайт такылдап.
Алдаган дүйнө ар кимди
Кылганыңды макул деп,
Акыры ажал талкалайт
Тозоң кылып күкүмдөп,
Кедир өмүр, кер өмүр
Кетенчиктүү түгөңгүр.
Бүгүн, эртең жетем деп.
Өтүп кеткен жел өмүр.
Өлүм кежир тил албас
Көздөгөнү кара көр.
Кара көргө тыгылган
Бизден бүрүн өткөндөр.
Өлүм улук өңгөчө
Өкүмүндө асман жер.
Өңгө жандан башкача
Адам кылат текебер.
Табалабастан арача
Бир күн болот жер мен жер.
Жер болсо да айланган

Табиятка баш ийет.

Суу жакалай кырчын тал

Кырчынында кыйраткан

Өкүмү күч шумажал.

### 1.2.10 ДААНЫШМАН ТАРЫХЧЫ

Ар элдин илгертеден эле сыймык тутуп барктаган атуулдары болуп келген. Алар өздөрүнүн кеменгерлиги, акылы, көсөмдүгү боюнча элге алынып, учурдагы кысталыштыктарга, кыйынчылыктарга моюн бербей, күч аракетин, мүмкүнчүлүгүнүн баарын калайык-журтуна жумшап, элинин ой-мүдөөсүн аткарууга бел байлап келген эр. азаматтар, Ошондой эр азаматтар элдин даңкын, жердин атын чыгарган. Кыргыз элинин дал ушундай мыкты азаматтарынын бири. алгачкы тарыхчыбыз, окумуштуубуз, агартуучу-буз, акыныбыз — Белек Солтонкелди уулу Солтоноев болуп эсептелет. Бул адам кыргыз кыргыз катары жашап турганда ысмы сыймык менен аталып, тарыхыбызда алтын тамга менен түбөлүк жазылып каларына ишенебиз. Бизге жеткен маалыматтарга караганда Б. Солтоноев кыргыз тарыхын жазууга, адеп бел байлаган даанышман адам. Белек аксакалды даанышман деп тайманбай, жалтактабай айтууга толук акыбыз бар.

Б. Солтоноевдин колуңуздардагы эмгеги кыргыз элинин басып өткөн узак жолунда эн биринчи жолу жазылып, ал көптөгөн мезгил бою катар-катар темир сандыкта жатып, аны алып окуп, үйрөнүп, таалим алмак тургай, Б. Солтоноевдин атын атап, жөнүн жөндөөгө тыюу салынып келген. Себеби, окумуштууга 1937-жылы эл душманы катары жалган жеринен кара көө жабылып, 1938-жылы атылып кеткен. Анын жарык дүйнө менен коштошууга бирден бир себеп ушул эмгеги да «айгак» болгон экен. Айтмакчы, «Ак ийилет, бирок сынбайт» дегендей Б. Солтоноев кеч болсо да 1955-жылы акталып, эми минтил элинин даанышман инсаны экенине көзүбүз жетип, дили-биз берилип отурат. Буга да шүгүр деш керек.

Элдин ырысы бар экен, канча жылдап камакта жаткан «Кыргыз тарыхы» жарыкка чыгып, Белек аксакалдын кумдан чайкап алган алтыны — чымчымдап тырмактайдан чогулткан эмгеги замандын күрүлдөп-шарылдаган доошуна кошулуп, жарык дүйнөдө жашоосун баштады. Бул эмгекке канчалык тыюу салынып, жердин жете түбүнө түшүп кетсе да «жылдызга чан жукпайт» дегендей ал «Тарыхтын» баалуулугу жөнүндө аңыздар өздөн оозго көчүп, атадан балага айтылып келгенине күбөбүз.

Солтоноев Белек Солтонкелди уулу 1878-жылы Чоң-Кемин өрөөнүндө, «Экинчи Жантай» айлында туулган, Айуке уруусунан. Ал өзү минтип жазат: «Кызыл кыргыз тарыхы. Жазуучу Белек Солтонкелди уулу Солтоноев. Насилим — кыргыз. Тайым — саяк. 1895-жылдан баштап жыйып, 1934-жылы жаздым».

Солтоной Белекти тогуз жашында Чолпон-Атадагы Массовский деген бекетчи орускa окууга берет. Ал окутпай эле каздарын кайтартып коёт. Ошерде үч ай жүрүп зээндүү бала орус тамгаларын үйрөнүп, сүйлөп калат. Анан бекетчи орус баланы Караколдогу мектепке жиберет. Аерде төрт айча окуган соң бөлөк дубандан келгендер окууга уруксат жок дешип чыгарып салышат. Аерден Кеминге келип, койчу болот. Төрт-беш жылдан кийин Белек Пишпекке жөө келип, буерден бир көпөстүн чочкосун кайтарып бир жылча жан багат, Анан ал Пишпектеги Багбандарды даярдоочу кыргыз мектебинде эки жыл окуйт. 1890-жылдан тарыхка кызыгып, маалыматтарды чогулта баштайт. 1894-жылы Атаке болушуна катчы болуп иштейт. 1916-жылы болуштукка шайланат. Үркүндө Кытайга чейин качып барып бир жылдан кийин келген. 1918— 1920-жылдарда Алматыда үгүт-насыят иштеринде кызмат өтөйт. 1924-жылга чейин Түндүк Кыргызстанда агартуу уюмдарында иштеген. 1927—1937-жылдарда

Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинде илимий кызматтарды аткарат. 1938-жылы жазыксыз жерден атылган. 1955-жылы акталган.

Урматтуу окурманым! «Тарыхты» колго алган ар бир адам элибиздин улуу инсанына таазим этип, арбагына багыштап куран окууруна ишеним артабыз. Белек аксакалдын арбагы урпактарына ыраазы бол-сун!

*А. СТАМОВ,*

*кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер.*